КЫРГЫЗ
МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНӨ



2200
ЖЫЛ



ОСМОНОВ Өскөн Жусупбекович (1954-ж. т., Чүй облусу, Чүй району, Маданият айылы) – тарых илимдеринин доктору (1994), профессор (1996). Кыргыз Республиканын Коомдук илимдер академиясынын академиги (2000). 1976-ж. КМУнун тарых факультетин артыкчылык диплому менен бүтүргөн. 1976-жылдан Кыргыз Совет энциклопедиясынын редактору. 1977-жылдан К. И. Скрябин атындагы Кыргыз агрардык университетинин окутуучусу, улук окутуучусу, доценти, профессору. Азыркы мезгилде ушул университеттин Социалдык-гуманитардык жана табыгий илимдер институтунун директору. Бир эле мезгилде университеттин тарых жана философия кафедрасын, Кыргыз билим берүү академиясынын тарых, коомдук жана эстетикалык билимдер бөлүмүн, Кыргыз Улуттук аттестациялык комиссиясынын эксперттик кеңешин жетектейт. Кыргыз Республиканын Ардак грамотасы менен сыйланган (2003). 200дөн ашык илимий эмгектин, анын ичинде 15 окуу куралынын, 7 монографиянын автору. Кыргызстан тарыхы боюнча жогорку окуу жайлары жана орто мектептер үчүн жазылган 5 окуу китеби кыргыз, орус, өзбек жана тажик тилдеринде 700 миң нускада басылып чыгып, кеңири пайдаланылууда.

63.3(2=Ки)кар
О-74

Ө. Ж. ОСМОНОВ

КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ

Маалыматнаама

Кыргыз Республикасынын
билим жана маданият министрлиги бекиткен

БИБЛИОТЕКА
Ошского государственного
университета
ИНВ № 855490
66390

Бишкек – 2003

ББК 63.3 (2Ки)
О-74

Осмонов Ө. Ж.
О-74 Кыргызстан тарыхы. Маалыматнаама. – Б.: 2003. – 216 б., ил.

ISBN 9967-21-501-2

Кыргызстан тарыхы – өлкөбүздүн бардык окуу жайларында милдеттүү түрдө окула турган сабак. Өз мекенинин тарыхын билбеген адамды билимдүү деп эсептөөгө болбойт. Тарыхты үйрөнүү адамдын жан дүйнөсүн байытып, саясий деңгээлин көтөрөт, аны өзүнүн көз карашы бар атуул катары калыптандырат.

Маалыматнаама Кыргызстан тарыхын окуу жайларында окутуу боюнча мамлекеттик концепциянын жана стандарттын талаптары боюнча даярдалды. Эмгекте Кыргызстандын тарыхынын уруттуу учурлары, тарыхий инсандардын өмүрү жана иш-мердиктери чагылдырылды.

Студенттерге, мектеп окуучуларына, мугалимдерге жана жалпы эле кыргыз элинин тарыхына кызыккандарга арналды.

Автор ушул китепти чыгарууга
демөөрчү болгон «Эл-Ай» фирмасынын
президенти *К. Т. Бейшенбаевге*
ыраазычылык билдирет.

О 0503020911-03 ББК 63.3 (2Ки)

ISBN 9967-21-501-2

© Осмонов Ө. Ж., 2003

УРМАТТУУ ОКУРМАН!

Кыргызстандын эгемендүүлүккө ээ болушу менен элдин атамекен тарыхына болгон кызыгуусу күч алды. Кыргызстан тарыхы элди, өзгөчө жаштарды патриоттук духта тарбиялоодо өзгөчө маанилүү роль ойноору белгилүү болду.

2003-жыл «Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жылы» деп жарыяланды. Кыргыз мамлекеттүүлүгүн 2003-жылы белгилөө жөнүндө Биримкен Улуттар Уюмунун Генералдык ассамблеясынын 57-сессиясында атайын резалюция кабыл алынды. Ушул окуяга байланыштуу Кыргыздардын Бүткүл дүйнөлүк 2-курултайы жана бир катар илимий- практикалык конференциялар, тегерек үстөлдөр эл аралык деңгээлде уюштурулду.Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жылы өз мекенибиз Кыргызстанда, Нью-Йорк, Париж, Москва өндүү дүйнөнүн ири шаарларында триумф менен белгиленди.

Азыркы кезде Кыргызстандын кылымдарды карыткан терең мазмундуу тарыхы, андагы мамлекеттүүлүк идеясы улуттук, мамлекеттик идеологиянын негизин түзөөрү айкын көрүндү. Эми бул идеяны бекемдөө, ал үчүн атамекен тарыхын окуп үйрөнүү ишин сапаттуу деңгээлге көтөрүү максаты турат. Эгемендүүлүктүн шарапаты менен Кыргызстандын тарыхы өлкөбүздүн бардык окуу жайларында милдеттүү түрдө окутула баштады.Атамекенинин тарыхы боюнча жаңы муундагы оригиналдуу окуу китептери жана окуу куралдары жазылып басмадан чыгууда. Окуучулардын жана студенттердин жоопкерчилигин жогорулатуу үчүн Кыргызстан тарыхы боюнча орто мектептерде жана жогорку окуу жайларында мамлекеттик бүтүрүү экзамендери киргизилди.

Кыргызстан тарыхынын ролун көтөрүүдө жана аны окутууда биздин тарых дүйнө тарыхынын бир бөлүгү экендигин унутпашыбыз керек. Анткени кыргыз аты белгилүү болгондон бери эле биздин ата-бабалар дүйнөнүн геосаясий мейкиндигинде бөлөк элдер, мамлекеттер, өзгөчө коңшулаш этностор менен тыкыс байланышта өнүгүп келген. Ушуну менен катар Кыргызстан тарыхы жеке эле кыргыз эли эмес, Кыргызстандын аймагында мурда жана азыркы

кезде жашаган бардык улуттардын, этностордун тарыхы экендигин ар дайым эске алышыбыз зарыл. Демек, Кыргызстан тарыхы дүйнөлүк тарыхтын ажырагыс бөлүгү, коңшулаш элдердин, мамлекеттердин тарыхын камтыйт. Бул тарых ты окуп үйрөнүү Кыргызстандагы жана ага коңшулаш мамлекеттердин жана элдердин бири-бирине болгон урматоо сезимин арттырып, ынтымагын бекемдейт.

Жогоруда айтылгандарга байланыштуу атамекенибиздин бай тарыхын дүйнөлүк илимдин жетишкендиктерине таянып, аны философиялык закондор, категориялар жана жоболор системасы аркылуу концептуалдуу анализге алып, жеткиликтүү деңгээлде окутуу мезгилдин талабы болуп калды.

Колунуздардагы маалыматнаама мектеп окуучуларынын, абитуриенттердин жана студенттердин мамлекеттик экзамендерди тапшыруу аракеттерин жеңилдетүү, негизгиси алардын Кыргызстан тарыхы боюнча билимин өркүндөтүү үчүн даярдалды.

Маалыматнааманы түзүүдө атамекенибиздин тарыхы боюнча буга чейин жарык көргөн макалалар, монографиялар, окуу китептери, окуу куралдары жана Кыргызстан тарыхы боюнча 2003-ж. чыккан энциклопедия пайдаланылды.

Китепте маалымдама-басылмаларынын талабына ылайык кыскартуулар системасы колдонулду (кыскартууларды караңыз, 212- бет). Тарыхый терминдер, инсандардын өмүрү, ишмердиги жазылганда алардын аталыштары, аты-жөнү адегенде чоң кара арип менен терилип, текстин ичинде алардын биринчи тамгасы гана берилди (мис., **САЙМАЛЫТАШ СҮРӨТ ГАЛАРЕЯСЫ** – С.с.г., **ШАМАНЧЫЛЫК** – Ш., **БАРСБЕК** – Б., **АЖЫ БИЙ** – А.б., **КАНАТ ХАН** – К.х., **ШАБДАН БААТЫР**. – Ш.б.).

Китепти окуучулар, студенттер менен катар окурмандардын кенири чөйрөсү да пайдаланса болот.

ТАРЫХ ИЛИМИ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ ТҮШҮНҮК

Тарых сабагы эмнени окутат?

Гуманитардык билим берүү адистерди мезгил талабына ылайык даярдоонун маанилүү милдеттеринин бири. Анткени ал жеке адамдын интеллектуалдык жактан өнүгүшүнө түрткү берип, анын чыгармачыл ой жүгүртүүгө жөндөмдүүлүгүн арттырат. Байыртадан эле тарых илими гуманитардык илимдердин маанилүү тармагы катары эсептелет.

Тарых – адам коомунун өткөндөгүсү жана азыркы учуру, коомдук турмуштун ар кыл формаларынын мейкиндик-убакыт өлчөмдөрүндө өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндөгү илим. Тарыхтын мазмунун адамзат турмушундагы өзгөрүүлөр, сакталып калган тарыхый эстеликтердеги жана булактардагы маалыматтар түзөт. Алар аркылуу элдердин, мамлекеттердин чарбасын, ички жана тышкы коомдук турмушун, тарыхый инсандардын ишмердиктерин билебиз.

Тарыхый процесстин татаалдыгына байланыштуу тарых илими да көп тармактуу. Ал социалдык, граждандык, согуштук тарых, экономиканын, саясаттын, диндин, укуктун ж. б. тарыхы деген өз алдынча тармактарга жиктелет. Адамдардын өткөн турмушунан калган **заттык эстеликтер** – эмгек куралдарынын, үй-тиричилигинин калдыктары, кооздук жасалгалар, ошондой эле турак жайлар, көрүстөндөр, казыналар ж. б. аркылуу тарыхты изилдеген **археология** жана элдердин турмуш-тиричилигин жана маданиятын изилдөөчү **этнография** да тарых илимдерине кирет.

Тарых өзү окута турган объекттин көлөмү боюнча дүйнө тарыхы (бүткүл дүйнөлүк же жалпы тарых), континенттердин (мисалы, Азия жана Африка тарыхы), айрым бир өлкөлөрдүн, элдердин же элдердин тобунун тарыхы (мисалы, Кыргызстан тарыхы) болуп бөлүнөт.

Тарыхты изилдөөдө ага көмөктөш илимдер чоң жардам берет. Алар адам коомунун конкреттүү жактарын атайлап изилдөө аркылуу тарыхый процессти терең түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ал-

сак, убакытты эсептөөнүн системасын – *хронология*; жазуу эстеликтерин жана жазуунун тарыхын – *палеография;* тыйын, медалдар, ордендер, акча системасын, соода тарыхын – *нумизматика*; таштагы, чоподогу, металлдагы жазууларды – *эпиграфия*; элдердин, уруулардын, жеке адамдардын келип чыгышын – *генеалогия* (санжыра); өлкөлөрдүн, шаарлардын, жеке инсандардын гербдерин – *геральдика*; мөөрлөрдү – *сфрагистика*; географиялык аталыштардын келип чыгышын – *топонимика*; тигил же бул жерлердин, аймактардын тарыхын – *край таануу* ж. б. атайлап изилдейт.

Тарыхтын көмөкчү тармактарынын ичинен өзгөчө орун тарыхый булактарды изилдөөгө арналган *булак таанууга* (источниковедение) жана тарых илиминин өнүгүшүндөгү тарыхчылардын көз караштарын, идеяларын жана концепцияларын талдаган *тарыхнаамага* (историография) таандык.

Тарых азыркы адамзатка кызмат кылып жаткан дүйнөдөгү эки миңдей илимдин тармактарынын ичинен эң байыркысы, нарктуусу жана барктуусу. ЮНЕСКОнун рейтинг таблицасында тарых азыркы илимдердин ичинде төртүнчү орунда турат. Тарых илимдин башка тармактары өзгөчө философия, социология, саясат таануу, психология, укук таануу, адабият, экономика теориясы, ал тургай физика, математика, астрономия, биология өңдөнгөн табигый илимдер менен да тыгыз байланышта өнүгөт. Бирок алардан айырмаланып тарых коомдун өнүгүү процесстеринин ар кыл жактарын бир тутумда карап, коомдук турмуштун бардык жактарын (экономиканы, саясатты, маданиятты, турмуш-тиричиликти ж. б.) бири-бири менен байланышта талдайт. Азыркы кездеги илимдин тармактары адам коомунун өнүгүшүндө өздөрүнүн тарыхына ээ. Ошондуктан илимдин жана искусствонун бардык тармактарынын (физиканын, музыканын, астрономиянын, кинонун ж. б.) өздөрүнүн тарыхы бар. Тарых менен башка илимдердин ортосунан тарыхый география, тарыхый геология сыяктуу тармак аралык илимдер түзүлүп өнүгүүдө.

Тарыхый таанып билүүнүн функциялары

Тарых бир катар социалдык функцияларды аткарат. Биринчиси – *таанып билүү*. Анткени тарыхты окуган адам элдердин, мамлекеттердин өнүгүшүн объективдүү чындыктын негизинде үйрөнүп, адамзат тарыхы боюнча өзүнүн интеллектуалдык деңгээлин байытат.

Экинчиден, тарых *саясий-практикалык* функцияны аткарат. Себеби бул илим тарыхый фактыларды теориялык жактан терең талдоо менен коомдун өнүгүшүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн

аныктайт. Бул илимий негиздеги саясий багытты аныктоого, субъективдүү чечимдерден оолак болууга өбөлгө түзөт.

Дүйнө таануу – тарых илиминин үчүнчү функциясы. Тарых өткөндөгү тарыхый маанилүү окуялар, тарыхтын өнүгүшүнө салым кошкон инсандар, ойчулдар жөнүндө документалдуу повесттерди жаратат. Тарых түзгөн объективдүү чындык – окуучунун дүйнөгө, коомго, анын өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүгүнө терең түшүнгөн илимий көз карашынын калыптанышына жардам берет. Тарыхты изилдөөдө жана үйрөнүүдө фактылардын ролу өтө зор. Коом жөнүндөгү илим фактыларга таянат. Фактылар тарых илиминин пайдубалын түзөт. Тарыхый жыйынтыктар илимий негизде болушу үчүн тигил же бул тарыхый процесс, окуя боюнча бардык фактыларды чогултуу, аларды терең талдоо зарыл. Ошондо гана объективдүү тыянакка келип, таанып билүүнүн илимий негиздүүлүгүн камсыз кылууга болот.

Тарыхтын *тарбиялык таасири* өтө чоң. Бул анын төртүнчү функциясы. Бардык элдердин тарыхын, жалпы тарыхты билүү адамдын граждандык мүнөздөрүн – патриоттуулук жана интернационалдык сапаттарын калыптандырат; коомдук өнүгүүдөгү элдердин, айрым граждандардын ролун аныктайт; адамзаттын адеп-ахлактык эрежелерин аңдап билүүгө мүмкүндүк берет; адамдык абийир, коом алдындагы милдет өндүү дөөлөттөрдү баалоого, коомдогу жана адамдардагы эң жаман сапаттарды ажыратууга, алардын коомго, адамдардын тагдырына тийгизген кесепет-кейирин ажыратып билүүгө мүмкүндүк берет.

Улуу Конфуций: «Келечекти аңдап билүү үчүн өткөн тарыхты үйрөнгүлө» – деген. Анткени тарыхты үйрөнүү тарыхый түшүнүктөр менен ой жүгүртүүгө, коомду тынымсыз өнүгүүдө карооого, учурдагы коомдук турмушту өткөн мезгил, доор менен салыштырып баалоого, келечекке илимий негизде көз жүгүртүүгө кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Учурду, өткөн турмушту жана келечекти, тарыхый биримдикте, хронологиялык жана диалектикалык байланышта кароо тарых илиминин эң негизги милдети.

Тарых илиминин методологиясы (изилдөө ыкмасы)

Тарыхты изилдөө жана үйрөнүү ыкмасы башкы маселелерден. Мындан эки миң жылдай мурун эле тарыхый ой жүгүртүүдө эки негизги багыт пайда болуп, бүгүнкү күнгө чейин тиреширип, талашып, өнүгүп, жашап келүүдө. Алар: тарыхты *идеалисттик* жана *материалисттик* түшүнүү.

Тарыхты идеалисттик түшүнүү концепциясын жактоочулар материя менен жаратылышка караганда рух менен ан-сезим биринчи жана маанилүү деп эсептешет. Ушуга байланыштуу алар тарыхый

өнүгүүнүн жүрүшүн жана мүнөзүн адамдардын руху жана аң-сезими аныктайт, ал эми экономикадагы ж. б. чөйрөдөгү процесстер экинчи орунда туруп, рухка баш иет дешет. Ошентип идеалисттер тарыхый процесстин негизин адамдардын руханий адеп-ахлактык деңгээли аныктайт, адам коомун адамдар өздөрү өнүктүрөт, ал эми адамдарга андай жөндөмдүүлүктү Кудай берген деп эсептешет.

Тарыхты материалисттик түшүнүү концепциясын жактагандар тескерисинче далилдешет. Бул боюнча адамдардын аң-сезимине карата материалдык турмуш биринчи орунда турат. Экономикалык түзүлүш, коомдогу процесстер жана кубулуштар рухий өнүгүүнү, адамдардын ортосундагы башка мамилелерди аныктайт.

Тарыхты түшүнүүдөгү бул эки концепция пайда болгондон бери адамзат коомундагы не деген залкар акылмандар бул экөөнүн кимиси туура деген маселенин тегерегинде баш катырып, таймашып келет. Бул күрөштүн негизинде коом жөнүндөгү илим да тынымсыз өнүгүүдө. Дүйнө тарыхында 19-к-дын ортосуна чейин тарыхты идеалисттик түшүнүү үстөмдүк кылып келген. Бул концепция батыштын тарых илиминде азыр да басымдуулук кылат.

Тарыхты материалисттерче түшүнүү концепциясынын өнүгүшүнө маркстык-лениндик окуу көп салым кошкон. Совет доорунда СССРдин тарых илими материалисттик көз караштa өнүгүп, бир топ бийиктиктерге көтөрүлгөн. Бирок советтик тарыхнааманын өнүгүшүнө ошол кезде үстөмдүк кылган партиялык идеология бир топ тоскоолдук кылып, анын таптык мүнөздө өнүгүшүн талап кылган. Натыйжада советтик тарых илими бир жактуу өнүккөн. Бул тарых илиминин объективдүү өнүгүшүнө чоң тоскоол болгон.

Идеологиялык көзөмөлдөн кутулгандан кийин эгемендүү республикалардын тарых илими бир жактуулуктан арылып тарыхый процесстерди илимий негизде объективдүү чагылдырууга мүмкүндүк алды. Постсоветтик республикалардын (анын ичинде Кыргызстандын) тарых илимине материалисттик концепция мүнөздүү.

Бул негизги ыкмадан тышкары тарых илиминде: тарыхый материалдарды ырааттуулукта караган – *хронологиялык*; коомдо болуп жаткан окуяларды бир мезгилде окуткан – *синхрондук*; тарыхый процесстерди мезгилдерге бөлүп караган – *дихрондук*; *тарыхый моделдештирүү; статистикалык* деп аталган ыкмалар да бар.

Тарыхты окуунун принциптери

Тарыхый таанып билүүнүн объективдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн тарыхый кубулуштарды жана окуяларды үйрөнүүдө илимий принциптерди бекем кармоо зарыл. Бул принциптер тарыхый фактыларды окуп үйрөнүүдө маанилүү милдеттерди аткарышат.

Илимий принциптерге төмөндөгүлөр кирет:

Тарыхыйлык (историзм) принциби бардык тарыхый фактыларды, кубулуштарды жана окуяларды конкреттүү тарыхый абалга ылайык, өз ара байланышта караону талап кылат. Ар кыл тарыхый окуяны өнүгүүдө кароо т. а. ал кандайча пайда болгондугун, өзүнүн өнүгүшүндө кандай баскычтарды басып өткөндүгүн, аягында эмне болгондугун изилдөөнү талап кылат. Бул принцип боюнча окуяларды же адамдарды ошол учурдан бөлүп алып, абстракттуу карооого болбойт.

Объективдүүлүк принциби боюнча бурмаланбаган, атайлап мурда аныкталган схемаларга ылайыкташпаган фактыларга таянуу керек. Бул принцип ар бир кубулушту көп кырдан жана карама-каршы жактарынан, кемчиликтери менен жетишкендиктерин бирдикте кароо талабын коёт. Бул принциптин ишке ашышы тарыхчынын теориялык көз карашына, ыкмасынын маданиятына, адистик чеберчилигине жана чынчылдыгына байланыштуу болот.

Социалдык жактан талдоо принциби (бул таптык же партиялуулук принциби деп да аталат) тарыхый процесстерди изилдөөдө калктын ар түрдүү катмарларынын социалдык кызыкчылыктарын эске алууну талап кылат. Бул боюнча таптык же тар чөйрөнүн кызыкчылыгы жалпы адамзаттык кызыкчылыктар менен алмаштырылат. Өкмөттөрдүн, партиялардын, жеке адамдардын субъективдүү ролу ашкере бааланат.

Альтернативдүүлүк принциби. Объективдүү турмушту терең талдоо аркылуу тигил же бул тарыхый окуянын, кубулуштун, процесстин болуу же болбоо мүмкүнчүлүгүн аныктайт. Тарыхый альтернативдүүлүктү таануу менен ар бир өлкөнүн, элдин, тарыхый инсандардын басып өткөн жолун, ишмердигин жаңыча баалоого, пайдаланылбай калган мүмкүнчүлүктөрүн, катачылыктарын көрүүгө, келечекте андан сабак алууга мүмкүндүк берет.

Тарыхты таанып билүүдө аталган ыкмаларды жана принциптерди сактоо аларды бирдикте кароо гана өткөн жашоо-турмушту илимий негизде, жеткиликтүү, объективдүү үйрөнүүгө жол ачат.

Тарыхтын негизги мезгилдерге бөлүнүшү

Тарых илиминин орчундуу маселелеринин бири – адам коомунун тарыхый өнүгүшүн мезгилдерге бөлүү болуп эсептелет. Коомдук өнүгүүнү хронологиялык тартипте мезгилдерге бөлүүдө дүйнөдөгү бардык өлкөлөргө же алдынкы өлкөлөргө тиешелүү чечүүчү факторлор негиз болуп келген.

Тарых илими пайда болгондон бери окумуштуу тарыхчылар коомдук өнүгүүнү мезгилдерге ажыратуунун түрдүү варианттарын иштеп чыгышкан.

Алсак, байыркы грек акыны Гесиод (б. з. ч. 8–7-к.) элдердин тарыхын беш мезгилге (кудай жараткан, алтын, күмүш, жез жана темир) бөлүп, улам кийинки мезгилде адамдардын жашоо деңгээли төмөндөйт деп белгилеген. Байыркы грек ойчулу Пифагор (б. з. ч. 6-к.) айланпа теориясын жетекчиликке алып, өнүгүү бир гана нукта жүрөт, анын башталышы, гүлдөшү жана өлүмү бар деп эсептеген.

Немец окумуштуусу Бруно Гильдербранд (1812–1872-ж.) чарба жүргүзүүнүн түрлөрү боюнча адамзат коомун натуралдык чарба, акча чарбасы, кредиттик чарба деп үч мезгилге бөлгөн.

Орус окумуштуусу Л. И. Мечников (1838–1888-ж.) тарыхты суу жолдорунун өнүгүшү боюнча дарыя жолдорунун, (байыркы цивилизация), Жер Ортолук деңиз (орто кылымдар) жана океандык (жаңы жана соңку дооорлор) жолдордун мезгили деп бөлөт.

19-к. ортосунда К. Маркс тарыхты материалисттик түшүнүү принцибинин негизинде адам коомун беш коомдук-экономикалык формацияга бөлгөн. Анын негизин өндүрүш ыкмалары – өндүргүч күчтөр менен өндүрүштүк мамилелердин конкреттүү биримдиги түзгөн. К. Маркстын формация концепциясы боюнча адам коому бири-бирин ырааттуу алмаштырган беш коомдук-экономикалык формациялар (алгачкы жамааттык, кул ээлөөчүлүк, феодалдык, капиталисттик жана коммунисттик) боюнча өнүгөт.

К. Маркстан айырмаланып батыштын окумуштуулары 20-к. тарыхый процесстер аймактык цивилизациялар айланпа боюнча бирибирин алмаштыруу принциби менен өнүгөт деген теорияны негиздеген. Алардын көрүнүктүү өкүлү А. Тойнбинин пикири боюнча адамзат тарыхында цивилизациянын 13 түрү бири-бирине көз карандысыз жашап келген. Алардын ар бири пайда болуу, гүлдөө жана кыйроо доорун баштарынан өткөрөт деген. Анын пикири боюнча азыр дүйнөлүк цивилизациянын 8 түрү жашап жатат.

Американдык окумуштуу У. Ростоу 20-к-дын 60-ж. экономикалык өнүгүү стадияларынын теориясын иштеп чыккан. Ал экономикалык өнүгүүнүн беш стадиясын (салттуу коом, өткөөл коом, "учуу" жана акырындап жылуу мезгили, бышкан мезгил, жогорку массалык керектөө эрасы) көрсөтөт. 70-ж. У. Ростоу буларга алтынчы стадияны кошуп аны адамдын турмуш шарттарын сапаттуу жакшыртуунун жолун издөө мезгили деп атаган. А. Тойнби менен У. Ростоунун теориялары батышта колдоого алынган.

Бул маалыматнаама адам коомун алгачкы жамааттык коом, байыркы дүйнө, орто кылымдар, жаңы жана соңку доор деп бөлгөн дүйнөлүк тарых илиминде басымдуулук кылган концепциянын негизинде жазылды.

КЫРГЫЗСТАН ЭҢ БАЙЫРКЫ ДООРДОН XIX к. ОРТОСУНА ЧЕЙИН

КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ТАШ ЖАНА КОЛО ДООРУ

Таш доору

Таш доору – адам коомунун өнүгүшүндөгү тарыхый-маданий мезгил. Бул учурда эмгек жана согуш куралдары негизинен таштан жасалып, жыгач менен сөөк да колдонула баштаган. Анын акыркы баскычында карапа идиштерди жасоо өнүккөн. Таш доору – адамзат тарыхындагы узакка созулган доор, ал адамдын айбанаттар дүйнөсүнөн бөлүнүп чыгышынан башталып (мындан 2,5 млн жылдай мурда), металл пайда болгонго чейин (мындан 8 миң жылдай мурда) созулган. Бул доор маданияттын өнүгүш өзгөчөлүктөрүнө ылайык, байыркы таш доору (*палеолит*), жаңы таш доору (*неолит*) жана бул экөөнүн ортосундагы өткөөл доор – ортонку таш доор (*мезолит*) деп бөлүнөт. Булар да өз алдынча мезгилдерге ажырайт.

Болжол менен миллион жыл мурун Түштүк Казакстанда, Борб. Азияда, а. и. азыркы Кыргызстандын аймагында адамдардын үйүрлөрү пайда болгон. Эрте палеолит учурунда адамдар кадимки эле таштарды бири-бирине ургулап, эң жөнөкөй кескичтерди, кыргычтарды, учтуу көзөгүчтөрдү, бычактарды ж. б. жасашкан. Кийинчерээк таштардын түрүн пайдалануунун натыйжасында андан жасалган куралдар акырындык менен өркүндөтүлгөн. Эрте палеолит доорунда адамдар отту пайдалануу үйрөнүшкөн. Табигаттын татаал шарттарында, куралдардын жөнөкөйлүгүнөн улам адамдар жырткыч жаныбарлардан коргонуу жана ири жаныбарларга анчылык кылуу үчүн *адам үйүрү* деп аталган майда топторго биригип жашашкан. Кыргызстандын аймагынан табылган эң жөнөкөй таш куралдары б. з. ч. 800–10 миң жылдыктарга таандык. Алар Нарын облусундагы Нарын ш-на жакын *Онарча* суусунун жээгинен, Ысыккөлдө Балыкчы ш-на жакын жерден, Кыргызстан менен Тажикстандын чегарасындагы Кожобакыргансайдан табылган.

ОНАРЧА – төмөнкү таш дооруна таандык археол. эстелик. Деңиз деңгээлинен 2400–2500 *м* бийиктикте жайгашкан. Онарча суусунун оң тарабындагы 30–40 *м* бийиктиктеги тектирчеден бир кыры чабылып, дого түрүндөгү мизге айландырылган, экинчи жагы кармаганга ылайыкташкан сай ташы табылган. Археол-да мындай курал *чоппер* деп аталат. Чоппердин жанынан ташты бөлө жарчу дого сымал миз чыгарылган кыргыч кездешет. 1953-ж. А. П. Окладников тарабынан Нарын облусунун Онарча суусунун оң өйүзүнөн табылган.

Ортоңку палеолит доорунда таш куралдары бир кыйла жакшырган. Бул доорго таандык эстеликтер Ысыккөл өрөөнүндөгү Тосор суусунун боюнан, Чүй өрөөнүнүн Георгиевка дөнсөөсүнөн, Ош облусунун Араван райондагы *Сасыкуңкурдөн* табылган. Алай тоо кыркасындагы Даңгирекдере капчыгайынан эң байыркы таш талкалоочу жай табылган. Бул өнөрканада кара, боз, жашыл түстөгү кат-кат кремний таштары табигый издери менен жарылып, мурдагыдан миздүү, учтуу куралдар жасалган. Бул мезгилде инстинкт боюнча болуп келген коомдук мамилелер аң-сезимдин негизинде өнүгө баштаган. Кыргызстандын эң байыркы тургундары питекантроп менен синантроп типтеринде болгон. Эволюциялык өнүгүшү боюнча «акыл-эстүү адам» – «гомо сапиенс» деп аталган. Алар негизинен анчылык менен күн көрүп, ар үйүрүндө 25–50дөн киши болгон. Өзбекстандагы Тешикташ үңкүрүнөн табылган өспүрүмдүн сөөгүнөн мындан 40 мин жыл мурда өлгөндөрдү жерге жашыруу жөрөлгөсү пайда болгонун билебиз.

САСЫКУҢКУР – таш дооруна (мустье мезгилине) таандык эстелик. Ош облусунун Араван р-нунун Сасыкуңкур айылына жакын жерде Чилустун кырка тоосунун батыш этегинде жайгашкан. Үңкүрдүн диаметри 8 *м*, туурасы 13 *м*, уз. 37 *м*, бийиктиги 15 *м*. Андан 2 кыргыч ж-а үч бурчтуу сыныкташ табылган. Бул маданиятты археологдор В. А. Ранов ж-а Б. М. Юнусалиев 1967–68-ж. изилдешкен.

Соңку палеолит доорунда, адамдар планетанын бардык климаттык алкактарында жайгашып, расалык топтор жана расалар калыптанган. Дал ушул доордо алгачкы адам үйүрлөрү эне тегине негизделген уруулук коомдорго биригишкен. Адам тукумун улантуудагы жана коомдун үй чарбасындагы ээлеген орду үчүн байыркы адамдарда аялзаты өзгөчө аздектелген. Бул коом эне бийлигинин коому – *матриархат* делип аталат. Энелик урукка негизделген коом мурдагы адам үйүрүнө караганда жогорку баскычта турган. Бара-бара адамдын аң-сезими өскөн. Жаныбарлардын сөөктөрүнөн, жыгачтан эмгек куралдарын, шибеге, ийне жасоону үйрөнүшкөн. Бул доорго таандык куралдар Ош аймагындагы *Селуңкурдөн*, Исфана өрөөнүндөгү Кожогор булагынын жанынан табылган.

СЕЛҮҢКҮР ЭСТЕЛИГИ – төмөнкү таш дооруна таандык Хайдаркан ш-на жакын жерде жайгашкан археол. эстелик. 1-жолу Борб. Азияда сфероид, кливер, кол чокмору, найзанын башы сымал куралдар ж-а сүт эмүүчү жаныбарлардын тиштери табылган. Алынган маалыматтарга таянып, археолог Ө.Исламов эстеликти 1 млн. 100 жыл мурдагы мезгилге таандык экендигин аныктап, табылган куралдардын мындан 1,4–2,5 млн. жыл мурдагы Жакынкы Чыгыш ж-а Чыгыш Африкада табылган куралдар м-н окшоштугу бар экендигин божомолдогон. С.э-нен табылган ашель дооруна тиешелүү куралдар, баш сөөктүн калдыгы, тиштер ж-а каржилик палеонтропко таандык. Окумуштуулар С. э. мындан 500–600 миң жыл мурдагы мезгилге туура келгендигин божомолдошот. С.э. 1960-ж. А.П.Окладников тарабынан ачылып, 1980-ж-дан Ө.Исламов тарабынан изилденүүдө.

Алгачкы коомдо искусствонун пайда болушу ошол кездеги адамдардын дүйнөгө болгон көз карашын айгинелейт. Ысыккөл аймагындагы бийик тоолуу Сарыжаз өрөөнүндөгү *Акчуңкур үңкүрүндө* 10 миң жыл мурун байыркы сүрөтчүнүн жаныбарларды, адамдардын аң уулоо, бийлөө учурун үңкүрдүн бооруна чагылдырган эмгектери сакталып калган. Адамдардын таштан жасалган элестери да ушул мезгилде пайда болгон. Азыркы кебете-кешпирдеги адамдар калыптанган. Алар ойлонууга, оюн айтып түшүндүрүүгө жарап калышкан.

АКЧУҢКУР ҮҢКҮРҮ – неолит дооруна (б. з. ч. 6–5 миң жылдык) таандык археол. эстелик. Ысыккөл облусунун Аксуу р-нунун Эчкилиташ айылынын чыгышынан 7 *км* аралыкта Сарыжаз суусунун оң жээгинде, деңиз деңгээлинен 3150 *м* бийиктикте жайгашкан. 1953-ж. В. И. Рацек тарабынан ачылган. Үңкүр эки ярустан турат. Үңкүрдүн боорунда кызыл жошо м-н тартылган теке ж-а жыландын сүрөттөрү, о. эле кара боёк м-н түшүрүлгөн тамга жазуулар (орто кылымга таандык) табылган. Жаныбарлардын сөөктөрү, неолит дооруна таандык иштетилген таштар ж-а көңдөйүндө жошо сакталып калган текенин мүйүзүнүн сыныгы табылган.

Жаны таш доору (неолит) б. з. ч. 5–3-миң жылдыктарды камтыйт. Бул учурда адамзат табигатты өздөштүрүүдө ири секирик жасаган. Таштан жасалган өндүрүштүк куралдар бир кыйла жакшырып, кой, уй, жылкы сыяктуу айбандар колго үйрөтүлө баштаган. Бара-бара дыйканчылык менен мал чарба өндүрүшү бир кыйла өнүгүп, ал тургай чарба жүргүзүүнүн негизги тармактарына айланат. Анчылык менен жыйноочулук да көмөкчү кесип катары сакталып кала берген. Орто Азиянын өрөөндүү жерлеринде мал чарбачылыгы менен катар дыйканчылык көбүрөөк өнүккөн. Негизинен тоолуу аймак болгондуктан, Кыргызстанда алгач мал чарбачылыгы өнүккөн. Неолит дооруна таандык эстеликтер Ысыккөлдөгү Са-

рыжаз өрөөнүнүн жанындагы Акчункур жана Нарын ш-на жакын Текесекирик үнкүрлөрүндө, Чүйдөгү Аламүдүн суусунун боюнан, Чолпоната ш-нын жанынан ж. б. жерлерде табылган. Адамдар кийим токуп кийгенди, карапа идиштерин жасаганды үйрөнүшүп, айрым жерлерде кен иштетүүнүн алгачкы аракеттери башталган. Социалдык жактан неолит доорунда өндүрүш каражаттарына карата жалпы менчикке, коллективдүү эмгекке негизделген уруулук жамаат өнүккөн. Уруулар жана уруу бирикмелери түзүлүп, ага бир уруктан тараган жана бир типтеги чарба жүргүзүүчү бир нече ири же майда уруктар бириккен.

Таш доорунун акыркы этаптарында эмгек куралдары негизинен жез, коло сыяктуу металлдардан жасалган. Коомдо аялдарга караганда эркектердин ролу тездик менен жогоруланган. Ошентип, аталык уруулук түзүлүш (патриархат) энелик доорду (матриархат) алмашкан. Үйүр топтук никелешүүнүн ордун үй-бүлө байланыштары ээлеген. Бул мезгилге ар бир уруу энетегине карата бөлүнбөй, ататегине карата бөлүнгөн. Өндүрүштө эркектердин негизги орунга өтүшү менен өндүрүштүк каражаттарга болгон жеке менчик жана адамды адам эзүү мезгили башталат.

Энеолиттин пайда болушу

«Энеолит» латын жана грек тилдеринен алынып, энеус – жез, литос – таш, жез-таш доору деген маанини түшүндүрөт. Энеолит б. з. ч. 5-мин жылдыкта – неолит менен коло доорунун ортолугундагы мезгилди камтыйт. Жез кендери, көбүнчө тоолуу райондордо жайгашканы белгилүү. Жез кендерин пайдалануу Теңиртоонун жана Алтай тоолорунун аймагында болгондугу далилденген. Жезди иштетүүнүн эки түрү (муздак жана ысык) колдонулган. Алгачкы жез куралдары муздак жол менен даярдалган, б. а. уюган жезди таш балка менен керектүү түргө келтирип жасашкан деп болжолдошот. Аны ысытуу аркылуу эритүү кийинчерээк пайда болгон. Жез жумшак жана ийилчээк болгондуктан, адамдар андан зым, мык, ийне ж. б. ар кандай формадагы буюмдарды жасап алышкан. Эң алгач ургулоо жолу менен жезден ийне, бычак, шибеге, төөнөгүч ж. б. сыяктуу майда эмгек куралдарын жасашса, кийинчерээк жезди эритип, куралдарды калыпка куюп жасай башташкан. Металл куралдарынын пайдаланылышы менен өндүрүштүн бардык түрүндө өзгөрүү пайда болот. Уруулардын жалпы массасынан дыйканчылык жана мал чарбачылык менен кесиптенген уруулар бөлүнүп чыккан. Ошондой эле бул доордо алыскы жерлер менен байланыш түзүшүп, алгачкы алыш-бериш мамилелерин өнүктүрүшкөн. Бир нече миң километр соода жолун басып өткөн адамдар өз ара экон. байланыш-

тарын кеңейткен. Узак жолдо жүрүүгө, жүк ташууга ылайыктуу каражаттар, унаанын түрлөрү талап кылынган. Ушундай учурда дөңгөлөктүн пайда болушу, өз убагындагы маанилүү ачылыштардын бири болгон. Дөңгөлөк биринчи жолу энеолит мезгилинде пайдаланууга кирген.

Коло доору. Ош тургун жайы

Коло доорунда (б. з. ч. 3-миң жылдык – б.з.ч. 1-миң жылдыктын башы) техника менен маданияттын өнүгүшү бир топ ылдамдап, мунун негизинде Жакынкы Чыгыштагы кул ээлөөчүлүк мамлекеттерде жерди сугаруу, айдоо, кол өнөрчүлүк, жазуу иштери өнүккөн. Европа менен Азиянын көпчүлүк жрлеринде мал чарбачылыгы кенири тарап, энелик доорду аталык доору, коло доорун темир доору алмаштырган. Борб. Азиянын түштүк-батышында отурукташып, дыйканчылык менен кесип кылган уруулар коло иштетүү жагынан жогорку деңгээлге жетишкен. Түй өрөөнүнүн Сокулук, Садовое кыштактары, Кочкордун Шамшы коктусунан табылган коло куралдардын кенчи Кыргызстандын аймагында б. з. ч. 12–8-к-да коло доорунун өзгөчө өнүккондүгүн айгинелейт.

Болжол менен б. з. ч. 5-миң жылдыкта Орто Азияда жез кенири жайылып, андан эмгек куралдары жасала баштаган. Бирок жезден жасалган куралдар жумшак келип, тез мокогон. Качан гана адамдар жез менен калайдын кошулмасынан колону алууга үйрөнгөндө, адамзат коомунда ири прогрессивдүү өзгөрүштөр башталган. Кыргызстандын аймагынан жез кендери Ноокаттан, Чаткалдан, Кетментөбөдөн, калай Ысыккөлдөгү Сарыжаз суусунун жээгинен казылып алынган. Коло доорунда Кыргызстандын аймагында эки маданият өнүккөн. Борб. Теңиртоодо, Ысыккөлдө, Түй жана Талас өрөөндөрүндө көчмөн мал чарбачылыгы аздыр-көптүр дыйканчылык, анчылык менен айкалышып өнүккөн. Бул кездеги адамдар казак талааларындагы жана Түштүк Сибирдеги элдер, уруулар менен байланышта болгон. Тектеш чарбалык маданий эстеликтеринен улам алардын маданиятын *Андрон маданияты* деп аташат (Сибирдеги Ачинск ш-на жакын жайгашкан Андрон кыштагынын жанында бул маданияттын алгачкы эстелиги табылган). Бул маданияттын эң бай кенчи Кочкор өрөөнүндөгү Шамшы айылында табылган. Андрон маданиятынын өкүлдөрү Кыргызстандагы бийик тоолуу Аксай, Арпа өрөөндөрүн да өздөштүрүшкөн. Кол өнөрчүлөр өз алдынча кесип ээлери катары болуно баштаган. Колодон канжар, найзанын, жебенин учтарын, орок, балта жасашкан, жүндөн кездеме токуганды жана тери иштеткенди мыкты өздөштүрүшкөн. Коло доорунун б. з. ч. 18–15-к-га таандык тургун

БИШКЕКСКАЯ
ИНВ № 855490

жайы Чүй өрөөнүндөгү Беловодскиден, б. з. ч. 12–9-к-га таандык эстеликтерди, аска бетине тартылган сүрөттөрдү Аламүдүн, Александровка, Жайылма жана Кайыңдыдан табышкан.

Токтогул районунун жаңы борборун куруу мезгилинде Андрон маданиятынын мезгилиндеги турак үй табылган. Ал бир метрдей казылган 70 чарчы метрдей жерге тургузулган. Бул жер үйдүн дубалы жана үстү устундар менен бекитилип, чырпык менен каланган жана ылай менен шыбалган. Мында 25тей адамдан турган үйбүлө биргелешип чарба жүргүзгөн.

Коло доорунда өлгөндөрдү өрттөө жана жерге коюу салты колдонулган. Мүрзөлөргө тамак-аш, металлдан жасалган бычактар, ийнелер, сөйкөлөр, билериктер ж. б. кошо коюлган. Кыргызстандын айрым жерлеринен коло дооруна тиешелүү байыркы кенчтер табылган. Мис., Александровка (Чүй облусу) айылынан бир эле жерден 30дай орок, Каракол ш-на жакын жерден 5 канжар табылган. Бул куралдар алмашуу же сатуу үчүн даярдалса керек.

Коло дооруна таандык аскага тартылган сүрөттөр Жалалабат облусундагы Тогузторо районунда жайгашкан Көгарт суусунун батышындагы *Саймалыташ сүрөт галереясында* (100 миңден ашык) топтолгон. Саймалыташ – таш бетине чегилген сүрөттөрдүн дүйнөдөгү эң чоң, уникалдуу галереясы. Аз сандагы аскага тартылган сүрөттөр Сулайман тоосунан, Араван кыштагына жакын аскадан (Дулдулата мазары), Чолпоната ш-на жакын жерден, Кетментөбө жана Алай өрөөндөрүнөн табылган.

САЙМАЛЫТАШ СҮРӨТ ГАЛЕРЕЯСЫ Фергана тоо кыркасындагы Көгарт ашуусуна жакын жерде таш бетине чегилген сүрөттөр. Б. з. ч. 2-миң жылдык – б. з. 1-миң жылдыгынын 1-жарымына (5–6-к.) таандык. Жүз миңден ашуун сүрөттөр бар. Тоо текелердин, аркарлардын, букалардын, куландардын, жырткыч жаныбарлардын, арабага чегилген букалардын, колдору жогору көтөргөн адамдардын, тегерек күн сымал баштуу кудайлардын, ыйык ните сценалары, күндүн белгиси өңдүү сүрөттөрдү кездештирүүгө болот. С. с. г-н 1902-ж. орус армиясынын офицери, топограф Н. Г. Хлудов ачкан. Кийин аны генерал-майор И. Т. Поспавский (1902–03), Б. М. Зима (1946), А. Н. Бернштам (1950) изилдеген. С. с. г. 4 мезгилдик топко бөлүнөт: 1. б. з. ч. 2–1-миң жылдыктарда ар түрдүү ырымдарды чагылдырган көрүнүштөр ж-а геометриялык сызмалар чегилген сүрөттөр. Алардын Алдыңкы Чыгыштагы б. з. ч. 3–1-миң жылдыктарга таан-дык чопо идиштерге тартылган сүрөттөр м-н жакындыгы бар; 2. сакусун дооруна (б. з. ч. 1-миң жылдыктын 2-жарымы) тиешелүү айбанаттар стилиндеги диний ырымдар тартылган сүрөттөр; 3. хунн дооруна таандык жырткыч айбандардын сүрөттөрү; 4. хунн-түрк доорундагы тоо текелердин, аркарлардын ж-а жаа м-н куралданган мергенчилердин сүрөттөрү. Саймалыташтагы энео-литтен коло дооруна чейинки сүрөттөрдүн көпчүлүгү бир нерсеге табынуу ж-а мифологиялык түшүнүктөр м-н тыгыз байланышкан. Күн белгиси же

күнгө сыйынуу сүрөттөрү ар түрдүү көрүнүштө берилген. Өзгөчө күн сымал баштуу кудайдын келбеттери көп кездешет. Мындай сүрөттөрдү Сибирден, Алтайдан, Орто Азиядан кездештирүүгө болот. Байыркы сүрөтчүлөр күн кудайынын нурданып, жаркырап турушун чагылдырышкан. Ошондуктан ага бут, кээде кол жалгаштырып, кээде күндүн бетине көз, ооз тартышкан учурлары да кездешет. Өрүлгөн чачтары артка ыргытылып, күндү колуна көтөргөн адамдардын сүрөттөрү жолугат. Болжолу булар диний жөрөлгөнүн катышуучулары болсо керек. Петроглифтердин арасында төрт чарчы коргон сымал сүрөттөр кездешет. Алардын көпчүлүгүнүн ортосунда очок сыяктуу белгиси бар. Көпчүлүк изилдөөчүлөр муну турак-жайдын чагылдырылышы деп эсептешет. Саймалыташтагы эстеликтерде артына куйрук сымал нерсеси бар адамдардын сөлөкөттөрү сакталган. Алардын көпчүлүгү бири-бирине бет маңдай туруп, колдорун көтөрүп турган учурларды чагылдырат. Мындай сүрөт-төрдү күн сымал баштуу кудайдын алдына чегишкен. Мындан тышкары бука, теке, аркар, эшек же эки түрдүү жаныбарлар чегилген арабалар кездешет. Арабанын артында эркек кишинин сөлөкөтү тартылганы ачык баамдалат. Изилдөөчүлөр: А. И. Мартынов, А. Н. Марьяшев, А. К. Абетеков С. с. г-нын нукура маанисин диний жөрөлгөлөр өткө-рүлүүчү жай катары карашат.

Андрон маданиятындагы уруулар негизинен мал чарбачылыгы менен кесип кылышкан. Негизинен уйларды, койлорду, төөлөрдү кармашкан. Жылкыны өзгөчө аздектеп асырашкан. Андрон маданиятындагылар алгачкылардан болуп кымыз жасаганды үйрөнүшкөн деген пикир бар. Андрон маданиятынын өкүлдөрү социалдык жактан чоң үй-бүлөлөргө бөлүнүп жашашкан. Ал үй-бүлөлөр уруктарды түзгөн. Уруктар ири уруулларга бириккен. Коомдук өндүрүштүн жакшырышы менен азык-түлүк, байлыктар көбүрөөк өндүрүлө баштаган. Урук башкаруучусу мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, байлыктын көбүн өзүнө ыйгарган. Аскер башчылары жана дин башчылары өзгөчө укуктарга ээ болушкан. Коомдо теңсиздиктин алгачкы белгилери пайда болгон. Бул доордо уруктун жана уруунун башына эркек жол башчылары туруп, ата бийлигинин доору – патриархат өз үстөмдүгүн жүргүзгөн. Кыргызстандын түштүгүндөгү Фергана өрөөнүндө байыркы дыйканчылыкка негизделген экинчи маданият өнүккөн. Ал шарттуу түрдө *Чуст маданияты* делип аталган (Наманган облусундагы Чуст кыштагында ушул маданияттын алгачкы тургун жайы табылган). Чуст маданиятындагы уруулардын социалдык түзүлүшүндө да теңсиздик өкүм сүргөн. Бул маданияттын өкүлдөрү буудай, арпа, таруу, сулу өстүрүшүп, бирок мал чарбасы буларда негизги тармак болгон эмес. Кол өнөрчүлүк андрон маданиятына салыштырмалуу күчтүү өнүккөн. Түшүмдү таш, коло ороктор менен орушкан. Эгинди үйдүн ичине казылган ороолордо сакташкан. Айрым ороолорго бир тоннадай эгин баткан. Байыркы ферганалыктардын таш ороктору Ысык-

көлдүн үч жеринен, Чыгыш Түркстандан, Өзбекстандын түштүгүнөн кездешкен. Чуст тургун жайлары Өзгөндүн жанынан, Куршабдан, Ноокаттан табылган. Бул маданияттын эң байыркы жана өзүнчө айырмалуу эстеликтеринин бири – коло доорундагы *Ош* тургун жайы. Ал узундугу 200 *м*ден кем эмес аянтты ээлеп, Сулайман тоосунун түштүк тарабындагы тик капталда тектир-тектир болуп жайгашкан. Ошол кезде үйлөр Сулайман тоосунун борборундагы бийик асканы тегерете жайгашкандыгы жөнүндө божомолдоого болот. 70тен ашуун ороолор табылган. Археологдор тарабынан бул тургун жай дыкат изилденип (1978–80-ж.), азыркы Ош аймагында алгач отурукташып, дыйканчылык менен кесиптенишкен калктуу тургун жай мындан 3 миң жыл мурда пайда болгондугу аныкталды. Ош тургун жайынан 70тен ашуун ороолор табылган. Алардан ж. б. азык-түлүктөр сакталган.

УРУУ СОЮЗДАРЫ. ДАБАН МАМЛЕКЕТИ

Сактар

Б. з. ч. 6–3-к-да Орто Азия, Казакстан, Чыгыш Түркстан аймактарында сактар, же скифтер деп аталган көп сандаган уруктар жашаган. Индиялык булактарда сактарды турлар, байыркы кытайлык маалыматтарда сэ эли деп аташат. «Сак» деген түшүнүк «эркин адам», «күчтүү эркек (жоокер)» дегенди билдирген.

Б. з. ч. 6–5-к-да сактар эки ири уруу союзуна биригишкен. Биринчи союзга массагеттер, абилер, апасиакилер, дебектер, дахилер ж. б. уруулар кирген. Байыркы персиялык булактарда булар тиграхауд сактары – «шуңшугуй калпакчан сактар» деп аталган. Экинчи союз Түндүк Индиядан Алай жана Ферганага чейинки мейкиндикти ээлеп турган. Перстер аларды хаумаварга – «хаум чөбүн урматтаган сактар» деп аташкан. Азыркы Кыргызстандын түндүк районунда «тиграхауд сактары», ал эми түштүгүндө «хаумаварга сактары», жашашкан. Тарыхчы Т. Рыскуловдун изилдөөлөрү боюнча сактар байыркы түрк тилдеринде сүйлөшкөн, көбүнчө европеоид түспөлүндө болгон. Тиграхауд сактарынын айрымдарында монголоиддик белгилер да кездешкен. Коомдук түзүлүшүндө сактар үй-бүлөлөрдөн турган көчмөн жамааттарга бириккен. Ал эми жамааттык түзүлүштүн бузулушунун натыйжасында урук-уруулардын ак сөөктөрү бөлүнө баштайт. Аскер башчыларынын мартабалары жогорулап, байлыктары өскөн. Б. з. ч. 5-к-да сактардын коомунда социалдык теңсиздик пайда болгондугун, аларга тиешелүү

көрүстөндөрдүн көлөмү, андан табылган археол. эстеликтер далилдейт. «Падышалардын» мүрзөлөрүнүн диаметри 50дөн 120 *м*, бийиктиги 9–15 *м* жетет. Уруунун ак сөөктөрү диаметри 30–45 *м*, бийиктиги 5–7 *м* келген мүрзөлөргө, эрдик көрсөткөн жоокерлер чоңураак, ал эми карапайым адамдар бир аз гана белгиленген мүрзөлөргө коюлган. Эң чоң мүрзөлөрдөн 4 миңге жакын алтын буюмдар, карапайым адамдардыкынан бирин экин гана чопо идиштер табылган. Коомдун эң төмөнкү баскычында аз сандагы кулдар турган. Коомдук түзүлүшү боюнча сактар мамлекет түзүүнүн алдында турган.

Жаратылыш шартына ылайык, Кыргызстандын түндүгүндөгү сактар негизинен мал чарбачылыгы менен кесиптенишкен. Ферганалык сактар болсо мал чарбасын дыйканчылык менен айкалыштырган. Кой, жылкы, уй, төө асырашып, буудай, арпа, таруу айдашкан. Сүт, эт азыктары сактардын тамак-ашынын негизин түзгөн, жүндөн, өсүмдүк буласынан жип ийрип, кездеме токушкан. Кийизден жасалган шуштугуй калпактарды кийишкен. Териден кийим тигип, ат жабдыктарын, идиштерди жасоо кеңири тараган.

Кыргызстандан сак маданиятынын эстеликтери Чүй өрөөнүнөн, Ысыккөлдөн, Теңиртоодон ж. б. жерлерден табылган. Курмандык чала турган такта, шам чырактар, конус формасындагы буттары бар казандар өтө зор кызыгууларды туудурат. Бул буюмдар айбандардын колодон жасалган сөлөкөттөрү менен өтө чебер кооздолгон. Археолог. эстеликтер сактарда зергерчилик иши жогорку чеберчиликке жетишкенин айгинелейт. Алтындан, колодон жана чоподон жасаган буюмдар, ар түрдүү кооздуктар, өзгөчө айбанаттардын сөлөкөттөрүн жасоо жана сүрөтүн түшүрүү искусствосу сактардын дүйнөгө болгон көз карашын, философиясын чагылдырат.

Усун мамлекети

«Усун» этноними тарыхка кытайлык династиянын хроникасынан кирген. Тарыхчы А. Өмүркуловдун пикири боюнча «Усун» этноними байыркы түрк тилинен которгондо «он урук эл» (ус – урук, ун – он) дегенди түшүндүрөт. Бул эл Чыгыш Түркстандагы Упса (Узун) дарыясынын атынан аталган деген да божомол бар. Генеалогиялык болжолдорго жана түрк санжыраларына таянсак, усундар түрк элдеринин бир салаасы. Усундар сырткы кебетеси жагынан сакалдары кызгылт сары, көздөрү көк болуп, Түркстандын тургундарынан айырмаланып турган.

Усундар адегенде хунндар жана *юэчжилер* менен коңшулаш болуп Улуу Кытай дубалынын батыш жагында көчүп жүрүшкөн. Алардын бир бөлүгү б. з. ч. 160-ж. сактарды жана юэчжилерди талкалап, Теңиртоого жана Жетисууга көчүп келишкен. Көп убакыт

өтпөй чыгыштан хунндар менен, батыштан Талас дарыяларынын өрөөндөрүндө Кангүй менен, түштүктөн Фергана жана Чыгыш Түркстан менен чектешкен жаңы мамлекет түзүлгөн. Түндүктөн усундардын ээлиги Балхаш көлүнө чейин жеткен. Усундардын падышасы – Күнбаг (күн бий) деген титулду алып жүргөн. Усундардын мамл. социалдык топторго жиктелүү жаңы пайда боло баштаган учурда түзүлгөн, уруулук түзүлүштүн таасири катуу сакталган өлкө болчу. Күнбагдын бийлиги укум-тукумга отүп, мурас катары берилип келген. Башкарууда усундардын Күнбагы аксакалдар кеңешине таянган. Ошол эле мезгилде мамлекеттик аппарат бир кыйла өнүгүп, мамлекеттик бийликте эле 16 миңден ашуун адам эмгектенген. Күнбагдын өзүнүн он миңдей аскери болгон. Усундар жарым-жартылай көчмөндүү болуп, мал багышкан. Ошол эле мезгилде Чүй өрөөнүндө жана Ысыккөлдүн жээгинде жашаган эл отурукташып, дыйканчылык менен кесиптенишкен. Теңсиздик өнүгүп, айрым бай адамдар төрт-беш миңден жылкы кармашкан. Усундук коомдо кулдар да болгон, алар негизинен эркин общиналарда, үй чарбасында иштешкен. Борбору – Чигу, же Чигучэн деген шаар болгон. (Кызыл өрөөндөгү шаар дегенди билдирет). Акыркы жылдардагы археол. изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча бул шаар Ысыккөл облусунун Жетиөгүз районун борбору Кызылсуу айылынын этегинде жайгашкан. Анын жашоочулары дыйканчылык жана кол өнөрчүлүк менен кесиптенишкен. Шаардын негизги бөлүгүн көл алдында калган.

Орус окумуштуусу Н. Аристов 1893-ж. «Усундар жана кыргыздар же кара-кыргыздар: Батыш Тяншандын калкынын тарыхы менен турмуш тиричилигинин очерктери жана анын тарыхый картографиясы боюнча изилдөөлөр» деген эмгегинде: «Усундар Батыш Тяншанды жердеп турган азыркы кара-кыргыздардын түздөн-түз бабалары болуп саналат» – деп белгилеген. Ушул эле эмгекте Н. Аристов Енисейлик кыргыздар менен Тяншандык кыргыздар качандыр бир кезде бир эле элди түзүп, б. з. ч. 3-к-га чейин эле экиге бөлүнүп кеткен. Алардын бир бөлүгү Енисейде жашаган. Чыгыш Тянь-Шанда турган экинчи бөлүгүн кытайлыктар усундар деп аташкан деген пикирди айткан. Окумуштуу Ч. Нусупов «Кыргызстандын саясий тарыхы» деген эмгегинде мындай деп жазат: «Б. з. ч. 201-жылда кыргыз уруулары азыркы Батыш Моңголиянын аймагына жана Чыгыш Түркстанга чачырап тарашкан, б. з. ч. 3-к-дан тарыхый адабиятта усундар деген ат менен көбүрөөк белгилүү болгон үйшүндөрдүн батыш канаты болуп эсептелет. Алар Орто Азияда жашаган сак уруулярын сүрүп чыгарган. Түндүк кыргыздар болсо Саяндын артына, Енисейге кетишкен». Бул пикирлерге таянсак усундар кыргыз элинин ата бабалары болуп эсептелет.

Дабан мамлекети Фергана өрөөнүндө б. з. ч. 1-мин жылдыкта отурукташкан дыйканчылык маданияты өнүккөн мамлекет пайда болгон. Ал тууралуу жазуу жүзүндөгү маалыматтар б. з. ч. 2–1-к-дан тартып гана кездешет. Тарыхта Дабан мамл. деген аталыш менен белгилүү.

Б. з. ч. 2-к-да Дабан дыйканчылыгы өнүккөн күчтүү мамлекет болгон. Калкы күрүч, буудай, жүзүм, пахта, беде өстүргөн, атагы алыска жеткен аргымактарды багышкан. Кичине-чону болуп, 70тей шаары болгон, алар өз-өзүнчө кооз оазистерден орун алышкан. Мамлекеттин борб. Эрши ш-н (Ош облусунун Араван районун борбору Араван кыштагына жакын жерде) катар-катар курулган чеп курчап турган. Анын борб. бөлүгүндө бышпаган кыштан тургузулган калың дубалдар, бийик мунаралар болгон. Ферганалыктардын көпчүлүгү анчалык чоң эмес айылдарда, бирок өтө бекемделип тургузулган үйлөрдө жашаганын археолог. казуулар көрсөтүп турат. Ферганын калкы болжол менен 300 миңге жакын болгон. Сырткы келбети европеоиддерге окшош болгон. Кытай эмгектеринде «...көздөрү чуңкул, сакалдары коюу болгон» деп көрсөтүлөт.

Коомдук мамилелери таптык мүнөздө болгон. Мамлекетти падышалардын династиясы башкарган. Алардын бийлиги мансаптуу адамдардан түзүлгөн аксакалдар кеңеши менен чектелип турган. Аксакалдар кеңеши падышаларды тактан алган жана такка отургузган, согуш же тынчтык маселелерин чечкен, элчилик байланыштарды түзгөн же үзгөн. Тарыхый булактары боюнча аксакалдар кеңеши эки жолу ферганалык падышаларды өлүм жазасына буюрган. Алардын чечими айрым шаар башкаруучулары үчүн да милдеттүү болгон. Башкаруучу төбөлдөр айылдык эркин общиналарды бекем кармашкан. Бул общиналар мамлекеттин таянычы болгон. Согуш чыккан учурда общиналардан 60 миңден ашуун аскерлерден турган элдик кошуун түзүлгөн, алар жаа жана найза менен куралданышкан. Чарба иштеринде болсо кулдардын эмгеги колдонулган, бирок кул ээлөөчүлүк басымдуулук кылган эмес, анткени өндүрүштө айылдык община басымдуулукка ээ болгон.

Байыркы кыргыздар. Түрк кагандыктары Кытай тарыхчысы Сыма Цянь (б. з. ч. 145–86-ж.) өзүнүн «Ши цзи» – («Тарыхый жазмалар») эмгегинде белгилегендей, б. з. ч. 201-ж. хунндардын падышасы *Модэ шанүй* түндүккө жана түндүк-батышка согуштук жортуулга чыккан. Бул жортуулда ал көз карандысыз бир катар уруулар – гянь-гундар, динлин, ж. б. каратып алган. Бул маалыматтын кыргыз тарыхы үчүн мааниси өтө зор. Гянь-гундар (гэгунь, циг, кигу деген варианттары бар) деп



МОДЭ ШАНҮЙ (кыт. шанүй – теңир куту) – б.з.ч. 209–174-ж. хунн урууларынын башчысы. Хунн уруулардын шанүйү Тоу Мандын улуу уулу. Тоу Ман кытайлардан жеңилип алсырай түшкөндө юэчжилердин талабы б-ча Модэни аманатка берген. Тоу Ман юэчжилерге басып киргенде М. ш. хунндар тарапка өткөн. Ал өз аскерлерин таамай атууга машыктырган ж-а буйрукту кыңк этпей аткарууга көндүргөн. Б. з. ч. 209-ж. Модэ өз атасын өлтүрүп, такка олтурат. Чыгышта жашаган дунхуларды, кийинки жылы юэчжилерди караткан. Б. з. ч. 203–201-ж. түндүк тарабындагы коңшулары хунүйлөрдү, күйешелерди, Саян тоолорунун этегин мекендеген динлиндерди, Чыгыш Түркстандын түндүгүндө жашаган кыргыздарды басып алган. Б. з. ч. 201-ж. Кытайга кол салат. Б. з. ч. 198-ж. кытай императору Лю Бан м-н «бейкуттук ж-а тууандык» келишимин түзгөн. Иш жүзүндө кытай императору М.ш-гө көзкаранды болуп, салык төлөп турууга мажбур болгон. Б. з. ч. 177-ж. М.ш. юэчжилерди, усундарды ж-а Чыгыш Теңиртоодогу башка элдерди да баш ийдирген. М. ш. өлгөндөн кийин (б. з. ч. 174-ж.) такка уулу Лаошань отурган.

кытайлар байыркы кыргыздарды аташкан. Бул маалыматтар кыргыздар б. з. ч. 3-к-дын аягында эле болгондугун, алар ээлик кылган жерлер бар экендигин, о. эле «кыргыз» этнонимин түрк тилдүү элдердин байыркыларынан экендигин маалымдайт.

Окумуштуулар лингвистикалык жана ономастикалык усулдарга таянуу менен «Кыргыз» этнонимин ар кыл бөлүктөргө ажыратып түшүндүрүүгө аракет жасашууда.

Анын айрым варианттары: 1. «Кырк» жана «йүс» («кырк жүз», В. Радловдун пикири); 2. «Кырк» жана «эр» («кырк киши, Ахмед Тоган); 3. «Кыра» жана «гыз» («кара чачтуу эл» Д. Айтмуратов); 4. «Кыргу» – «кырг» жана ага көпчүлүк санды туюнтуучу – «ыз» мүчөсүнүн жалгаштырылышы («кызылдар» К. Петров); 5. «Кырг» жана «огуз» («кызыл огуз» б. а. түштүк огуздар же батыш огуздар, Н. Баскаков); 6. «Кыргын», «кыргыт», «кыргыз» (албырган жүз, б. а. сарычач, албырган жүз, көк көздүү эл А. Кононов); 7. «Кыргыз» (кырылгыс б. а., түгөнгүс, жеңилгис, жаңыланып туруучу, түбөлүктүү, эл А. Өмүркулов) ж. б.

«Кыргыз» этнониминин орто кылымдардагы көчмөндөр арасында (Енисейден Уралга чейин) кеңири тарагандыгына караганда: «кыргыз» деген термин «сак» деген сыяктуу эле алгач «кайраттуу, күчтүү жоокер, күжүрмөн адам» деген түшүнүктү берген. Ошондуктан, бир кыйла көчмөн уруктар өздөрүн «кыргыз» деп атоого аракет кылышкан, – деген божомол чындыкка жакыныраак.

Кыргыздардын байыркы Ата журту

Тарыхый жазуу булактарында б.з.ч. 3-к-дан эскерилген кыргыздардын Ата журту тууралуу да ар түрдүү пикирлер айтылып келген. Сыма Цяндын эмгегинде кыргыздар эскерилгени менен алардын турган жери жөнүндө эч нерсе айтылган эмес. Айрымдар алгачкы кыргыз журту Енисейде болгон дешсе, башкалары азыркы Түндүк Батыш Монголиядагы Хыргыз-Нур (Кыргыз Көл) аттуу көлдүн аймагында болгон деп жоромолдошкон.

Кытайлык байыркы тарыхчы Бан Гу (б. з. I к.) өзүнүн «Хан шу» («Хан сулалесинин тарыхы») эмгегинде: «Кыргыздардан чыгышта 7 мин *ли* (1 *ли* – 500 *м*) узактыкта хуннулардын шанүйлөрүнүн ордосу жайгашкан», – деп жазат. Археолог, проф. Ю. Худяков, синолог Л. А. Боровкова жана азыркы кыргыз тарыхчылары бул маалыматка таянып, кыргыздардын б. з. ч. 1-кдагы журту Чыгыш Теңиртоо аймагында болгондугун далилдешүүдө. Бул журт азыркы Чыгыш Түркстандагы Манас, Карашаар сыяктуу шаарлардын түндүк тарабында, Борохоро тоо кыркасынын түндүгүндө орун алган. Байыркы түрк элдеринин ичинен хунндар, усундар, динлиндер, дилдер о. э. Чыгыш Түркстандагы индоевропалык тилдерде сүйлөгөн калктар (юэчжилер, б. а. тохарлар) эзелтен кыргыздарга коншу болгон.

Б. з. ч. 1-к-дын ортосунда хунндардын башчысы *Чжичжи* өзүнүн армиясын кыргыз жоокерлери менен чыңдап, Енисейдин Минусин өрөөнүндө жайгашкан урууларды басып алат. Ушундан кийин кыргыздардын негизги бөлүгү өздөрүнүн жаңы мекенине (Енисейге) келишкен деген да пикир бар.

Кыргыздар Модэ шанүйгө баш иерде өзүнчө мамлекеттүүлүккө ээ болгон десек болот. Демек б. з. ч. 3-к-дын соңунан тартып кыргыздардын мамлекеттик бирикмеси Хунндар дөөлөтүнө баш ийип, анын таасири астында өнүккөн.

Кыргыздардын алгачкы көз карандысыз мамлекети

Саясий бытырандылыкка кириптер болгон Хунндар дөөлөтүнүн Борб. башкаруусу начарлаган кырдаалда – б. з. ч. 56-ж. кыргыздар саясий көз карандысыздыкка, эгемендүүлүккө жетишишкен. Алардын чордондук аймагы Чыгыш Теңиртоонун түндүк (тескей) жагында Борохоро тоо кыркасы менен Дзосотин-Элисун чөлүнүн ортосунда жайгашкан. Ушул жылдан тартып жазуу булактарында эң алгачкы ирет Кыргыз падышалыгы тууралуу эскертилет (кытайлык байыркы тарыхчы Бан Гу чакан кыргыз мамлекетин «*го*» – «падышалык» термини менен белгилеген). Байыркы кыргыздардын бул чакан өлкөсү геогр. обочо абалына байла-

ныштуу бир нече жыл бою хунндардын көнүлүнөн чыгып, кыргыздардын мамлекеттүүлүгүнүн жаңы башаты болуп калды.

Кыргыздар б. з. 1–5-кылымдарда

Теңиртоонун чыгыш тарабын мекендеп турган. Түрк урууларынын теле (төөлөс) саясий бирикмесине коншу катары эскерилген кыргыздар тууралуу кытай булактары «Янцинин (Кара-Шаардын) түндүгүндө, Ак-Тоонун жанында» жайгашкан эл катары сыпаттайт. Ушул эле булактан динлиндердин бир катар бөлүктөрү, айрым хунндар да кыргыздарга кошулганын биле алабыз.

5-к-да кыргыздар төөлөстөр сыяктуу эле Түндүк Кытайдан ооп келген жуан-жуандарга (жужан, т. а. авар) каршы согушуп, бирок бул мамлекетке баш ийүүгө аргасыз болушкан. Ашина (перс тилинде көк, көгүлтүр дегенди түшүндүрөт. Көк бөрү ушундан калышы мүмкүн) түрк уруусу менен кыргыздардын да жакын байланыштары болгону кытай даректеринде жазылып калган ургаачы бөрү эне тууралуу уламыштын мазмуну да айгинелейт. Анда кыргыздар түрктөрдүн жалпы уламыштык бөрү энесинин урпактарынын бири катары сыпатталган. Көк бөрү, илбирс, бугу сыяктуу жаныбарлар кыргыздардын ыйык туткан тотемдери болгон. Башка түрк калктарындай эле кыргыздар да Теңирге (Көк – анын символу), жер-сууга, Чолпон жылдызга, Айга сыйынган. Отту ыйык тутуу ошол байыркы доордон башталган.

Кыргыздар өздөрүнүн узак жолду басып өткөн тарыхында башка түрк уруулары менен жуурулушуп, Борб. жана Орто Азиянын (азыркы саясий термин боюнча – Ички жана Борб. Азиянын) бир далай түрк эмес элдеринин өкүлдөрүн ассимиляциялап келген. Алардын байыркы тарыхынын Чыгыш Теңиртоолук баскычы б. з. 5-кнын акырына чейин созулган.

КЫРГЫЗСТАН ТҮРК КАГАНДЫКТАРЫНЫН КУРАМЫНДА

Түрк кагандыгы

Түрк уруусу 4–5-к-да Борб. Азия хунндарынын чөйрөсүндө түзүлгөн. Алар өздөрүнүн ата-бабалары дешип мифте айтылган карышкыр уулу Ашинаны эсептешет жана анын атынан уруу аталган. Ашина уруусу алгач Алтайга көчүп баргандан кийин ошол мезгилде Борб. Азияда үстөмдүк кылып жуан-жуандардарга көз каранды болуп, салык төлөп турушкан. Алтай тоолорунун мал чарбачылыкка ынгайлуу жайлоолору, темир кендери алардын саясий-экон. жактан өсүшүнө

зор түрткү болгон.отурукташкан. Ашина уруусунун башчылары Асяншад, Туу жана, Бумын кенчилердин, эритүүчүлөрдүн жана усталардын бүтүндөй мүмкүнчүлүктөрүн толук пайдаланышып, соотчон атчан аскерлерди түзүшүп, ошол аскерлердин жардамы менен жүз жылга жетпеген мезгилдин ичинде бүтүндөй алтай урууларын өздөрүнө багындырышкан. Алардын уруу бирикмесинин саясий жактан жогорулашына байланыштуу «түрк» деген жаңы термин пайда болот. Адегенде ал ашина ак сөөктөрүнө, өкүлдөрүнө гана тиешелүү болсо, бара-бара уруулар союзунун, калктын, кийин мамлтин атына айланат. Түрк аталышы (кытайларда «туцзие» деп аталат) кытай жазма булактарында биринчи жолу 546-ж. эскерилген. Согдулар, персилер жана византиялыктар жаңы талаа багынтуучуларын «түркүт» деп аташкан. Бул «тирүү», «тур», «түбөлүктүү», «күчтүү», «бекем» дегенди билдирип, этностук маанаге караганда социалдык маанини көбүрөөк түшүндүргөн. 546-ж. Бумын бүтүндөй Жунгарияны ээлеп турган теле элин (тегрег) талкалап, анын жерин өз жерине кошуп алган. Ошондон тартып түрктөр салык төлөөдөн кутулуп, Борб. Азияда үстөмдүк кылуу үчүн жуан-жуандардын атаандаштарына айланышкан.

Кармашууга шылтоо таппай турган карт Бумын жуан-жуандардын каганы Анахуанга (520–552-ж.) кызын мага аялдыкка берсин деп тийиштик кылган. Өз данкына жана күч-кубатына эсирген Анахуан түрктөрдүн күчкө толуп турганын андабай, Бумынды кемсинте, мазактап, анын суроосун четке каккан. Согуштун чыгышына мындан артык себептин кереги жок эле. 552-ж. түрктөр жуан-жуандарга кол салышып, баш көтөргүс сокку урушкан. Күтүүсүздөн жеңилген Анахуан өзүн-өзү өлтүргөн. Жеңишке жеткен Бумын жуан-жуандык мамлекет башчысынын «илиг каган» деген титулун алган. Ошентип, Борб. Азияда Улуу Түрк кагандыгы (552–603-ж.) түзүлгөн. Каган өз ордосун Орхонго (Түндүк Монголияга) көчүргөн, ал жер бара-бара жаңы мамле-кеттин админ. саясий борборуна айланган. 553-ж. Ашиналардын улуу түрк династиясынын негиздөөчү илиг каган Бумын дүйнөдөн кайткан. Бумын кагандын мураскор уулу Кара Ысык каган кагандыкты бир жыл гана бийлеген. Андан кийин тактыны ээлеген Бумын кагандын уулдарынын бири Мухан кагандын (553–572-ж.) убагында жужандар биротоло жеңилген. Алардын бир бөлүгү Уралдын батыш жагына качып кетүүгө аргасыз болушкан. Кагандыктын карамагына көп өтпөй түндүктө кыргыздар жана жачиктер, чыгышта татабылар, кидандар, отуз-итатарлар (шивейлер) каратылган. Мухан кагандын тушунда Улуу Түрк кагандыктын курамына чыгыштан батышка карай (Ляодун булуңунан Уралга), түштүктөн түндүккө карай (Кы-

тайдан Байкал, Саян-Алтай тоолоруна чейинки) эбегейсиз кеңири аймактар кирген.

Бумындын иниси Истеми агасы Бумын өлгөнгө чейин эле Улуу Түрк кагандыгынын батышка жасаган жортуулун жетектеп, Жетисууну, Борб. жана Батыш Теңиртоону жердеген он ок уруусун (он жебе элин) ээлигине кошуп алган. Ушундан кийин Истеми «он уруу каганы» деген титулга ээ болгон. Кагандын убактылуу ордосу Теңиртоого жайгашкан, бул жерден бардык жактарга соода кервендерин, элчилерди жөнөтүп турууга ыңгайлуу эле.

576-ж. түрктөрдүн дубандык башкаруучусу Түрксанф Кара денизди бойлой жайгашкан Византияга кол салып, Боспорду каратып алат. 580-ж. түрктөр Крымды басып киришип, Херсонести курчап алышкан. Борбору мурдагыдай эле Теңиртоодо жайгашкан Түрк кагандыгы евроазиялык кубаттуу өлкөгө айланган.

Истеминин башкаруусу алдында түрктөр чоң ийгиликтерге жетишкен. Бирок ийгиликтерди бекемдеп калууга мүмкүндүк болбой кагандыктын өзүндө ич ара ыйкы-тыйкы күчөп, бийлик үчүн узакка созулган кармашуу башталган. Уруулар ортосундагы кандуу кармашуу Түрк кагандыгын алсыратып, анын тышкы саясатын кескин түрдө начарлаткан. Бул мезгилдин ичинде түрктөргө оор салык төлөп келишкен бытыранды Кытай Суй династиясына (581–618-ж.) баш кошуп, биригип алган эле. Экинчи бир салык төлөгөн өлкө – Иран 588-ж. Гераттын алдында түрктөргө оор сокку урду. 590-ж. болсо Византия түрктөрдөн Боспорду бошотуп алган. Тарду Боке каган өлгөндөн кийин 603-ж. Түрк мамлекети Чыгыш жана Батыш кагандыктарына бөлүнүп кеткен. *Батыш Түрк кагандыгы* (603–704-ж.) 7-к-дын башында күчтүү, маданияты өнүккөн мамлекет катары таанылып, анын курамына Чыгыш Түркстан, Орто Азия чөлкөмдөрүнүн дыйканчылыкка ыңгайлуу жерлери, Арал боюндагы, Түндүк Кавказдагы талаалар кирген. Анын админ.-саясий борбору алгач Талас өрөөнүндөгү Миңбулак, 618-жылдан Суяб ш. (Токмок ш-нан түндүк-батыштагы Акбешим шаар чалдыбарынын ордунда) болгон. Бирок уруулар арасында бөлүнүү улантыла берген. Аларды чет элдик күчтөрдүн басып келүү коркунучу токтото алган эмес.

АКБЕШИМ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ – 6–12-к-дагы шаар калдыгы. Токмок ш-нан 6 *км* түштүк-батыш тарапта. Түзүлүшү жагынан алгачкы ортө кылымдагы Түндүк Кыргызстан үчүн мүнөздүү шаар. Шаардын борборуна туташ жайгашкан аймакта кол өнөрчүлүк, соода, а.ч. м-н кесипчилик кылган шаардыктардын үйлөрү болгон. Негизинен турак-жай имараттарынын калдыктары, тиричилик шаймандары, тыйындар, көркөмдөлгөн буюмдар , о.эле шахристандын түштүк тарабында жайгашкан 6–8-к-га таандык эки будда храмынан архитектура, скульптура, живопись, курулуш техникасына тиешелүү бай матери-

алдар табылган. Бул шаарды Батыш Түрк ж-а Түргөш кагандыктарынын байтактысы – Суйаб деп эсептешет.

7-к-дын аягында Кытайда Тань династиясы (618–907-ж.) күч алып, Кытайдын императору Тайцзун башкарган феодалдык төбөлдөрү басып алуучулук согуштарды жүргүзгөн. Алар Улуу Жибек жолун ээлөөнү көздөшүп, 630-ж. көчмөн тогуз өгүз уруусу менен бирдикте Чыгыш Түрк кагандыгын талкалаган. 704-ж. Батыш түрк кагандыгы да кыйраган.

Түргөш кагандыгы (704–766-ж.)

8-к-дан баш ченинде Батыш Түрк кагандыгынын урандыларында Түргөштөрдүн мамлекети пайда болду. Түргөштөр «он ок элинин» дулу конфедерациясына киришкен жана Чүй менен Иле дарыяларынын аралыгын ээлеп турушкан. Алар «сары түргөш» жана «кара түргөш» урууларына бөлүнүшүп, төбөлдөрү өз ара атаандашып турушкан. «Сары» түргөштөрдүн уруу башчысы Үч-элиг каган (704–706-ж.) жаңы династиянын негиздөөчүсү болуп калган. Ал Суяб шаарын ээлеп, анда өзүнүн башкы борборун түзгөн. Түргөштөрдүн бийлиги алдындагы жерлер Сырдарыянын орто агымынан Иртыш суусунун баш жагына чейин созулуп жатчу. Үч-элиг каган өзүнүн жеринде жыйырма чөлкөм түзгөн, алардын ар бири жети миңден аскер берип туруучу. Түргөштөрдүн бийлиги Чыгыш Түркстанга да тараган.

716-ж. Капаган өлтүрүлүп, тактыга анын жээни Билге каган (716–734-ж.) отургузулган. Ал Енисейден Орто Азияга чейин тынымсыз жортуулдарды уюштуруп турган. Билге каган кытайлыктардын таасири менен чоң храм курдурган. Анын алдына чет элдик элчилердин элеси түшүрүлгөн таш балбалдардан аллея жасаткан. Ошол учурда түргөштөр толук көз каранды эместикке жетишип, аларга «кара түргөш» урууларынын башчысы Чабышчор Сулук (716–738-ж.) каган болуп калат. Жаңы каган мыкты дипломат болгон. 717-ж. ал Кытайга барып, анда жакшы кабыл алынат. Андан кийин Сулук түргөштөр үчүн коркунучтуу үч каган менен нике союзун түзгөн: Ашина династиясынын батыш бутагынын урпагынын кызына үйлөнөт, экинчи аялы Билге кагандын, үчүнчүсү Тибет падышасынын кыздары болгон. Каган өзүнүн кызын Билгенин уулуна берген. Чыгыштагы дипломатиялык ийгилик түргөштөргө батыштагы согуш аракеттерин активдештирүүгө мүмкүндүк берди.

«Кара түргөштөр» менен «сары түргөштөрдүн» ортосунда бийлик үчүн узакка созулган күрөш мамлекетти алсыраткан учурдан пайдаланып, 8-к-дын орто ченинде кагандыктагы бийликти карлук уруулары тартып алган.

Карлук жабгулугу (766–940-ж.)

Түргөш кагандыгынын ордунда Түрк урууларынын бирикмеси – карлуктардын мамлекети пайда болгон. «Карлук бодун» (карлук эли) же «үч карлук» (карлуктардын үч уруусу) деген атты Моңгол Алтайынан Балхаш көлүнө чейинки, Тарбагатай кырка тоолорунан түштүккө жана түндүккө карай аймакты ээлеп жаткан көчмөн урулардын күчтүү союзуна таркатышкан. Карлук бирикмесинин курамына булак, чигил (же себек), жана ташлык деген үч ири уруу кирген болучу. Урууларын карлук союзунун тарыхынын баштапкы мезгилинде эле алардын аймактык жана саясий бытырандылыгы белгиленген. Карлуктардын бир бөлүгү 6-к-дын экинчи жарымында же 7-к-дын башталышында Тохарстандын аймагынын бир бөлүгүн ээлеген. Алардын башчысы «жабгу» деп аталып, Батыш Түрк, андан кийин Түргөш кагандарына көз каранды болгон. Тохарстандык карлуктар араб баскынчылары менен күрөштө көрүнүктүү ролду ойношкон. Карлуктардын дагы бир бөлүгү моңгол талааларын мекендешкен.

Тарбагатайлык карлуктардын күчтүү армиясы болгон. Чыгыш жана Батыш Түрк кагандыктарынын чегарасындагы аймакты ээлеп, кээде бирине, кээде экинчисине баш ийип турган. 8-к-дын биринчи чейрегинде алар үч жолу Чыгыш Түрк кагандыгына каршы көтөрүлүшкө чыгышкан. Карлуктар экинчи Түрк жана Түргөш кагандыктарынын кулашына алып келген саясий окуяларда башкы ролдордун бирин ойношкон. 744-ж. басмыл, уйгур жана карлук урууларынын бириккен күчтөрү экинчи Түрк кагандыгын кыйратышат. Натыйжада Уйгур кагандыгы (744–840-ж.) түзүлүп, анын башчысы. Элетмиш Билге каган (744–759-ж.) деген титулду алат. «Уйгур» аталышы байыркы түрк тилинде «уюшкан», «уюткулуу», дегенди түшүндүрөт. Бул бирикмеге 19 уруу баш кошуп, башында Яглахар уруусу турган.

Уйгурлардын бийлиги Алтайдан Манжурияга чейин тараган. Карлук жабгулугу өзүнүн баштагы союздаштарына көз каранды болуп калат. Мунун өзү бир катар кагылышууларга алып келип, кысымга алынган карлуктар 746-ж. Жетисууга көчүп кетишет. Мында саясий кырдаал абдан татаал болучу. Түргөш кагандыгындагы токтолбогон кармашуудан улам андагы бийлик жүргүзүлбөй калат. Муну Чыгыш Түркстандын Тань династиясынын наместниктери өз таламдары үчүн пайдаланышкан. 748-ж. Кытай армиясы Чүй өрөөнүнө басып кирип, Суяб ш-н ээлеп, аны кыйратат. Кийинки жылы кытайлар Чач (Ташкент) акимин туткунга түшүрүп, аны асып ташташат. Кытайларга карлуктар жардам берген. Жагдайды байкаган арабдар Тань империясынын Орто Азиянын иш-

терине одоно кийлигишүүсүнө жол беришпей. Зияд ибн Салих башчылык кылган аскерлер кытайларга каршы бет алышат. Бул кабарды укандан кийин кытай колбашчысы Гао Санчжи жүз миң аскери менен арабдардын жолун тосуп Суябдан чыгат. Эки армия 751-ж. июлда Талас өрөөнүндөгү Атлах ш-нда (азыркы Манас районун Покровка айылынын түндүгүрөөк жагындагы урандылар) беттешишкен. Бет келишкен эки армия дарыядан өтүүгө батынбай, төрт күн тирешип турушту. Бешинчи күнү карлуктардын атчандары чыккынчылык кылып кытай армиясынын арт жагынан сокку урат. Ошондо арабдар алардын бет маңдайынан чабуулга өтөт. Эки жактан тең кысымга алынган кытай аскерлери туруштук бере албай, Талас дарыясынын тар капчыгайын көздөй баш калкалап качышат. Орто кылымдардагы тарыхчы Ибн-ал-Асирдин маалыматтарына караганда Атлахтагы салгылашууда кытайлыктар набыт болгон 50 миң жана туткунга түшкөн 20 миңдей адамынан айрылышкан. Түрктөр үчүн бул жеңиштин мааниси чоң болгон. Анткени, ушул жеңилүүдөн кийин Кытай аскерлери болжол менен миң жылча Орто Азиянын чегараларына жологон эмес. Мунун өзү аймакта мусулман маданиятынын өнүгүшүн камсыздаган.

Ошентип, карлуктар кытай аскерлерин кыйратууда маанилүү роль ойноп, Жетисууда өзүлөрүнүн абалын бекемдешти. 751-ж. уйгурларга каршы курамына карлуктардан тышкары, түрктөр, кыргыздар жана чик уруулары кирген коалиция түзүлгөн. Союздаштар чечкиндүү аракет кылышкан эмес. Айрымдары уйгурлар тарапка өтүп, максаты жөнүндө билдиришкенде, Элетмиш Билге каган союздаштарды жалгыздап талкалаган.

БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ ҮСТӨМДҮК ҮЧҮН КҮРӨШ. УЛУУ КЫРГЫЗ ДӨӨЛӨТҮ

Барсбек – кыргыздардын каганы

7-к-дын аягы – 8-к-дын башында кыргыздардын Енисейдеги мамлекети коңшуларын олуттуу эсептешүүгө мажбурлаган. Анын башында Барсбек ажо турган.

Анын урматына жазылган эпитафиядагы маалыматтар боюнча ажо байыркы кыргыздын башкаруучу династиясынан чыккан, атасынан эрте жетим калган, төрт бир тууганы болгон, тайган менен ан уулоону жакшы көргөн. Барсбектин уруусу Умай-эненин өзгөчө колдоосунда деп эсептешкен жана анын туугандары сейрек кездешүүчү Умай бег деген наамды алып жүрүшчү. Барсбек Борбор Азиядагы саясий кырдаал татаал кезде кыргыздарга башчылык



БАРСБЕК, Ынанчу Алп Билге – 7-к-дын аягы–8-к-дын башында Енисейдеги Кыргыз кагандыгынын башкаруучусу. Анын тушунда кыргыздардын элчилери Кытайга, Тибетке, Түргөш кагандыгына жиберилип турган. Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгынын кагандары да Б-ди өзүнө ийитүү максатында оболу анын кагандыгын таанышкан ж-а Элтерис кагандын кызын ага канышалыкка беришкен (Күл тегинге арналган эстеликтин маалыматы). Б. каган табгачтар (кытайлыктар), «он ок (элинин) каганы» (түргөштөр), чик, аз сыяктуу түрк уруулары м-н Орхондогу түрктөргө каршы согуштук ынтымак түзүүгө жетишкен. Бирок, Тоң-Йокук ж-а Күл тегин жетектеген кошуун озунуп, бул ынтымактын өкүлдөрүн биринде тип талкалоону көздөшүп, 710-жылдан 711-жылга караган кышта алар Көгмен (Саян) тоосун ашып, капысынан кыргыздарга кол салган. Суңга деген чертокойлуу жерде Б. баатырларча согушуп, курман болгон. Орхон түрктөрү аны каармандарча күрөшкөн жоосу катары аздектешкен. Енисей кыргыздары өздөрүнүн руна сымал бир катар жазма эстеликтеринде Б-ке жоктоо, кошок сөздөрүн багышташкан. Бул эстеликтердин (кошоктордун) жазылышынын өзү да «кыргыз бодун» деп Орхон жазмаларында аталган кыргыз элинин ички биримдигин айгинелейт.

кылган. Ушу кезде Орхон түрктөрү (Монголияда) Тан империясынын эзүүсүнө каршы көтө-рүлүшкө чыккан. Алар кытай аскерлерин жана алардын союздаштарын бир нече ирет жеңип чыгышкан. Натыйжада, Ашина династиясынан чыккан Күчлүг башында турган түрктөр Экинчи Түрк кагандыгын түзүшөт. Кыргыздар, башка элдер сыяктуу эле үстүртөн болгон кытай бийлигинин ордуна аларга үстөмдүк кыла турган күчтүү мамлекеттин болушун каалашкан эмес. Алар Баз кагандын тогуз огуздары, курыкандар, кытайлар, татарлар менен биргелешип, Тан империясынын союздаштары болуп чыгышкан. 688-ж. чыгыш түрктөр Баз кагандын коалициясын талкалашып, толук бойдон талаанын ээси болуп калышты. Кыргыздар бул салгылашууга катышкан эмес, ошондуктан өздөрүнүн аскерлерин сактап калышат. Барсбек ажо Түрк кагандыгынын түндүк чегараларындагы түрктөргө каршы күчтөргө башчылык кылып, ушундан көп өтпөй эле Барсбек Ынанчы Алп Билге деген наамын кагандык титулу менен кошо кабыл алган.

Түрктөрдүн каганы Капаган (693–716-ж.) кыргыздардын коркунучун жоюуну чечет. Билге башчылык кылган түрктөрдүн Енисейге жасаган биринчи жортуулу ийгиликсиз аяктайт. Аскерлер кыргыздардын чегарасына жеткен кезде токтотулуп жана тынчтык келишими түзүлгөн. Келишимге ыла-йык, Капаган Барсбекти каган деп таанып, ага өз жээнин аялдыкка берген. Бул келишим Барсбек каган Ынанчы Алп Билгенин абалын бекемдеген.

8-к-дын башында Барсбек түрктөргө каршы жигердүү тышкы саясатты жүргүзгөн. 707–709-ж. ал ошол кезде түрктөр менен согушуп жаткан Кытайга эки элчилик жиберген. Түрктөргө каршы союзду уюштуруу боюнча Барсбектин дипломатиялык демилгеси Түргөш кагандыгына да тараган. Чүй өрөөнүндөгү түргөштөргө Эзгене башчылык кылган элчилик жиберилет. 709-ж. Барсбек түрктөргө каршы кубаттуу коалицияны түзгөн. Ага Тан империясы жана Түргөш кагандыгы кирген. Бул биримдикке Тибетти тартуу үчүн ал жакка таланттуу элчиси Эрен улукту жөнөткөн. Түрк кагандыгынын көрүнүктүү жана саясий аскер ишмерлеринин бири Тон-Йокуктун эстелигинде төмөндөгүдөй маалыматтар бар: «Табгач (кытайлык) каганы биздин душманыбыз эле. Он ок (түргөштөрдүн) каганы биздин душманыбыз. Бирок биздин баарынан чоң душманыбыз кыргыздардын күчтүү каганы».

Түрктөр күтүп отурбай союздаштарга биринчи болуп кол салып, аларды жалгыздап талкалоону чечишти. Алар биринчи чабуулду эң коркунучтуу душман эсептелген кыргыздардан баштаган. 709-ж. түрктөрдүн кошууну Енисейдин баш жагынан кечип өтүп, кыргыздарга союздаш чик, аз уруулардын талкалап, Туваны ээлешкен да, аны кыргыздарга чабуул коюу үчүн плацдармга айландырышкан.

Кыргыздар Тувадан Енисейге капчыгай аркылуу кеткен башкы жолду бийик кыр менен тосуп коюшкан (анын калдыктары ушул убакка чейин сакталып калган). Барсбек Саяндагы башкы маанилүү ашууларды да ээлеп, толук коопсуздукту камсыз кылдым деп ойлоп, союздаштарынын жардамын күтүп калган. Бирок түргөштөр да, кытайлар да өз чектерин коргоо менен гана чектелишкен. Ал эми түрктөр Саян кырка тоолорундагы кыргыздар коргоп турган жолдорду айланып өтүп, кышкы ызгаарга карабай кыйын жол менен өтүүнү чечишти. Бул жортуулга түрктөрдүн келечектеги каганы Билге жана анын бир тууганы Күл тегин катышкан, бирок ага иш жүзүндө Тоң-Йокук башчылык кылган.

710–711-ж. кышында алардын аскерлери кыргыздарды күтүлбөгөн жерден каптап киришкен. «Биз кыргыздарга уйкуда жатканда кол салдык. Жолду найзалар менен салдык» деп белгилеген байыркы түрктөрдүн жазма эстелигинде. Кыргыздардын негизги күчтөрү талкаланып, Барсбек аман калган колун Сунга токоюна (азыркы Хакасияда) топтоп, өжөрлүк менен каршылык көрсөттү. Айыгышкан катуу салгылашуу бир жумага созулуп, кыргыздар толук кыйратылган. Барсбек бетме-бет салгылашууда курман болгон. Ага ошол жерге эпитафия коюлган.



ЭРЕН УЛУК – Тибет мамлекетине барган (8-к.) кыргыз элчиси. Бул маалымат Алтын-Көлдөгү (Хакасия) кыргыздарга таандык таш бетиндеги руна сымал жазма эстеликте (Алтын-Көл II) чагылдырылган. Эстелик кыргыз каганынан Тибетке элчилик сапар м-н барып, белгисиз себептер м-н Ата журтуна кайтпай калган Э.У-га арналып тургузулган (эстеликтин өлчөмү 1,98 х 46 *см*, калыңдыгы 18 *см*). Э.У. кыргыздын «болчар» (булсар) уруусунан чыккан. Тибетке элчилик сапар м-н баруунун алдында 38 жашта болгон. Көзү тирүү мезгилинде өзгөчө эрдиги үчүн Ынанчу алп титулуна, о. эле элчилик даражасына ээ болгондугу айтылат.

Улуу Кыргыз дөөлөтү

Уйгурлар эзелтен Борбор Азиянын талаалары-нда жашаган байыркы түрк тилиндеги элдерден. Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгы начарлай баштаганда аны уйгурлар, карлуктар, басмылдардын биргелешкен күчтөрү талкалагандан кийин, көчмөндөрдүн жаны талаа дөөлөтү – *Уйгур кагандыгы* (745–840) пайда болгон. Анын күчтүү мезгилинде Кытай да жыл сайын салык төлөп турган. 758-ж. уйгурлар Ортоңку Енисейдеги кыргыздардын өлкөсүн басып алышат. 795-ж. кыргыздар уйгурларга каршы көтөрүлүшкө чыгып, бирок жеңилип калышат. 9-к-дын башында Уйгур кагандыгында ич ара чыр-чатактар күч алып, бытырап кетишкен. Буга байланыштуу кытай булактарынан төмөндөгүлөрдү окууга болот. «Ажо өзүн хан деп, аялы Гелла-шехти (карлук жабгусунун кызын) – ханыша деп жарыялады». 820-ж. карлуктардын колдоосуна ээ болушкан кыргыздар өзүлөрүн Уйгур кагандыгына көз карандысыз деп жарыялашкан. Аларга каршы Уйгурлар аскерлерин жиберет. Кыргыз-уйгур согушу жыйырма жылга жакын созулуп, кыргыздар согушта ийгиликке жетишкен. Кыргыз ажосу уйгурлардын каганына төмөнкүдөй текебердүү билдирүү жиберген: «Сенин тагдырың бүттү. Мен жакында сенин алтын ордоңду аламын, анын алдына атымды байлап, өзүмдүн туумду илемин. Эгерде мени менен алышкың келсе, анда дароо келгин. Эгерде алыша албасаң тезинен жогол». 840-ж. кыргыздар Ордо-Балыкка (Ордо-Балык Уйгур кагандыгынын борбору болгон. Орхон дарыясынын боюнда жайгашкан. «Балык» – шаар дегенди түшүндүрөт) 100 миң аскерден турган армиясы менен чабуул коюп, уйгур аскерлерин талкалайт, борборун жер менен жексен кылат. Бул чабуулда кыргыз каганынын бир канатын Алп Сол баштаган. Уйгур каганы салгылашууда курман болот. Уйгурлардын калгандары Кытайга, Байкалдын арт жагына, Чыгыш Түркстанга качышып, мыкты жерлерин жана байлыктарын кыр-



АЛП СОЛ, Табу Хэцзу, Тапу – 9-к-да-гы кыргыз кол башчысы ж-а элчиси. 840-ж. кыргыз каганынын Уйгур мамл-не жасаган чоң казатында анын колунун сол канатын жетектеген ж-а Енисейдеги Улуу кыргыз империясын негиздөөгө зор салым кошкон. 843-ж. март айында Кытайдын Тан династиясынын императоруна элчи катары барган. Кытай жыл баяндарында: «841-ж. такка олтурган император Вуцзун алыскы кыргыз каганынан келген элчиге абдан ыраазы болуп, Бо-Хайдан келген элчиден жогору, төргө олтургузду» – деп баяндалат. Кыргыз каганынын аскер башчысы, ишенимдүү элчи Кытайдан жеңилген уйгурлардын тагдыры ж-дөгү саясий иштерден сыртқары, соода-экон. карым-катнашты кайра жандандыруу үчүн барган. Буга жооп катары кытай императору өзүнүн элчилерин бир нече ирет кыргыздарга жөнөткөн. А. С. арналган эпитафия Монголиядан табылган.

гыздарга калтырууга мажбур болушкан. 843-ж. Енисейлик кыргыздар Пан-Тегин башчылык кылган уйгурларды куугунтуктап отурушуп, Чыгыш Түркстанга басып киришип, Аньси жана Бешбалык ш-ларын алышат. Андан ары Теңиртоо менен Жетисууга чейин жетишет. Кыргыздардын кошууну Чыгыш Моңголия, Жунгария жана Байкалдын ары жагында да ийгиликтүү согуш аракеттерин жүргүзүшкөн. Ошентип, 9-к-дын орто ченинде Уйгур кагандыгынын ордунда *Кыргыздардын Улуу дөөлөтү* пайда болду. Кыргыз мамлекетинин бийлиги чыгыштан батышка карай – Чыгыш Моңголиядан Ысыккөл менен Жетисууга чейинки, түндүктөн түштүккө карай – Сибирден (Томск менен Красноярскинин аймагы) Улуу Кытай дубалына чейинки зор аймакка тараган. Кыргыз ээлигинин курамына Түштүк Сибирь, Моңголия, Байкал аймагынын бир бөлүгү, Иртыш бою, Чыгыш Казакстан, Жетисуу аймагы, Ысыккөл, Борбордук Теңиртоо жана Таримдин өзөнү кошулган. Кыргыздар Борбордук Азиянын мейкиндиктерин багындырган мезгилди академик В. В. Бартольд «Улуу Кыргыз дөөлөтү» деп атаган. Енисей кыргыздарынын саны бул заманда өтө көбөйүп, 840-ж. Уйгур кагандыгына каршы чабуулга келген 100 миң жоокеринин саны менен эле эсептегенде, 300–500 минге чейин жеткен. Улуу Кыргыз дөөлөтүн каган башкарган. Мамлекеттин саясий аткаруучулук жана аскер укуктарынын бардыгы кагандын колунда болгон. Кагандын орду уулуна (тегин, ханзаада), уулу болбосо, аялына, же болбосо инилерине мураска калуучу. Тактап айтканда, кыргыздардын салтсанаасы, мураскордук (династия) ырааты башка түрк элдериникине окшош болгон. Кагандан кийинки мансап – буйрук (кеңешчи) деп аталган. Ал кагандыктын акимчилик жумуштарын башкаруу-

чу. Буйруктан кийинки мансаптар бойла (өкүм бекитүүчү) андан кийин йарган (өкүмдү аткаруучу) деген наамдар менен аталган. Булардан башка каганга жардамдашып, аскер, укук маселесин кармаган сангун (жанжун) деген мансап болгон. Ошентип каган, тегин (ханзаадалар), инал (хандын жээндери), буйрук, бойла, йарган, сангундар каганаттын негизги ордо мүчөлөрү болуп эсептелген.

Каганаттын жергиликтүү башкаруучулары тутук, таркан, бий (бек) жана түтүн деп аталган. Тутуктар аймактарды же чоң тайпаларды башкарган. Алар негизинен ханзаадалар же кагандын туугандарынан болгон. Таркандар тутуктар сыяктуу эле кагандын аймактарга жана тайпаларга жиберген аскер башчылары эле. Таркандар менен тутуктар өздөрү башкарган аймактар үчүн бардык маселелер (салык, аскер ж. б.) боюнча кагандын алдында жооп берген. Алардан кийин – бийлер (бектер) жана бийлердин кол астында түтүндөр турган. Бийлер чоң уруулларды же бир нече майда уруулларды башкарган. Түтүндөр болсо майда уруулларды, же болбосо ондогон же жүз үй-бүлөнүн башчысы болгон. Улуу Кыргыз кагандыгында күчтүү мамлекеттик тартип орнотулган. Кагандын созүнө турбай эки сүйлөшүү өлүмгө тете уят иш катары эсептелген. Кагандын буйругун аткарбагандар коомдук тартипти бузгандар өлүм жазасын алган. Кыргыз коомунда уурулук өтө жексур көрүнүш катары каралган. Эгерде баласы уурулук кылса анын башын кесип атасынын моюнуна илип коюшкан. Ал ууру баласынын башын бул дүйнөдөн көзү өткүчө мойнуна илип жүрүүгө милдеттүү болгон. Натыйжада, Улуу Кыргыз кагандыгында уурулук өтө сейрек учураган. Ошол мезгилдерде кыргыздар түрк элдеринин ичинен сабаттуулары болгон, өз жазуусун кенири колдонгон. 10-к-да Түндүк Кытайда бир топ кыргыз жаштары билим алышкан жана алардын көпчүлүгү чет жердик хан сарайына кызматка чакырылышкан.

10-к-дын биринчи чейрегинде 80 жылдай жашаган Улуу кыргыз кагандыгы тараган. Бул мезгилдин Кыргызстан тарыхындагы орду өтө маанилүү. Кыргыздар, алардын күч-кубаты ж-дө Борбор Азиянын чегинен тышкары жактарга да угулган. Ошол доордо кыргыз деген ат данктуу, кайратман урууга таандык болууну билдирип, ушул ат менен Борбор Азиядагы башка элдер да өздөрүн атай башташкан.

Кийин кыргыздардын бир бөлүгү Енисейдеги жерине кайтып келишсе, экинчи бөлүгү Алатоо аймагынан орун-очок алып, ал жерде эзелтен туруктуу жашаган элдер менен аралашып кетишкен.

КЫРГЫЗДАРДЫН ӨЗ АЛДЫНЧАЛЫГЫ ҮЧҮН КҮРӨШҮҮ

Караханийлер мамлекети

10–12-к-да Теңиртоодогу Караханийлер каганды өзүнүн экон. күч-кубатынын жана маданиятынын гүлдөп турган мезгилине жеткен. Мамлекетти карлук бирикмесине киришкен чигил жана йагма түрк уруулары жетектеген. Орто кылымдардагы тарыхчы Жамал-ад-Каршы династиянын негиздөөчүсү *Сатук-Абд ал-Керим Карахандын* (Сатук Карахан) чон атасы, карлук каганы Билге Кул Кадыр хан болгондугун жазган. Эгерде бул далилди негиз кылып алсак, караханийлер династиясы карлуктардан келип чыккан деп божомолдоого болот. Сатук Карахан өлөр алдында (955-ж. өлгөн) исламды кабыл алат. Анын уулу Муса исламды мамл. дин катары жарыялаган.

Тарыхый маалыматтарга караганда, 960-ж. теңиртоолук 200 миң түтүн түрк уруулары ислам динин кабылдаган. Алардын ичинде Теңиртоо, Памир тоолорунун этектеринде, Ысыккөлдүн жээгинде, Талас суусунун боюнда жашаган көптөгөн кыргыз уруулары болгон. Проф. З.Эралиев Караханийлер мамл-нде жетектөөчү ролду ойногон чигилдер – кыргыз уруусу болгон деп эсептейт.

Алгач Караханийлер, өзүлөрүнүн ээликтерин кеңейтүү менен Чыгыш Түркстан, Борбордук Теңиртоо, Жетисуу жана Фергананын чоң бөлүгүн жеңип алышкан. Түндүк Чыгышта Караханийлер мамл-нин чегарасы Балхаш, Ысыккөл жана Алакөл аркылуу Чугучакка чейин жеткен.

Баласагун ш. (Токмок ш-на жакын жердеги Бурананын урандылары) кагандыктын борбор шаары болгон. Экинчи борбор шаар Өзгөн эле.

Караханийлердин мамл. энчилерге бөлүнүп, алардын башында баш ийүүнүн татаал системасындагы династиянын өкүлдөрү турчу. Энчилердин чегаралары тез-тез өзгөрүп турган. Алардын акимдеринин өз монеталарын чыгарууга чейинки чоң укуктары болгон. Мындай шарттарда өз ара согуштар менен чыр-чатактар демейдеги эле көрүнүш болуп калган эле.

11-к-дын орто ченинде Караханийлер мамл. өз алдынча Чыгыш жана Батыш кагандыктарга бөлүнгөн. Чыгыш кагандыгынын баш калаасы Баласагун ш. (кийинчерээк Кашкар), Батыштыкы болсо Өзгөн ш. (кийинчерээк Самаркан) болгон.

11-к-дын аягы–12-к-дын башында бул эки мамлекет тең кризиске дуушар болушкан. Натыйжада, Караханийлер селжуктардын вассалдары болуп калышат, бирок ички иштерде өз алдынчалыкты толук сактап калышкан.



САТУК Буура Кара каган, Абд ал-Керим – Караханийлер мамл-нин негиздөөчүсү. Чигил элинен чыккан. Атасынын бир тууганы Огулчак Кадыр хандын ордосунда (Кашкарда) тарбияланган. Караханийлик башкаруучулардын ичинен биринчилерден болуп ислам динин кабыл алган. Байташ Арслан хан (Муса) ж-а Тоңа элик (Сулайман) деген эки уулу болгон. С. өлгөндөн кийин бийлик Мусага тийген.

Кара кытайлардын мамлекети. Наймандар

Токтолбогон өз ара чырдашуулар, селжуктар менен болгон ийгиликсиз согуштар Караханийлер мамл-н начарлаткан. 12-к-дын биринчи жарымында аларды каракытайлар басып алган. Каракытайлар байыркы кытай элдеринин урпактары болгон. Кытай булактарында аларды «кыдан», мусулман булактарында «каракытай» деп аташкан.

Түндүк Кытайдагы Ляо мамл. (907–1125-ж.) чжурчжен эли тарабынан талкаланып, ляо династиясынын өкүлдөрүнүн бири Елүй Даши кидандардын бир бөлүгү менен адегенде түндүк тарапка – Енисей кыргыздарын көздөй кире качкан. Бирок кыргыздар аны өз журтунан кубалап чыгарат. Елүй Даши батышка качып олтуруп, Эдил өзө-нүнүн боюна орношот. Мында ал бытыранды кытай качкындарын чогултуп, бир катар түрк уруулары менен союз түзгөн. 1129-ж. ага 40 минге жакын түтүн баш ийген. Елүй Даши өзүн «гурхан» (хандардын ханы) жарыялап, Каракытайлар мамл-н негиздеген. Бул убакта ич ара чырдашуулардан караханийлердин Чыгыш кагандыгы алсызданып калган. Чыгыш кагандыктын жерлерин өзүнө оңой эле багындырып, Елүй Даши жаны Си Ляо (Батыш Ляо) мамл-н негиздеп, Баласагунду (кара-кытайча Хосун ордо) өзүнүн башкы шаарына айландырган. Енисей дарыясынан Сырдарыяга чейинки зор аймакты башкарып калган. 1208-ж. Чынгыз хан Иртышта талкалаган найман жана меркит уруулары гурхандын жерине качып келишкен. Найман падышасынын уулу Күчлүк гурханга кызматка өтүп, өз элинин калдыктарын чогултат да, Жетисуудан орун алат. Өлкөнү башкаруудагы башаламандыктар жана вассалдык эзликтердин борборго баш ийбөөгө кылган аракеттери кара-кытайлардын мамлекетин алсыратат. Бул кырдаалды наймандардын башчысы Күчлүк пайдаланып. 1210-ж. Өзгөнгө кол салып, гурхандын казынасын басып алган, бир жыл өткөн соң

каракытайлардын падышасын туткунга түшүрөт. Бирок Күчлүктүн карамагындагы калк аны бийликти күч менен тартып алган зулум катары эсептеп, баш ийүүнү каалаган эмес. Каракытайлардын жана наймандардын мамл. 90 жылдан ашуун убакыт жашап, Чыгыштан келген моңгол баскынчылардын соккусунан кыйраган.

КЫРГЫЗСТАН МОҢГОЛ ИМПЕРИЯСЫНЫН ТУШУНДА

13-к-дын башында моңголдордун Боржегин уруусунан чыккан Темучин бүткүл татарларды, найман, онгут ж. б. бир нече түрк урууларын өзүнө баш ийдирет. 1206-ж. бүткүл моңгол феодалдарынын чоң курултайында мамлекетти империя деп, өзүнө Чыңгыз хан титулун алат. Күчтүү жана бекем тартиптүү аскер түзүп жеринин аймагын кеңейтип, кошуна элдердин баарын өзүнө баш ийдирет. 1207-ж. Чыңгыз хан Түштүк Сибирь элдерин багындырууга буйрук берет. Ошол кезде өзүнчө ар кайсы жерде чакан ээликтерге бөлүнүп калган бытыранды кыргыздар күч катнашын туура түшүнүшүп, Чыңгыз ханга уйгур менен карлуктар сыяктуу эле ыктыярдуу түрдө баш ийип беришет. Теңиртоонун чыгыш тарабын басып алуу Чыңгыз хан үчүн ынгайлуу болгон. 1218-ж. Жетисууда наймандардын аскерлерин Чыңгыз хандын колбашчысы Жэбэ-Нойон уйгурлардын жана карлуктардын колдоосу менен оңой эле талкалаган. Наймандардын каршылык көрсөтүүгө даярдыгы да жок болчу. Наймандардын ханы Күчлүк Чыгыш Түркстандагы жана Жетисуудагы мусулмандарды басып алгандан кийин, аларды буддизмди же христиан динин кабыл алууга мажбурлаган. Ошондуктан, алар Күчлүктү жек көрүшүп, моңголдорду бошотуучу катары тосуп алышкан. Наймандардын аскерлерин талкалоодо моңголдордун 20 миң адамдан турган кошууну аракеттенген. Күчлүк жеңилгенден кийин качып баратып, Памир тоосунан кармалып, башы алынган. Ошентип, Кыргызстандын калкы моңголдордун ийгиликтерине көмөк-төш болушкан. Бирок чарбасы, маданияты абдан начарлаган. 1218-ж. Жетисуу жана Борбордук Теңиртоо толугу менен моңголдордун көзөмөлү алдында калган.



Чыңгыз хан.

1219-ж. моңголдор Хорезмшах Мухамеддин бүлүн-гөн күчтөрүн оной эле багынткан. Чыңгыз хан талап-тоноочулук менен басып алуу саясатын батышты карай уланта берген. Натыйжада, Түркстандын жүздөгөн шаарлары менен айыл-кыштактары өрттөлүп, кыйраган. Бир убакта гүлдөп өнүккөн дыйканчылыгы бар Чүй, Талас өрөөндөрү, Ысыккөл кылаасы көчмөндөрдүн мал чарбачылыгы менен алмашылган. Фергана, Өзгөн, Ош ж.б. айрым жерлер гана көп кыйроого учуратылган эмес.

1227-ж. Чыңгыз хан өлгөндөн кийин анын басып алган жерлери төрт уулуна бөлүнөт. Мурас бөлүштүргөндө Орто Азия менен Борбордук Азия Чыңгыз хандын экинчи уулу Чагатайга жана анын урпактарына тиет.

Хайду мамлекети Моңгол феодалдарынын сепараттык (борбордук бийликтен бөлүнүп, өз алдынчалыкка умтулуу) кыймылы Орто Азияда өз натыйжасын берген. 1269-ж. Талас суусунун боюнда Угедей жана Чагатай улустарынын биргелешкен курултайында Каракорумдан (Улуу хандыктын борбору) толук көз каранды эмес жаңы мамлекет түзүлөт. Мамлекеттин башында анын негиздөөчүсү Угедейдин небереси *Хайду хан* (1269–1301) турган. Жаңы өлкөнүн чегарасы Алтайдан Амударыяга чейин созулуп, Кыргызстан, Чыгыш Түркстан аймагын камтыган. Борбору Чүй өрөөнүндө, болжол менен Тарсакент (азыркы Каражыгач кыштагы, Бишкекке жакын) ш-нда болгон. Хайду мамлекеттин күчкубаты анын экон. саясатына байланыштуу экенин жакшы түшүнүп, калктын чарбалык турмушун жакшыртуу, ич ара жана коңшу мамлекеттер менен соода-сатык, экон. байланыштарды жандандыруу үчүн бир катар маанилүү иш-чараларды жүргүзгөн. Моңголдук баскынчылар тарабынан кыйратылган шаар, кыштактарды (мис., Тарсакент жана Баласагун ш-лары) калыбына келтирүүгө көп күч жумшаган.


Хайду хан.

Хайду Моңгол империясына каршы көтөрүлүшкөн Енисейлик жана алтайлык кыргыздарга жардам берүү үчүн бир нече жолу аскерлерин жиберген. 1293-ж. Хайду кыргыздарды куткарып алмакчы болуп, Болоч башында турган кол жөнөткөн, бирок бул кол да Хубилайдын аскерлеринен жеңилип калган. Хайду хандын кыргыздардын мамлекетин сактоого кылган аракети текке кеткен. Ошондой болсо да, Хайду Алтай жана Чыгыш Теңиртоодо жашаган кыргыздарды моңголдордун куугунтуктоосунан коргоп калган. Ал кыргыздардын бир

тобун Теңиртоого көчүрүп келген. Хайду өлгөндөн кийин (1301-ж.) Чыңгызхандын урпактарынын ортосунда бийлик үчүн узакка созулган ич ара согуш башталган. Ал Кыргызстандын толук бүлүнүшүнө алып келген. 14-к-да Чүй, Талас өрөөндөрүндөгү кыштактардан дээрлик бирөө да калган эмес, дыйканчылык гүлдөгөн жерлерди моңгол феодалдары мал жайытка айландырышкан.

Кыргыздар Амир Темирдин мамлекетинин курамында

Моголдордун тез-тез кол салуусунан жана элдик кыймылдардан тажаган Мавераннахрдын төбөлдөрү душмандардын мизин кайтарып, ички тартипти колго алган күчтүү мамлекет башчысы катары *Амир Темирди* бийликке коюшкан.

Амир Темир (1336–1405) Жер Ортолук деңизинен Чыгыш Түркстанга созулган империя түзө алган. 1371-ж. Амир Темир Моголстанга жортуул жасап, Ысыккөлгө чейин келет. Бирок бул аймактын элинин бир бөлүгү Иленин ары жагына, жетиш кыйын болгон бийик тоолорго көчүп кетишкен эле. 1375-ж. Амир Темир Моголстанга Сайрам жана Талас аркылуу келет. Моголдордун эки негизги улустарынын башкаруучулары Камар ад-Дин жана Кажыбек мурунку каршылашып жүргөнүнө карабай өздөрүнүн күчтөрүн бириктирип, баскынчыларга каршы сокку урууну чечишкен. Бирок Темир куулук кылып, аларды биринде тип талкалоого жетишкен. Камар ад-Диндин аскерлерин кубалап олтуруп, алардын Иле өрөөнүндөгү урууларынын мал-мүлкүн олжолоп, Самарканга жөнөтүшөт. Арасында согушчан кыргыздар көп болгон. Камар ад-Диндин аскерлерин толук талкалоого Темирдин мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Баскынчылар артка кайтып келе жатканда Камар ад-Диндин колу Ысыккөлдүн жээгинде катуу сокку урган. Жинденген Амир Темир ошол эле жылы Камар ад-Динди Кочкордо талкалоого үмүттөнүп кайра келет. Бирок көчмөндөр бул мезгилде Иртышка көчүп кетишкен. 1377–1379-ж. Темир басып алуучулук жортуулдарын уланткан. Бул жолу ал Моголстандын аскерлерин талкалоого жетишкен, калган каткандары дагы эле Иленин ары жагындагы Тарбагатайга качышкан. Темир бул жортуулда аябагандай көп олжого тунат. Колго түшкөндөрдү кулдукка саткан. Ошондой болсо да ал Моголстандын элин толук багынта алган эмес. Кийинки жор-



Амир Темир.

туулдары (1383, 1388-ж.) да он жыйынтык берген эмес. 1389-ж. Амир Темир көп сандаган аскерлерин чогултуп, Моголстанга жазалоочу жүрүш баштаган. Ал көчмөн урууларды биротоло багынта албастыгын, алар менен болгон 25 жылдык күрөштүн тажрыйбасынан жакшы түшүнгөн. Ошондуктан, жортуулдун негизги максаты жергиликтүү элдерди колдон келишинче талап-тоноо, аларды кулдукка алып кетүү, Мавераннахрдын аймагына бир катар урууларды зордуктап көчүрүү болгон. Амир Темирдин аскерлери олуттуу каршылыкка учурабастан эле Талас, Чүй жана Иле өрөөндөрү аркылуу жылып, Алтайга бет алышты. Жүрүш моголдорду кырып-жоюу менен коштолгон, бирок толук ийгиликке жеткен эмес. Ошондуктан, 1390-ж. дагы эки кошуун аскерин жөнөтөт. Алардын бири түндүк жактан – Ташкен, Талас, Чүй, экинчиси түштүктөн – Анжияндан Яссы дарыясы жана Арпа жайлоосу аркылуу жүрүп отурушуп, Ысыккөлдө кошулушат да, чегинип бараткан Камар ад-Диндин аскерлерин кубалаган бойдон Иртышка чейин барышкан. Айлана-тегерек элсиз ээн калган. Амир Темирдин чыныгы бийлиги Чүй өрөөнүнө гана жеткен. Ошентип, Моголстандын аймагы Амир Темирге формалдуу болсо да каратылат. Бул жерге өзүнүн небереси, кийин орто кылымдардагы улуу окумуштуу катары даңкталган Улукбекти наместник (ишенимдүү адам) кылып дайындаган. Амир Темир 1391 жана 1395-ж. Алтын Ордонун ханы Токтомушту талкалаган. 1393-ж. Багдадды жана Эки-Дарыя аралыгын (Месопотамияны), 1398–1399-ж. Индиянын түндүк жагын, 1401-ж. Сириянын бир кыйла бөлүгүн ээлеген. Ордосу Самаркан ш-да болгон. Кытайга жортуулга баратып, 1405-ж. 18-февралында Отрар (азыркы Түркстан ш-на жакын) ш-нда каза болуп, Самаркандагы өзүнүн атактуу көрүстөнүнө коюлган.

КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА АНЫН КОҢШУ ЭЛДЕР МЕНЕН МАМИЛЕСИ

Байыркы мезгилде жана орто кылымдардагы Борбор Азиядагы, Теңиртоодогу этностук процесстер

Кыргыз эли кантип, качан түзүлгөн деген суроого бирдиктүү жооп жок. Илимде ондон ашуун ар түрдүү божомолдор бар. Аларды *үч негизги топко* бөлүп кароого болот: 1. кыргыз эли «Теңиртоого Енисейдин жогорку тарабынын (Мин-Өзөн ойдунунан) көчүп (миграция) келген». Ушул жобону биринчи жолу орус академиги Г. Ф. Миллер (1705–1783) («История Сибири» «Сибирь тарыхы») деген эмгегинде жазган. 2. 19-к-да Ч.Ч.Валиханов, Н. Я. Бичурин, Н. А.

Аристов «кыргыздар эч жактан келбестен, байыртадан эле Теңиртоодо жашаган уруулардын негизинде калыптанган» деген пикирди айтышкан. 3. 1956-ж. Бишкек (Фрунзе) ш-нда өткөн кыргыз элинин этногенези боюнча бүткүл союздук ил.-практикалык конференциясын СССР ИАнын, Кыргыз ССР ИАнын, союздук республикалардын көрүнүктүү илимпоздорунун пикир алмашуусунун натыйжасында төмөндөгүдөй бүтүм чыгарылган: «Кыргыз эли, анын маданияты ... кеминде эки этностук Борбордук Азия жана жергиликтүү Орто Азиялык элементтердин байланышынын аркасында келип чыккан... Кыргыз этногенезинин эң бир түйүндүү учурлары б.з. I-миң жылдыгындагы окуяларга туш келет. Бул доордо Кыргызстандын аймагына чыгыштан азыркы кыргыздардын ата-бабалары келип кошулат. Алар бул мезгилде ага чейин калыптанып калган кыргыз тилинде пикир алышышкан.

Кыргыз элинин тегин дүйнөдө мындан 5-миң жыл мурун мамлекет түзгөн шумерлер менен байланыштырган пикирлер да бар. Алар байыркы шумерлердин айрым сөздөрүнүн, ал тургай бүтүндөй сүйлөмдөрүнүн кыргыздын сөздөрүнө окшош экендигине таянышат. Бул пикир да көңүл буруп изилдөөгө татыктуу.

С. М. Абрамзон өзүнүн «Кыргыздар жана алардын этногенетикалык, тарыхый-маданий байланышы» деген эмгегинде китебинде төмөнкүдөй жыйынтыкка келген:

1. Кыргыз элинин калыптануу процесси негизинен Чыгыш Теңиртоодо, Ички Теңиртоодо, о.эле Памир–Алай (ага караштуу Алтай, Иртыш, Чыгыш Түркстан) тоолуу облустарында өткөн;
2. 14–17-к-да калыптанган кыргыз элинин негизин:

а) түрк тилдүү жергиликтүү уруулар;
б) негизинен түрк тилдүү түштүк сибирдик, борбордук азиялык уруулардын көчүп келген тобу;
в) монгол жана казак-ногой уруларынан чыккандар түзгөн.

Көпчүлүк окумуштуулар азыркы кыргыз элинин курамында Енисей компоненти бар экендигин танбайт. Чындыгында, Енисей кыргыздары Теңиртоодогу кыргыз элинин калыптануу процессине катышкан.

А. Акаев 2002-ж. жарык көргөн «Кыргыз мамлекеттүүлүгү жана «Манас» элдик эпосу / Тарыхый иликтөө» аттуу эмгегинде Теңиртоолук кыргыздар жер которуунун беш толкунунун натыйжасында калыптанып түзүлгөн деп эсептейт. Анын пикири боюнча Енисейден келген кыргыздардын биринчи толкуну б.з.ч. I-к-да түндүк хунндардын Чжичжи деген башкаруучусунун жетекчилиги астында жасаган согуштук жүрүшүнүн натыйжасында пайда болгон. Бул процесс б. з. 1–2-к-да уланган. Кыргыздардын көчүп келүүсүнүн экинчи толкуну 6–7-к-да б.а. Кыргызстандын азыркы

аймагына Түрк кагандыгынын аскерлери кол салган мезгилге туура келет. Кыргыздардын үчүнчү толкуну 9-к-дын аягы–10-к-дын башындагы «Улуу Кыргыз кагандыгынын» доорунда болуп өткөн. Кыргыз урууларынын төртүнчү толкуну Чыңгыз хандын аскерлеринин батышка жасаган жортуулдарына кошул-ташыл жүргөн. Бешинчи, сыягы, кыйла ири миграциялык толкун 17-к. Россия тарабынан башталган Түштүк Сибирди өздөштүрүүдөн кийин, Енисейдеги кыргыздардын жерин Россиянын басып алуу саясатына байланыштуу болгон. Орустардын ал жактагы кыргыз жерлерин басып алуу аракети бир кылымдай аралыкта жүргөн. Ушул учурда Енисейлик кыргыздар, Алатоого келишкен. А. Акаевдин пикири боюнча, кыргыз урууларынын экинчи – бешинчи толкундары Тениртоодогу кыргыз элинин калыптанышынын негизин түзгөн.

КЫРГЫЗ ЭЛИНИН 15–19-К-ДЫН БИРИНЧИ ЖАРЫМЫНДА ЖУҢГАР, КЫТАЙ, КАЗАК ЖАНА БАШКА КОҢШУ ЭЛДЕР МЕНЕН БОЛГОН МАМИЛЕСИ

Мухаммеддин кыргыздарды бириктириши

15–19-к-да кыргыздар өз алдынчалыгын сактап калуу үчүн күрөшүн уланткан. Ошол мезгилде Орто Азия, Моголстан жана Казакстанда олуттуу саясий окуялар болуп өткөн. 15-кдан тартып, Алатоо аймагы туруктуу саясий-мамлекеттик аталышка ээ боло баштаган. Кыргыздардын уруу башчылары моголдорго баш ийбей, башкарууну өз колдоруна ала башташкан.Моголстан ички ырк кетүүдөн жана тышкы душмандардын кесепетинен ыдырай баштаган кезде Мухаммед кыргыз урууларынын башын бириктирген. Мухаммед (санжырада Тагай бий деп айтылат) азыркы Кыргызстандын аймагында жашаган кыргыз урууларынын оң жана сол канаттарын биринчи болуп бириктирип, бекемдеген. Ал 1508-ж. ак кийизге салынып хан көтөрүлгөн. Ислам динин кабыл алып, аны элге жайытканы үчүн ага *Мухаммед Кыргыз* деген ысым ыйгарылган. Мухаммед кыргыз урууларынын биригишинин келечегин көрө билип, тышкы алаканы да ошого ыңгайлаштырган. Могол хандары Кыргызстанды жана Казакстандын түштүк-чыгыш аймактарын басып алууга аракеттенип жатканда, Мухаммед аларга каршы өзүнө ишенимдүү союздаш боло турган казак султандары менен ымала түзө баштайт. Сырдарыянын жээгиндеги шаарларды, о.э. Орто Азиянын отурукташкан аймактарын ээлеп алууга аракеттенген. Шейбанилерге каршы аттанган казак султандарынын жортуулдарында кыргыздар Мухамеддин жетекчилиги менен ак-



МУХАММЕД КЫРГЫЗ (санжырада Тагай бий) – 16-к-дын башында Теңиртоодогу кыргыз урууларынын бирикмесинин башкаруучусу. Ал башкарган аймак «кыргыз улусу» деп аталып, М. К. бек (эмир) титулуна ээ болгон. 1514-ж. могол ханы Султан Саидге Кашкарды, Жаркенди ж-а Хотанды каратууга жардам берет. М. К-дын кошууну Түркстан, Ташкен, Сайрам, Анжиян, Аксы ж. б. жерлерге чейин жеткен. Түркстан ш-н басып алганда, өзбек канзаадасы, Шейбани хандын аталаш жакын тууганы Абдулланы туткунга түшүрүп алган, бирок аны сый-тартуу м-н коё берген. Бул могол ханы Султан Саид үчүн шылтоо болуп, ал Кыргыз улусун кайрадан басып алуу үчүн 1517-ж. жортуулга аттанат. Ысыккөлдүн Барскон деген жеринде катуу салгылашууда М. К-дын колу жеңилүүгө учурап, өзү туткунга алынат. Кыргыздарды көзкарандылыкта кармоону көздөгөн Султан Саид М. К-ды 5 жыл Кашкарда түрмөдө кармаган. 1522-ж. бошотуп, аны «кыргыздардын эмири» катары кайрадан тааныйт. М. К. келери м-н моголдорго каршы күрөшкө тымызын даярдык көрүп, 1524-ж. казактардын султаны Тахир м-н ымала түзөт. Бул Султан Саидге билинип калып, М. К-ды кайрадан туткундап, Кашкарга алып барат. Ал 1533-ж-га чейин Кашкарда түрмөдө отуруп, каза табат.

тивдүү катышат. Кыргыз кошуундары Түркстан, Сайрам, Ташкен, Анжиян, Аксы ж. б. жерлерге чейин жеткен. Түркстанга жортуулдун убагында ал өзбектердин ханзаадасы, ошол убакта Самаркандда акимдик кылып турган Кучкунчи хандын уулу Абдулланы колго түшүрүп алып, бирок кайра бошотуп жиберген. Бул Султан Саид хан үчүн кыргыздарды чаап алууга шылтоо болгон. Моголдор кыргыздарды 1517-ж. басып кирген. Анда Мухаммеддин ордосу Ысыккөлдүн түштүгүндөгү Барскоон деген жерде болгон. Кармашта кыргыздардын колу талкаланып, Мухаммед колго түшүп, Кашкарга алып кетишет. Бирок, абакта көпкө кармашпай саясий абалды салмактап туруп, Саид хан аны 1518-ж. бошотуп, 1522-ж. өзүнүн уулу Абд-ар Рашид менен кошо мекенине жөнөтөт. Алатоо аймагына келгенден кийин Мухаммед кайрадан кыргыз урууларына башчы болуп, моголдорго каршы ого бетер күч топтой баштайт. 1524-ж. кыргыз жергесине (Кочкорго) казактардын ханы Тахир келет. Моголдорго каршы Мухаммед аны менен ымала түзөт. Аны билип калып, Султан Саид 1525-ж. Мухаммедди карматып, Кашкарга айдап жиберет, ал жерде Мухаммед (1533-ж.) хан өлгөнгө чейин болот. Мухаммед Кыргыз 14 жыл чет жерде камакта болгону менен эли менен байланышын үзбөй, көздөгөн максатынан баш тарткан эмес.

Могол хандарынын Түндүк Кыргызстанды ээлеп алууга жасаган аракеттери ишке ашкан эмес. Кыргыздар казактар менен биргелешип, өз эркиндигин коргой алышкан.



МАНАП БИЙ, Манап Дөөлөс уулу (туулган жылы белгисиз – 1619–25-ж. аралығы) – түндүк Кыргызстандын улугу. Кыргыз-казактын ханы Эр Эшим м-н бирдикте эки элдин ынтымагы үчүн күрөшкөн. Эшим хан М. б-ге түмөндөгөн (20–30 миң жоокер) м-н кыргыз-казактардын Иле дарыясы тараптагы чегарасын калмак баскынчыларынан коргоо милдетин тапшырган. М. б. 1619–25-ж. калмактар м-н болгон чоң салгылаштардын биринде согушуп жатып курман болгон. М. б. өз заманынын эң мыкты саясий ишмери катары ошол кездеги коомдук башкаруу системасына реформа жүргүзүү ишин баштаган. М. б-дин Жарбаң, Сүтөй аттуу уулдарынан Үчүке, Түлкү, алардан тараган Тынай бий, Мааматкул бий, Болот, Эсенгул, Ниязбек, Абайылда, Атаке баатыр, Ормон хан, Жантай хан, Шабдан баатыр ж.б. урпактары Түндүк Кыргызстанды бийлеп келишкен ж-а кыргыз коомуна башкаруунун жаңы институту – манапчылыкты биротоло киргизген.

Жунгарларга каршы күрөш

15-к-да ойроттордун өз алдынча хандыгы түзүлгөн (теги жагынан моңголдордун оң канатына тиешелүү элдерди түрк элдери илгертен эле калмактар, жуңгарлар, ойроттор деп аташчу). Ойроттор Моңголиянын батыш тарабындагы кеңири аймакты ээлешкен. 16-к-дын аяк ченинде ойроттор күч алып, (тыргоот, дэрбөт, хошут, чоростордон турган) Дөрбөн ойрот (төрт ойрот) союзун түзүшкөн. 17–18-да ойрот-калмак баскынчылары Кыргызстанга тынымсыз талоончул жортуулдарды уюштуруп турган. 17-к-дын биринчи чейрегинде кыргыз-казактын ханы, кыргыздын саруу уруусунан чыккан эр Эшимдин тушунда (туулган жылы белгисиз – 1628-ж. каза болгон) кыргыздар менен казактардын ынтымагы күчөп, баскынчыларга каршы биргелешип күрөшкөн. Бул мезгилде кыргыз-казактын биримдигин чыңдап, душманга сокку урууда кыргыз-казак ханы эр Эшим, арка кыргыздарынын улугу *Манап бий*, анын уулу Жарбаң баатыр, *Көкум бий* ж. б. көп күч жумшашкан. Кыргыз-казактын биргелешкен соккусунан улам калмактар Сибирге чегинүүгө аргасыз болушкан.

1635-ж. ойрот-калмактардын кубаттуу мамлекети – Жуңгар хандыгы түзүлөт. Чачкынды ойрот уруулары Эрдене Батур хонтайжынын (1635–1653) бийлиги алдында биригип, 1643-ж. алар 50 миңдей аскери менен кыргыз, казактын жерине басып киришкен. Бул согушта кыргыз, казак калкы жан аябай салгылашып, бир нече жолку оор салгылашуудан кийин казак султаны Жаңгир менен Самаркан акими Жалаңтөш баатырдын бириккен колу жоого сокку уруп, чегинүүгө мажбур кылган. Кыргыз, казактардын жуңгарлар менен кийинки кандуу кагылышуусу 1652-ж. болгон.



КӨКҮМ БИЙ, Көкүм Багыш уулу (туулган жылы белгисиз – 1620–26-жылдар чен.) – түштүк кыргыздарынын улугу, саясий ишмер. Санжыра б-ча анын атасы Багыш Тагай бийдин Жанкороз (Карачоро деп да айтылат) аттуу уулунан төрөлгөн. Кыргыз-казак биримдигин түзүүгө ж-а Эр Эшимди хан көтөрүүгө жигердүү салым кошкон. Эшим хандын эң ишенимдүү адамы катары 17-к-дын башында он эки капкалуу Ташкен ш-нын ж-а Түштүк кыргыз урууларынын улугу болгон. Калмак баскынчыларына каршы согушта кол баштап, эрдиктерди көрсөткөн. Ташкен ш-на кыргыздар м-н казактарды отурукташтыруу, бул шаардын социалдык-экономикалык маселелерин чечүү үчүн зрежелер жыйнагын түздүргөн. Жыйнак эл ичинде «Көкүмдүн көктөмөсү» деген ат м-н белгилүү болгон. Анын саясий таасири өтө жогорулап баратканын көрө албаган Ташкендеги казактын Жаныш уруусунун улугу Карабайтик уу бердирип өлтүргөн. Сөөгү Ташкен ш-нын (азыркы Шайхантаур р-ну, Карлыгач мазары) четине коюлуп, Эшим хандын буйругу м-н чоң күмбөз салынган. Күмбөздүн төбөсү көк сыр м-н сырдалгандыктан, «Көкүмдүн көк күмбөзү» аталган. Бул күмбөздүн калдыгы азыркы күнгө чейин сакталып калган.

Хонтайжы Галдан Бошоктунун (1670–1697) тушунда калмак феодалдары кыргыз, казак журтуна бир нече жолу кол салат. 1678-ж. ал Орто Азия менен Чыгыш Түркстанды каратып алууга аракеттенет. 1680-ж. Жаркентти каратат. 1681–83-ж. Сайрамды (азыркы Чымкент ш-на жакын) камап, бирок ала албай, Анжиянга аттанат. Жолдо калмактар Ошту ээлешет. Анжиянды өзбектер менен кыргыздар жан аябай коргошот. Шаарды ала албагандан кийин кайра Сайрамга келип, жан аябай чабуул коё берип, акыры багындырат. Миңдеген сайрамдыктар кул болушат. Кыргыз жерине көп күч жумшаганы менен калмактар өз бийлигин орното алган эмес.

Кыргыз, казактар менен жуңгарлардын ортосунда мамилелер Цеван Рабдандын (1697–1727-ж.), айрыкча Галдан-Церендин (1727–1745-ж.) тушунда кайрадан кескин курчуп кетет. Жуңгарлар Түндүк Кыргызстан аймактарын басып алышкан. Чүй, Нарын, Ысыккөл, Таластагы кыргыз уруулары Фергана, Алай, Гисар тарапка көчүүгө аргасыз болушкан. Бирок айрым маалыматтар боюнча бул мезгилде Ысыккөлдүн айланасында 5 миңдей түтүн кыргыздар жашаганы белгилүү. Калмак феодалдарынын баскынчылык саясатына кыргыздар коргонуу менен гана чектелбестен айрым учурда чабуулга өтүп турган.

1747-ж. Акмат бий баштап барган кыргыз кошууну (10 миң) Кашкар тараптагы калмактарды талкалап, жеңиш менен кайтат. 1748–49-ж. калмактар менен кыргыздардын ортосундагы согуш



МАМАТКУЛ БИЙ, Маматкул Үчүкө уулу (1660-жылдар чен – 1758-жылдан кийин) – 18-к-дын 1-жарымында калмак баскынчыларына каршы элдик күрөштү жетектегендердин бири; 18-к-дын ортосунда түндүк кыргыз уруулары башкарып турган чоң бий. 18-к-дын 80-жылдарында кыргыздарды Кудаян хан бийлеп турган. М. б. анын жакын тууганы болгон, эл башкарууда Кудаяндын таламдашы, кийинчирээк бийликке талапкер инсан катары чыккан. 1680-ж-дын аягы – 1690-ж-дын башталышында калмак баскынчылыгына туруштук бере албаган кыргыз уруулары Фергана тарапка көчкөндө Кудаян башында турган кыргыздар Ысар-Көлөпкө чейин кирген. Тарыхый маалыматтарда Кудаян Кожентте өлгөндүгү айтылат. Ошондон кийин М. б. Ферганага ооп барган кыргыздардын башын бириктирип, Наманганды үстүн жердеп турган. Ал 1720-жылдары ошол аймактын башкаруучулары м-н бирдикте калмактарга каршы элдик күрөштү жетектөөнү колго алып, 1732-жылдан Кетментөбө өрөөнүнө кыргыздарды топтоп, калмактарга каршы күрөштү уланткан. Ушул мезгилде Кетментөбөдө М. б. башында турган түндүк кыргыз урууларынын өз алдынча чакан конфедерациясы – мамл. түзүлүшү калыптанган. 1740-жылдын 2-жарымында М. б-дин ж-а Кошойдун жетекчилиги м-н калмактардын күчтөрү топтолгон Таластын оозу Капкага, Чүйдүн Каракыштагына, Сокулукка ж-а Акбешимге кыргыз кошуундары чабуул коюп, Алатоону баскынчылардан бошотуу процесси башталган. 1758-ж. Цин империясы Жуңгар хандыгын кыйраткан. Натыйжада кыргыздар ата конуштарына кайтып ке-лүүгө мүмкүнчүлүк алышкан. 1758-ж. Цин империясы Чыгыш Түркстанды басып алган. Ушул жылы Кытай императору аталган аймакта өзүнүн бийлигин бекемдөөгө кыргыздардын кийлигишүүсүнөн чочулап, алардын аксакал башчыларына атайын манифест чыгарган. «Силер буруттар жуңгарлардын иштерине эч качан кийлигишкен эмессиңер, бирок абалтан алардын коңшусу болгонсуңар. Жуңгарлар толугу м-н баш ийдирилди, силердин жериңер биздин чегарага жакындашты, эгерде тынчтыкты сактабай чегара аркылуу көчүп-конуп тынчты кетирип, талап-тоногонго өтсөңөр чыр-чатакты өзүңөр табасыңар», – деп айтылган императордун манифестинде. Кытай маалыматтарында М. б-дин эзелигинде турган кыргыздар «чыгыш буруттар» деп аталган ж-а алардын курамына Түндүк Кыргызстандын «оң канат», «сол канат» уруулары кирип, Тагай уруулук бирикмесинин негизин түзүп турушкан. Аталган бирикме калмак баскынчылыгынан кийин кыргыз уруларын саясий жактан баш коштуруп, тышкы душмандарга каршы турууда маанилүү роль ойногон. М. б-дин атынан барган кыргыз элчилери Цин императорунун кабыл алуусунда болуп, маанилүү саясий маселелерди чечип келген. М. б. башында турган түндүк кыргыз уруларынын конфедерациялык түзүлүшү Жетисуу–Теңиртоо ж-а Чыгыш Түркстандын алкагында Түндүк Кыргызстандын 18-к-дагы өз алдынча мамл. түзүлүшүн аныктаган.

башталып, калмактардын жеңилүүсү менен аяктаган. Бирок буга карабастан, Жуңгар хандыгы бытыранды кыргыз, казак уруларына караганда али кубаттуу эле, ошондуктан алар 17-к-дын экинчи жарымынан – 18-к-дын биринчи жарымына чейин калмактардын бийлигине моюн сунуп, оор салыктарды төлөп турган.



БЕРДИКЕ БААТЫР, Бердике берен Сырдыбай уулу (18-к-дын ортосу, азыркы Талас р-ну, Бешташ капчыгайы – 18-к-дын аягы, Анжиян ш.) – түндүк (аркалык) кыргыздардын Жуңгар хандыгына каршы күрөшүн уюштуруучулардын ж-а жетекчилеринин бири. Саруу уруусунун алакчын уругунан. Кушчу, жетиген урууларынын башчысы Эр Солтоной, Итим баатыр, солто элинен Жайыл м-н Кошой, саяктардын эр Садыр, сарбагыштан Атаке баатыр ж. б. м-н бирдикте кыр-гыз жергесин жуңгарлардан бошотууда айрыкча таанылган. Санжырачылардын айтуусуна караганда Б. б. жоого киргенде жайдак ат минип, кылыч чаап, айбалта соккон. Жогоруда аталган баатырлар м-н Талас өрөөнүнөн, Чүйдөн, Кеминден баскынчыларды сүрүп, Ысыккөлдүн тескейин бошотушкан. Б. б. үч жыл көл боюнда туруп, хан Б. аталган. Б. кийин Таласка келип, кокон бийи Эрденеге каршы аттанган. Ушул жортуулунда Б. б-ды Анжиянда Эрдене бийдин тыңчылары ууланган жебе м-н капысынан атып өлтүрүшкөн.

Хандыктагы ич ара чыр-чатактар, о.эле Орто Азия жана Чыгыш Түркстандын калкынын көз каранды эместик үчүн тынымсыз күрөштөрү Жунгар мамл-н алсыраткан. Бул мезгилде калмактарга каршы кыргыздардын күрөшүнүн башында Мааматкул, Тынай, Жанболот, Качыке, Кошой, Нышаа, Бердике, Туубий, Каработо, Эр Солтоной, Атаке баатыр ж. б. турган. Бул күрөштө Таластан чыккан Эр Солтоной өзгөчө баатырдыкты көрсөтүп, анын эрдиктери «Эр Солтоной» дастанында айтылып калган.

1757–58-ж. калмактар Кытай тараптан катуу соккуга кабылып, Жунгар хандыгы кыйрап жок болот. Бир миллионго жакын калмак калкынын 70 %и (айрым маалыматтар боюнча тени) ырайымсыздык менен өлтүрүлөт. Калганы Россияга, Орто Азияга качат. Хандык талкаланган соң, Цин бийлиги Чыгыш Түркстан жана Орто Азия элдерин багындырууга умтулуп, кыргыз, казак, өзбектерге коркунуч туудура баштайт.



Эр Солтоной.

Кытай аскери менен кыргыздар биринчи жолу 1758-ж. кагылышат. Цин генералы Чжао Хойдун кошууну качкан калмактарды куугунтуктоону шылтоолоп, Иле өрөөнү аркылуу Санташ ашуусунан өтүп, Ысыккөл кылаасына кирип келген. Көлдүк урууларды айыгышкан каршылык көрсөтүүсүнөн кийин кытай аскерлери кыргыз жерин таштап кетүүгө мажбур болгон. Кытай бийлиги алар менен тынчтык байланышты түзүүгө аракеттене баштаган.



ЖАЙЫЛ БААТЫР, Жайыл Коңурбайуулу (болжолу 1703–1705-ж. чен, Алабука р-ну, Сафедбулон кыштагы – 1770, Чүй өрөөнүнүн батыш бөлүгү) – кыргыздын солто уруусунан чыккан баатыр. Талкан бийдин небереси. Жаш чагында эле атасынан ажырап, Кошой бийдин колунда чоңоёт. Баккан атасы Кошой бий диний билим алуусуна шарт түзүп, таалим-тарбия берет. Жаш чагы калмак жапырыгына туш келип, өмүрүнүн бир топ жылдары бөтөн жерде өткөн. Ж. б. жаш чагында Фергана тарапта жүр-гөндө отурукташкан элдин турмушу м-н жакындан таанышып, эгин эгип, дан баккандын сырын үйрөнгөн. Аларды Ата Журтка кайтканда карапайым калкка үйрөтүп, жалаң гана малга карабай жер тилип, кол өнөрчүлүк кылып турмушун оңдоого, соода-сатыкка аралашып, тезирээк ирденүүгө, эмгекчил болууга үндөгөн. Идиреги бар уландарды Бухара, Ташкенге чейин жиберип, алардын чоң медреселерде окуп, илим-билимдүү болушу үчүн кам көргөн. Мектеп ачып, Анжиян, Наманган, Кокондук молдолорго балдарды окуттурган.

Чыгыш Түркстанда Кытайдын бийлиги орногондон кийин андагы кыргыздардын бир бөлүгү Кыргызстанга журт которот. Алсак, 1760-ж. минден ашуун кыргыз Кашкардан Атбашыга көчүп келген.

Кыргыз – казак чабыштары

18-к-дын 70-жылдары казак, кыргыз кагылыштары өтө күчөп кетет. Аблай хан (1771–1781) Орто жүздө өз бийлигин орнотуп, Улуу жүздүн казактарын да баш ийдирүүгө умтулган. Анын кыргыздарга каршы уюшулган жортуулдары бир нече жолу жеңишке жетишкен.

1775–76-ж. Аблай аскер топтоп (болжолу 30 мин), таластык жана чүйлүк кыргыздарга кол салат. Аларга каршы Аксуу жана Кызтууган өзөндөрү Чүй суусуна куйган түзөндө солто, сарыбагыш, саяк, бугу, чоңбагыш, азык ж.б. уруулардан топтолгон, *Жайыл баатыр* (1705–1770) башчылык кылган кыргыздар казактарга каршы жан аябай салгылашкан. Бул ж-дө эл арасында «Жайыл кыргыны» деген аңыз кеп айтылып калган. Аблай адегенде Таластын башы аркылуу кыргыздарга кол салып, Карабалта, Сокулуктагы солто менен саяктардан айылдарын талап тонойт. Бул салгылашууда солто уруусунун колбашчысы Жайыл баатыр жана анын ууллары Үсөн менен Теке баатырларча курман болушкан. Аблайдын колу Чүйдү, Кеминди, Ысыккөлдүн этегин, Кочкорду чаап, Соңкөлгө чейин жеткен. Абылай хандын баскынчылык саясатына каршы күрөштө Эсенгул, Бүргө баатырлар чоң эрдик көрсөткөн.



ЭСЕНГУЛ БААТЫР, Эсенгул Болот уулу (болжолу 1730–35-жылдар аралыгы–1810, азыркы Токмок ш.) – 18-к-дын 2-жарымында түндүк (негизинен оң канат) кыргыз урууларынын башында турган манап. Кыргыз фольклорунда ал ж-дө көптөгөн уламыш окуялар айтылып калган. 18-к-дын 2-жарымынан Түштүк Жетисуу аймагынан Жуңгар калмактарын сүрүп чыгарышкан казак-кыргыздардын ортосунда жайыт талашуу чатагы ырбайт. 1771-ж. Орто Жүз казактарынын султаны Көкжал Барак (Сан Барак) кыргыздарга жортуул жасайт. Ал Чүйгө келип, Шамшы аркылуу Кочкорго түшкөн. Э.б. жетектеген кыргыз аскери Баректин 17 миңге жеткен колун Кочкоратага жакын жерде талкалап, султанды өлтүрүшкөн. 1785–86-ж. казак султаны Бердикожо кыргызга кол салганда Э.б. баштаган кыргыз аскери Бердикожонун колун талкалап, өзүн өлтүрүшкөн. 1786-ж. казак султаны Канкожо м-н кыргыз башкаруучулары Э.б. Атакенин ортосунда жарашуу ж-дө сүйлөшүүлөр болуп, казак-кыргыз арасы тынчыган. Э.б. алп денелүү адам болгон, согушта көп баатырдык көргөзгөн. Эл ичинде «чоңдугу Эсенгулдай» деген ылакап сөз тараган, «казык моюн Эсенгул» деп да аташкан.



БҮРГӨ БААТЫР, Бүргө Итим бий уулу (болжол м-н 1763–1831-ж. чен)– манап, элдик баатыр. Талас өрөөнүндөгү кыргыздардын кушчу уруусунан. Кыргыз элин чет элдик баскынчылардан сактоодо көрсөткөн эрдиктери үчүн баатыр атакка жетишип, кушчу уруусунан хан көтөрүлгөн. Б. б-дын эрдиги казак ханы Абылайдын кыргыз жергесине уюштурган жортуулдарында өзгөчө көрүнгөн. Казак ханынын колун Балхаш көлүнүн аймагына чейин сүрүп барган. Б. б. Кокон хандыгынын саясий окуяларына да жигердүү аралашкан. Кокон хандыгы сунуш кылган датка наамынан баш тартып, Олуяата, Сайрамдагы чептерге кол салган. Цинь императорунун чакыруусу м-н Кашкарга чейин барып, баалуу сый алган. Көз карандысыз саясаты үчүн аны Кокон ш-нын башчысы тымызын тыңчы жиберип, ууландыртып өлтүргөн. Кыргыздардын белгилүү баатырлары Атаке, Эсенгул, хан Садыр, Жаманак баатыр, Жайыл хан, Кошой баатыр, Түлөберди баатыр, Ажыбек баатыр м-н үзөңгүлөш, замандаш жашап, кыргыз элинин биримдиги үчүн кызмат кылган. Б. б. жоокерчилик м-н катар эле чарбачыл адам болгон. Азыркы Мерке облусундагы өзү жердеген жерге арык каздырып, суу чыгарткан, ал арык «Бүргөнүн Тогонду сайы» деп аталган. Б. б-дын өзүнө таандык кызыл кочкул түстөгү туусун, мөөрүн, жортуулда кийүүчү темир зоотун ж-а жоокердик кылычын урпактары азыркы кезге чейин сактап жүргөн.

Кенесарынын чабуулу

18-к-дын аягы – 19-к-дын ортосунда кыргыз менен казактын ортосунда салыштырмалуу тынчтык орногон. 1846-ж. Кенесары хан жакындап келе жаткан орустарга каршы биргелешип согушалы деген сунуш менен Ормон ханга элчи жиберет. Ормон бийлеген



АЖЫБЕК БААТЫР, Ажыбек Токтобай уулу (1800, Атбашы жергеси – 1856) – элдик баатыр Кокон, Кашгар, Цин ж-а казак баскынчыларына каршы күрөштө таанылган. Кыргыздын черик уруусунан. 19-к-дын 30-ж-дарында Кокон хандыгынын баскынчы аскерлеринин башчысы м-н эрөөлгө чыгып, элге билинген. Атбашыдагы черик, моңолдор элинен кол курап, эл коргогон. Чыгыш Түркстанга өткөн Улуу жибек жолун көзөмөлгө алып, соода кербендерин узатып, алардан акы алуу м-н элин баккан. Ормонду хан көтөрүүгө, уруулар ортосундагы ынтымакты бекемдөөгө чоң салым кошкон. Өзүнүн жигиттери м-н казак ханы Кенесарынын баскынчы чабуулун талкалоодо эрдик м-н салгылашкан. А. б. кийин Атбашынын элин Турдумамбет бий (Турдуке) жетектеген.

2003-ж. А. б. 200 жылдыгы белгиленип, Атбашы айылына анын эстелиги орнотулган. Ушул жылы Нарын мамлекеттик университетинде А. б. өмүрүнө ж-а ишмердигине арналган илимий конференция өткөрүлүп, анын материалдары өзүнчө китеп болуп чыккан. Анын ысымы чекарачылардын заставасына ыйгарылган.

түндүк уруулары кенешип, Кенесарынын сунушуна макул эместигин билдиришкен. Муну укkан Кенесары 1846-ж. жазында Норузбай, Эржан сыяктуу баатырлары менен кыргыздарга жортуул баштап, солто, сарыбагыш уруулардын талкалайт. Боюнда бар аялдардын ичин жарып, балдарды өлтүрөт. 1847-ж. жазында Кенесары 20 миңдей колу менен Чүй өрөөнүнүн этегин түрө чаап келип, азыркы Токмок ш-нын түндүк жагындагы Текеликтин сеңирине жакын, азыркы Шордөбө, Майдөбө деген кыштактар турган жерде жайланышып, жаңы чабуулга даярдана баштайт. Бишкек, Токмок чектериндеги Кокон хандыгынын аскерлери өздөрүнүн букаралары болгон кыргыз элин баскынчылардан коргоо, чабышты токтотуу үчүн эч кандай аракет кылбай, чептерине бекинип жатып алган.

Кыргыз билермандары кол курап Кенесарынын чабуулун тосот. Бул согушта кыргыз колун Ормон хан, Жантай, Жаңгарач, Ажыбек баатыр жетектейт. Бул согушта Ормон хан колбашчы катары айлакердигин көрсөтөт. Кыргыздар жоону сүрүп отуруп, Мыкандын Карасуу-сундагы сазга (азыркы Кеңбулун кыштагынын түндүк жагы) маташат. Душмандын көбү сазга тыгылып өлөт. Аман калгандары колго түшүп беришет. Кенесары жакын адамдары менен кошо өлтүрүлөт. Кенесарынын колун талкалагандыгы үчүн орус өкмөтү Ормон хан менен Жантайды алтын медаль, алтын жип менен саймаланган чепкен менен сыйлаган. Согуш бүткөндөн алты ай өткөндөн кийин 1847-ж. 22-августта казактардын Копал чебинде (азыркы Талдыкоргон ш.) орус өкмөтүнүн ортомчулугу менен кыргыз-казак калкынын ортосунда тынчтык келишими түзүлгөн.

КЫРГЫЗСТАН КОКОН ХАНДЫГЫНЫН МЕЗГИЛИНДЕ

Кокон хандыгынын пайда болушу

1709-ж. Фергана өрөөнүнүн борбордук бөлүгүндө (Маргалан чөлкөмүндө) көчмөн феодалдардын жардамы менен Шахрух бий башкаруучу болуп жарыяланган. Анын бийликке келишине Акбото бий чоң көмөк көрсөткөн. Санжыра боюнча Шахрух Бабурдун урпактарынан болгон.

1709–1876-ж. өкүм сүргөн Кокон мамл-нин өнүгүүсүн үч доорго бөлүп кароо ылайыктуу:

1. 1709–1800-ж. Кокон мамл-нин түптөлүшү. Бул мезгилде Кокон амирлиги өз алдынча мамлекет катары саясий-админ. жактан калыптанып, социалдык-экон. жактан чыналган. Фергана чөлкөмү Кокон мамл-не биротоло бириккен.

2. 1800–40-ж. Кокон хандыгынын өнүгүшү жана гүлдөө мезгили. Кокон мамл. саясий-админ. жактан күчтүү өнүгүп, ички-тышкы саясаты чыңалган. Фергана өрөөнүнүн экон. абалы бекемделген. Кокон хандыгын Фергана өрөөнүнөн сырткары жактарды караткан.

3. 1842–76-ж. Кокон мамл-ндеги социалдык-саясий кризистердин күчөшү жана хандыктын кулашы. Бул мезгилде ички карама-каршылыктардын өсүшү, мамлекеттик түзүлүштүн бошоңдошу, бийликтин эзүүсүнүн күчөшү саясий кризиске, элдик көтөрүлүштөргө алып келген. 1873–76-ж. элдик кыймыл Кокон мамл-н биротоло кулаткан. Натыйжада Фергана өрөөнүн орус колонизаторлорунун каратып алышына ыңгайлуу шарт түзүлгөн.

Фергана аймагынын Бухара хандыгынын карамагынан биротоло бөлүнүп чыгышы Ирдана бийдин (1751–70-ж.) ишмердиги менен байланыштуу. 1754-ж. Бухара эмири Мухаммед-рахим, Кокон эгеси Ирдана бий жана кыргыздын кушчу-мундуз уруулларынын улугу *Кубат бий* Оротөбөгө жортуул уюштурушкан.

Кубат бийдин кушчуларды бийлеп тургандыгы тууралуу акыркы маалыматтар 1785-ж. таандык. Кубат бий 18-к-дын экинчи жарымында Фергана өрөөнүндөгү жалпы кыргыз уруу башчыларынын эң атактуу-су, тааанымал, кадырман адам болгон. Кубат бий Кокон, Бухара, Кашкар акимдерине баш ийбестен, алар менен тең ата өз элин башкарып, коңшу өлкөлөр менен шартка ыла-йыктуу учурда каалагандай достошуп, каалаганда мамилени бузчу. Анын эр жүрөк-түүлүгүн, тайманбастыгын, курчтугун баалаган өкүмдарлар аны «Бахадур-бий» («Баатыр бий») деп да аташкан.



АКБОТО БИЙ, Акбото Рахимбий уулу (болжолу 17-к-дын аягы – 18-к-дын 30-ж-нын ортосунда жашаган) – саясий ишмер; Кокон хандыгынын Хожент вилайетин бийлеген. Кыргыздын саруу уруусунун кырк уругунан. Тарыхый маалыматтар б-ча ал Бухара ханы Убайдулланын (1702–11-ж. башкарган) ишеничине ээ болуп, Фергана өрөөнүнүн түштүк-чыгышындагы Хожентгин аймагын калмак баскынчыларынан коргоочу кошуундун башчылыгына дайындалган. Бул аймакта А.б-дин саясий аброю өскөндүктөн, Кокон хандыгынын негиздөөчүсү Шахрух бийдин кызына үйлөнүп, өзүнүн кызын анын уулу Абд ар-Рахим бийге турмушка берип, Коконду башкарган Миң династиясы м-н кайчы куда болгон. Хожентти башкарууну Абд ар-Рахим бийге тапшырган. Бул аягында күйөө бала м-н кайын атанын ортосундагы ачык тирешүүгө алып келген. Эрегиште Рахим бий кайын атасын өлтүрүп, Хожентке өзүнүн иниси Абд ал-Карим бийди дайындаган.



КУБАТ БИЙ, Кубат мырза (туулган, каза болгон жылдары белгисиз) – 18-к-дын экинчи жарымында Фергана өрөөнүндө жашаган кыргыз уруларынын төбөлү, кол башчы, саясий ишмер; кушчу уруусунан чыккан бий. Кокон башкаруучусу Абд-ал-Каримдин мезгилинде жуңгарлардын баскынчылыгына каршы биргелешип сокку уруу үчүн Кокон бийликтери К. б. башында турган кыргыздар м-н союз түзүп, алардын биргелешкен күчү баскынчыларды Ферганадан куулп чыккан. Кокон хандыгын Эрдене бий башкара баштаган кезде, Оротөбөгө ээ болуу максатында ал кыргыз бийлери м-н өнөктөш болууга аракеттенип, мына ушул кырдаалда да К. б. негизги ролду ойногон. Тарыхый булактарда айтылгандай, К. б. «кыргыздын падышасы» аталып, «өз алдынча башкаруучу катары жеке пайдасы үчүн тигил же бул башкаруучу м-н каалагандай достошуп же ажырашып турган». Кокон хандары ж-а Кытай императору Кубат бийдин пикири м-н эсептешкен. 1855-ж. К. б. Цин империясына каршы боштондук кыймыл жүргүзүп жаткан кашкарлык Жусуп Кожонун чакырыгы б-ча аскерлери м-н Чыгыш Түркстанга кеткен. Ушул окуядан ки-йин К. б-дин тагдыры белгисиз. Ал жакта набыт болгонун уккан карындашы Аксуусардын «Кубат бий өлбөй кут өлдү, кушчу, мундуз журт өлдү» деп кошкондугу эл оозунда айтылып калган.

18-к-дын экинчи жарымында кокондуктарга каршы көз каранды эместик үчүн күрөштө эл башында турган кыргыз мыктыларынын бири *Ажы бий* (Ажыбек) болгон. Кытайлык географтын (18-к.) жазган маалыматтарына караганда кыргыздардын адыгине уруусунун чыгааны Ажы бийге Бухарадан күн чыгышты көздөй кеңири аймакты жердеген 200 миң кыргыз баш ийчү. Кайсы бир жылы ал эли менен бирге кытай букаралыгына өтмөк болот. Би-



АЖЫ БИЙ, Тилеке бий уулу (туулган ж-а өлгөн жылдары белгисиз) – 18-к-дын 2-жарымындагы саясий ишмер; Алай-Фергана аймагындагы саясий окуяларга жигердүү катышкан кыргыз төбөлдөрүнүн бири. Адыгине уруусунун баргы уругунан. Кытай тарыхый булактарында 1759-ж. июнь айында А. б. баш болгон төрт кыргыз бийи Кокон ш-н бийлеген Ирдана бий м-н тышкы душмандарга каршы бирге болууга багытталган достук келишим түзгөндүгү ж-дө айтылат. 1760-ж. Ирдана бий Алайда тонолгон Кокон көпөс-төрүн ишин шылтоолоп Ош, Өзгөн ш-на че-йин жортуулга келген. А.б. жооп иретинде 1761-ж. Коконго жасалган ийгиликсиз жортуулдан кийин, кайра Алай тарапка чегинген. Кытайга элчи Элэтаодини жиберип, Кокон бийин тартипке чакыруусун өтүнгөн. Бул аймактагы кыргыздар биримдикке келе башташкандыктан, Ирдана бий Ош ж-а Өзгөндөн өз ыктыяры м-н чыгып кеткен. 1764-ж. жазында Ирдана бийдин Оротөбөдөгү чатактарга алагды болгонунан пайдаланып, А. б. Коконго жортуул уюштурган. Жортуул ийгиликсиз аяктап, кармашта жараат алган А. б. Ирдана бийге туткунга түшкөн, бир маалымат б-ча коё берилген, экинчиси б-ча даргага асылган.

рок кийин ал мындай ойдон баш тартып, Алай жана Ош аймактарындагы бардык кыргыз урууларын ынтымакта бийлеп турган.

КОКОН ӨКҮМДАРЫНЫН БАСКЫНЧЫЛЫК САЯСАТЫ. КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КОКОН ЭЗҮҮСҮНӨ КАРШЫ КҮРӨШҮ

18-к-дын 60-жылдары Ирдана бийдин Ферганадагы ийгиликтүү согуштук аракетинин жана басып алуучулук тышкы саясатынын натыйжасында, кокондуктардын ээлиги кеңейип, күч-кубаты артат. Ушундай кырдаалда Кокон улугу кыргыз урууларын менен ынтымагын бузуп, аларды багындырууга жана кыргыз жеринин эсебинен өз ээлигин кеңейтүүгө күч үрөп киришкен. Ирдана бий 1762-ж. кыргыздарга тиешелүү Өзгөн жана Ош ш-ларына жортуул уюштурат. Жортуул учурунда Кокон аскерлерине ичкилик адыгине, моңолдор урууларынын улугу Ажы бийдин колу катуу каршылык көрсөткөн. Бир нече жолку салгылашуудан кийин көп жоготууларга дуушар болгон кыргыз жоокерлери тоо тарапка чегинет.

Кокондук төрөлөр кээде кыргыздарды тынчтык жолу менен өз тарабына тартуу үчүн аларга ар кандай иш берип, наам-даражаларды ыйгарчу, алык-салыктарды женилдетчү, жакшы жайыттарды убада кылчу. Натыйжада, айрым кыргыз урууларын өз ыктыяры менен хандыктын карамагына өткөн.

Арийне, Түштүк Кыргызстандын көпчүлүк чөлкөмдөрү күч менен баш ийдирилгени талашсыз. Ал эми хан бийлигин каалабаган жана ага каршылык көрсөтүүгө дарманы жетпеген кыргыз уруулары Кыргызстандын түндүгүнө журт которуп кетет. Кокон хандарынын Кыргызстанды басып алуусун кыргыз феодалдарынын өз ара кагылышуулары, биримдиктин жоктугу кыйла оңойлоткон. Түштүк Кыргызстанды кокондуктардын багындыруусу негизинен 19-к-дын биринчи чейрегинде аяктайт. Түндүк Кыргызстанды багындырууну Кокон хандыгы Чүй өрөөнүндөгү кыргыз айылдарына кол салуу менен баштаган. 1825-ж. Чүйгө Лашкер Кушбеги (кошуун беги же аскер башчы) башчылык кылган аскер жөнөтүп, ички биримдиги жок чүйлүк кыргыздарды басып алган. Душман менен бир нече жолку кагылышта жеңилүүгө дуушар болуп, айбат кылуудан эч майнап чыкпасына көзү жеткен сарыбагыш, солто урууларынын бир бөлүгү хандын бийлигин таануурга аргасыз болот. Ал эми сарыбагыштын экинчи бир бөлүгү баскынчыларга багынып берүүнү каалабай, Атаке бийдин балдарынын жолбашчылыгы астында Ысыккол аймагына журт которуп кетет. Чүй өрөөнүнүн түшүмдүү жерлерине кызыккан кокондуктар ошол эле жылы Аламүдүн суусунун жээгине Бишкек коргонун куруп, ал жерге аскер бөлүктөрүн калтырат. Көп өтпөй алар көлдүк кыргыздарга элчи жиберип, багынып берүүнү талап кылат, бирок тескери жооп алгандан кийин, Кокон хандыгы 1831-ж. Ысыккөлгө, Нарынга эки тараптан жортуул уюштурат. Кокон кошуунунун акими Лашкер Кушбеги баш болгон бир бөлүгү Ташкен, Чымкен, Олуяата, Чүй өрөөнү аркылуу Ысыккөлгө келген, ал эми хандын аскерлеринин экинчи бир бөлүгүн Хаккула башкарып, алар Ферганадан чыгып Көгарттын белин ашып, Актала, Атбашы, Нарын, Жумгал, Кочкорго чейин келип бүлүк салышкан.

Ошентип, кокондуктардын оной жеңишке жетишүүсүнө кыргыздардын бытырандылыгы, уруулар ортосундагы талаш-тартыштар, алардын ынтымагынын жоктугу себеп болгон. Айрым түшүнүгү тайкы, өзүмчүл кыргыз төбөлдөрү өзүнө жакпаган урууну Коконго басып берүүнү көздөгөн. Ал кезде сарыбагыштар менен саяктардын, саяктар менен бугулардын тирешүүсү аябай курчуп турган эле. Алардын чатагын душмандар эптүүлүк менен пайдаланып, аларды бири-бирине тукуруп, жалгыздатып баш ийдирген. Жаңы аймактарды бекемдөө үчүн кокондуктар (Бишкек, Токмок, Аксуу, Чалдыбар, Карабалта, Мерке, Атбашы, Куртка, Тогузторо, Кочкор, Жумгал, Суусамыр, Тон, Жаргылчак, Тамга, Барскоон, Каракол) чеп коргондорун курган.



ТАЙЛАК БААТЫР, Тайлак Рыскул уулу (болжол м-н 1796, Нарын дайрасынын боюндагы Каргалык деген жер, азыркы Акталаа ж-а Тогузторо р-ндорунун чеги –1838, Куртка деген жер) – 19-к-дын 1-жарымындагы кыргыз элинин көз карандысыздык үчүн болгон кыймылынын ири өкүлү. Нарын кыргыздарынын Кокондун эзүүсүнө каршы күрөшүнүн 1-этабы 1832-ж. Т. ж-а бир тууганы Атантайдын жетекчилиги м-н башталып, бирок ийгиликсиз аяктаган. Кокондун 7 миң аскери аз кыргыз колун жеңип алып, элди салык төлөөгө мажбурлаган. Нарын кыргыздарынын Коконго каршы күрөшү-нүн 2-этабы Мадали хандын Т. б-ды туткундоо үчүн Арап башында турган аскер (500 сарбаз) жиберүүдөн башталган. Т. б. сарбаздарды Тогузтородогу Бычан жайлоосунда тосуп алып, салгылашта жеңип чыккан. Т. б-дын күрөшүнүн 3-этабы 19-к-дын 30-жылдарынын аягына туура келет. Мадали хан Түркстан тараптагы казактын Эдиге төрөсү м-н келишип, аны көп кошуун м-н жабдып, Т.б-га каршы аттанышкан. Эдиге Таласты чаап, Өтмөктү ашып, Суусамырга келет. Т. б. Акталаадагы басыз, чоро уруларынан кол жыйнап, Эдиге м-н Суусамырдын Дубанкечүү деген жеринде беттешет. Бул урушта да Т. б. баатыр жеңип чыккан. 19-к-дын 20-жылдарында Т. б. жетектеген кыргыз уруулары Чыгыш Түркстандын иштерине да аралаша башташкан. Ушул мезгилдерде Кашкарды башкарып келген кожолордун укум-тукумдарынын бири Жааңгер кожо Кытай баскынчыларына каршы чечкиндүү аракеттерди баштаган. Бирок анын 1-жортуулу ийгиликсиз аяктап, ал кыргыздар арасында баш калкалоого аргасыз болгон. Т. б. м-н Атантай Жааңгердин кыймылына колдоо көрсөтүшкөн. Анткени алар кытай баскынчыларын кыргыз аймактарына өткөрбөөнү көздөшкөн. Кытайдын Синьцзяндагы башкаруучусу Жааңгерди колдогон кыргыздарды талкалап, жетекчилерин кармап келүү үчүн 1825-ж. Баян Бату генерал баштаган 500 кишиден турган аскерин Нарын тарапка жөнөткөн. Алар Т. б. жокто анын айлын курчоого алып, талап-тоноп, жүздөй адамды өлтүрүшкөн. Бул кабарды укkан Т. б. коңшу айылдардан шашылыш кол курап, душманды куугунтукка алып, Арпа м-н Нарындын ортосундагы Ойнокжар капчыгайында камоого алып, алардын баарын кырып таштаган. Т. б. 1838-ж. кокондук тыңчысы ууландырып өлтүргөн. Андан кийин Кокон ханы жортуул жасап, Нарын кыргыздарын кайра каратып, Т. б. бузган кокондук Куртка сепилин калыбына келтирип, бийлигин чыңаган.

Кокон хандыгынын үстөмдүгүнө каршы кыргыз элинин боштондук күрөшү 19-к-дын 30–40-жылдары күч алып, Нарындын төрүн жердеген саяк уруусу катуу каршылык көрсөткөн. Анткени саяктар буга чейин Чыгыш Түркстандагы цин-манжур бийлигине каршы кыймылга, Жааңгер Кожонун Кашкарга жасаган жортуулуна катышып, аскердик уюмдашуу жана курал-жарак топтоо жагынан кыйла такшалып калышкан.

Ушундай салгылаштарда такшалган Тайлак агасы Атантай менен Кокон хандыгынын баскынчылык саясатына каршы элдик көтөрүлүштү жетектейт. Көтөрүлүшкө Акталаа, Тогузторо, Нарын, Атбашыдагы кыргыздар жигердүү катышкан. Элдик кыймылдын



Табылды баатыр.

башталышына кокондуктардын 1831-ж. жортуул учурундагы аёсуз талап-тоноолору, адам чыдагыс зөөкүрчүлүктөрү, көрсөткөн кордуктары себеп болгон.

1831-ж. Хаккула баштаган 7 мин кокондук жоокерлер Акталаадагы саяк уруусун кыйратып, Атантай менен Тайлакты туткунга алган. Туткундан бошогондон кийин алар тез арада кол топтоп, Куртка сепилине кол салган. Салгылашта кыргыздар жеңип чыгып, чептеги зындандагы туткундарды бошотушкан. Эл малына кайра ээ болуп, салык төлөөдөн бошотулат. Көтөрүлүштү басуу үчүн Акталаага Арап баатыр баштаган 500 жоокерди жөнөтүшкөн. Тогузтородогу Бычан деген жайыкта Тайлактын жигиттери Араптын колунун жолун тороп, эки тарап беттешкен. Ошол салгылашта душман оор жоготууга учурап, 400 аскеринен айрылган. Бул кармашта Арап баатыр Тайлактын колунан курман болгон.

19-к-дын 40-жылдары кыргыздардын көз каранды эместик үчүн кыймылы күч алып, кеңири аймакты кучагына алган. 1843-ж. Ысыккөл өрөөнүндөгү кыргыздар көтөрүлүш баштап, Каракол, Барскоон, Коңурөлөң чептеринен кокондук сарбаздарды куып чыгышкан. Нарын аймагында *Табылды баатыр* жетектеген элдик кыймыл эки жылга созулуп, кокондук төрөлөрдү көптөгөн жоготууларга дуушар кылган. Черик уруусунан чыккан Турдуке баш болгон Атбашылык кыргыздар Кокон бегине салык төлөөдөн баш тартканы.

19-к-дын биринчи жарымында кыргыз элинин Кокон хандыгына каршы күрөшүнүн тарыхый мааниси чоң. Элдик кыймылдын күч алышынын натыйжасында, баскынчылар жергиликтүү элдин катуу каршылык көрсөтүүсүнө кабылышып, көп аскеринен айрылды, чыгашасы арбып, бийлиги бошоңдоду.

МАДАНИЯТЫ

Байыркы таш балбалдар

6–12-к-да Кыргызстан чөлкөмүндө түрк уруларынын келиши менен мүрзө үстүндө адамдардын таш келбеттерин – балбалдарды коюу кеңири тараган. Балбалдардын көпчүлүгү чебер айкелчи – таш усталар тарабынан жасалган. Балбалдардын эки түрү кездешет: 1.

тулку бою жана анын кийим-кечеси, кооздук буюмдары, курал-жарагы ж.б. даана берилген чоң тоголок айкелдер; 2. ташка контурдук сүрөт менен башын жана бет түзүлүштөрүн, айрым учурда бүт тулку боюн берген жалпак балбалдар. 13-к-дан кийин алар Теңиртоодо коюлбай калган. Кыргызстан аймагына ислам тарай баштагандан кийин мүрзө үстүнө балбалдарды коюу токтогон. Анткени ислам бардык тирүү жандыкты: адамдын, айбандын, канаттуунун сүрөтүн тартууга тыюу салган.



Балбалдар. *Соңкөл.*

Балбал таштардын таралышы аркылуу түрк тилиндеги көчмөн уруулардын таралыш чегин аныктоого болот. Нарын жана Ысыккөл облустарында, Кемин, Чүй жана Талас өрөөндөрүндө көп сандаган балбалдар, ал эми Кыргызстандын түштүгүндө балбалдар сейрек кездешет. Кыргызстандан сырткары, Орто Азиянын калган жерлеринде алар дээрлик кездешпейт. Көп сандаган таш сөлөкөттөрдү Казакстандан, Алтайдан, Тувадан, Хакасиядан жана Моңголиядан жолуктырууга болот. Кытайдан 200дөй, Индиядан 40тан ашуун балбал таштар табылган. Бул ушул жерлерде түрк тилиндеги көчмөн уруулардын жашагандыгын айгинелейт.

Кыргызстандын архитектуралык эстеликтери

Орто кылымдардагы курулуш өнөрүнүн көрүнүктүү эстеликтерине – Алабука районундагы орто кылымдык Сафедбулон ш-на таандык Шахфазил күмбөзү, 11–12-к-га таандык Өзгөн архитектуралык комплекси, Токмок ш-нын түштүгүндө жайгашкан Бурана шаарчасындагы Бурана, Атбашыдагы Ташрабат кирет.

БУРАНА – Караханийлер дооруна таандык тарыхый-архитектуралык эстелик, мунара. Чүй өрөөнүндөгү Токмок ш-нан 15 *км* түштүк-батышта, Дөңарык айылынын чыгышында жайгашкан. Мунара Жетисуудагы түрктөргө ислам тарала баштаган мезгилде, 10-к-дын аягы–11-к-дын башында курулган. Бышкан кыш м-н төрт бурчтуу пайдубалга сегиз кырдуу түптөлүп, цилиндр түрүндө тургузулган мунара чептин ичинде жайгашып, сырткы бети оймо-чийме м-н кооздолгон, ичинде жогору карай буралып чыгуучу тепкичтер орнотулган. Бийиктиги 14 *м*, түбүнүн диаметри 9 *м*, төбөсүнүкү 6 *мге* жакын. Мунара кайрак ташка чегилген жазуу ж-а ал Баласагундук мыйзамчы имам Мухаммадга ко-

юлгандыгы тууралуу орто кылымдагы тарыхчы Мухаммед Хайдардын эмгегинде эскерет. Б. Борб. Азиядагы мунара архитектуралык эстеликтеринин эң байыркысы. Мунара Кыргызстандын аймагындагы курулуш өнөрүнүн жогорку деңгээлде өнүккөндүгүн далилдейт. Б-нын айланасында курулуштун калдыктары, чеп дубалдар бул жерде бир мезгилде Баласагун ш. өкүм сүргөндүгүн ырастайт. 13–14-к-да шаар өзүнүн жашоосун токтоткон. 1971–76-ж. Б. оңдолуп, калыбына келтирилген.




Бурана мунарасы. *Реставрацияга чейин.*

ӨЗГӨН АРХИТЕКТУРАЛЫК КОМПЛЕКСИ – 11–12-к-га таандык эстеликтер. Өзгөн ш-нда, Карадарыянын жайылмасынан бийигирээк тектирчеден орун алган. Үч күмбөздөн ж-а алардан 150 *м*дей түндүк-батыш тарапта жайгашкан мунарадан турат. Бул күмбөздөр Караханийлер мамл-нин өкүмдарлары үчүн тургузулган. Адегенде ортоңку күмбөз курулган (11-к-дын башы). Ал сырткы беттеринин жалпы уз. 13,07 *м*, түбү чарчы, үстү кумпалуу курулуш. Күмбөздүн дубалдары ж-а кумпасы чопо м-н кынаштырылган кыштан тургузулган. Ортоңку күмбөздүн түндүк жагына 1152-ж., түштүк жагына 1187-ж. жанаша дагы эки күмбөз курулган. Түндүк жагындагы күмбөздө анын курулган мезгили ж-а Батыш Караханийлер каганы Хусейин Хасан ибн Алинин аты оюлуп жазылган. Бул күмбөз Ортоңку күмбөз м-н анын туюк дубалынан тешилген оюк аркылуу байланышат. Күмбөздүн 12,3х10,6 *м* келген түбү чарчы формада. Кумпасы ж-а дубалдары ак ылай м-н кыналыштырылган кыштан тургузулган. Археол. казуулардын учурунда ар кайсы мезгилдерде көмүлгөн мусулмандардын сөөгү табылган. Мунара 11-к-дын 2-жарымында курулган ж-а төрт бөлүктөн турат. Алгач мунаранын бийиктиги 44,7 *м*ден кем болбосо керек. Мунаранын азыркы бийиктиги 27,4 *м*. Ө. а. к. 1923-ж. Союздук-республикалык маанидеги эстелик катары мамл-тин коргоосуна алынган.



Өзгөн архитектуралык комплекси.

ТАШРАБАТ – 10–15-к-га таандык кербен сарай. Атбашы айылынан 78 *км* батыш, Нарын-Торугарт автомобиль жолунан 18 *км* түштүк тарапта, Каракоюн капчыгайындагы суунун сол тарабында жайгашкан. Кербен сарай – жонулган таштардан ылайга олтургузуп тургузулган имарат. Анын маңдай жагы (фасады) чыгыш тарапка каратылып, төрт чарчы формада курулган. Имараттын бийиктиги 20 *м*дей, тик бурчтуу формадагы кумпалуу (купол) 31 бөлмөдөн турат. Бөлмөлөр үч топко бөлүнөт: 1. коридор; 2. коридордун эки тарабына жайгашкан бөлмөлөр; 3. залы ж-а анын тегерегиндеги бөлмөлөр. Коридордогу биринчи эшик аркылуу үч кароол үйгө өтөт. Дубалдын чыгыш тараптагы бурчтары мунаралар м-н бекемделген. Имараттын негизги залына узун коридор аркылуу кирет. Коридордун эки жагына бөлмөлөр жайгаштырылган. Залы имараттын батыш тарабында, ортодо жайгашып (уз. 9,32 *м*, туурасы 8,35 *м*), бөлмөлөр ж-а кичи залдар м-н байланышкан. Анын төбөсү диаметри 9,30 *м* болгон кумпа (купол) м-н жабылган. Имараттын бөлмөлөрү ж-а кумпа алебастр м-н шыбалып, геометриялык оймо-чиймелер м-н кооздолгон. Бөлмөлөр төбөсүндөгү көзөнөктөр аркылуу жарык м-н камсыздалган. Бөлмөлөрдүн төбөлөрү да арка сыяктуу жарым шар формасында жабылган. Т-та Борб. Теңиртоо аркылуу өткөн Улуу Жибек жолундагы кербенчи-саякатчылар ж.б. тейленген. Эстелик алгач 19-к-дын 2-жарымында Ч. Валиханов тарабынан баяндалат. А. Н. Фетисов, В. В. Бартольд, Н. Н. Пантусов, Л. Н. Зеланд, Б. М. Зима, А. Н. Бернштам, Г. А. Пугаченкова, М. Н. Кубатбеков, Б. В. Помазкин, В. Е. Нусов ж-а С. Я. Перегудова тарабынан изилденген. Т. эстелиги реставрацияланган.



Ташрабат.

Караханийлер кагандыгынын доорунда Кыргызстанда Баласагун, Суйаб, Ош, Өзгөн, Кочнарбашы, Атбаш ж.б. шаарлар өзгөчө гүлдөп өнүгө баштаган. Айрым шаар чалдыбарларынын мусулмандарга мүнөздүү мунаралуу мечиттер, күмбөздөр менен катар эле бутпарас, несториан динин туткандардын сыйынуучу жайлары да кездешет.

Борбордук Теңиртоонун отурукташып дыйканчылык кылган элинин эстеликтери анча көп эмес. Азыркы учурда алардын 30га жакыны Суусамыр, Жумгал жана Кочкор өрөөнүнөн, Нарын суусунун жана анын куймаларынын бассейнинен табылды. Ал эстеликтерге Кошойкоргон шаар чалдыбары, Шырдакбектин чеби ж.б. кирет.

Кыргыздардын турак жайы

Кыргыздардын турак жайлары көчүрүлмө жана туруктуу болуп экиге бөлүнгөн. Көчмөнчүлүк жана жарым көчмөнчүлүк мезгилде негизги турак жай *боз үй* болуп, көчмөндөрдүн бүткүл турмушу ошондо өткөн. Боз үйдүн кереге-ууктары, үзүк-туурдуктары көчмөндөр тарабынан кылымдар бою улам жакшыртылып келген. Кыргыз боз үйү казак жана Борбордук Азиянын башка элдеринин боз үйлөрүнө окшош келсе да, көркөмдүүлүгү, ички, тышкы жасалгалары менен айырмаланып турат.

Кыргызстанда отурукташкан калктын турак жайларынын чоң айырмачылыктары болгон. Бул болсо геогр. жана тарыхый өзгөчөлүктөр, жергиликтүү салт, о. эле кыргыз элинин отурукташууга өтүүсү бир убакыттын ичинде жүргүзүлбөгөндүгү менен түшүндүрүлөт. Эгерде туруктуу турак жайлар түндүк жана түштүк батыш райондордо 19-к-дын биринчи жарымында эле пайда болсо, калган аймактарда негизинен 20-к-дын башында курула баштаган. Феодалдык төбөлдөрдүн чарба курулуштары бар зангыраган үйлөрү, өзүнчө бөлүнгөн ири чарбактары жалданып иштеген батрактардын боз үй, жер кепелеринен кескин айырмаланган. Тоолуу райондордогу кыргыздардын отурукташуусунда өтө байыркы тартиптер сакталып, көчө түзүлүштөрү менен үйлөрдү куруу чаржайыт болгон. Үйлөр топ-топ же анча чоң эмес чарбактык мүнөздө жайгашкан. Түштүктөгү көп кыштактар тоо этектей жантаймаларга салынып, өзбек, тажик кыштактарына окшоп кеткен. Кээ бир кыштактар жолдордун же суулардын бойлоруна узатасынан салынган. Кыргыздар үй курууну өзбек, тажик, уйгурлардан үйрөнүшкөн. Кыргыздардын алгачкы курулуштарында алардын тийгизген таасири байкалып турган.

Кийим-кечеси

Кыргыздардын байыркы салттык кийимдери отурукташууга чейин сакталып келген. Отурукташууга өткөн-дөрдүн кийимдери өзгөрө баштап, татар, өзбек, тажик, казак элдеринин таасири тийген. Мал чарбачылыгы менен кесиптенишкен жерлерде кийим-кечектин абалкы түрлөрү, адатта үйдө даярдалган жапайы айбандардын жана малдын кол менен

иштетилген терилеринен, бышык басылган жука кийизден, койдун, төөнүн жүндөрүнөн токулган таарлардан тигилген. Көчмөнчүлүктүн шартында кыргыздар сырттан келген товарларды – орто азиялык, кашкарлык кустардык өндүрүштүн жибек, жүндөн токулган кездемелерин, баркыттарды пайдаланышкан. Акырындык менен фабрикалык материалдар үй өндүрүшүндө даярдалган сокмолорду сүрүп чыгара баштаган.

СОЦИАЛДЫК-ФИЛОСОФИЯЛЫК ОЙЛОРДУН ӨНҮГҮШҮ

Орто кылымдардагы түрк элдеринин, а.и. кыргыздардын философиялык ойлорунун өнүгүшүнө 11-к-да жашап өткөн Махмуд Кашгари менен Жусуп Баласагуни өзгөчө чоң салым кошушкан.

Махмуд Кашгари 1029–1038-ж. аралыгында Барскон ш-нда туулган. Анын атасы Хусейин ибн Мухаммед Ысыккөлдүн тескейиндеги Барскон ш-н жана дубанды бийлеген бек болгон. Махмуд Кашгари, Багдад, Бухара ш-нан билим алган. 11-к-дын экинчи жарымынан тартып түрк элдери мекендеген жерлерди кыдырып, алардын тилинин диалектилик өзгөчөлүктөрүн жана жалпылыктарын иликтей баштаган. Анын «Китаб жавахир аннахв фи лугат ат түрк» («Түркий тилдер тууралуу синтаксистин маңыздары») китеби жана «Китаб диван лугат ат-түрк» («Түркий тилдер сөз жыйнагы китеби») аттуу эмгектери белгилүү. Мунун экинчиси («Диван лугат ат-түрк») бизге жеткен. Чыгышында – Саян-Алтай жана Гань-чжоу, батышында – Итил өрөөнүнөн бери жашаган ар кыл түрк калктарынын айрым бир өкүлдөрү Караханийлер бийлеген аймакка – Теңиртоонун чордонуна өтө жакын конуш таап келген. Махмуд аларды өзү аралап изилдеп, алар тууралуу маанилүү маалыматтарды топтогон. Анын маалыматтары боюнча кыргыздар Чыгыш Теңиртоону байыртадан эле мекендешкен жана орто кылымдардын эрте мезгилинде алардын айрым топтору Чыгыш Түркстан аймагында жашаган. Чыгыш Теңиртоодогу кыргыздар караханийлер доорунда эле ислам динине өткөндүгү ж-до, о. эле кыргыз «Диванда» тили нукура түрк тили катары сыпатталган. Махмуд «Кыркыз – түрктөрдүн бир уруусу»



М. Кашгари жана Ж. Баласагуни.

деп жазган. Мында ал «кыргыз» этнонимин кыркыз түрүндө берип, орхоненисей жазуу маданиятынын эстеликтеринин салтын уланткан. Бул эмгек караханийлер доорунда Теңиртоодо жашаган кыргыздардын топторун изилдөөдө маанилүү булактардын катарына кирет.

Жусуп Баласагунинин өмүр баяны ж-дө азырынча толук маалыматтар жокко эсе. Бирок, автор өзү жөнүндө жазып кеткен кээ бир фактыларды анын *«Кутадгу Билиг»* («Кут алчу билим») поэмасынан кездештирүүгө болот. Жусуп 1010–16-ж. же 1018-ж. Баласагун ш-нда туулган. Окумуштуу Р.Араттын эсеби боюнча поэма жазып бүткөн мезгилде Жусуп 54 жашта болгон. Ал поэмасын Баласагун ш-нда баштап, 1067–70-ж. Кашкарда аяктап, баш аягы 18 айда бүтүргөн, караханий каганы Кашкар ш-нын башкаруучусу Тавгач Буура Карахан Абу-Али-Хасанга тартуу кылган. Ал алкыш иретинде акынга «Улуг-Хасс-Хажиб» (хан сарайындагы кадырман адам) деген наам берген.

«Кутадгу билиг» поэмасы ата-бабаларыбыздын рухий турмушунда кылымдардан бирдиктүү, өз ара байланыштуу эки маданияттын – отурукташкан жана көчмөн маданиятыбыздын түпкү башатын ырастаган элдик кенч. Бул чыгармадан Кыргызстандын орто кылымдардагы тарыхы боюнча маалыматтарды алууга болот. 10-к-да ислам калк арасында кеңири тарап, араб жазуусун өздөштүргөн илимпоздор өсүп чыгат. Демек, «Кутадгу билиг» поэмасынын түп нускасы араб тамгасы менен түрк тилинде жазылган себеби да ушуга байланыштуу. Махмуд Кашгаринин айтылуу сөздүгү да араб тамгасы менен жазылган. Учурда Жусуптун «Кутадгу билиг» поэмасынын үч нускасы, бири Вена ш-нда (Австрия), экинчиси – Египеттин борбору Каир ш-нда (1986-ж. Хидив китепканасынан директору немис окумуштуу Б.Морин тарабынан табылган), үчүнчүсү – Россия ИАнын Чыгыш таануу ин-тунун Санкт-Петербургдагы бөлүмүндөгү кол жазмалар фондунда сакталууда.

КЫРГЫЗДАРДЫН ДИНИЙ ИШЕНИМДЕРИ

Ислам динин тарашы

Кыргызстанда патриархалдык феодалдык мамилелердин үстөмдүк кылышы элдин рухий турмушунда диндин маанилүү орунду ээлешине себеп болгон. Мусулманчылык менен катар диний алгачкы ишенимдердин калдыктары сакталып келген. Кыргыздардын ичинде теңирге сыйынуу, шаманчылык күчтүү болгон.

ТЕҢИР – байыркы түрк-моңгол элдериндеги ыйык кудай түшүнүгү. Т. элдин түшүнүгүндө көк асман м-н байланышкан. Асманды Т. атап, кудай катары урматтоо Т. урсун, Т. соккур, көк Т-дин каары ж. б. эл арасында айтылган сөздөрдө сакталып калган. Т-ге сыйынуу жер-суу таюу ишенимдери м-н жуурулушуп татаал, чаташкан идеологиялык көзкарашка айланган. Теңирчиликте Т. түшүнүгү м-н *Умай эне* түшүнүгү да кездешет. Т. – эркектердин, күчтүн, эрктин колдоочусу, ал эми Умай – аялдардын, балдардын, үй-бүлөнүн колдоочусу деп эсептешет. Т. – генезиси б-ча түрк-моңгол элдеринин тарыхына жалпы мүнөздүү көрүнүш.

ШАМАНЧЫЛЫК (эвенк. шаман, саман – делөөрүгөн адам) – диндин эң байыркы формаларынын бири. Ш. камлания (эмдөө-домдоо ырларын ырдоо ж-а даб же жаргак м-н капталган тегерек музыка инструментин койгулоо м-н коштолуп, адамды делөөрүгөн экстаз абалга алып келген ырым-жырым) учурунда шамандын же бүбү-бакшынын көзгө көрүнбөгөн рухтар м-н мамиле түзүүсүнө байланышкан ишенимге негизделген. Ошондуктан, Ш-та адамдар м-н рухтар дүйнөсүнүн ортосунда далдалчылык кызматты шаман аткарган. Шлык Африканын, Түндүк ж-а Чыгыш Азиянын элдеринде, Американын индеец урууларынын арасында кеңири таралган. Ш-тын негизги функциясы – дарт-дабалуу адамдарды «дарылоо». Шамандар камлания учурунда жеке адамдардын жанынын кожоюну болуп эсептелген рухтардан адамды дартка чалдыктырган оору-сыркоону кубалоону, тумарларга жандуу күч берүүнү, төлгө тартууну, баласыздарга бала тартуулоону, малдын төлүнүн амандыгын, түшүмдүн мол болушун ж.б. суранышкан; жин-шайтандар, албарстылар сыяктуу терс күчтөр м-н кармашышкан; кожоюн рухтардан өзүнүн каалоо-тилегин ишке ашырып коюуну өтүнүшкөн, рухтардын атын атоо м-н көзү ачыктык кылышкан; түлөө, курмандыкка чалуу сыяктуу магиялык иш-аракеттердин жардамы аркасында рухтардан оорулуу адамдын жанын, жаңы төрөлгөн наристенин күчүн, ийгиликтүү аңчылыкты сурап алышкан. Ш. палеолит доорунда пайда болгон. Байыркы адамдар өздөрүнүн өлгөн тууган-туушкандарынан коркушкан ж-а аларды сыйлашкан. Алардын пикири б-ча өлгөн адамдын жаны дагы деле болсо жашай берген. Ошол себептен алар арбактарды тамак-аш м-н камсыз кылышкан, алар м-н кошо жаныбарларды көмүшкөн, өлгөн адам үшүбөсүн үчүн сөөктү очоктон алыс эмес жерге көмүшкөн ж.б.у.с. магиялык иштерди жасашкан. Аска бетиндеги сүрөттөрдө ийгиликтүү аңчылыкты шарттаган ырым-жырым бийлери сакталып калган. Бул сүрөттөрдө жаныбарлар сыяктанып кийинген шамандар өзгөчөлөнүп турат. Байыркы адамдар шамандардын образы аркылуу адамдын өмүрү м-н өлүү-мүн, жаны м-н денесин терең түшүнүүгө аракет кылышкан.

Кыргызстандын аймагында ислам 9–12-к-да таралган. Кыргыздарды мусулмандаштыруу ж-дөгү тарыхый маалыматтар 16-к-га таандык «Тарих-и Рашиди», «Мажму ат-таварих», «Жалис жана Муштадин», «Зийа ал Кулуб» ж. б. эмгектерде кездешет. Осмон түрктөрүнөн чыккан Сейфи (16-к.) кыргыздарды «мусулман да, капыр да болгон эмес» деп жазган. Махмуд ибн-Вели (17-к.) кыргыздарды капырлар деп атап «алар өлкөгө өзбектердин келиши

менен мусулман болуп калышы ыктымал» деген. 17-к-да Тениртоолук кыргыздарга жунгарлардын бир катар кол салууларынын мезгилинде кыргыздардын бир бөлүгү мусулман калкы жашаган Фергана өрөөнүнө жана ага тутумдаш тоолуу райондорго оошуп отурукташуусуна байланыштуу мусулман дини кыргыздарга кеңири тарала баштаган. Жунгар хандыгы кулагандан кийин кыргыздар мурдагы жашаган жерлерине кайтып келиши менен мусулмандашуу процесси кайрадан солгундаган.

Кыргыздардын арасында ислам дининин кеңири таралышы Кокон хандыгынын учуруна туура келет. Анткени, динди таратуу Кокон башкаруучуларынын саясатынын бир бөлүгү болгон. Кыргызстандын аймагындагы стратегиялык мааниси бар жайларда чептер курулуп, мечиттер салынып, кокондук молдолор мечиттерди тейлей баштаган. Бирок кыргыздардын диний турмушунда мечиттин ролу чектелген абалда болду. Анткени, мечиттер көбүнчө чеп ичинде курулуп, ал эми кыргыздар болсо чептен оолагыраак көчүп жүрүүгө аракет кылышкан. Ошого карабастан 19-к-да кыргыздар маңызын терең түшүнбөсө да, исламдын негизги ырым-жырымдарын өздөштүрө баштаган.

Кыргыз коомунун исламдык башаты жөнүндө 16-к-дын башында жазылган «Мажму ат-таварихте» да айтылат. «Манас» эпосунан исламдан тышкары буддизм, христиан диндери жөнүндө бир аз маалыматтарды кездештиребиз. Өзгөчө Кошойдун башынан өткөргөндөрү жөнүндө айтылганда бут же буткана деген терминдер кездешет. Эпостун саптары жазуу эстеликтеринде берилген идол жөнүндөгү маалыматты бекемдейт, анда алтын идол ж-дө айтылат. Кыргыздарда буддизм же анын көрүнүштөрү белгилүү болгондугун «Манас» эпосундагы башка терминдер да күбөлөйт. Мис., буддизмге тиешелүү «Буркан», «лаайлама», «лаанат», «лаанат-маанат», «кут» ж.б.

БУТКАНА – бутпарас динин туткандардын табынган жайы. Бул тууралуу «Зийа ал-кулуб» аттуу суфийлер ж-дөгү кол жазмада маалыматтар келтирилген: кыргыздар өзүлөрүнүн оорулуу жол башчысы Серйуктун маңдайына олтурушуп, тамак алдыга келгенде ар кимиси эттен бир тилимден кесип алышып, идишке салышкан. Эт салынган идишти даректын түбүнө коюшуп, анын алдына ийилип турушкан. Даракта күмүш бут (идол) илинип турган, анын айланасында жыгачтан ж-а таштан чегилип жасалган эки миңге жакын буттар коюлган. Бул жер кыргыздардын Б-сы болгон. Кол жазмада буттун аты «талбийа – йижакар» деп аталган. «Бут» термини кыргыздарда «кут» түрүндө да айтылган. Кут – күмүш, коргошун же калайдан жасалып, көк же кызыл чүпүрөк кийгизилген адамдын келбетин элестеткен. Аны мал-жандыктарды ырымдаганда сууга салып, сууну малга чачышкан. Бутпарас түшүнүгү кыргыздар исламды толук кабыл алганда унутулуп калган.

«Манаста» христиан дини ж-дө да бир аз болсо да маалыматтар берилген. Бул динге тиешелүү эстеликтер Бишкекке жакын жерлерден көп табылган.

Оозеки чыгармачылык. Элдик искусство

Борбор Азиядагы көпчүлүк калкка мүнөздүү а.и. кыргыздардын да башынан өткөргөн тарыхый окуялары көчмөн турмушка негизделген оозеки чыгармачылыкта кеңири чагылдырылган. Кыргыз элинде оозеки чыгармачылык өзгөчө өнүгүп, а.и. оозеки чыгармачылыктын гана эмес, жалпы эле кыргыз маданиятынын туу чокусу болгон «Манас» эпосу элдин тарыхын, тилин, этнографиясын, философиялык көз караштарын, психологиясын, рухий жана социалдык-саясий турмушун изилдөөнүн эң баалуу булагы катары эсептелет.

Эпосто баатыр Манастын образынын айланасында үчилтиктин окуялары өнүгүп, негизги идея – кыргыздын бытыранды уруу-ларын бириктирүү идеясына багытталат. «Манас» үчилтигинин 1-бөлүгү Манас баатырдын Бээжинде жеңилиши, эр жүрөк баатырлары Алмамбет, Чубак, Сыргак, Эр Көкчөнүн өлүмү, Манастын өзү да катуу жарадар болуп, дүйнөдөн кайтышы менен аяктагандыктан, эпопеянын андан ары уланышына шарт түзүлөт. Үчилтиктин 1-бө-лүмүнүн кайгылуу аякталышы реалдуу чындык деңгээлинде көтөрүлгөн. Манастын керээзинде уруулар арасында чыр-чатактар, Манас баш коштурган кыргыз элинин күч-кубатынын начарлагаңы ж-дө айтылат. Манастын уулу Семетейдин төрөлүшү келечекте атасы үчүн өч алууну алдын ала шарттайт. Ошентип, 1-бөлүк менен идеялык жана сюжеттик жактан байланышкан 2-болүк пайда болуп, анда өз аталарынын эрдиктерин кайталап, чет жердик баскынчыларды талкалап чыккан Семетейдин турмуш жолу менен эрдиктери баяндалат.

«Семетей» баатырдык поэмасы – үчилтиктин бир кыйла көп айтылуучу бөлүгү. Анын тарыхый фону болжол менен жунгарлардын басып кирүү мезгилине туура келип (16–18-к.), окуялар Борбордук Азия аймагында өтөт. Поэманын эр жүрөк каармандары баштагыдай эле адилетсиздиктин курмандыгы болушат. Бирок, буга чет жердик баскынчылар эмес, элди бузган уруу башчылары же хандар, б.а. ички душмандар себепкер болушкан.

Ички душмандарга каршы күрөшүүнү эпикалык баяндоого «Сейтек» бөлүмү арналат. Анда акыры адилеттик жеңип чыгат. Семетей менен Сейтектин образдарында элдин Манас ж-дөгү легенданы укум-тукумдарына сактап калууга умтулуусу көрүнөт. Эпосто кыргыз элинин тагдырына байланыштуу өтө урунттуу тарыхый окуя-

лар ар кыл даражада чагылдырылган. Сюжеттин курулушуна Түрк кагандыгынын тарыхына байланышкан орто кылымдын алгачкы мезгили, о. эле Борбордук Орто Азиянын аймагындагы элдердин, уруулардын жер которуштуруусуна, ассимиляцияланышына алып келген монголдордун басып кирүү доору, Жунгар хандыгынын түзүлүш мезгили да из калтырган.

«Манас» элдик адабияттын эң ири эстелиги катары кыргыз тилинин калыптанышында, сөздүк курамынын байышында чоң роль ойногон. Ошондой эле кыргыз элинин этикалык нормаларынын, улуттук мүнө-зүнүн калыптанышына олуттуу таасир тийгизип, азыркы күндө да анын тарбиялык мааниси баа жеткис. «Манас» эпосу элдик оозеки чыгармачылыктын дүйнөлүк мыкты үлгүлөрүнүн арасында татыктуу орунда турат. Көлөмү жагынан дүйнөдө теңдешсиз «Манас» үчилтиги менен катар эле оозеки чыгармачылыкта кенже эпостор да зор мааниге ээ. Кенже формадагы эпостор да баатырдык менен каармандыкты даңазалоого арналып, коомдун социалдык-турмуштук проблемалары лирика-романтикалык маанайда баяндалат. Алар ар башка дооpлордун окуяларын камтып, акын аткаруучулардын таланттары менен байыган. «Эр Төштүк», «Кожожаш» өндүү дастандар мифологиялык-жомоктук негизде курулуп, байыркы доордон кабар берет. «Эр Табылды», «Курманбек» дастандарында кыргыздардын кийинки учурлардагы уруулук чыр-чатактары, чет элдик баскынчыларга каршы күрөшү баяндалат. «Олжобай менен Кишимжан», «Саринжи-Бөкөйдө» кыргыз урууларынын тарыхындагы ар кандай доордун социалдык-турмуштук проблемалары романтикалык маанайда чагылдырылган.

Кыргыздардын маданиятында элдик оозеки поэтикалык чыгармачылык кенири роль ойногон. Анда элдин тарыхый тагдыры, өзгөчөлөнгөн байыркы маданияты, эмгеги, үмүтү, тилек-максаты, жаратылышы, каада-салты поэтикалык деңгээлде кенири чагылдырылган. Нечендеген кылымдарда ар кандай тагдырга туш келген кыргыз эли фольклорго өтө бай. Эмгек процессин камтыган – эмгек ырлары, салт-каадаңы чагылдырган – салт ырлары, элдик ырым-жырымдарга ылайык эм-дом ырлары, лирикалык секетбай, күйгөндөр, мелдеш айтыштар да түгөнбөс казына. Кыргыздар басып өткөн узак тарыхый жолдо кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы да өнүгүп келген.

Кыргыз элинин философиялык ой толгоолору эпостор, дастандар, төкмө акындардын ырлары менен катар чечендик өнөрлөрдө акылман олуялардын сөздөрүндө, иштеринде да кенири чагылдырылган. Бул багытта *Асанкайгынын*, *Толубай сынчынын*, *Санчы сынчынын*, Жээренче чечендин аттары, алардын көптү алдын ала көрө билген акылман олуялыктары эл оозунда макал-ылакап ка-

АСАН КАЙГЫ – ойчул, акылман ж-а акын. Болжолу 14-к-да жашаган. А. К-нын айтылып жүргөн аңыз-окуялары Алтын ордонун хандарынын бири Жаныбектин заманы м-н байланыштыруу, анын адилетсиз бийлигинен жабыркаган калктын оор турмушун, кайгы-муңун тең бөлүшкөн акын, ойчул адам катары мүнөздөлүп, элдин мүдөөсүн, кызыкчылыгын коргоо анын чыг-нын негизги мазмунун түзөт. А. К-нын философиялык, турмуштук көз карашынын негизин жандууну жана жансызды аёо – асанкайгылык түзөт. Бүтүндөй жан-жаныбарлар дүйнөсү акылмандын көз алдына тартылып, катуу суукта боорун жерден көтөрө албаган бака, басууга буту жок жылан, кышка камы жок доңуз ж.б. кантти экен?-деген убайымды чегет. Мындай жагдайда адамдардын турмушу тууралуу да акылман отун, суусу жок жесир кантти, башында киери, ичээрге тамагы жок, жеңеден жеме угуп күн көргөн жетим кантти, боюн токтото албай калчылдаган карынын, кепичин кийе албай, келини тил албай, айласы куруган кемпирдин күнү не болду? – деп кейиген. А. К-нын мурасы толугу м-н жеткен жок. Көпчүлүгү аңыз-аңгеме, уламыш түрүндө эл ичинде сакталып келген.



ТОЛУБАЙ СЫНЧЫ – элдик уламыш-легендалар б-ча 14–15-к-да жашаган кыргыз сынчысы ж-а акылман-ойчулу. Т. с. жаратылыштын ж-а коомдук турмуштун маселелерин тааныл-билүүдө алысты көрө билген адам болгондугу айтылат. Ал Жаныбек хандын тушунда жашап, өз заманында жаныбарлардын касиетин, өзгөчө жылкылардын күлүктүгүн, тулпар чыга тургандыгын алдын ала баамдай алгандыгы, көрөгөчтүгү, сынчылыгы м-н даңазаланган мыкты саяпкер болгон. Т. с. эл арасында чечендиги, акылмандыгы, ойчулдугу м-н да таанымал болуп, ханга да тайманбай сөз кайрыган, элди ынтымакка чакырган инсан катары айтылат. Элдик уламыштардын негизинде кыргыздын белгилүү акыны Алыкул Осмонов «Толубай сынчы» поэмасын жазган.



САНЧЫ СЫНЧЫ, С а н с ы з – тарыхый уламыштар б-ча 17–18-к-да жашаган кыргыз сынчысы. Солто уруусунан чыккан. С. с. айт-каны айткандай туура келген, өтө кыраакы, баамчыл адам болгон. Санчынын сынчылыгына байланышкан уламыштарда ал солтонун балдарын сынап, кимиси мыкты чыгарын алдын ала айткандыгы, Кудаян ханды сынап, элдин башына оор заман келе тургандыгы, хандын жолу болбостугун, Болот бийдин аялы Таалекеден Эсенгул баатырдын төрөлө тургандыгы ж.б. тарыхый окуялардын боло тургандыгын алдын ала айткандыгы айтылат.



тары бүгүнкү күндөргө чейин айтылып калган. Бирок, алардын эмгектери философиялык ойлору бири-бирине оошуп реалдуулуктан көрө легендага жакыныраак болуп калган. Ушуга байланыштуу аталган инсандар легендарлуу ойчулдар деп аталышат.

Элдин оозеки көркөм чыгармачылыгында негизинен он менен терс, жакшы менен жаманды баяндаган калыс ырлар (санат, насыят), күндөлүк эл турмушунун түрдүү көрүнүш-төрүнө, учурларына байланышкан кара ырлар (айтыш, мактоо, кордоо, арноо, арман, сүйүү ж. б.), үрп-адаттык атайын эрежелерге ылайык айтылуучу салт ырлары (ырым, жоктоо, керез, угузуу, көрүшүү, оюн ырлары, бешик ырлары ж. б.) бар.

Жасалга-колдонмо өнөрү байыркы доордо эле калыптанып өнүгүп келген. Анын материалдык негизин – мал чарбачылыгынын продуктулары, жыгачты, металлды ж. б. иштетүүгө байланышкан үй өндүрүшү түзгөн. Үйдөгү өндүрүш жана кол өнөрчүлүк-түн өнүгүшү жалаң эле үй тиричилигине жана турмуштук зарылчылыкка шарттабастан, элдин сулуулукка, кооздукка, өнөргө умтулуусуна да байланыштуу болгон.

Эстетикалык керектөөнү канааттандырууга, тиричиликти көркөмдөөгө болгон мүмкүнчүлүктү толук пайдаланууга умтулуу – көркөм кол өнөрүнүн ар тармагын өнүктүргөн. Ал өзүнүн көп түрдүүлүгү, оймо-чиймесинин (орнаменттик) тактыгы, өзгөчолүгү түстөрдүн жана тондордун айырмалуулугу, бай, ажайып фантазиясы менен белгиленген. Көчмөн турмуш көркөм искусствонун өнүгүш мүмкүнчүлүгүн чектегенине карабастан, узакка пайдаланууга ылайыкташтырылган турмуш-тиричилик буюмдары (турак-жайынын ички, тышкы жасалгасы, аялдардын кооздук, асем буюмдары, ат жабдыктары) гана эмес, күнүмдүк кийим-кече, үй тиричилигинде дайыма урунула турган буюмдары дагы көркөм чыгармачылыктын деңгээлин көрсөтө алган.

Көркөмдөлгөн буюмдар турмуш-тиричиликте пайдаланылып, элдин ан-сезиминде кол өнөрү турмуш-тиричиликтен ажырагыс болуп эсептелген. Кыргыз көркөм өнөрүнүн кайталангыс шедеврлери сыймыктануурга татыктуу болсо дагы, ал көркөм чеберчиликтин уникалдуу үлгүсү катары бааланбастан, турак жайдын же интерьердин бир бөлүгү, кийим-кече, же ат жабдыгынын ажырагыс элементи катары кабыл алынган да анын көркөмдүүлүгүнө караганда, пайдаланууга ыңгайлуулугу жогору бааланган. Өнөрчүлүктү элдин маданиятынын, искусствосунун рухий турмушунун башка тармактарынан бөлүп карооого болбойт. Кол өнөрчүлүктүн чыгармалары, оюу-чийүү орнаменти, элдик поэтикалык оозеки жана музыкалык чыгармачылыгы менен өз ара байланышта өнүгүп, бири-

бирине таасирин тийгизгендиги алардын ортосундагы жалпы белгилерден байкалат. Элдик оймо-чиймелер жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүн, көчмөн тиричиликти чагылдырат. Кыргыздардын чыгармачылыгында жүндөн жасалган көркөм буюмдар да негизги орунду ээлеген. Кийиз – көчмөн адамдын тиричилигинде эзелтен эле анын, турак-жайы менен төшөнчү-орунунун, кийимкечеси менен ат жабдыктарынын, эмерегинин ажырагыс бөлүгү. Шырдак менен ала кийиз кыргыз элинин кийизден буюм жасоодогу зор чеберчилигинин далили. Кыргыздын кайталангыс оймо-чиймелер менен кооздолуп, чырмалган чийлери да көркөмдүүлүгү менен өзгөчөлөнөт. Саймачылык өнөрүнүн техникалык ыкмалары жана оймо-чийме мотивдери өтө ар түрдүүлүгү менен айырмаланат.

Кымыз куюучу көөкөрлөр, чыны каптар ж.б. буюмдар өздөрүнүн кайталангыстыгы менен өзгөчөлөнөт. Наар түшүрүлгөн ат жабдыктары да өтө зор көркөм баалуулукка ээ. Элдик зергерлер кооздук, асем жасалгаларын жасоодо байыркы техниканы 20-к-га чейин сактап келишкен. Айрым усталар металлга оюу түшүрүп, калыпка металл куюп, наар түшүрүп, асыл таштарды бүртүктөсө, экинчилери алтын-күмүш зымдарын кооздоп ийүү чеберчилигин өздөштүргөн. Дагы бирөөлөрү ат жабдыктарды, кемер-курларды, булгаарыны, жыгач буюмдарын боз үйдүн жыгачын жасоого адистешкен. Жергиликтүү зергерлердин күмүш билерик, шакек, сөйкө, чачпак ж.б. жасалгалары аялдардын кийимдерине көрк берип турган. Кырмачылар байыркы эң жөнөкөй куралдар менен табак, кесе ж.б. жыгач идиштерди жасашкан. Жыгач усталардын боз үйдүн каалгаларына, жүк жыюучу такталарга, сандык жана түрдүү кутуларга түшүргөн релъефтик жана контурдук кооз оймолору көз жоосун алат. Кыргыз элинин улуттук маданиятынын ажырагыс бөлүгү болуп калган элдик өнөр элдин байыркы маданиятын, мүнөзүн жана рухий дүйнөсүн, көркөм ой жүгүртүүсүн, этностук байланыштарын чагылдырган тарыхый дарек катары абдан баалуу.

Кыргыз эл музыкасы – элдин маданиятын, дүйнөгө көз карашын, турмуш-тиричилигин, тарыхын, этностук жана эстетикалык идеяларын чагылдыруучу баа жеткис мурас. Анын тамыры байыркы замандардан башталат. Кыргыз музыкасы ж-дөгү алгачкы жазуу маалыматтары бир катар адабияттарда кездешет. Кытайдын белгилүү дин кызматкери жана саясатчысы Сюань-Цзань 630-ж. азыркы кыргыз жеринде болуп, жергиликтүү эл ж-дө: «Мени тосуп алууга арналган той кулакка жагымдуу, жүрөк менен көңүлдүү эргиткен лирикалык күү менен башталды», – деп белгилеген. Бирок ушул убакка чейин байыркы кыргыз музыка өнөрү туу-ралуу кабарлаган буюм, маданият эстеликтери табыла элек. Кыргыз эли-

нин музыкалык фольклору кагаз бетине түшүрүлбөгөндүктөн, искусствонун бул тармагын тарыхый мезгилдерге бөлүү өтө кыйын. Кыргыз эл музыкасы түрк элдеринин, айрыкча казак, хакас, түркмөндөрдүн музыкасына жакын. Кыргыздарда өзүнчө музыка теориясы, улуттук музыкалык-поэтикалык өнөр илими, тажик элиникиндей музыкант-окумуштуулар болгон эмес. Кыргыздарда айтышуу ыкмасындагы аткаруу кеңири тараган. Фольклор оозеки түрдө гана жашап, ал эми эл музыканы эске тутуу жолу менен бири-биринен үйрөнүшкөн. Ошондуктан тигил же бул музыкалык чыгарманы аткарган адам аткаруучу гана эмес, ошол күүнүн жаңы вариантын жаратуучу да болуп калган. Кыргыздын музыкалык өнөрүн комузда, кыякта (кыл кыяк), темир (жана жыгач) ооз комузда, чоордо, сыбызгыда ж. б. аспаптарда ойноп, күү чыгарган өнөрпоздор байытышкан. Салттык кыргыз күүлөрүнүн ичинен «Камбаркан», «Кетбука», «Ботой», «Кербез», «Шыңгырама» сыяктуу кылым карыткан күүлөрү бүгүнкү күнгө чейин жеткен. Кыргыз күүлөрүндө элдин турмушундагы орчундуу окуялар, жашоо-турмушту, дүйнөгө болгон көз карашты чагылдырган философиялык ой толгоолор камтылган.

КЫРГЫЗСТАН РОССИЯ ИМПЕРИЯСЫНЫН ЖАНА СССРДИН КУРАМЫНДА

КЫРГЫЗСТАНДЫН РОССИЯГА КАРАТЫЛЫШЫ

Кыргызстандагы саясий абал жана кыргыз-орус мамилелери

18-к-дын аягы –19-к-дын ортосунда кыргыз коомчулугу татаал процесстерди башынан кечирип жаткан. Кыргыздардын бирдиктүү мамлекеттик түзүлүшү болбостон, геогр-лык шартка ылайык, бир нече саясий бирикмелердин таасиринде жашап турган. Түштүк кыргыз уруулары 18-к-дын акыркы чейрегинде Фергана, Памир, Тоолуу-Бадахшан, Оротөбө, Жызак, Кожент чөлкөмдөрү Кокон мамл-не биротоло бириктирилгендигине байланыштуу анда жашаган кыргыздар хандыктын туруктуу калкына айланып калган.

Кыргызстандын түндүк бөлүгү бул мезгилде ар бири өз алдынча бийлик жүргү-зүшкөн уруу башчыларынын – чоң манаптардын кол алдында эле. Мис., сарыбагыштан – Тынай, Атаке, Эсенгул, Ормон, бугудан – Карга, Бийназар, Меңмурат, Боромбай, солтодон – Түлөберди, Жайыл, Канай, Жаңгарач, саяктан – Садыр хан, Жанболот, Качыке, Тайлак, саруудан – Бердике, Туума бий, кушчудан – Жетим бий, Бүргө баатыр, мундуздан – Тыныбек ж. б. өз алдынча бийлик жүргүзүп турушкан. 19-к-да азыркы Чүй облусунун аймагында сарыбагыш, солто; Ысыккөлдө – бугу, саяк, сарыбагыш; Нарында – моңолдор, черик, басыз, сарыбагыш, чекир саяк, азык; Таласта – кушчу, саруу, кытай, жетиген; Жалалабатта – багыш, мундуз, саяк; Ошто – адыгине, мунгуш, найман, тейит; Баткенде – төөлөс, оргу, жоокесек, бостон, ават, кесек, канды, тейит, найман ж. б. жашаган. Ичкилик уруу бирикмесине кирген кыргыз уруулары Өзбекстандын, Тажикстандын, Ооганстанга кирген Памирдин Кыргызстанга чектеш аймактарында жашашкан. Чыгыш Түркстанда басыз, саяк, чоң багыш, төөлөс, солто, сарт, тейит,



АТАКЕ БААТЫР, Атаке Тынай бий уулу (болжол м-н 1738 – өлгөн жылы белгисиз) – 18-к-дын 2-жарымында Чүй өрөөнүндөгү сарыбагыш уруусунан чыккан бий. Кыргызстандын түндүгүндөгү кыргыз урууларын башкарган. Орус тарыхый булактарында «князь» делет. 1718–22-ж. кыргыздардын көл кылаасындагы Чүй, Талас дарыяларынын бойлорундагы жерлерди Жуңгар хандыгы басып алган. Атакенин атасы Тынай бий жетектеген кыргыз уруулары Түштүк Кыргызстанга Анжиян ш-на жакын чөлкөмгө жер которууга мажбур болушкан. 40-жылдардын башында жуңгарлардын айрым урууларынын ичара чыр-чатактарынан пайдаланып, кыргыздар мекенине кайта баштаган. Туулган жерин бошотуу үчүн жуңгарларга каршы согушууга туура келген. Жуңгарлар м-н чечүүчү салгылаштан кийин А.б. м-н Бердике баатыр Токмоктун түштүк тарабындагы Көкжар капчыгайында Жуңгар аскер башчысы Доргул м-н кездешишет. Салгылашта А.б. Доргулду найза м-н са-йып өлтүргөн. Жуңгарлар кача баштаган. А.б. жоокерлери м-н Чүй өрөөнүн душмандардан толук бошоткон. Согуш аракеттерин улантуу м-н А.б. жетектеген жоокерлер Чоңкеминди бошотуп, Торуайгыр ашуусу аркылуу Ысыккөл өрөөнүнө түшүп, көлдүн түндүк тарабын душмандардан тазалаган. А. б. Россиянын борбору Санкт-Петербургга алгачкы элчилик жиберип (1785–88), Россия м-н дипломатиялык байланышты баштаган. Элчилери Абдырахман м-н Шергазы аркылуу Россия императору Екатерина IIге кайрылып, кыргыз элине жөлөк болуусун өтүнгөн ж-а кыргыз жергеси аркылуу өтүүчү Россиянын кербендеринин коопсуздугун камсыз кылуу милдетин ала тургандыгын билдирген. 1825-ж. Кокон хандыгынын кысымынан Атаке сарыбагыш уруусунун бир бөлүгү м-н Ысыккөлгө убактылуу журт которуп кеткен. Атакенин баласы – Карабек, Карабектен Жантай, Жантайдан Шабдан. Кийинчерээк кыргыздар Россиянын курамына бириктирилгенден кийин А.б-дын укум-тукуму Атаке болуштугун түзүшкөн.

найман кыпчак, бугу, черик, нойгут, б. а. ичкилик, оң, сол кыргыз урууларынын аз-аздан өкүлдөрү жашаган. 18-к-дын аягынан Түндүк кыргыздарга Кокон хандыгы да кысым көрсөтө баштаган. Мындай кырдаалда айрым кыргыз бийлери Россия менен мамиле түзүп, анын колдоосуна ээ болуу менен гана өздөрүнүн бийлиг-ин, саясий өз алдынчалыгын сактап калууга болот деп түшүнүшкөн.

Россия менен саясий байланыш түзүү аракетин алгач Чүй боорунда жашаган сарыбагыш уруусунун бийи *Атаке баатыр* жасаган.

Россияга бара турган биринчи элчиликке *Абдырахман Кучак уулу* жана *Шергазы* тандалган. 1785-ж. 23-августунда Омскиге келип жеткен кыргыз элчилери Сибирь генерал-губернаторуна Атаке баатырдан кат жана эки аргымак, Екатерина IIге атайын расмий кат, бир кул, үч илбирстин жана беш сүлөөсүндүн терисин тартуулашкан. Элчиликтин негизги максаты Россиянын колдоосуна ээ болуу, Борбордук Азиядан жана Чыгыш Түркстандан Россияга карай чыккан соода кербендеринин маршрутун өзгөртүп, Кыргызстан



АБДЫРАХМАН Кучак уулу – элчи, сарыбагыш уруусунун бийи *Атаке баатыр* орус императору Екатерина IIге жиберген элчилердин башчысы. Элчилер 1785-ж. сапарга аттанып,Омск – Петропавловск – Челябинск – Екатеринбург – Москва – Петербург маршруту б-ча жол кезишкен. Алар Екатерина IIге Атаке бийдин атынан үч илбирс, беш сүлөөсүн терисин тартуулашкан. Екатерина II элчилерди жакшы сыйлап, Атаке бийге 800 сом күмүш акча бердирип жиберген. Элчилер 1789-ж. 2-январда Омскиге жетишкен. А. 1789-ж. 20-июнда дүйнөдөн кайткан.

аркылуу өтүүсүн камсыз кылуу болгон. 1785-ж. 29-декабрында Петербургга келишкен кыргыз элчилерин, Екатерина II 1786-ж. 15-мартта гана кабыл алат. Атаке баатыр элчилеринин кайтып келишин күтпөй эле, 1788-ж. жайында Омскиге Сатынбай Абдрахман уулу башында турган экинчи элчиликти жиберген. Россияга барган алгачкы элчилер өздөрүнүн милдетин ийгиликтүү ишке ашырышкан. Кыргыздар менен Россиянын ортосунда туруктуу байланыш түзүлбөсө дагы, кийинки дипломатиялык мамилелердин калыптанышына биринчи кадам жасалган.

1825-ж. күзүндө Жыргалаң суусунун боюнда бугу уруусунун бийлери курултайга чогулушуп, Россиянын же Кокондун букаралыгын кабыл алуу маселесин талкуулашып, Россияга кошулуу ж-дө чечим кабыл алынат.

ТҮНДҮК КЫРГЫЗСТАНДЫН РОССИЯГА КАРАТЫЛЫШЫ

1840–50-ж. саясий кырдаал жана Ысыккөлдүк кыргыздардын Россия букаралыгын тааныусу

19-к-дын 40-жылдары Түндүк Кыргызстанда айрым уруулар саясий жактан биригүүгө, кээ бирлери уруулук-уруктук деңгээлдеги өз алдынчалыкты камсыз кылууга аракет кыла баштаган. Түндүк Кыргызстандын чегиндеги саясий биримдикти орнотууга багытталган сарыбагыш манабы *Ормон Ниязбек уулунун* аракеттери айрым уруу төбөлдөрүнүн сепараттык маанайдагы мүдөөлөрү менен коштолгон. Алсак, Ысыккөл кыргыздары Ормондун хан жарыяланышына жооп кылышып манап Боромбай Бекмурат уулун бугу уруусунун башчылыгына көтөрүшкөн.

Сарыбагыш жана бугу урууларынын бий-манаптарынын өз ара тирешүүсү алардын тышкы саясатына да терең таасирин тийгиз-



ОРМОН ХАН, Ормон Ниязбек уулу (1791, Жылгынбашы, азыркы Токмок ш. – 1854) – 19-к-дын ортосунда Түндүк Кыргы тандын бириктирүүгө – өз алдынча хандык түзүүгө аракеттенген сарыбагыш уруусунун чоң манабы. Хан атагына арзыган тарыхый инсан. О. он жети жашынан жоого каршы жортуулдарга катышып, нечен ирет жекеге чыгып, эрдиктин үлгүсүн көрсөткөн. Отуз жашынан эл башкарууга активдүү аралаша баштаган. Башкарууга табигый шыкжөндөмү, акылмандыгы, көсөмдүгү үчүн кадыр-баркы артып, эл Ниязбектен кийин О-дун бийлигине моюн сунган. О. х. сарыбагыш, саяк, бугулардан тышкары солто, черик, чоңбагыш, кушчу, саруу ж.б. түндүк кыргыз уруулларын бириктирүүгө көп күч жумшаган. Көздөгөн максатына жетиш үчүн ал 40-жылдардын баш ченинде (Белек Солтоноевдин жазганы б-ча 1830–31-ж. Ортотокойдо хан көтөрүлгөн) Балыкчыга (айрым маалыматтар б-ча Ортотокойго) атайын жыйын чакырган. Көчмөндөрдүн эзелки каада-салты б-ча 9 ак боз бээ союлуп, ак кийиз жайылып, О.хан көтөрүлгөн. Хан бийлигинин белгиси катары ага кызыл (төбөсү кымбат баалуу кездеме м-н тышталган суусар) тебетей кийгизишкен. Өзүнүн хандык туусу болгон. Хандык бийликти биринчи кезекте ал тартипти чыңдоодон баштаган. 1847-ж. Кенесары м-н кармашта жетишкен жеңишти О. х. өз бийлигин чыңдоо үчүн пайдаланган. О. х. согуш өнөрүн мыкты билгендиги Кенесары м-н согушта колдонгон түрдүү согуштук айла-амалдарынан көрүнгөн. Алар эл ичинде «Ормон опуза» деп аталып калган. О. х-дын мыйзамдарынын жыйындысы «Ормон окуу» деген ат м-н белгилүү. Ал айрым жылдарда Кокон чептерине, сарбаздарына кол салып турган. 1842-, 1848-, 1851-ж. Ысыккөлдөгү, Чүйдөгү Кокон сарбаздарына оор сокку урган. Тилекке каршы О. х. канчалык жан үрөп аракет кылганы м-н кыргыз уруулларын саясий жактан толук бириктире алган эмес. Орус окумуштуусу А. Бернштам О. х-ды орус падышасы Иван Грозный м-н салыштырып, «Ормон – малый Грозный» деп баа берген.

ген. Ормон хандын мамлекеттик биримдик түзүп, орустар менен мамилени так аныктоо боюнча мүдөөлөрүн бугу манаптары колдогон эмес. Анын натыйжасында орус администрациясы бугу кыргыздары менен тыгызыраак алака күтүү саясатын жүргүзүп, бугуларды алгачкылардан кылып Россиянын курамына кабыл алган.

19-к-дын экинчи жарымындагы Сарыбагыш жана бугу уруулларынын бий-манаптарынын бир нече жылга созулган ич ара тирешүүсү бугу-сарыбагыш чабышына алып келген. Ормон хан бугуларга каршы согуштук аракеттерди жүргүзүү менен Ысыккөл кыргыздарын өзү курууга ниеттенген хандыкка толук моюн сундурууга умтулган, о. эле Ысыккөл кыргыздарынын бейжоп Россия менен жакындашышы Ормон ханга жаккан эмес. Бул чабыштардын биринде, 1854-ж. Ормон хан колго түшүп, өлтүрүлөт. Ормондун кунун кууган сарыбагыштар, Ормондун кол башчысы Төрөгелдинин жана Ормон уулу Үмөтаалынын жетекчилиги менен кайра-кайра жортуул уюштуруп, бугулардын тынчын алган. Боромбай баш бол-

гон бугунун бир топ айылы Каркыра менен Текеске чегинет. Ушундай коогалануу шартта бугунун баш манабы Боромбай кыргындан кутулуунун бирден-бир ылаажысы – Россиянын букаралыгына өтүү деген бүтүмгө келет. Бул максат менен манап Качыбек Шераалы уулу баштаган бугунун элчилиги 1854-ж. 26-сентябрда Батыш-Сибирь генерал-губернаторлугунун борбору Омск ш-на барышкан жана 1855-ж. 17-январда Омскидеги ак сарайда өз элинин ишенимдүү өкүлү катары Качыбек Шераалы уулу Россиянын карамагына өткөндүгү ж-дө куран кармап ант берген. Ысыккол кыргыздарынын Россияга расмий түрдө кошулушу кыргыздардын тарыхында маанилүү окуя катары бааланат. Ушул окуядан кийин бугу менен сарыбагыш урууларынын ортосундагы жанжал басандаган. Бирок, эки уруунун чыр-чатагы Түндүк Кыргызстан Россиянын карамагына толук киргизилгенге чейин (1868-ж.) тыйылган эмес.

Чүйлүк жана Таластык кыргыздардын орус букаралыгын кабыл алышы

19-к-дын 60-жылдарында Кокон хандыгы менен Россиянын тирешүүсү күч алып, Жетисуу аймагы, а. и. Чүй өрөөнүндө бул карама-каршылыктар даана байкалган. Түштүк кыргыздарынан айырмаланып, түндүк кыргыздары Кокон хандыгынын саясий турмушунун пассивдүү байкоочулары болушкан. 1860–62-ж. сарыбагыш уруусунун тынай уругунун манаптары хандыктын саясий турушуна жандуу аралашууга далалат жасап көрүшөт. Бирок хандыктагы саясий окуялардын өнүгүү өңүтүн ачык баамдай алышпагандыктан улам, так ээлери менен мамилелерин үзүүгө мажбур болушкан.

Чүй боорундагы кыргыз урууларын Россиянын курамына киргизүү маселесине падыша өкмөтү чечкиндүү киришкен. Ал үчүн орус аскерлери Чүй өрөөнүндөгү кокондук чептерди ээлеши керек эле. Муну сезген Кокон ханы да ак падышанын колу менен бетташүүгө камынып, Чүйгө сарбаздарын топтогон. Россия менен кокондуктар тирешип турган мезгилде чүйлүк кыргыздар бейтарап абалда болушуп, көпчүлүгү тоо аралай жайлоолорго көчүп кетишкен. Падыша аскерлери Циммермандын кол башчылыгы астында 1860-ж. 23-августта Верныйдан чыгып, 26-августта Токмок чебин басып алып, аны 28-августта толук кыйраткан. Чептеги 100 сарбаз колго түшүрүлгөн. Ошол күнү ага казак-орус кошууну менен А. Г. Колпаковский кошулган. Эртеси алар Бишкекти көздөй бет алышат да, 31-августта бул чепти ээлешкен. Коргондун кыйла бөлүгү кыйрап, акыры Атабек датка, Алишер датка баштаган 627 сарбаз багынып берген.



ШАБДАН Жантай уулу (1839, Чүй өрөөнү, Көкжар жайлоосу, азыркы Чүй р-ну Онбиржылга айыл өкмөтү – 1912) – Чүй, Кемин өрөөнүндө жашаган сарыбагыш уруусунун тынай уругунан чыккан манап, саясий, коомдук ишмер. Жантай хандын уулу. Жаштайынан эле саясий турмушка аралашкан. 1860-жылдын акырында Кокон хандыгынын колбашчысы Канат шаага кошулуп, Ташкенге барган. Узунагачтын жанындагы орус аскерлерине каршы урушка катышкан. Ташкен ш-н коргоодо көрсөткөн каармандыгы үчүн Кудаяр хан аны Түркстан ш-нын беги кылып дайындаган. Бирок анда иштебей, атасынын таасири м-н орустарга өтүп, өмүрүнүн аягына чейин ак падышага кызмат өтөгөн. Ал Токмоктогу уезддин начальниги ж-а Жетисуу аскер губернатору м-н тыгыз байланышта болгон. 1868-ж. орус букаралыгына өтүүгө каршы чыккан саяк уруусунун манабы Осмондун көтөрүлүшүн басууга катышкан. 1876–77-ж. генерал Скобелевдин алайлык кыргыздарды Россиянын карамагына өткөрүү ишине көмөк көрсөткөн. 1878-ж. жигиттери м-н Атбашынын түштүгүндө орустардын чалгындоо отрядын коштоп жүргөн. Орус падышалыгына кылган кызматы үчүн Ш. сыйлыктарды алып турган. 1883-ж. ал падыша Александр IIIнүн тактыга отуруу аземине катышып, аскер старшинасы наамын алган, алтын саат м-н сыйланган. 1884-ж. ага жылына берилүүчү 300 сом пенсия чектелген. 1909-ж. Чоңкеминде жаңы усулда сабак өткөрүүчү медресе салдырган. 65 жашында ажыга – Мекеге барган. Ш-дын өмүр баяны, ишмердиги Осмонаалы Сыдык уулунун «Тарых-и кыргыз шадманийа» аттуу 1914-ж. Уфадан басылып чыккан эмгегинде жазылган.

Орус аскерлери менен Кокон хандыгынын кошуундарынын ортосундагы беттешүү 1861-ж. 20-октябрда Узунагач бекети жайгашкан Каракастек өңүрүндө өткөн. Алымбек датка өз кошууну менен согушка кирбей койгон. Бул салгылашта орус аскерлери Кокондун кошуундарын бир топ жоготууларга учуратып, артка чегинүүгө мажбур кылган. Бул кармашта *Шабдан Жантай уулу* кыргыз жигиттерин баштап, орус аскерлерине каршы эрдик менен согушкан.

Узунагачтагы салгылашуудан көп өтпөй 1862-ж. сарыбагыштын тынай уругунун чоң манабы Жантай Карабек уулу Верныйга барып, Чүй өрөөнүндөгү кеминдик кыргыздар Россиянын карамагына өтөөрүн билдирет. Ушундан кийин Жантай жана анын уулу Шабдан орус бийлигине кызмат кылууга өтүшкөн. Ормон хан өлгөн соң Жантай сарыбагыш манаптарынын кадырлуу башчысы болуп калган. Орус өкмөтү ага 1867-ж. полковник чинин ыйгарган жана алтын медаль менен сыйлаган.

1862-ж. жайында Чүй өрөөнүнүн Бишкектен Таласка чейинки жериндеги солто уруусунун чоң манабы *Байтик Канай уулу* кокондук аким Рахматуллага каршы күрөш баштаган. Байтик баатыр Рахматулланы айла менен тойго чакырып, келген соң аны өлтүргөн.

БАЙТИК БААТЫР, Байтик Канай уулу (1817, Чүй өрөөнү – 1886, азыркы Аламүдүн р-ну Байтик айылы) – солто уруусунун чоң манаптарынын бири. Байтик адегенде Кокон хандыгы м-н өз ара ыңгайлуу дипломатиялык мамиледе болгон. Пишпек чебинин беги Рахматулла даткага каршы 1862-ж-дагы көтөрүлүштүн башында Байтик турган. Солтонун баатырлары Дуулат, Көкүм ж-а Чойбек Рахматулланы жок кылган. Байтик 19-к-дын орто ченинде Чүй өрөөнүндөгү кыргыздардын Россия импе-риясынын карамагына өтүүсүнө ж-а Россия м-н Кыргызстандын байланышын чыңдоого түздөн-түз салым кошкон. 1867-ж. солто, сарыбагыш, саяк ж.б. кыргыз урууларынын өкүлү катары падыша Александр IIнин Кеңешине катышуу үчүн Санкт-Петербургга барган. Россия империясына кылган кызматы үчүн ага аскердик капитан даражасы ыйгарылып, Анна тасмасына тагылуучу Чоң алтын медаль, ыйык Станислав ордени ж-а каухар чөгөрүлгөн шакек м-н сыйланган.



Кокондуктардын Чүй өрөөнүндөгү бегин жайлаган соң кыргыздар бир нече күн Бишкек чебин камалап турган. Сепилди ала албасына көзү жеткен Байтик баатыр иниси Сатылганды Верныйга жөнөтүп, А. Г. Колпаковскийден жардам сураган. Орус аскер башчысы 1200 солдаты менен жардамга дароо аттаныш, Байтик баштаган кыргыздардын биргелешкен аракетинин натыйжасында, чеп орустардын колуна өткөн.

Солто уруусунун бир бөлүгү (Жангарач, Маймыл жана Тынаалы манаптар бийлеген) орус бийлигине баш ийүүнү каалабай, Таластын баш жагына көчүп кетишкен жана орус аскерлерине каршылык көрсөтүш үчүн кол курашкан. Жангарач манап өлгөн соң 1864-ж. анын уулдары жана Көкүм манап орус төбөлдөрү менен ымалага өтүшкөн.

Таласка көчө качкан кыргыздар 1865-ж. гана Россияга баш ийген. Алар менен бирге Таластагы негизги уруулар – саруулар менен кушчулар орустардын бийлигин тааныган. Демек, чүйлүк жана таластык кыргыздарды Россиянын курамына киргизүүдө ыктыяр-дуулук менен катар куралдуу зомбулук да колдонулган.

Теңиртоолук кыргыздардын Россиянын бийлигин кабыл алышы

Россияга кошулганга чейин Теңиртоодогу кыргыздардын бир бөлүгүн Кокон хандыгы каратып, мезгил-мезгили менен салык алып турса, экинчи бөлүгү Кашкардагы цин-манжур бийлигинин таасиринде турган Кытай менен чектешкен. Кыргызстандын бул аймагын каратууга орус бийлиги чоң маани берген. Анткени буга чейин орус көпөстөрү Кашкар менен



ТУРДУМАМБЕТ Тоймат уулу, Турдуке – 19-кдын 2-жарымында Атбашы, Аксай аймактарын бийлеген манап. Чериктердин бай чубак уругунун карагул тукумунан. Эки ата өткөн агасы *Ажыбек баатырдын* көзү өткөн соң бүткүл черик уруусун бий-леген. 1863-ж. жазында 5000 түтүн черик уруусунун атынан букаралыкка кабыл алуу-ну өтүнүп, элчилерин орус бийликтерине жиберген. 1863-ж. 13-октябрда Т-тын элчилери Омскиде Батыш Сибирь генерал-губернаторунун алдында Россиянын букаралыгына өтүүгө ант беришкен.

соода-сатыкты көбүнчө Кокон хандыгы аркылуу жана Верный тараптан Кулжа аркылуу ишке ашырып келген. Тениртоону каратуу менен орустар Чыгыш Түркстан, Кашкар менен түз соода жасамак.

1863-ж. жайында Борбордук Теңиртоого генштабдын капитаны Проценко башында турган атайын кошуун аттанган. 3-майда бул кошуун Жумгал өрөөнүнө келет. Бул жердеги 56 кокондук сарбаз өздөрү турган коргонду таштай качышкан. Андан соң бул кошуун Соңкөл жайлоосу аркылуу Куртка чебине өткөн. Кокондуктар бул жерден да күн мурдатан эле чегинип кеткен. Теңиртоолук кыргыздардын айрым манаптары орус бийлигине өздөрү өтүнүч менен кайрылышса, кээ бирлери күтө турууну чечишти, дагы бирлери падыша аскерлери менен куралдуу кагылышууга чейин барышкан. Мис., 1863-ж. июлда манап Осмон Тайлак уулу орус аскерлерине каршы ачык согушка чыккан. Ал жигиттери менен Токмок уездинин начальниги майор Г. Загряжскийдин чакан аскерин камалоого алган. Ага ошо кезде капитан чини бар Шабдан Жантай уулу жардам берип, өлүмдөн сактап калган. Осмон өзү чыгыш Түркстанга баш калкалаган. Ал 1867-ж. кайтып келип, 3 миң түтүн эли менен Россияга баш ийген.

Сарыбагыш уруусунун чоң манабы Үмөтаалы Ормон уулу да орус бийлигине каршы ачык күрөшкөн. Ал орус аскерлерин бириндетип талкалап, Ата Журттан сүрүп салуу максатында 1863-ж. 19-июнда Куртканын Экичат деген жеринде подпоручик Зубаревдин 40 аскерден турган кошуунуна кол салат. Эки күн камоодо калган орус аскерлерине жардам келбегенде Үмөтаалынын жигиттери талкаламак эле. Акталаадагы бул кагылышуудан кийин Үмөтаалы Кашкар букаралыгын алуу ниетинде Чыгыш Түркстанга барган. Ал жакта жаңы мамлекет түзгөн Жакып бек Үмөтаалынын өтүнүчүнөн баш тарткан.

Теңиртоодогу черик уруусу Кокон хандыгына, цин-манжур төрөлөрүнө, кийин Кашкардын улугу Жакып бекке салык төлөп,

кош кабат эзүүгө туш болушкан. Чериктин манаптары Россияга кошулуу менен татаал абалдан чыгуу максатын көздөшкөн. 1863-ж. жазында 6 миң түтүн черик уруусунун чоң манабы *Турдумамбет (Турдуке) Тоймат уулу* баш болгон бийлер Алатоо округунун улугу Колпаковский аркылуу ак падышага кат жөнөтүшкөн. Чериктерди букаралыкка кабыл алуу үчүн император макулдугун билдирген.

1863-ж. 13-октябрда чериктердин элчилери Омскиге келип орус бийлигине өткөндүгү тууралуу ант беришкен. 1868-ж. Нарын чеби негизделген кезде чериктердин көбү Алатоо округуна карап, калганы Кашкардын улугу Жакып бектин карамагында турган. Кийин 1877-ж. Жакып бектин мамлекети жоюлганда алар Кытай императорунун бийлигине өтүп кеткен. Черик уруусунун көпчүлүгүнүн орус бийлигине өтүшү менен алар ээлеп жүргөн кең мейкиндик Кыргызстандын жери болуп калган.

1864–65-ж. Нарындын башын мекендеген бугу, тынымсейит уруусу, Кочкор, Жумгал, Кетментөбөнү жердеген саяк уруулары Россиянын курамына киргизилет. Ал эми Үмөтаалы бийлеген сарыбагыштар орус бийлигине 1867-ж. чейин каршылык көрсөткөн.

1868-ж. Нарын жана Караколдо орус чептери курулуп, аларда туруктуу аскер кошуундары тургандан баштап Кыргызстандын түндүгүнө Россиянын бийлиги реалдуу орногон. Түндүк кыргыздары Россияга негизинен келишим, бүтүм жана куралдуу басып алуу аркылуу каратылган.

1873–76-Ж. КӨТӨРҮЛҮШ. ТҮШТҮК КЫРГЫЗСТАНДЫ РОССИЯНЫН БАСЫП АЛЫШЫ

19-к-дын 60–70-жж. Кокон хандыгынын жана Түштүк Кыргызстандын коомдук саясий абалы

19-к-дын 50-жылдарынын башында Кокон хандыгынын саясий абалы ич ара чыр-чатактар, козголоңдордун натыйжасында өтө начарлап кеткен. Бул жылдары кыргыз эли жана анын билермандары Кокон хандыгынын саясий турмушуна мурдагыдай эле жигердүү аралашып турган. Такты үчүн күрөшкөн ханзаадалар да кыргыз, кыпчак феодалдарына колдоо сурап кайрылып турган.

1865-ж. Бухара эмирдиги менен Кокон хандыгынын ортосундагы согушка байланыштуу Кокон хандыгынын стратегиялык маанидеги эң ири шаары Ташкенди орустардын басып алышы үчүн ынгайлуу кырдаал түзгөн. Мүмкүнчүлүктү текке кетирбеш үчүн май айында генерал М. Г. Черняев өзүнүн көп сандуу аскерлери менен Ташкенге аттанган. Бул салгылашта кокон аскеринин башында



АЛЫМКУЛ АТАЛЫК, Молдо Алымкул (1829–1865) – түштүк кыргыздардын феодал төбөлдөрүнүн ж-а саясий ишмерлеринин бири. Ичкилик тобундагы кыргыз-кыпчак уруусунан. Бала чагында Бужум-Баткендеги мусулман мектебинен билим алып, кийин Анжиян, Кокондогу медреседен окуган. Ал жездеси Тагайкул датканын жардамы м-н аскер ишин өздөштүргөн. Кезегинде ал Алымбек датка кошулуп, Кудаяр хандын ордуна Мала ханды көтөрткөн. 1862-ж. Мала хан өлтүрү-лүп, тактыга Шаамурат олтурат, ал эми А.а. хандыктын башкы вазири болуп дайындалат. 1863-ж. жазында А.а. төңкөрүш уюштуруп, тактыга Мала хандын уулу Султан Саидди отургузат да иш жүзүндө хандыкты өзү башкарган (1863–65). 1865-ж. Ташкендин жанында орус падышалыгына каршы согушта оор жарадар болуп, каза тапкан.

турган *Алымкул аталык* окко учкан. Үч күнгө созулган айыгышкан салгылашуудан кийин 17-майда Ташкен орустардын колуна өткөн.

Элдик көтөрүлүштүн башталышы

Кокон хандыгына каршы элдик көтөрүлүштөр 1873–76-ж. аралыгында болуп, ал кыймыл Кокон хандыгынын жоюлушуна алып келген.

Бул көтөрүлүштү эки чоң мезгилге бөлүүгө болот: көтөрүлүштүн 1-этабында (1873–74) көтөрүлүшкө көчмөн кыргыздар менен кыпчактардан 132 миңден ашуун түтүн же 42 уруунун өкүлдөрү катышкандыгын тарыхый булактар баяндайт. Бул мезгилдеги көтөрүлүш негизинен хандын эзүүсүнө каршы багытталган. Тилектештигин билдиргени менен отурукташкан сарт, өзбек, тажик калкы бул кыймылга адегенде массалык түрдө катышкан эмес.

1875–76-ж. камтыган көтөрүлүштүн экинчи этабында көтөрүлүш негизинен Кокон хандыгына жана орус баскынчыларына каршы багытталган. Көтөрүлүштүн жетекчиси *Полот хан* 9-октябрда Коконду ээлеген. Насирдин хан Кожентке качкан. Полот хандын колу октябрь-ноябрь айларында орус аскерлери менен салгылашууга өткөн. Кандуу кармаш Экисуу чөлкөмүндө 1875-ж. 25-декабрынан 1876-ж. 5-январына чейин созулган. К. П. Кауфман жана М. Д. Скобелев демилгечи болгон бул согушта орус аскерлери бөтөнчө мыкаачылыкты көрсөтүшкөн. Муну генерал Скобелевдин: «...Азиядагы бейкутчулук ал жерде кырылган элдин жана кесилген баштын санына түздөн-түз байланыштуу», – деп жазганы далилдеп турат.

Орус аскерлери 8–10-январда Анжиянды ээлеген. Бул кармашта 20 миңдей адам өлгөн. Орус аскери 18-январда Асаке кышта-



ПОЛОТ ХАН, Исхак Хасан уулу, Исхак Молдо (1844-ж. чен., Маргалаң уезди, Охна кыштагы – 1876, Жаңы Маргалаң ш.) – 1873–76-ж-дагы *Кокон көтөрүлүшүнүн* жетекчилеринин бири. Ичкилик уруу-сунун бостон уругунан. Атасы Маргалаңдагы Ак медресенин мудариси болгон. П. х. адегенде Кокондогу Түнкатар медресесинде, кийин Маргалаңдагы «Ак медреседе» окуган. 1867-ж. молдо Исхак окуусун таштап, өз уругунун көчмөндөрү жашаган Сох кыштагына, кийин Охна кыштагына келет. Эл арасында болууну көксөгөн Исхак молдо Анжиян ш-нда туруп калат. Соода иши м-н Ташкенге келип жүрүп, ал жерден лашкер Алымкулдун пикирлеши, кыргыздын курама уругунан чыккан чаткалдык Абдымомун аталык м-н таанышат. 1873–ж. Кокон көтө-рүлүшү башталганда эл хандыктын мураскору, Алим хандын небереси Полот бекти көтөрүлүштү хан катары жетектөөсүн өтү-нүшкөн. Шер датка баш болгон кыргыздардын өкүлдөрү Самарканга Полот бекке барышкан, бирок ал баш тарткан. Алар Самаркандан кайтып келе жатып, Ташкенге Абдымомундун үйүнөн өңү-түсү Полот бекке окшогон Исхакты кезиктирип, аны Полот бектин ордуна мураскор болууга көндүрүшкөн. Ошентип П. хан (Исхак молдо) 200 аскери менен Чаткалда көтөрүлүшкө жетекчилик кыла баштайт. Чаткалга жакын жайгашкан Алабука, Акташ, Нанай, Көкжар, Мамай, Сафедбулон ж.б. айылдардагы эл П. х-ды хан деп таанып, Кудаяр ханга каршы көтөрүлүшкө кошулушкан. Көтөрүлүштүн кыймылдаткыч күчү карапайым калк – кыргыз, өзбек, кыпчак, тажиктер болгон. Алар менен катар өз кызыкчылыктарын көздөгөн феодалдардын өкүлдөрү да катышкан. Кийинчерээк П. х. көтөрүлүшкө катышкан феодалдардын таасири м-н Кокондун мурунку хандарынын саясатын уланткан. Көтөрүлүштүн жүрүшүнүн экинчи этабында 1875-ж. июль айында Россия империясынын өкмөтү П. х-дын бийлигин мыйзамсыз деп таанып, Кокон хандыгынын аймагына орус аскерлерин киргизүүгө жетишкен. М. Д. *Скобелевдин* кол башчылыгы астындагы орус аскерлеринин күчү м-н көтөрүлүш басылып, Кокон хандыгы жоюлуп, Фергана облусу деген ат м-н Россия империясынын карамагына өткөн. Өзүн курчаган феодалдардын чыккынчылыгы м-н П.х. падышалык бийликтин колуна түшкөн. Убактылуу Жаңы Маргалаң ш-ндагы орус түрмөсүндө кармалып турган. Аскер сотунун өкүмү м-н Жаңы Маргалаң ш-нда 1876-ж. 1 мартта даргага асылган.

гын ээлеген соң көтөрүлүшчүлөрдүн мизи майтарылган. Орус куралына туруштук бере албасына көзү жеткен Абдырахман аптабачы да М. Д. Скобелевге 24-январда багынып берген. Полот хан Чоналайга качууга аргасыз болгон.

Кокон мамлекетин жеңип алуучу катары тарыхта калуу үчүн М. Д. Скооелев Коконду баарынан мурун ээлөөгө ашыккан. Натыйжада, Кокон ордосу 1876-ж. 8-февралда М.Д.Скобелев тарабынан биротоло ээленген. Хандыктын жоюлушу ж-дөгү указга падыша Александр II 19-февралда кол койгон. Ушул күнү туткунга түшкөн Искак Полот хан К. П. Кауфмандын буйругу менен Маргаландын чоң базарында 1-март күнү даргага асылган.



АЛЫМБЕК ДАТКА Асан бий уулу, Алымбек парваначы (1799–1862) – кыргыз элинен чыккан көрүнүктүү мамл. ишмер. 27 жашында Кокон ханы Мадалиге кызмат өтөй баштаган. 31 жашында ага датка наамы ыйгарылган. 32 жашында Анжиян вилайетинин беги болуп дайындалып, Кокон хандыгынын ордосунда таасирдүү саясий роль ойногон. 1842-ж. Шераалыны хан көтөрүүгө жигердүү катышкан. Анжиян вилайетинин борборун Ош ш-на көчүрүп, бул шаардын социалдык-экон. өнүгүшүнө чоң салым кошкон. Балдар үчүн медресе курдурган. 1845-жылдагы ордого каршы Ош көтөрүлүшүн жетектеген. Хандыктагы саясий ж-а мамл. 30 жылдык (1831–62) ишмердигинде журт кызыкчылыгын, эл мүдөөсүн биринчи орунга койгон. 1862-ж. 24-февралда Малла ханды өлтүрүү үчүн кутумга (заговорго) катышкан. Тактыга Шераалы хандын 12 жаштагы жээни Шах Мурадды отургузуп, кыска мөөнөт ага аталык болуп турган. Кокон хандыгынын акыйкатсыз, баскынчы саясатын колдогон эмес. А. д. бүткүл кыргыздарды баш коштуруп, өз алдынча кыргыз мамлекетин түзүүгө далалаттанган. 1862-ж. хан сарайындагы кезектеги кутумда курман болгон.

Алайлык кыргыздарды Россияга каратуу. Курманжан датка

Кокон хандыгы жоюлган кезде Түштүк Кыргызстандын тоолуу аймактары, Алай ж.б. өрөөндөрү орус мамлекетине каратыла элек болчу.

М. Д. Скобелев моюн сунбаган кыргыздарды талкалоо үчүн атайын «Алай илимий-согуштук экспедициясын» уюштурган.

Алайлык кыргыздардын орус бийлигине каршы күрөшүнө Алымбек датка менен Курманжан датканын уулдары Абдылдабек, Батырбек, Мамытбек жана Асанбек жетекчилик кылышкан. Россияга баш ийүүнү каалабаган Курманжан датка 1876-ж. июндун башында эле өз айылы менен Кашкар тарапка көчүп кеткен. Ал жактан Алайга «Алай экспедициясы» кызуу жүрүп жаткан учурда кайтып келген. Курманжан датканы орус аскерлери 29-июлда Чоналайда өргүп жаткан М. Д. Скобелевдин лагерине алып келишкен. Анын Алайдагы кадыр-баркын жакшы түшүнүү менен, Фергананын биринчи аскер губернатору, генерал М. Скобелев сый-урмат менен тосуп алган. Курманжан датка орус башкаруучулары менен мамиле түзүүдө акыл-эстүүлүктү жана кыраакылыкты көр-сөткөн. Сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө генерал Курманжан датканын акылына, кыраакылыгына жарашa ага «Алай ханышасы» деп баа берген. Бул жолугушууда Курманжан орус бийликтерине багынгандыгын билдирип, балдарына да орус букаралыгын алуусуна көмөктөшүүгө мажбур болгон. Ошентип, Түштүк Кыргызстанды Россияга каратуу аяктаган.



КУРМАНЖАН ДАТКА Маматбай кызы (1811, Ош ш-нын жанындагы Ороке кыштагы–1907) – коомдук ж-а мамл. ишмер. Алайдагы кыргыздардын башкаруучусу, Алай канышасы деген ат м-н белгилүү. 1832-ж. Курманжан 21 жашында баргы уруусунун бийи Алымбек датка м-н кокусунан жолугуп, көп узабай аны м-н тагдырын кошкон. Аны м-н 29 жыл жашап, 5 балалуу болгон. К.д. Алымбек датка Асан бий уулуна турмушка чыккандан баштап мамл. ж-а коомдук иштерге аралаша баштаган. 1862-ж. Кокон хан сарайындагы козголоңчулар тарабынан Алымбек датка өлтүрүлгөндөн кийин, Алайдагы башкарууну Курманжан биротоло өз колуна алган. К. д. Ош вилайетин гана башкарбастан, Кокон хандыгынын саясий иштерине да кийлигишип турган. Кудаяр үчүнчү жолу такка олтурганда (1865) Курманжан улуу уулу Абдылдабекти ээрчитип, Коконго келгендиги маалым. Кудаяр хандын энеси Жаркынайым м-н Курманжан Шералы хандын заманынан бери эле ынак, сырдаш болуп, Кудаяр бала кезинен эле Курманжанды жакшы билчү. Конокторду ызаат м-н тосуп алган ж-а мөөр ойдуруп, кымкап чапан жаптырып, баалуу белек бердирген. К. д. 1873–76-ж. элдик кыймылда алгач адилетсиз хан бийлигине каршы күрөшүп, көтөрүлүштүн айтылуу жетекчилери Шер датка, Мамыр Мерген уулу, Абдымомун, Оморбек датка, Орозаалы, Молдо Ашыр сыяктуулар м-н алака түзгөн. Орус бийлигинин Алайды каратып алуу аракети жүрүп жаткандыгын билген К.д. каршылык көрсөтпөстөн, М. Е. Ионовдун генерал Скобелевге жолугуу ж-дөгү талабына макул болгон. Бир топ бийлердин коштоосунда, кичүү уулу Камчыбекти, небереси Мырзапаясты алып, Чоңалайда өргүү алып жаткан М. Д. Скобелевдин лагерине түшкөн. Генерал М. Д. Скобелев К. д-ны сый-урмат м-н тосуп алып, алтын чөйчөктү белекке берип, парча чапан жапкан. 1895-ж. уулу Камчыбек даргага асылган мезгилде, куралчан орус жазалоочуларынын элди кырып жиберүүсүнөн кооптонуп, тагдырга моюн сунууга аргасыз болгон. Россия колониялык бийликтеринин адилеттүүлүгүнөн үмүтүн таптакыр үзгөн ж-а 20-к-дын башында саясатка аралашпай калган. 1907-ж-дын 1-февралында Оштун жанындагы Мады кыштагында көз жумуп, сөөгү Оштогу Сарымазарга коюлган.

ПАДЫШАЧЫЛЫКТЫН КОЛОНИЯЛЫК САЯСАТЫ

Башкаруу системасы Жаңы каратылган жерлерге Россиянын саясий башкаруу системасы киргизилген. Падыша өкмөтүнүн башкаруу системасы Түндүк Кыргызстандын каратылышы менен, б. а. 19-к-дын 60-жылдары эле киргизиле баштаган. Россия дөөлөтүн тааныган кыргыз уруулары Батыш Сибирь генерал-губернаторлугуна караштуу Семей облусунун Алатоо округуна киришкен. 1865-ж. февралда Арал деңизинен Ысыккөлгө чей-

инки зор аймакты камтыган Түркстан облусу түзүлгөн. Ага Ысыккөл, Чүй, Талас, Кетментөбө өрөөндөрү, кийинчерээк Борбордук Теңиртоо карап калган. Түркстан облусунун алгачкы аскер губернаторлугуна генерал М. Г. Черняев дайындалып, ал аскердик жана граждандык бийлик жүргүзгөн.

1867-ж. облус Түркстан генерал-губернаторлугуна айланат да, анын чегинде Сырдарыя (борбору – Ташкен) жана Жетисуу (борбору – Верный) облустары түзүлөт. Жетисуу облусунун аскер губернатору болуп Г. А. Колпаковский дайындалган. Облустар уезддерге, уезддер болуштуктарга бөлүнүп, аларга айылдар караган. Болуштуктар эки, үч мин түтүндөн, айылдар 100–200 түтүндөн турган. Болуштуктардын башкаруучулары – болуштар болуштуктун съездинде, ал эми айыл башчылары – старчындар айылдык чогулушта шайланышкан. Кокон хандыгы жоюлган соң анын аймагында Түркстан генерал-губернаторлугуна караштуу Фергана облусу түзүлүп, анын башына генерал М. Д. Скобелев дайындалган. 1886-жылдан «Түркстан чөлкөмүн башкаруу жөнүндө Жобо» күчүнө кирет да, Түркстан генерал-губернаторлугу Түркстан крайы аталып, анын карамагына Самаркан, Сырдарыя жана Фергана облустары кирген. Жетисуу облусу болсо 1882–99-ж. Степной генерал-губернаторлугуна, 1899-жылдан кайрадан Түркстан крайына караган.

Кыргызстандын калкы 73 болуштукка бөлүнүп, аларды 3 жылдык мөөнөткө шайланган болуштар менен старчындар башкарган. Кыргызстанда башкаруу жарым-жартылай аскердик мүнөздө болгон. Облустарды аскер губернаторлору башкарып, анын карамагында буйрук берүү, чарбалык жана сот бөлүмдөрүнөн турган облустук башкарма болгон. Уезддердин башында уезддик начальниктер турган. Алардын көзөмөлү менен жергиликтүү манаптар, байлар болуштукка же старчындыкка шайланган. Кийинчерээк аскер губернатору кааласа шайлоо өткөрбөй эле болуш, старчындарды дайындоо укугуна ээ болгон. Болуштар падышалык чиновниктердин буйруктарынын аткарылышына, алык-салыктардын өз убагында жыйналышына көзөмөлдүк кылган. Старчындар болсо болуштарга баш ийип, алардын көрсөтмөлөрүн аткарган. Жергиликтүү бийликти жүргүзүүгө булардан тышкары айыл аксакалдары, бийлер жана казылар катышышкан.

Башкарууда шайлоо тартибинин киргизилиши менен бай-манаптык бийликтин укумдан-тукумга мурас катары өтүшү токтотулган. Башкарууда Россиялык мыйзамдарга ылайык жогорку жана жергиликтүү бийликтеги баш аламандыкка, озум билемдикке чек коюла баштаган.

Падыша өкмөтүнүн жер саясаты

Падыша өкмөтүнүн оторчул саясаты Кыргызстандагы жер маселесин чечүүдөгү аракетинен өзгөчө байкалган. Россиянын Борбордук Азияга, а. и. Кыргызстанга көз артышынын негизги себептеринин бири, Россиянын борбордук бөлүктөрүнө жерсиз калган дыйкандарды бул жакка көчүрүү болгон. Кыргызстан Россияга каратылгандан тартып эле бул жакка келгин дыйкандар көчүп келе баштаган. Жаңы келген дыйкандарды жайгаштыруу боюнча атайын башкармалыктар түзүлүп, изилдөө иштери жүргүзүлгөн. Падыша бийлиги ооп келген орус, украиндерге дыйканчылыкка өтө ыңгайлуу, өзөн-суусу мол өрөөндөрдү, ойдундарды, негизги жолго жакын жерлерди жергиликтүү калктан тартып бере баштаган.

Келгин дыйкандарга жер кесип берүүдө кыргыздардын кызыкчылыктары такыр эске алынган эмес. Алсак, 1868–83-ж. Жетисуу облусунда уюшулган 36 орус-украин кыштактарындагы 2,5 миң түтүн негизинен Чүйдө, Ысыккөлдүн айланасына жайгашкан. Падыша өкмөтү бул аймакта өз бийлигин келечекте бекем колдой турган дыйкандардын бай катмарларын көбөйтүүгө аракеттенген. Ушул максатта, адегенде ар бир дыйканга 30 десятинадан (1 десятина – 1,2 га) жер бөлүп берип, аларды 15 жылдык мөөнөткө салыктан жана аскер кызматынан куткарган жана аларга акчалай жардам берилген. 1890-жылдары орус дыйкандарынын көчүп келүүсү өзгөчө күчөп кеткен. Буга ошол жылдардагы Борбордук Россиядагы ачарчылык да түрткү болгон. 1896-ж. Пишпек жана Пржевальск уезддеринде эле 26 орус кыштагы пайда болуп, 80-жылдарга салыштырмалуу келгиндердин саны эки эсеге көбөйгөн.

19-к-дын аягында орус дыйкандары Түштүк Кыргызстанга да келе баштаган. Бул жакта алгачкы орус кыштактары 1893-ж. Покровка жана Ош уезддеринде негизделген.

Кыргыздардын жерин тартып алуу айрыкча Столыпиндин агрардык реформасынан кийин өзгөчө күч алган. Жергиликтүү калктан тартылып алынган жерлерди мыйзамдаштыруу үчүн падыша өкмөтү 1891-ж. атайын «Талаа жобосун» иштеп чыккан. Ал боюнча кыргыздар көчүп-конуп жүргөн жерлердин баары мамлекеттик делип эсептелген. Бул «жобо» боюнча кыргыздардын айдоо жерлери, ал тургай жайыттары да каалаган учурда тартылып алынмак. Мындан жалпы эл, дыйканчылык менен кесип кылган карапа-йым калк өзгөчө жапа чеккен. Кыргыз дыйкандарынын эптеп күн көргөн айдоо жерлери анча-мынча там-ташы, кыштоолору короо жайлары менен кошо тартылып алынып, өздөрү айдоого жараксыз жерлерге сүрүлгөн.

Экономикалык абал. Мал чарбасы

Кыргызстан Россияга каратылгандан кийин деле экономиканын негизин мал чарбачылыгы түзгөн. Алсак, Пишпек уездинин жергиликтүү калкынын 84,9%и, Каракол уездинин 80,7%и көчмөн мал чарбачылыгы менен кесиптенишкен. Ал эми Кыргызстандын түштү-гүндө мындай көрсөткүч бир аз төмөнүрөөк болгон. Мис., Ош жана Кокон уезддеринде кыргыздардын 65%инин негизги кесиби көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбачылык болгон.

Падышачылыктын оторчул саясаты Кыргызстанды акырындап Борбордук Рос-сиянын өнөр жай товарларын сатып өткөрүү рыногуна жана анын өнөр жайы үчүн арзан сырье берүүчү булагына айландыра баштаган. Кыргыздардын мал чарбачылыгы да соо-да мамилелерине тартыла баштаган. Мис., 1906-ж. Пишпек жана Пржевальск уезддеринде сатылган бардык малдын 91,6%и кыргыздардын чарбасына тиешелүү болгон. Бул эки уезд боюнча жалпы алганда малдын товардык бөлүгү 54,%ти түзгөн. Эгерде 19-кдын экинчи жарымында Кыргызстандын түндүгүндөгү товардык рыноктордо тирүү малды сатуу негизги орунда турса, 20-к-дын башында сатууга тери, жүн көп түшө баштаган.

19-к-дын аягы –20-к-дын башында кыргыздардын мал чарбасында жылкынын саны мурдагыдай басымдуулук кылбастан, биринчи орунга кой жана эчки чыккан. Булардан кийин жылкы, уй, төө, топоз ж. б. турган. 1916-ж. башында Кыргызстанда 519 миң ири мүйүздүү мал, 2,5 млн. кой, эчки, 708 мин жылкы жана 27 мин чочко болгон. Бул малдын көбү феодалдарга тиешелүү болгон. Алсак, Пишпек жана Пржевальск уезддеринде 1913-ж. кедейлерге малдын 11%, орто чарбаларга – 55,5%, ал эми бай-манаптарга – 33,5% туура келген. Келгин дыйкандар менен байланышуунун натыйжасында малды короолордо багуу, алар үчүн тоют даярдоо, ветеринариялык жол менен дарылоо, малдын тукумун жакшыртуу иштери жүргүзүлө баштаган. 1913-ж. Кыргызстанда 8 ветеринариялык участок иштеп, 6 фельдшер жана 6 санитар эмгектенген.

Падышачылыктын салык саясаты

Кыргыздар орус мамлекетине каратылгандан кийин адегенде Кокон хандыгына төлөгөн салыктар сыяктуу салыктарды төлөп турган. Кийинчерээк жергиликтүү шарттарга жараша кайрадан иштелип чыккан салык алуу боюнча көчмөн мал чарбачылыгы менен кесип кылган кыргыздар түтүн башына 2 сом 75 тыйындан салык төлөөгө милдеттендирилген. Жер мамлекеттики деп эсептелгендиктен, жайылган койдун туягынан 3 тыйын, жылкыдан – 30, төөдөн– 50 тыйын салык алынган. 1882-ж. салыктын көлөмү өсүп туруп,

дүйнөлүк биринчи согуштун учурунда 15 сомго чейин көбөйгөн. Отурукташкан калк салыктын эки түрүн – хараж (эгин аянттарынан), танаптык (бак-дарак, мөмө-жемиш тигилген, жашылча өстүрүлгөн жерлерден). Хараж түшүмдүн 10%не барабар болуп, натуралай төлөнгөн. 1886-ж. танаптык салыка киргизилген өзгөртүүлөр боюнча танаптык салыка оброк салыгы делип аталып, жердин иштетилген же иштетилбегенине карабастан айдоо аянтарынын бардыгынан салык алынган. Мындан падыша өкмөтү кыйла көп пайда таба баштаган.

Аталган салыктардан тышкары, жергиликтүү бай-манаптар патриархалдык-феодалдык салтка ылайык, карапайым букарадан мал жыйгандыгы үчүн – чөп ооз, манаптарды сыйлоо үчүн – чыгым, мал жана эгин түрүндө – журтчулук, феодалдын тамак-ашы үчүн – союш, байдын жеринен мал айдап өткөндүгү үчүн – туяк пул, байманаптардын аш-тойлорун өткөрүш үчүн – кошумча ж. б. салыктын түрлөрүн чогултушкан.

Жергиликтүү карапайым калктын падышачылыктын оторчул саясатынан көргөн кордугу, жергиликтүү байлардын жана манаптардын эзүүсүнүн аларга кошумча болушу – эзилген элдин нааразычылыгынын өсүшүнө түрткү болгон.

Дыйканчылык Кыргызстанга көчүп келген орус, украин, уйгур, дунган ж. б. элдердин дыйканчылык боюнча бай тажрыйбаларынын таасири менен кыргыздардын дыйканчылыгына айрым өзгөрүштөр кире баштайт. Кыргыздарда көбүнчө кедей-кембагалдар дыйканчылык менен күн көрүүгө өтө баштаган. Дыйканчылыкта буудай, арпа, сулу, таруу ж. б. дан эгиндери, өсүмдүктөр эгилген. Кыргызстандын түштүгүндө болсо пахта, тамеки, күрүч жана жашылча-жемиштин түрлөрү өстүрүлгөн.

Капиталисттик рынок мамилелеринин киргизилиши менен Кыргызстандын айрым жерлеринде кыргыз дыйкандары өз муктаждыктары үчүн гана эмес, базарга сатуу үчүн да дан эгиндерин, жашылча-жемиштерди, мөмө даректарды өстүрүп, бал аарыларын бага башташкан. Бирок соода дыйканчылыгынын бул түрлөрү, орус, украин, өзбек, дунган калктарында көбүрөөк өнүккөн. Кыргызстандын түштүгүндө пахта да товар катары өндүрүлө баштаган. Түштүк Кыргызстандагы Нойгут-Кыпчак, Найман, Багыш, Баястан, Акбуура жана Ноокат болуштуктарында атайын сатуу үчүн эгин өстүрүлө баштаган.

19-к-дын экинчи жарымынан өзгөчө Фергана облусунда кыргыздар толук же жарым-жартылай отурукташа баштаган. 1917-ж. карата Фергана облусундагы 362 мин кыргыздын, 206 мини оту-

рукташкан же жарым отурукташкан турмушка өтүшкөн. Кыргызстандын түндүгүндө болсо 20-к-дын башында 70тей гана кыргыз кыштагы болгон. Орус менен украиндердин кыштактары 100дөн ашык, о. эле 5 немис, 3 дунган кыштактары болгон. Түштүк Кыргызстандын кыргыз кыштактарында негизинен 500дөн, айрым чоң кыштактарда 1–2 миңдей адам жашаган. Ал эми Түндүк Кыргызстанда кыргыздар жашаган кыштактардагы адамдардын саны 100–200дөн ашкан эмес.

Көчүп келген дыйкандар жергиликтүү элге сугат жерлерин өздөштүрүүнү, каналдарды жана арыктарды казууну үйрөтүшүп, алардан жайытты пайдаланууну үйрөнүшкөн. Байлардын жана кулактардын чарбаларында темир соколор, тырмоолор, чалгылар ж. б. пайда боло баштаган. 1914-ж. Кыргызстанда 434 миң *га* сугат жерлери болуп, анда эң эле жөнөкөй жолдор менен пахта 22 миң *га*, картошка менен жашылча 14 миң *га* жерге өстүрүлгөн.

Өнөр жайы

19-к-дын аягы – 20-к-дын башында Кыргызстанда өнөр жайдын аз-аздан калыптанып өнүгө баштагандыгы байкалган. Мал чарба жана дыйканчылыктын продукцияларын үй шартында иштетүү күч алып, буюмдарды өзүлөрүнүн керектөөлөрү үчүн гана даярдабастан, сатууга даярдай баштаган.

19-к-дын аягында майда товардык кол өнөрчүлүк менен катар капиталисттик чакан жеке кайра иштетүүчү ишканалар пайда болгон. Аларга негизинен орус, украин, өзбек көпөстөрү ээлик кылышкан. Айрым тегирмендерге, май чыгаруучу чакан ишканаларга кыргыздар да ээ боло баштаган.

19-к-дын 90-жылдарында Кыргызстандын түштүгүндө көмүр жана мунай кендерин изилдөө жана иштетүү жанданып, 1898-ж. Кыргызстандын тоо-кен өнөр жайынын башаты болгон Кызылкыя көмүр кени казыла баштаган. Көмүр, мунай кендери бөлөк чөлкөмдөрдө да ачылып, аз-аздан ишке киргизилген. Бирок өндүргүч күчтөрдүн жоктугу, алардагы эмгек шарттарынын татаалдыгы, төлөнгөн акынын аздыгы бул тармакты өнүктүрүүгө мүмкүндүк берген эмес.

1913-ж. Кыргызстанда фабрика-завод тибиндеги 30дан ашык ишканалар иштеген. 30 жылдын ичинде (1883–1913) экиден, үчтөн жалданма жумушчулары бар майда ишканаларды кошкондо алардын саны 165тен 569га көбөйгөн. Бирок Кыргызстандын өнөр жайы өтө начар өнүккөн. Өнөр жай продукциялары коомдук жалпы продукциялардын 5%ке жакынын түзүп, анда калктын 0,3% гана эмгектенген. Өнөр жайдын өнүгүшү колониалдык мүнөздө болуп, негизинен айыл чарба продуктуларын кайра иштетип, чийки зат өндүрүү, пайдалуу кендерди казуу менен гана чектелген.

Мурдагы Кокон хандыгынын чептеринин урандыларына жакын жерлерде негизделген аскердик-админ. борборлор кийинчерээк Токмок, Пишпек, Каракол сыяктуу шаарларга айланган. Бул шаарлар өздөрү турган чөлкөмдүн саясий, маданий, өнөр жай жана соода борборлору катары жылдан-жылга өсө берген. Түштүк Кыргызстанда болсо Ош, Өзгөн, Жалалабат ш-лары тездик менен өнүгө баштаган. Чүйдөгү эң ири шаар Пишпекте 19-к-дын аягында 6,6 миң адам жашаган

Калктын социалдык түзүлүшү

Кыргызстан Россияга каратылгандан кийин экон-дагы өзгөрүштөр Кыргызстандын калкынын социалдык түзүлүшүнө да өзгөрүүлөрдү киргизген. Коомдогу ээлеген орду, өндүрүш каражаттарына карата мамилелери боюнча калк феодалдар – байлар, манаптар жана букара – эмгекчи эл болуп эки чоң социалдык топторго бөлүнгөн.

Ири байлар, манаптар оторчул бийликтин таянычы катары орус админ-на тартылып, алар болуш, старчын, бий кызматтарына ээ болушкан жана алар эзүүчү таптын катарына киришкен. Падышачылыкка эмгек сиңирген чоң манаптарга өкмөт аскердик чиндерди, ар кандай сыйлыктарды ыйгарып турган. Экон-нын өнүгүшүнө почта, телефон, телеграф өнүгүшү да түрткү болгон. Транспорттун түрлөрүнүн көбөйүшү жол курулушунун пайда болушу Кыргызстандын бөлөк чөлкөмдөр менен карым-катнашынын жакшырышына, сооданын өсүшүнө өбөлгө болгон. 20-к-дын башында соода алмашуу, жарманке жана такай иштөөчү болуп үч түрдө өнүккөн. Натыйжада келгин жана жергиликтүү калктын ичинен соода буржуазиясы түзүлө баштаган. Дүйнөлүк биринчи согуштун алдында Пишпек жана Пржевальск уезддериндеги 2118 соодагердин (келип-кеткендерди кошпогондо) 36,3% ин кыргыздар түзгөн.

Кыргызстанда өнөр жайдын өнүгүшү менен аз санда болсо дагы жумушчу табы пайда болгон. Алардын катарын келгин жана жергиликтүү калктын кол өнөрчүлөрүнүн жакырланган бөлүгү түзгөн. Жумушчулардын жогорку квалификациялуу бөлүгү Россиянын борбордук бөлүгүнөн келген жумушчулар болгон. Ишканалар кустардык жана жарым кустардык мүнөздө болуп, 2–3 киши иштеген чакан ишканалар көп болгон, ири делип эсептелген ишканаларда 16дан 40ка чейин жумушчулар иштеген. 1913-ж. кустардык өнөр жайда 12,6 миң, ал эми фабрика-завод тибиндеги ишканаларда 1,9 миң жумушчу болгон. 1913-ж. Кыргызстандын өнөр жай ишканаларында 2545 жалданма жумушчулар иштеген. Кийинки жылдары ири ишканаларда иштеген жумушчулардын саны кыйла

көбөйгөн. Алсак, 1917-ж. Кызылкыя кенинде 1,2 миң, Сүлүктүдө – 1070, ал эми Чүй сугат тармагында 200 адис жумушчулар эмгектенген.

Карапайым эмгекчи калктын негизин кара букара түзгөн. Алардын бирин-эки майда жандыгы, ую, аты болгон. Кедей кембагалдар жакырлар, жалчылар, жатакчылар, малайлар, чайрыкерлер, мандикерлер сыяктуу социалдык катмарларга бөлүнүшкөн. Кыргызстандын түштүгүндө, дыйканчылык өнүккөн аймактарда жери аз же жок дыйкандар чайрыкерлик кылышкан. Алар байлардан жер, үрөн, өгүз ат жана айыл чарба шаймандарын алышып, ал үчүн күзүндө түшүмдүн көбүрөөк бөлүгүн берүүгө милдеттүү болушкан. Мандикерлер болсо айыл чарба жумуштары кызыган маалда жалданып иштешкен. Дыйкан малчылар болсо малдуулар, орто малдуулар, аз малдуулар болуп бөлүнүп, улуттук дыйкандар табынын чордонун түзгөн. 1917-ж. дыйкан чарбалардын 65% и кедей, 26% и орто, ал эми 9% и бай чарбалар болгон.

Ошентип, падышачылыктын саясатынын натыйжасында Кыргызстанда аскердик-феодалдык, капиталисттик мамилелер калыптана баштаган. Кыргызстандын калкынын социалдык жактан жиктелиши терендеген.

КЫРГЫЗСТАНДАГЫ УЛУТТУК-БОШТОНДУК КҮРӨШ

Анжиян көтөрүлүшү Бул көтөрүлүш 19-к-дын аягындагы Орто Азиядагы эң ири көтөрүлүш катары тарыхка кирген. Көтөрүлүштүн негизги себеби падышачылыктын оторчул саясаты, орус админ-нын эзүүсүнүн, улуттук жана социалдык теңсиздиктин күчөшү болгон. Көтөрүлүшкө кыргыз, өзбек, тажик улутунун өкүлдөрү, калктын ар түрдүү социалдык катмарлары катышышкан. Кыймылга дин кызматкеринин жетекчилик кылышы, диний ураан, чакырыктарынын болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш болгон. Анткени бул чөлкөмдүн негизги калкы көп кылымдардан бери эле ислам динин тутуп, бул дин калктын калың катмарынын ан-сезимине терең сиңген. Көтөрүлүшкө катышкандардын бардыгы өздөрүн мусулманмын деп эсептешкен. Бул үчүн көтөрүлүштү реакциячыл кыймыл катары кароого эч негиз жок. Көтөрүлүш көпчүлүк элдин мүдөөсүн, кызыкчылыктарын коргогон. Улуттук эзүүгө, теңсиздикке каршы багытталып, элдик, улуттук-боштондук мүнөздө болгон.

Анжиян көтөрүлүшү 1898-ж. май айында башталган. 17-май күнү кечке маал Тажик (Миңдөбө) кыштагына 200дөй өзбектер, кыргыздар чогулган. Бул көтөрүлүшчүлөргө ушул кыштактын эшени Мадали Дүкчи (ийикчи) эшен жана Зиядин Максым уулу (Зияддин Магзуми) жолбашчылык кылышкан.

Көтөрүлүшчүлөр эки топко бөлүнүп, Анжиянга бет алышып, калааны бөлөк аймактар менен байланыштырган телеграф зымдарын кыркып салышкан. Жолдон аларга Кутчу, Каракоргон кыштактарынын калкы да кошулат. Аз убакыттын ичинде көтөрүлүшкө чыккандардын саны 2000ге жеткен. Көтөрүлүшчүлөрдүн биринчи тобуна Мадали эшен, экинчисине 80 жаштагы молдо Зиядин жетекчилик кылышкан. Түнкү саат үчкө жакын көтөрүлүшчүлөр Анжиянга келишип, 20-Түркстан линиялык батальонунун эки ротасы турган лагерге кол салышкан. Бирок күчтөр тең эмес эле. Курал жарагы начар көтөрүлүшчүлөр мыкты даярдыгы бар, жакшы куралданган орус аскерлеринен жеңилип, чегинүүгө мажбур болушкан. Айыгышкан кармашта 20дан ашуун падыша солдаттары жана офицерлери өлтү-рүлгөн. Көтөрүлүшчүлөр да көп жоготууларга учурап, Карадарыядан өтүп, Хакимабадга чегинишкен. 20-майда Анжияндан 90 чакырым алыстыктагы Чарбак кыштагында көтөрүлүштүн жолбашчысы Мадали колго түшүрүлүп, 12-июнда даргага асылган.

Көтөрүлүш токтобостон Фергана өрөөнүнө жайылган. Ага Анжиян, Маргалан, Ош жана Наманган уезддеринин калкы жигердүү катышкан.

Көтөрүлүштү басуу үчүн Түркстандын аскер күчтөрүнүн атайын кошуундары арбын жөнөтүлгөн. Бардыгы болуп 777 киши камалып, 415и сот жообуна тартылган. 18 киши дарга асылып, 362 адам өлүм жазасынын ордуна узак убакытка сүргүнгө айдалган. Сүргүнгө айдалгандардын 106сы кыргыздар болгон.

Жеңилип калганына карабастан бул көтөрүлүш падышачылыктын Түркстандагы оторчул, улутчул саясатына каршы багытталган алгачкы күрөш болгон. Көтөрүлгөн эл көз карандысыздык үчүн күрөшкөн. Жеңилгенине карабастан элдин эркиндикке болгон умтулуусу күчөгөн.

1916-жылдагы көтөрүлүш

Түркстанды орусташтыруу – оторчул-улутчул саясаттын негизи катары 20-к-дын башында мурдагыдан да күч алган.

Көтөрүлүштүн негизги себептеринин бири орус дыйкандарынын көп санда көчүп келүүсү жана аларды отурукташтырууда кыргыздарга карата зомбулуктун күчөшү болгон. Орус дыйкандарын борбордук бөлүктөн көчүрүү иштерине 1896–1916-ж. эле 237 млн 310

миң 236 рубль жумшалган. 1916-ж. Түркстандагы жалпы калктын 6%ин түзгөн орустарга айдоо үчүн жарамдуу жердин 57,7% берилген. Ал эми калктын 94%ин түзгөн жергиликтүү эл айдоого жарамдуу жердин 42,4%ине гана ээ болгон. Келгин дыйкандар кыргыздарды адам катары көрбөй, суунун башын ээлеп алышып, кыргыздарга суу бербей, аларды жерин таштап кетүүгө аргасыз кылышкан.

1914-ж. башталган дүйнөлүк биринчи согуш, согушка Россиянын катышуусу, ансыз деле эзилип, кыйналып турган элдин башына түшкөн мүшкүл болгон. Кыргыздар да жалпы элге түшкөн кыйынчылыктан четте калбастан согушка акча, кийим-кече, жылкыларын жөнөтүп турган. 1916-ж. 25-июндагы Падышанын Түркстандын элдеринен аскердик курактагы (19дан 43кө чейинки) эркектерди согуштук коргонуу жумуштарына алуу жөнүндөгү указы, ансыз да падышачылыктын эзүүсүнө, кемсинтүүлөрүнө, жеринен ажырагандыгына аран чыдаган элди биротоло дүрбөткөн. Падышанын жогорудагы буйругу боюнча Түркстандын Сырдарыя облусу – 60 миң, Самарканд облусу – 32,5, Фергана облусу – 51,3, Жетисуу облусу + 43 миң кишини жөнөтүүгө милдеттендирилген. Мурдатан эле колониялык эзүүнүн запкысы жанына баткан эл эми колго курал алып, ачыктан-ачык боштондук күрөшкө көтөрүлүүгө аргасыз болгон.

Көтөрүлүш 1916-ж. 4-июлда Самаркан облусунун Кожент шында башталып, тез арада Сырдарыя, Фергана облусттарына тараган. Фергана облусундагы көтөрүлүшкө кыргыздар жигердүү катышкан.

Кыргызстандын түндүгүндөгү көтөрүлүш Түркстандын башка чөлкөмдөрүндөгү толкундоолордон айырмаланып, өтө курч мүнөздө болгон. Мыкты куралданган падыша аскерлери менен жергиликтүү калктын ортосунда куралдуу кагылышуу болуп өткөн. Көтөрүлүшкө кыргыздар менен бирге бул аймакта жашаган казак, уйгур, дунган ж. б. элдер катышкан. Жетисуу облусунун ар кыл элинин өкүлдөрү катышкан алгачкы жыйын 10-июлда Каркыра жармаңкесине жакын Каманкарагай деген жерде өтөт. Кеңешмеде аскерге киши бербөө, керек болсо колго курал алып падыша бийлигине каршы күрөшүү ж-дө чечим кабыл алынган.

Көтөрүлүш июль айында башталып, августта күч алган. Түндүк Кыргызстанда алгачкылардан болуп куралдуу көтөрүлүшкө кеминдик кыргыздар чыгышкан. Бул көтөрүлүштүн жетекчиси катары манап Мөкүш Шабдан уулу хан көтөрүлгөн. Жергиликтүү элдин өз жериндеги феодалдык төбөлдөрдү хан көтөрүп өздөрүнө жетекчи кылышы элдин аң-сезимине сиңген салты менен байланыштуу болгон. Оторчул саясаттын азабын тарткан кыргыз элинин көпчүлүк



КАНАТ ХАН, Канат Ыбыке уулу (туулган жылы белгисиз, Кочкор өрөөнү – 1916, Алматы ш.) – 1916-ж-дагы улуттук боштондук күрөшүн жетектегендердин би- ри. Кочкор өрөөнүндөгү Абайылда болуштугунун эли өздөрүнүн болушу К-ты хан көтөргөн ж-а ага баш ийүүгө ант беришкен. Ал 30–40тай барданке, кош ооз түтөтмө мылтык, бинтон, негизинен шыргый найза, айбалталар м-н куралданган 2–3 миңдей аскери м-н август айынын башында, Кочкордон Шамшынын бели аркылуу Чүйгө аттанган. Анын аскерлери Чүйдөгү орус кыштактарын талкалап, 13–22-августта Токмок ш-н камалаган. К. х. жетектеген көтөрүлүшчүлөр Алматы, Ташкенден келген 1,6 миң падыша аскерлери м-н беттешип, замбирек, мылтык м-н куралданган регулярдуу аскер бөлүктөрү м-н жан аябай салгылашкан. Бирок көтөрүлүшчүлөр жеңилүүгө учураган. К.х. колго түшүп, падыша өкмөтү тарабынан Алматы (Верный) ш-да атылган.

төбөлдөрү кыйын кезеңде эл менен бирге болушкан. 8-августта Токмокко жанаша жашаган айылдардын калкы көтөрүлгөн. 9-августта Ыбрайым Төлө уулу жетектеген көтөрүлүшчүлөрдүн чакан тобу Ысыккөлгө бара жаткан аскерлердин жолун тороп, 178 мылтык жана 30 миңден ашуун ок-дары жүктөлгөн арабаны колго түшүрүп алган. Ошол эле учурда Сарыбагыш жана Атаке болуштуктарында чыккан көтөрүлүшчүлөр Кеминдеги Новороссийский (азыркы Шабдан) кыштагын, казак-орустардын Самсоновка станциясын курчап турган. Август айынын орто ченинде көтөрүлүш Пишпек уездинин 12 болуштугун кучагына алат. Ысыккөлдө, Таласта да көтөрүлүшчүлөр күч алат.

Көтөрүлүшкө Теңиртоодогу кыргыздар да жигердүү катышат. Жумгал өрөөнүнүн чыгыш жагындагы эл көтөрүлүп, жетекчиси катары Медет датканын небереси Көкүмбай хан көтөрүлөт. Кочкор өрөөнү көтөрүлүштүн чордонуна айланат. Кочкордун чыгыш жагындагы эл Тезекбай Түлкү уулун хан көтөрөт. Ал жетектеген көтөрүлүшчүлөр орустардын Столыпино (азыркы Кочкор) кыштагын талкалайт. Кочкордун батышындагы көтөрүлүшчүлөр болуш Канат Ыбыке уулун (Канат Абукин) хан көтөрүп, өздөрүнүн башчысы кылып шайлашкан жана ага баш ийүүгө ант беришкен. Ал 30–40тай барданке, кош ооз түтөтмө мылтык, шыргыйдан жасалган найза, айбалта менен куралданган 2–3 миңдей аскери менен август айынын башында Кочкордон Шамшынын бели аркылуу Чүйгө аттанган. Анын аскерлери адегенде эски Токмокту (Старая Покровка, азыркы Чүй кыштагы) каратып, чоң Токмок ш-н 13–22-августта он күндөй камоого алган. Канат хан жетекчилик кылган көтөрүлүшчүлөр Алматы менен Ташкенден келген 1,6 миң падыша аскерлери менен беттешкен. Өтө начар куралданган кыргыз көтөрүшчүлөрү замбирек, мылтык менен куралданган регулярдуу

аскер бөлүктөрү менен жан аябай салгылашып, алардын көпчүлүгү эркиндик үчүн баатырларча курман болушкан.

Көл кыласында көтөрүлүш 5-августта башталып, 10-августта бүткүл Ысыккөл ойдуңун, Каркыраны кучагына алат. Каркырадагы көтөрүлүштө кыргыздар, казактар, уйгурлар жана дунгандар ал жактагы 500дөн ашуун дүкөнчөлөрдү талкалашкан. 11-августта кыргыздар менен дунгандар биргелешип Караколго чабуул коюшкан. 13–14-августа көтөрүлүшкө Челпек, Бөрүбаш айылдарындагы сарт-калмактар да жигердүү катышышкан.

Көтөрүлүштүн басылышы жана тарыхый мааниси

Көтөрүлүш башталаары менен эле анын Түркстанга тарашынан корккон падыша өкмөтү согушуп жаткан армиядан генерал А. Н. Куропаткинди чакыртып, аны Түркстандын генерал-губернаторлугуна дайындаган. 1916-ж. 17-июлунда Түркстанда согуштук абал жарыяланып, согуш министринин буйругу менен Түркстанга 11 батальон, 3,3 миң казак-орус жөнөтүлгөн.

Падыша өкмөтү Сырдарыя, Самаркан, Фергана облустарындагы көтөрүлүштөрдү июль айынын аягында басууга жетишкен. Көтөрүлүш бир кыйла кечирээк башталган, Жетисуу облусу келгин дыйкандардын көптүгү, ошого жараша жергиликтүү калк келгиндер тарабынан көбүрөөк кордук көрүп, жер-суу маселесинин өтө курчуп кеткендиги менен өзгөчөлөнгөн. Жетисуудагы көтөрүлүштү басуу үчүн күчтүү куралданган 6530 аскер келген, алардын 1105 атчан аскерлер болгон. Кийинчерээк согуш министринин буйругу менен дүйнөлүк биринчи согушта согушуп жаткан аскерлерден 2 орус-казак полку, 240 атчан чалгынчылар кошууну, 16 замбирек жана 47 пулемет кошумча жөнөтүлгөн. 1916-ж. 15-августунда Жетисуу облусунун аскер-губернатору М. А. Фильбаум орус дыйкандарынан көтөрүлүшчүлөрдү басуу үчүн атчан жана жөө кошуундарды түзүү ж-дө көрсөтмө берген. Түркстандын генерал-губернатору А. Н. Куропаткин көтөрүлүшчүлөрдү жазалоону жеңилдетүү үчүн 1916-ж. 12-августунда убактылуу аскер талаа сотторун түзүүгө буйрук берген. Жазалоочу кошуун жана аларга жардам берген келгин дыйкандар көтөрүлүшчүлөрдү гана эмес, көтөрүлүшкө катышпаган тынч элди, кары-картан, жаш балдарды, аялдарды кыргынга учураткан. Мис., Беловодскидеги 500дөн ашуун кыргыздарды көтөрүлүшкө катыштынар деп, сарайга камашып, эртеси баарын мыкаачылык менен өлтүрүшкөн. Ушундай эле окуя Ысыккөлдүн башындагы Теплоключенка айылында болуп, 500дөй киши өлтүрүлүп, 100дөн ашык адамдын өлүгү Аксуу суусуна ыргытылган. Каракол ш-ндагы жергиликтүү 700 дунгандан 6 гана киши тирүү калган.

Тукум курут болуп кырылып калуудан чочулаган кыргыздар сентябрдын аягынан баштап, өз жерин таштап, баш маана издеп Кытайды көздөй үркүшкөн. Жан далбаса кылып колуна тийген буюмдарын, таланууудан калган малын айдап, азып-тозуп качкан кыргыздарды жазалоочу кошуун менен келгин дыйкандардын кошуундары сая куун, жеткен жерден кырып, мал-мүлкүн талап жүрүп отурушкан. Үркүн кыш мезгилине туура келип, далай адамдар ак кар, көк муз баскан белдерден өтө албай кыргынга учураган. Кытайлык маалыматтар боюнча Жетисуу облусунан Кытайга 332 миң адам качып барган. Бул көтөрүлүштө 200 миңге жакын кыргыздар өлүп, түндүк Кыргызстандын калкы 41,4%ке азайган.

1916-ж. кыргыздардын улуттук-боштондук күрөшү жеңилүүгө учурап, жырткычтык менен басылган. Бирок жеңилүү менен аяктагандыгына карабастан көтөрүлүштүн тарыхый мааниси чон. Түркстандагы оторчул саясаты үчүн падыша өкмөтү жергиликтүү элден сокку жеди. Түрдүү улуттагы элдер биргелешип, улуттук эзүүгө каршы күрөшкө чыгууга болорун түшүнүштү.

ПАДЫШАЧЫЛЫК БИЙЛИК МЕЗГИЛИНДЕГИ КЫРГЫЗСТАНДЫН МАДАНИЯТЫ

Элдик оозеки чыгармачылыктын өнүгүшү

19-к-дын аягы –20-к-дын башында кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы өркүндөп, а. и. өзгөчө эпикалык жанрлар (элдик поэзия, дастан, фольклор ж. б.) өнүккөн. Айрыкча «Манас» айтууда Бекмурат (Балыкооз), Келдибек, Барыбоз уулу, Назар, Чоңбаш, Телтай, Калмырза, Суранчы, Чоодан, Жандаке ж.б. чон манасчы аталышып, эл ичинде кадыр-баркка ээ болушкан. Алардын ар бири өз учурунун улуу манасчылары катары көптөгөн таланттарга таасирин тийгизген. Мис., Жапый уулу Тыныбек (1846–1902) манасчыдан Сагымбай, Калыгул, Тоголок Молдо, Байбагыш, Доңузбай ж. б. улуу-кичүү манасчылар таалим алышкан. Алар кыргыз элинин улуттук сыймыгы, жарым миллиондон ашык саптан турган «Манас» эпосунун өнүгүшүнө, таралышына зор салым кошушкан.

Манасчылардын бири Сагымбай Орозбак уулунун (1867–1930) айтуусунда жазылып алынган «Манас» эпосунун варианты мазмуну, идеясы, көркөмдүгү жагынан жогорку деңгээлде иштелген, композициясы боюнча толук бүткөн монументтүү элдик көркөм чыгарманын бийик үлгүсү катары кыргыздын руханий дөөлөтүнө кирген.

18–19-к-да кенже эпостор да толукталып, көркөмдүк бийик деңгээлге жеткен. Табиятка аяр мамиле жасоо идеяларын чагылдырган «Кожожаш», кыргыздардын эң байыркы доордогу дүйнөнүн, жердин түзүлүшү ж-дөгү түшүнүгүн көрсөткөн «Эр Төштүк» дастандары, элдин байланыш, жол катнаш, жакшылык менен жамандык жөнүндөгү ой-тилектерин айгинелеп, коомдук ан-сезимдин өнүгүшүнө кызмат өтөгөн. Ошол доордогу Борбордук Азиядагы саясий кырдаалды, кыргыз элинин ойрот баскынчылыгына каршы күрөшүн чагылдырган «Жаныш, Байыш», «Курманбек», «Эр Табылды» сыяктуу баатырдык кенже эпостору, жоокерчилик замандагы аялдардын эркиндик, теңчилик үчүн күрөшүн даназалаган «Жаныл Мырза» дастаны пайда болуп, калк арасында кеңири тараган.

Кыргыз элинин улуу талантын айгинелеген акындык өнөр да өнүккөн. Кыргыздын төкмө акындары айтыш өнөрү аркылуу өз чеберчиликтерин көрсөтүшкөн. Булардын ичинен Жеңижок (Өтө Көкө уулу – 1860–1918-ж.) философиясы терең мазмундуу чыгармалары менен калктын кадырлоосуна ээ болгон.

Кыргыз элинин улуу акыны Токтогул Сатылганов (1864–1933) өз доорунун социалдык, таптык мамилелерин чебер талдоого алып, эркиндик, теңчилик идеясын жогору койгон ырлары менен элдин калың катмарына белгилүү болгон.

Чүйдүн Онбиржылга айылынан чыккан, ырды жамгырдай төккөн, укмуштуу бийик арген үндүү Калмырза Сарпек уулун (1866–1910-ж.) казактын улуу акыны Жамбыл жогору баалаган.

Төкмө акын Барпы Алыкуловдун (1884–1949-ж.) санат-насыят ырлары дидактикалык философиялык терең ойлорго байлыгы менен өзгөчөлөнгөн.

Төкмө акын Эшмамбет Байсеит уулу (1867–1926) Токтогулдан таалим алган. Анын ырлары да философиялык ой толгоолору менен айырмаланып турган. Ал Жеңижок, Жаныбай, Курман, Найманбай, Барпы, Калык ж. б. белгилүү акындар менен айтышта өзүн бул өнөрдүн чоң устаты катары көргөзгөн.

Кыргыздын музыкалык өнөрүнө Күроңкөй Белек уулу (1826–1960) Ныязаалы Борош уулу (1860–1949), Карамолдо Ороз уулу (1863–1960), Боогачы Жакыпбек уулу (1866–1935), Ыбрай Туман уулу (1885–1967) ж. б. көөнөргүс салым кошуп, комузда, кыякта, темир комузда, чоордо, керней-сурнайда, сыбызгыда ж. б. аспаптарда ойношуп, терең мазмундуу обон-күүлөрдү жаратышкан. Алардын айрым чыгармалары кийинчерээк нотага түшүрүлүп, элибиздин алтын казынасына түбөлүккө киргизилген жана азыркы учурда да өз маанисин жоготпостон, эл арасында аткарылууда.

Кыргыздардын философиялык ой толгоолору чечендик өнөрдө, алдын көрө билген акылман олуялардын сөздөрүндө да чагылдырылган. 19-к-дын кыргыз философия-сына, чечендик өнөрүнө терен из калтырган Калыгул Бай уулуннун (1785–1855) сөздөрү өтө олуттуулугу, курчтугу, келечекти таамай чагылдырылгандыгы үчүн эл аны «Калыгул олуя» деп катуу кадырлаган. Анын «Калыгулдун сөзү», «Акыр заман», «Терме, санат ырлары», «Ысыккөл жөнүндө айткандары» ж. б. чыгармалары бүткүл чыгыш поэзиясында байыртадан эле орун алып келген дидактикалык мүнөздө болуп, акылдуу ойлорго, насыятка жык толгон. Чыгыш поэзиясынын бул түрүн өркүндөткөн кыргыз ойчулдарынын дагы бири Арстанбек Буйлаш уулу (1824–78) комуз күүлөрү, обондуу ырлары менен да эл ичинде атагы чыккан. «Тар заман» аттуу негизги чыгармасында орус оторчуларынын келишин алдын ала айтып, ал заманды «азуулуга бар заман бечарага тар заман» катары сүрөттөп, о. эле орустардын келиши менен калыптанган элдик адеп-ахлак бузулат деп эсептеген.

Калыгул менен Арстанбектин чыгармаларында өз доорунун курч проблемаларын козгоп, элдин кемчилиги, коомдун социалдык абалы таамай айтылып, элестүү образ менен берилген. Бул ойчулдардын айткандары эл ичинде макал-лакап катары жашап калган.

Жазуу маданиятынын өнүгүшү

18-к-да кыргыздарда өтө сейрек болсо да жазуу колдонула баштагандыгын уруу башчылары Атаке бийдин, Боромбай баатырдын Россия төбөлдөрүнө жазган каттарынан билебиз. Ал кезде кыргыздар араб арибиндеги чагатай жазуусун пайдаланган.

Нукура кыргыз тилинде алгачкы жолу ыр жазган акындардын көрүнүктүүсү Молдо Нияз (1823–1896) болгон. Ал Оштун Кызылбулак айылында (азыркы Кадамжай районунда) туулган. Жергиликтүү жана Кашкар ш-ндагы медреселерден билим алган. Молдо Нияз чыгыш поэзиясын жакшы өздөштүрүп, өмүр, өлүм, аалам, жакшылык, жамандык, элдеги ар кандай социалдык катмарлардын дүйнөгө болгон көз караштарын философиялык сопучул (суфизм) мазмундагы ырларында чагылдырган. Анын «Санат ырларынын» жети китепчеден турган кол жазмаларынын төртөө белгисиз калса да, калган үчөө кыргыздын алгачкы жазуу мурасы катары баалуу.

Жазгыч акын Молдо Ниязды салтын Кыргызстан Россияга каратылгандан кийинки мезгилде бир катар чыгармачыл адамдар улантышкан. Алардын бири Байымбет Абдыракманов (Тоголок Молдо – 1860–1942) Нарындагы Куртка деген жерде туулган. Ата-

лаш чоң абасы Музооке ырчыдан тарбия алган. Молдодон кат тааныган. Анын чыгармачылыгы элдик оозеки чыгармачылыктын өркүндөп өсүп, гүлдөп турган дооруна туура келген. Залкар манасчы Тыныбектен «Манас» эпосун үйрөнөт. Ага Тоголок Молдо деген лакап атын да Тыныбек коюп, анын чыгармачылыгын жактырып, өсүшүнө шык берген. Тоголок Молдо ар түрдүү жанрдагы ырларды жаратып, элдик арман, кошок, болумуштарды иштеп чыгуу-га, санжыра жазууга көп чыгармачыл дараметин жумшаган. Ал «Манастын» бир катар эпизоддорун жазып калтырган.

Кыргыз элинин белгилүү жазгыч акындарынын бири Молдо Кылыч Шамыркан уулу (1868–1917) молдолордон билим алып, кийин өз алдынча билимин өркүндөткөн. Чыгыштын поэзиясын, чыгармачылыгын, философиясын өздөштүрүүгө аракет жасаган. 1911-ж. Казанда кыргыздын басмадан чыккан эң алгачкы поэтикалык чыгармасы – «Зилзала» («Жер титирөө») аттуу казалдар жыйнагы жарыяланган. Молдо Кылычтын чыгармачылыгында диндин таасири күчтүүрөөк болгон.

Алгачкы тарыхчылар жана агартуучулар

Кыргызстан Россияга каратылгандан кийин ал жакта жашаган мусулман, түрк элдери менен кыргыздардын байланышы күчөгөн. Өзгөчө татарлар менен башкырлар элибиздин маданиятынын өнүгүшүнө, илим изилдөө иштерине түрткү беришип, кыргыздан чыккан чыгармачыл адамдарды колдошуп, эмгектерин басмадан чыгарууга жардамдашкан.

Алардын бири кыргыздын тунгуч жазгыч тарыхчысы *Осмонаалы Сыдык уулунун* 1913-ж. «Мухтасар тарых-и кыргызйа («Кыргыздардын кыскача тарыхы»), 1914-ж. «Тарых-и кыргыз Шадманийа («Шабданга багышталган кыргыз тарыхы) аттуу китептери Уфа ш-нда араб арибинде басылып чыккан.



О. Сыдык уулу.

Кыргыздын дагы бир тарыхчысы *Белек Солтоноевдин* кол жазма түрүндө сакталган «Кыргыз-казак тарыхы» («Кызыл Кыргыз тарыхы») эмгеги Кыргызстандын тарыхын изилдөөдө маанилүү булак катары эсептелет.

Ал кыргыздардын тарыхын таптык көз караштa жазууга аракеттенип, коомду социалдык топторго бөлүп таптар, тап күрөшү ж-дө жазган. Ошондой эле «Манас» эпосу жана манасчылар, орто кылымдардагы түрк-мусулман маданиятынын көрүнүктүү өкүлү Махмуд Кашгари, кыргыз элинен чыккан легендарлуу ойчулдар Толубай сынчы, Асан кайгы, ойчул акын-

дар Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч ж-дө маалымат берген. Анын эмгегинде кыргыздардын байыртадан берки дүйнөгө болгон көз карашынын эволюциясын көрсөтүүгө өзүнчө орун берилип, кыргыздардын астрономиялык, математикалык, коом жана жаратылыш ж-дөгү элдик билимдеринин денгээли чагылдырылган.



Б. Солтоноев.

Кыргызстан Россиянын курамына кирген соң кыргыздардын арасында агартуучулук кыймыл жанданган. Ошол мезгилдеги агартуучулардын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири Ишенаалы Арабаев болгон. Кыргыз элин агартууда, жалпы эле маданиятын көтөрүүдө Ыбырайым Абдырахмановдун да эмгеги зор.

Билим берүү, саламаттыкты сактоо

Кыргызстан Россиянын курамына кирген соң билим берүү тармагында да бурулуш башталган. Мектептер сан жагынан өсүп, аларда билим берүүнүн сапаты жакшыра баштаган. Кыргыздар балдарын, башка мусулман дининдеги элдер сыяктуу диний мектептерде, медреселерде окуткан. Ошону менен катар орус бийликтери 1886-жылдан «орус-жергиликтүү» мектептерин уюштуруп, аларда диний билимден тышкары орус тили, орус адабияты жана маданияты үйрөтүлгөн. 1883-ж. Ош уездинде 41 мектеп болуп, анда 391 окуучу билим алса, 1914-ж. 229 мектеп иштеп, анда 3,2 мин окуучу (а. и. – 33 кыз) окуган. Пишпек уездинде 1,3 мин окуучусу бар 59 мектеп, Каракол уездинде 2,3 мин окуучу окуган 128 мектеп иштеген. Мектептерде билим берүү диний сабактар менен гана чектелбестен, эсеп, география, тарых, табият таануу ж. б. сабактарды окуткан. 20-к-дын башынан «жаңы усул» (жадиттик) мектептери арбып, окуучуларга билим берүүдө жаңы усулдук ыкмалар киргизилген. 1917-ж. чейин Кыргызстанда Европа тибинде 107 мектеп болуп, аларда 7 мин окуучу (алардын 574 кыргыздар) окуган. Бул мектептерде 216 мугалим эмгектенген. Жаңы типтеги мектептер жалпы окуган балдардын 4%ин гана камтыган. Ушул мезгилде мусулмандык жогорку окуу жайы – медресе өтө көбөйгөн. Алсак, 1892-ж. Түштүк Кыргызстанда 7 медресе болсо, 1914-ж. Ош уездинде эле 88 медресе иштеген. Андан билим алгандар муфтий, казы, мугалим ж. б. кызматтарда иштешкен. Байлардын жана манаптардын демилгеси менен Түндүк Кыргызстанда да жаңы ыкмада окуткан кыргыз медреселери ачылган. Жетиөгүздө Кодонтайдын (1905-ж.), Кеминде Шабдандын (1909-ж.), Нарында Касымаалы-

нын (1910-ж.), Кочкордо Канаттын (1912-ж.) медреселери ачылып, балдарга билим берген. Атайын кесиптик билим берүүчү алгачкы окуу жайлары катары Пишпекте жана Караколдо айыл чарба мектептери ачылган. Мында окуган кыргыз жаштары чарбачылыктын жаңы түрлөрү менен бирге орус тили, эсеп, тарых, физика, ботаника, зоология ж. б. сабактардын негиздери менен таанышкан.

1870-жылдан келгин орустардын балдары үчүн партикулярдык (граждандык) жана чиркөөлүк баштапкы окуу жайлары ачыла баштаган. 1897-ж. Бишкекте алгачкы прогимназия, 1910-ж. эркек балдар үчүн гимназия ачылган. 1911-ж. Караколдо кыздар үчүн прогимназия иштей баштаган. Бул окуу жайларында аз санда болсо да кыргыздын уул-кыздары билим алышкан.

Маданий-агартуу мекемелери – китепканалар, гезит, китеп окуй турган жайлар уюштурулуп, аларга орусча, татарча, казакча, өзбекче чыккан китептер, гезит-журналдар келип турган. Басмадан чыккан Молдо Кылычтын, И. Арабаевдин, Осмонаалы Сыдык уулунун ж. б. эмгектери кыргыз эли тарабынан өтө кызыгуу менен жылуу кабыл алынган. 1914-ж. Бишкекте эң алгачкы «Эдисон» кинотеатры иштей баштаган.

Бул мезгилде калктын саламаттыгын сактоо тармагында да жаңылыктар башталган. Адегенде орус аскерлери үчүн лазареттер, кийинчерээк – жөнөкөй адамдар үчүн фельдшердик жайлар иштеген. 1900-ж. Ошто биринчи шаардык оорукана ачылган. 1913-ж. Кыргызстанда 4 шаардык, 2 айылдык оорукана иштеген. Анда ооруулууларга медициналык жардамдар көрсөтүлүп, кыргыздарды чечек, келте ооруларына каршы эмдөө иштери жүргүзүлө баштаган. Айрым кыргыздар да саламаттык сактоо ишине тартылып медицина илиминин айрым негиздерин үйрөнө башташкан.

Илимий изилдөөлөрдүн башталышы

19-к-дын экинчи жарымы – 20-к-дын башында Кыргызстанга россиялык бир катар ил. мекемелер өздөрүнүн окумуштууларын – этнографтарды, тарыхчыларды, географтарды, тоо инженерлерин ж. б. адистерди атайын аскердик экспедициялар менен жөнөтө баштаган. Бул экспедициялар биринчи кезекте аскердик чалгын иштерин жүзөгө ашырышкан. Алардын катарындагы окумуштуулар өздөрү изилдеген тармактар боюнча маалыматтарды топтошуп, илим изилдөө иштерин жүргүзүшкөн. Борб. Азияны изилдөөдө илимге көөнөргүс салымын кошкондордун бири Ч. Ч. Валиханов болгон. Анын ил. маалыматтары Кыргызстандын геог-н, фольклорун, кыргыз элинин тарыхын, элосторун изилдөөдө чоң мааниге ээ болгон. Теңиртоону, а. и. Ысыккөл өрөөнүн изилдөөгө чоң салым кошкон П. П. Семенов-Тянь-Шанский (1827–1914). 1856–57-ж. бул ай-

мактын орографиялык схемасын түзгөн. Ал европалык окумуштуулардын Ысыккөлдөн дарыя агып чыгат жана Теңиртоо вулкандардан жаралган деген жаңылыштыктарын оңдоп, ил. так маалыматтарды берген. Анын маалыматтары Теңиртоо системасын изилдөөдө олуттуу роль ойногон. Анын демилгеси менен кийинчерээк бир нече ил. экспедициялар уюштурулган.



Ч. Ч. Валиханов.

Николай Михайлович Пржевальский (1839–88) Борб. Азияны 1870–88-ж. ком-плекстүү иликтөөгө чоң салым кошкон. Бул аймакты изилдөө үчүн бешинчи жолу аттанып, келте ооруcунан өлгөн. Сөөгү Каракол ш-нын жанына, Ысыккөлдүн жээгине коюлуп, эстелик тургузулган. Каракол ш. 1889–1920 жана 1939–91-ж. анын ысмы менен аталган.



В. В. Бартольд.

Бул мезгилде окумуштуулар «Манас» эпосун изилдөөгө да өзгөчө көңүл бурушуп, белгилүү орус окумуштуусу В. В. Радлов, казак ориенталисти Ч. Ч. Валиханов кыргыз эпосу ж-дөгү илимди негиздешкен. 1856-ж. Ч. Валиханов тарабынан жазылып алынган «Көкөтөйдүн ашы» 1901-ж. «Жунгария очерктери» деген эмгегинде биринчи жолу орус тилинде басылып чыккан. «Манастын» эпизодун В. В. Радлов 1862-ж. бугу уруусунан чыккан манасчыдан, андан кийин 1864–69-ж. сарыбагыш уруусунун манасчысынан «Манастын» үч бөлүмүн тең жазып алган. Анын жазып алган жалпы көлөмү 14 мин саптан турган «Манастын» үзүндүлөрү орус транскрипциясы менен кыргыз тилинде Санкт-Петербургда, немец тилинде Лейпцигде 1885-ж. чыккан. Бул кыргыз маданиятынын тарыхындагы чоң окуя эле. Кыргыздар ж-дөгү академик В. В. Бартольддун, венгр изилдөөчүсү Г. Алмашинин, орус саякатчысы П. П. Семенов-Тянь-Шанскийдин эмгектериндеги этногр-лык маалыматтар, «Манас» ж-дөгү билдирүүлөр орус жана Европа басмаларында 1861–1917-ж. басылып чыккан. Орус окумуштуусу П. М. Мелиоранский эпостун тарыхый катмарларына көңүл бурган. Ф. Е. Корш болсо чыгарманын поэтикасы жана анын жанрдык өзгөчөлүктөрү ж-дө өзүнүн көз карашын айткан. 1903-ж. орус геогр-лык коому тарабынан уюштурулган ил. экспедиция менен кыргыз жергесине сүрөтчү Б. В. Смирнов келген. Ал Чүй боорундагы кыякчы жана жомокчу Кенже Карага жолугуп, анын айтуусунда «Семетейден» үзүндү жазып, аны 1914-ж. кара сөз түрүндө

орусча которуп, «Түркстандын талааларында» аттуу китебине чыгарат. Смирнов Кенже Каранын үнүн фоножазууга да жазып алган. Кыргыз элинин турмушун чагылдырган сүрөттөрдү тарткан.

Кыргыз тарыхын иликтөөдө В. В. Бартольд, Н. А. Аристов, С. Е. Малов ж. б. көө-нөргүс салымдарды кошушкан. Ошондой эле Н. А. Северцев, А. В. Каульбарс, А. П. Федченко, И. В. Мушкетов, немецтер М. Фридрихсен, М. Керцбахер, француз Г. Капю, америкалык В. Дэвис, Э. Хантингтон ж. б. изилдөөчүлөр Кыргызстандын ил. иликтенишине өз салымдарын кошушкан.

Россиянын курамына киргенден кийин кыргыз эли орус эли жана Россияда жашаган башка элдер аркылуу европалык маданияттын алдыңкы жетишкендиктери менен таанышууга мүмкүндүк алган. Кыргызстанда улуттук жазуу жаңы деңгээлде өркүндөй баштаган.

ПАДЫШАЧЫЛЫК БИЙЛИКТИН КУЛАШЫ. КООМДУК-САЯСИЙ ТУРМУШТАГЫ ЖАҢЫЛЫКТАР

Февраль революциясы Кыргызстанда

Россиядагы 1917-ж. буржуазиялык-демократиялык Февраль революциясы Россияда жашаган бардык элдердин тарыхындагы маанилүү окуя болгон. Анткени бул революция падышачылык бийликти жоюп, элдерге саясий эркиндикти берген. Саясий партиялар подпольеден чыгып, басма сөз эркиндик алган.

Февраль революциясынын жеңиши тууралуу кабар Кыргызстанга март айынын башында гана жеткен. Пишпек, Ош сыяктуу уездик борборлордо, көмүр кендеринде, Чүй сугат тармагында ж. б. жумушчулар топтолгон жерлерде массалык митингдер, демонстрациялар болуп, аларда падыша бийликтерин жоюу, сегиз сааттык жумуш күнүн киргизүү, согушту токтотуу, саясий камактагыларды бошотуу ж-дөгү талаптар коюлган. 11-мартта Пишпекте түрмөнүн алдында өткөн митингден кийин 130 саясий камактагылар, Караколдо 34 адам, 10-мартта Ош ш-нда болгон митингден кийин 300 адам камактан бошотулуп, а. и. 1916-ж. улуттук-бошгондук кыймылга катышты деген күнөө менен камалган адамдар да болгон.

1917-ж. 6-мартта Кызылкыя кениндеги 16-мартта Сүлүктүдөгү шахтерлор жумушчу депутаттарынын Советин түзүшкөн. Алар менен катар эле Кыргызстандын шаарларында жана аскердик бөлүктөрдө солдат депутаттарынын Советтери түзүлүп, алар жумушчу депутаттарынын Советтери менен бириге баштаган. 6–7-мартта Пишпекте, 14-мартта Ошто кийинчерээк Токмокто, Нарында, Караколдо солдат депутаттарынын Советтери түзүлгөн.

Убактылуу өкмөттү колдогон буржуазия менен жер ээлери Советтер менен катар өздөрүнүн Аткаруучу комитет, Коомдук кооп-суздук комитет деп аталган бийлик органдарын түзө башташкан. Алар эми Убактылуу өкмөттүн атынан бийлик жүргүзүп, мурдагы падышалык админ-нын саясатын улантышкан.

7-мартта Пишпекте Аткаруучу комитет түзүлүп, андагы көпчүлүк орунду буржуазиянын өкүлдөрү, падыша чиновниктери ээлешкен. Ага меньшевиктер менен эсерлер кирген. Ушул өңдүү комитеттер Фергана облусунда, Ошто, кийинчерээк болуштуктар менен айыл-кыштактарда түзүлө баштап, ага мурдагы падыша чиновниктери, бай-манаптар, кулактар мүчө болушкан.

Февраль революциясы саясий эркиндикти берүү аркылуу Россия-нын тарыхында маанилүү роль ойногону менен жумушчулар ме-нен дыйкандар эңсеген жер жана тынчтык, сегиз сааттык жумуш күнү ж-дөгү негизги маселелерди чече алган эмес.

Улуттук башка региондор сыяктуу эле Орто Азияда, а. и. Кыр-гызстанда падышачылыктын улуттук-колониялык эзүүсү жоюлган эмес. Ал тургай Убактылуу өкмөттүн башчысы Керенский Түркстан-га колония катары гана мамиле жасаш керек деп кошумча көрсөтмө берген.

Түркстан крайында бийликте мурдагы эле генерал-губернатор Куропаткин калып, Убактылуу өкмөттүн комиссарынын милдетин аткарган. Облустар менен уезддерде мурдагы аскердик губернаторлор жана уездин начальниктери өздөрүнүн башкаруу аппараттары менен бийлик жүргүзүп кала берген.

Түндүк Кыргызстанды камтыган Жетисуу облусунун комиссар-лыгына Пржевальск уездинин келгиндерди жайгаштыруу башкар-масынын мурдагы начальниги Шеболин дайындалган. 1916-ж. көтөрүлүштү басууда өзгөчөлөнгөн поручик Занемовский Пишпек-ке, Дряхлов Ошко, Ходосов Пржевальскиге уездик комиссар бо-луп дайындалышкан. Алар эл арасында шовинисттик, улутчулдук саясатты улантышкан. Элдерди бири-бирине тукурууга аракетте-нишкен.

Жергиликтүү калктын өкүлдөрү колониячыл эзүүнү жоюу жана улуттук теңчиликти орнотуу үчүн улуттук-боштондук мүнөздөгү күчтөрдү бириктирген уюмдарга бириге баштаган. Мис., 1917-ж. апрель айында Пишпекте Кыргыз коомдук комитети түзүлгөн. Мын-дай комитеттер Түндүк Кыргызстандын башка шаарларында да пай-да болуп, алардын башында мурда падышачылыкка кызмат кыл-ган манаптар менен байлар турушкан. Августта Ошто Мусулман жумушчулары менен чайрыкерлер депутаттарынын Совети түзүлгөн. Бирок улуттук мүнөздөгү комитеттер өзүнүн уюшкандыгы жагы-нан алсыз болуп, олку-солку абалда турушкан. Ошентип, Кыр-

гызстанда Борбордук Россиядан айырмаланып, жумушчулар менен солдаттар депутаттарынын Советтеринен, Убактылуу өкмөттүн комитеттеринен жана улуттук мүнөздөгү Кыргыз коомдук комитеттеринен турган үч бийлик түзүлгөн. Булардын биргелешип башкарууга өз ара байланыштарды бекемдөөгө кылган аракеттери жакшы натыйжа берген эмес. Чындыгында, бийлик Убактылуу өкмөттүн колунда болгон.

Кыргызстанда саясий уюмдардын түзүлүшү

1917-ж. жазында жана жайында Кыргызстандын калкынын бардык катмарлары саясий турмушка жигердүү тартыла баштаган. Март айында Сүлүктүдө, апрель-июнь айларында Пишпекте, Ошто жана Кызылкыяда социал-демократиялык топтор түзүлгөн.

1917-ж. жайында Пишпекте А. Сыдыковдун жетекчилиги астында «Алаш» улуттук партиясынын жергиликтүү бөлүмү түзүлгөн. Бул партия 1917-ж. майда Казакстанда (Оренбург ш-нда) түзүлүп, анын башында А. Букейханов менен А. Байтурсынов өндүү буржуазиялык-демократиялык багыттагы казак интеллигенциясынын өкүлдөрү турган. Буга казак-кыргыз интеллигенциясынын өкүлдөрү, демократиялык маанайдагы майда буржуазия, байлар, жумушчулар менен дыйкандардын бир бөлүгү, дин кызматкерлери кирген. Улуттук «Алаш» партиясынын негизги максаты казак жана кыргыз элинин өз алдынча мамлекетин түзүү болгон. Бул партиянын жергиликтүү уюмдарын түзүүгө кыргыз интеллигенттеринен И. Арабаев, К. Тыныстанов, Н. Тулин, Д. Сооронбаев, С. Чукин ж. б. жигердүү катышышкан. «Алаш» партиясынын уюмдары негизинен Түндүк Кыргызстанда түзүлгөн. Бул партия 1918-ж. жоюлуп, анын прогрессивдүү өкүлдөрү Совет бийлигине кызмат кылган.

Кыргызстандын түштүгүндө болсо өзбек жана кыргыз байларынын жана мусулман дин кызматчыларынын, интеллигенциянын өкүлдөрүн бириктирген «Шуро-и-Ислам» (Ислам кенеши) партиясынын жергиликтүү уюму түзүлүп, бир кыйла таасирге ээ болгон. Партия март айында Ташкенде түзүлүп, буржуазиялык Россиянын курамында Түркстандын улуттук-мусулмандык автономиясын түзүү максатын көздөгөн. Партиянын Кыргызстандагы жергиликтүү уюмун Таш Кудайбергенов жетектеген. Бул уюм «Кокон автономиясы» талкалангандан кийин (1918-ж.) жоюлган.

Кыргызстандын аймагында Социал-Туран партиясынын жергиликтүү уюмдарын түзүү аракети башталган. Ага соодагерлер, мугалимдер жана окуучулар, котормочулар мүчө болушуп, партиянын өз алдынча бирдиктүү Түрк мамл-н түзүү максатын колдошкон. Ал

толук уюштурула элек кезинде эле контрреволюциячыл уюм катары тыюу салынган.

Ушул эле мезгилде карапайым калктын, эмгекчилердин түпкү кызыкчылыгын көздөгөн союздар да түзүлө баштаган. Алсак, 1917-ж. май айында Пишпек уездиндеги кедей жана орто дыйкандарды бириктирген демократиялык уюм «Букара» союзу түзүлгөн. Булардан тышкары Кыргызстанда ар түрдүү адистиктеги жумушчуларды бириктирген союздар түзүлгөн. 1917-ж. жазында Пишпекте Чүй сугат тармагынын жумушчуларын, курулушта иштегендерди, кийим тигүүчүлөрдү бириктирген Жумушчулар жана кол өнөрчүлөр союзу, Кызылкыя менен Сүлүктүдө Жумушчу кенчилердин союзу, Жумушчулар менен чайрыкерлердин союзу түзүлгөн.

Бул саясий уюмдардын жетекчилиги менен демонстрациялар, митингдерге чыккан эл эзилген улуттарга эркиндик берүү, империалисттик согушту токтотуу, дыйкандарга жер берүү, чарбанын бүлүнүүсүнө, ачарчылыкка каршы чараларды көрүү, сегиз сааттык жумуш күнүн белгилөө жана башка талаптарды коюшкан.

Күз айларынан баштап Петроградда боло турган Советтердин Бүткүл Россиялык 2-съездине карата даярдыктар көрүлүп, Сүлүктү Советинин төрагасы Д. Деканов жумушчулардын, А. Фролов солдаттардын атынан Советтердин Самаркан облустук конференциясында съездге делегат болуп шайланышкан. Россиядагы буржуазиялык-демократиялык революция анда жашаган бардык элдердин тарыхындагы маанилүү окуя болгон. Бул революция падышачылык жеке бийликти жоюп, республикалык түзүлүшкө жол ачкан. Бирок бир катар объективдүү жана субъективдүү шарттарга байланыштуу революция өзүнүн негизги максатына жеткен эмес. Тынчтык, жер жана улут маселелери чечилбей, Россиянын борборунда Кош бийлик, ал эми Кыргызстанда Үч бийлик орногон. Көп өтпөй, жергиликтүү калктын саясий жактан баёлугунун, большевиктердин таасиринин начарлыгынан бул жакта түзүлгөн Советтер жана кыргыз улуттук комитеттери бийликти Убактылуу өк-мөткө өткөрүп беришкен.

СОВЕТ БИЙЛИГИНИН ОРНОШУ ЖАНА ЧЫҢДАЛЫШЫ

Кыргызстанда Совет бийлигинин орношу

1917-ж. күзгө жакын Россияда большевиктер партиясынын ролу жогорулай баштайт. Алардын таасиринин өскөндүгү өзгөчө Советтердин ишинде байкалган. Өлкөдө аскердик бийликти орнотууга аракет кылган корниловчулардын талкаланышы большевиктердин авторитетин көтөрүп, контрреволюциячыл

күчтөрдү начарлаткан. Ушундай кырдаалда В. И. Ленин июль окуяларынан кийин убактылуу алынып салынган «Бардык бийлик Советтерге!» деген ураанды кайрадан койгон.

1917-ж. 24-октябрда (6-ноябрь) Петроградда куралдуу көтөрүлүш башталып, 25-октябрда (7-ноябрь) эртең менен Аскердик-революциячыл комитет Убактылуу өкмөттүн кулагандыгы ж-дө жарыялаган.

Советтердин Бүткүл россиялык 2-съезди В. И. Ленин башында турган жумушчу-дыйкандардын биринчи өкмөтү – Эл Комиссарлар Советин шайлаган. Ушул мезгилден тарта большевиктер партиясы башкаруучу партияга айланган. Бул съездде тынчтык жана жер ж-дөгү маселелер каралып, эки маселе боюнча Совет мамл-нин алгачкы декреттери (мыйзамдары) кабыл алынган. «Тынчтык жөнүндөгү» декрет боюнча жалпы демократиялык тынчтык келишимин түзүү программасы иштелип чыккан.

«Жер жөнүндөгү» декрет боюнча жерге болгон помещиктердин менчиги жоюлуп, аны мамлекеттин байлыгы катары дыйкандарга пайдалануу үчүн бекер берүү чечилген.

Кыргызстанда Совет бийлигин орнотуу өтө кыйын жана өзгөчө шарттарда жүргүзүлгөн. Өндүргүч күчтөрдүн начарлыгы, өнөр жай пролетариатынын аз санда болушу, большевиктер партиясынын таасиринин аздыгы, колониялык саясаттын натыйжасындагы кыргыздар менен орустардын ортосундагы кастык мамиле жаңы бийликтин орношуна тескери таасирин тийгизген.

Ташкенде 1917-ж. 1-ноябрда Совет бийлигинин орношу Орто Азияда, а. и. Кыргызстанда, Совет бийлигинин орнотулушун тездеткен. 1917-ж. жумушчу, солдат жана дыйкан депутаттарынын аймактык 3-съезди Түркстандагы мамл. бийликтин Эл комиссарлар Советине өткөндүгүн таанып, жер-жерлердеги бийлик жумушчу, солдат жана дыйкан депутаттарынын колуна өткөндүгү ж-дө чечим кабыл алган.

Кыргызстандын аймагында биринчи болуп Сүлүктү менен Кызылкыяда Совет бийлиги жарыяланган. Кыргызстандын түштүгүндө Совет бийлигинин орношун тездетүүгө Советтердин Фергана облустук 6-съезди (1917-ж. 6–7-декабрь) чоң таасир тийгизген. Съездде большевиктер басымдуулук кылган жана алардын резолюциясы кабыл алынып, Фергана облусунда бийликти Советтердин колуна алуу маселеси чечилген. 1917-ж. декабрда Жалалабатта, 1918-ж. январда Ошто Совет бийлиги орногон, о. эле Фергана өрөөнүндөгү бардык айыл-кыштактарда да Советтер уюшулуп, бийликти өз колдоруна ала баштаган.

Кыргызстандын түндүгүндө Совет бийлиги адегенде Таласта 1917-ж. декабрдын башында орногон. Бул жерде Совет бийлигин орнотууга Ташкен–Олуяата темир жолунун жумушчулары жана Олуяата ш-ндагы аскер гарнизону жардам көрсөтүшкөн.

Пишпек ш. Кыргызстандын түндүгүндө Совет бийлигин орнотууда чоң роль ойногон. 1917-ж. октябрь айында Пишпектеги большевиктер бирдиктүү уюмга бириге элек болчу. Алар дагы эле солчул эсерлер менен бирдикте иштеп жатышкан. Жумушчулардын, кол өнөрчүлөр менен солдаттардын, 1916-ж. көтөрүлүштөн жабыр тарткан кыргыз кедейлердин нааразычылыктарынын өсүшүнүн натыйжасында ноябрь–декабрь айларында Пишпекте революциячыл кыймылдар күч алып, аларда большевиктердин таасири күчөгөн. Күзүндө Пишпек уездинде большевиктердин жашырын топтору: башында жумушчу А. И. Иваницын турган Чүй сугат тармагынын курулушундагы топ, механик И. С. Меркун башында турган Пишпектеги жумушчулар тобу, Г. И. Швец-Базарный жетектеген солдаттар тобу түзүлгөн. Ошол эле мезгилде Пишпекте Кыргызстандагы алгачкы большевиктик улуттук топ түзүлүп, аны Х. Хасанов, К. Сарыкулаков, И. Худайбергенов жетектеген. Уезддеги бардык болуштуктардын дыйкандарынын арасында зор таасири бар «Букара» союзу большевиктердин негизги таянычын түзгөн.

Пишпек уездинде Совет бийлигин орнотуу контрреволюциячыл күчтөрдүн каршылыгына дуушар болуп курч мүнөздө өткөн. 1917-ж. 31-декабрындагы Пишпектин Дубовый паркында 1000ден ашык киши катышкан митинг уезддеги революциялык окуялардын жүрүшүндө бурулуш учур болгон. Митинг большевиктер башында турган бардык революциячыл күчтөрдү чечкиндүү аракетке өтүү үчүн баш коштуруп, Кызыл Гвардия кошуундарын түзүү ж-дө чечим кабыл алган. 1918-ж. 1-январда Пишпек Советинин аскердик жетекчилиги большевиктер менен алмаштырылып, төрагалыгына Г. И. Швец-Базарный шайланган. 1918-ж. 5-январында өткөн Пишпек уездинин Советтеринин съездинде бул аймакта Совет бийлиги орногондугун жарыяланган. Февралда Токмок ш-нда бийлик Советтердин колуна өтүп, 300 адамдан турган Кызыл Гвардия түзүлгөн. Пишпек уездинде Совет бийлигинин орношу Жетисуу облусунун борбору Верный (азыркы Алматы) ш-нда буржуазиянын бийлигин кулатууну бир кыйла жеңилдеткен. 3-мартта Верныйда Совет бийлигинин жеңиши облустун калган аймагында, а. и. Пржевальск уездинде Совет бийлигин орнотууда чечүүчү мааниге ээ болгон.

Пржевальск жана Нарын аймагында Совет бийлигин орнотуу курч кырдаалда өткөн. Бул аймактын калкы Совет бийлигин орнотууга жардам берүүлөрүн сурап, Жетисуу облустук жана Пиш-

пек уезддик Советтерге кайрылышкан. Нарын кыргыздарынын чакыруусу боюнча Токмоктон Ф. Дубовицкий командирлик кылган кызыл гвардиячылар келишип, мындагы контрреволюциячыл күчтөрдү, Кокон автономиялуу өкмөтүнүн куралдуу кошуундарынын калдыктарын талкалаган. 1918-ж. 8-апрелде өткөн Нарын аймагынын Советтеринин съездинде Совет бийлиги орногондугун билдирген.

Ысыккөл өрөөнүндө, өзгөчө Пржевальскиде, Түп, Теплоключенко сыяктуу айрым кыштактарда бай орус дыйкандары, казак орустар көп болгондуктан, алар Совет бийлигин орнотууга айыгышкан каршылык көрсөтүшкөн. Бул жерде контрреволюциячыл күчтөрдү басуу 1918-ж. жайына чейин созулган. 1918-ж. июнь айынын аягында Верныйдан келген кызыл гвардиячылардын кошууну Пржевальскидеги Убактылуу өкмөттүн бийлигин жоюп, 26-июнда Советтердин уезддик съездин чакырууга көмөктөшкөн. Съезд Советтердин эски курамын таратып, жаңы курамды шайлаган. Советтердин жаңы курамы Пржевальскидеги бийликти колуна алган.

Ошентип, 1918-ж. орто ченинде Совет бийлиги Кыргызстандын бардык жерлеринде орнотулган.

Граждандык согуш Борбордо жана жер-жерлерде Совет бийлигинин орношу бийликтен кулатылган таптардын куралдуу каршылыгын туудурган. Граждандык согуш 1918-ж. экинчи жарымынан башталып, 1920-ж. аягына чейин созулган. Бул согуш Түркстан аймагында, а. и. Кыргызстанда, эң эле катаал формада жүргүзүлүп, айрым бир өзгөчөлүктөр менен өткөн.

1918-ж. жайында империалисттик мамлекеттердин аракеттеринин натыйжасында граждандык согуш күч алат. Ак гвардиячылар менен бириккен Англиянын, Франциянын, АКШнын жана Япониянын куралдуу күчтөрү Совет бийлигин кулатуу үчүн согуш аракеттерин ачык башташкан. Алардын негизги сокку уруучу күчүн революцияга чейин эле чехтер менен словактардан түзүлгөн 40миңдей аскери бар Чехословакия корпусу түзгөн. Атаман Дутовдун 1918-ж. 3-июлда Оренбург ш-н басып алышы менен Түркстан Борбордук Россиядан бөлүнүп калган.

Түркстандагы контрреволюциячыл күчтөрдү басуу үчүн 1918-ж. июлда Актөбө, Закаспий, Жетисуу фронттору түзүлгөн. Согуштук аракеттерге жетекчилик кылуу үчүн Түркстанда коргонуу штабы, фронтторду башкаруу үчүн Түркстан Респ-нын Революциялык аскердик совети түзүлгөн. Кызыл Армиянын жаңы бөлүктөрүн түзүүгө өзгөчө көңүл бурулган.

Кыргызстандын түштүгүндө граждандык согуш басмачыларга каршы багытталган. Алгач басмачылардын аракети жергиликтүү калктын улуттук-боштондук күрөшү катары башталып, бара-бара реакциячыл кыймылга айланып кеткен.

Басмачылыкты жергиликтүү феодалдар менен буржуазия жетектеген улутчул кыймыл деп бир беткей баалоого болбойт. Аларды империалисттик мамлекеттер, биринчи кезекте Англия колдоп, өз кызыкчылыктары үчүн пайдалануу аракеттенишкен. Түштүк Кыргызстанга кенири жайылган кыймылды Калкожо, Мадаминбек, Мойдунбек, Эргеш, Рахманкул, Көршермат, Аман палван ж. б. корбашылар жетектеген. Алар бул кыймылга саясий түс бериш үчүн панисламизм жана пантүркизм идеяларын пайдаланышкан.

Совет бийлигин коргоо

Совет бийлигин коргоо ишине жергиликтүү калкты тартууга өзгөчө көңүл бурулуп, натыйжада жергиликтүү калктын өкүлдөрү Кызыл Армияга ыктыярдуу түрдө өтө баштаган. Кыргызстанда алгачкылардан болуп Ю. Абдрахманов, К. Баялинов, С. Каралаев, Ж. Саадаев, И. Токбаев өңдүү кыргыз жигиттери Кызыл Армияга кызмат кылган. Граждандык согуштун жүрүшүндө Я. Н. Логвиненко, А. Осмонбеков, Ж. Саадаев, С. Күчүков, М. Масанчин сыяктуу мыкты командирлер чыккан.

1918-ж. сентябрда Пишпекте 250 адамдан турган кошуун түзүлүп, Жетисуу фронтуна жөнөтүлгөн. Бул кошуун кийин Кызыл Армиянын Пишпектеги советтик биринчи полку болуп кайра түзүлүп, Я. Н. Логвиненко командирлик кылган. Ушундай эле кошуундар Токмокто, Пржевальскиде, Нарында, Ошто, Жалалабатта, Кызылкыяда ж. б. жерлерде түзүлгөн.

Кыргызстандын түштүгүндө басмачылар күч алып тынч жаткан кыштактарды талап-тоноп, бир нече орус кыштактарын өрттөп жок кылышкан. Басмачыларга каршы күрөшүү үчүн Анжиян менен Ош уездинде Дыйкандар армиясы түзүлгөн. Бирок ага кирип алышкан ак гвардиянын офицери К. Монстров, мурдагы падыша генералы А. Муханов 1919-ж. жайында бул армияны Совет бийлигине каршы бурууга жетишишкен.

1919-ж. 7-декабрда солчул эсерлердин жетекчилиги менен Аксуу (Беловодск) кыштагында козголоң башталып, ал жердеги Совет бийлигин жоюп, анын өкүлдөрүн асып өлтүрүшкөн. 14-декабрда алар Пишпекке чабуул коюшуп, анын батыш бөлүгүн ээлеп алышат. Аларга Сокулук, Карабалта, Садовое, Александровка ж. б. кыштактардан келгин дыйкандар кошулган. Аны басуу үчүн Түндүк Кыргызстандын бардык райондорунан Кызыл аскерлер чогулган.



ФРУНЗЕ Михаил Васильевич (1885, Жетисуу облусу, Пишпек уезди, азыркы Бишкек ш. – 1925, Москва) – мамл. ж-а аскер ишмери. Петербург политехникалык ин-тунун экон. факультетинде окуп жүргөндө андан революциячыл иши үчүн айдалган. 1905-ж. Иваново-Вознесенскиде революциячыл кыймылды уюштурууга катышкан ж-а иш таштоону жетектеген. 1907-ж. Шуяда камакка алынып, 1909–10-ж. эки ирет өлүм жазасына өкүм кылынган, ал жаза 10 жылга, кийин өмүр бою сүргүнгө алмаштырылган. Сүргүндөн 1915-ж. качып чыгып, Иркутск, Чита, Минскиде революциячыл иш жүргүзгөн. Октябрь революциясына катышкан (Иваново-Вознесенск, Москва). Граждандык согуш жылдарында Чыгыш фронтунун Түштүк тобуна, Колчактын армиясын талкалоодо Чыгыш фронтуна командалык кылган. *Түркстанда* Совет бийлигин чыңдоо үчүн 1919-ж. 14-августта уюшулган Түркстан фронтунун башкы командачылыгына Ф. дайындалган. 1920-ж. февралда Ф-нин буйругу б-ча Жетисуудагы кыргыз-казактардан Өзгөчө кыргыз атчандар бригадасы түзүлгөн. Ошол эле жылы 7-майда Кызыл Армияга жергиликтүү калктан 19–35 жаштагы 30 миң адамды мобилизациялоо ж-дө буйрук чыгарган. Бул Борб. Азия элинин тарыхындагы биринчи мобилизация болгон. 1920-ж. сентябрда Түштүк фронтунун командачысы болуп дайындалып, Врангелди талкалоону жетектеген. 1920-ж. Түркстан комиссиясынын мүчөсү катары Орто Азиядагы, а.и. Кыргызстандын түштүгүндөгү контрреволюциячыл күчтөрү талкалоо Совет мамл-нин улут саясатын калк арасында түшүндүрүү б-ча иштерди жүргүзгөн. 1921–24-ж. Крым аскерлеринин командачысы, 1924–25-ж. СССР революциялык аскер советинин төрагасынын орун басары, төрагасы, аскер ж-а деңиз иштер эл комиссары. 1924–25-ж. Ф-нин жетекчилиги м-н аскердик реформа жүргүзүлгөн.

Түндүк Жетисуу фронтунда атагы чыккан 1-Пишпек полку жардамга жиберилген. Алар 600 *км* жолду 9 суткада басып өтүп, 22-декабрда Пишпекке келген. Кызыл аскерлердин бириккен күчтөрү 23-декабрда козголоңчуларга сокку урган. Кызыл Армиянын бөлүктөрү 2-декабрда Беловодск кыштагын ээлеп, 29-декабрда уезд контрреволюционерлерден тазаланган. Бул согушта каза болгон Кызыл аскерлердин сөөгү Пишпектеги паркка коюлган.

1919-ж. июль айында ак гвардиячылардын кошууну Пржевальск уездиндеги Түп кыштагын ээлеп алган. Аларды Николаевка, Покровка, Михайловка, Семеновка кыштактарындагы келгин бай дыйкандар колдогон. 20-июлда ак гвардиячылар Пржевальскиге чабуул койгон. Шаардын эли Токмоктон, Верныйдан кызыл аскерлер жардамга келгиче бир жума бою шаарды коргогон. 26–27-июлда кызыл аскерлердин биргелешкен күчтөрү козголончуларга чечүүчү сокку урган. Козголондун уюштуруучулары Кытайга кире качкан.

Түркстанда Совет бийлигин чыңдоо үчүн 1919-ж. 14-августта Совет өкмөтү Түркстан фронтун уюштурган. Анын башкы командачылыгына М. В. Фрунзе дайындалып, Түркстан Респ-ндагы бар-

дык аскердик күчтөр анын карамагына өткөн жана Ташкен менен Россиянын ортосундагы байланыш калыбына келтирилген.

1920-ж. февралда М. В. Фрунзенин буйругу менен Жетисуудагы кыргыз-казактардан Өзгөчө кыргыз атчандар бригадасы түзүлгөн. Буга чейин 1919-ж. декабрда Токмок уездинде М. Масанчи командалык кылган дунган атчандар полку уюштурулган. Наманган уездинде А. Осмонбеков кыргыздардан турган кошуун түзгөн.

1920-ж. сентябрда Дыйкандар армиясынын командири К. Монстров Мадаминбек корбашы менен союз түзүп, алардын бириккен күчтөрү 8-сентябрда Ош ш-н ээлеген. 17-сентябрда болсо Анжияны курчоого алышкан. Бул шаарларга жардамга келишкен кызыл аскерлердин кошуундары К. Монстров менен Мадаминбектин куралдуу күчтөрүн сентябрдын аягында талкалаган. 1919-ж. октябрда Алайдагы Эркештам кыштагында корбашылардын курултайында Фергана автономиясынын убактылуу өкмөтү түзүлүп, өкмөттүн башына Мадаминбек шайланып, хан деп жарыяланган. Бир нече куралдуу кармаштардан кийин К. Монстров 1920-ж. 17-январда колго түшкөн, ал эми Мадаминбек 6-мартта багынып, Совет бийлигин тааныган.

1920-ж. башында Антанта Совет бийлигине каршы дагы бир жүрүш уюштурган. Май айында Польша Врангель менен биргелешип, Украинага кол салган. Түркстанга жаңы жүрүш даярдала баштаган. Коопсуздукту сактоо үчүн М. В. Фрунзе 1920-ж. 7-майда Кызыл Армияга жергиликтүү калктан 19–35 жаштагы 30 миң адамды мобилиза-циялоо ж-дө буйрук чыгарган. Бул Борбордук Азия элинин тарыхындагы биринчи мобилизация болуп, иш жүзүнө ийгиликтүү ашырылган.

Ички жана тышкы контрреволюциячыл күчтөр талкаланган соң анын калдыктары чет жактагы райондорго барышып, ал жактарда акыркы аракеттерин жасашкан. Ошондой козголоңдордун бири 1920-ж. ноябрда Атбашыда башталып, анын башында мурдагы офицер Д. Кирьянов, соодагер К. Бондарев турган. Алар жергиликтүү бай-манаптардын жардамына таянып, Нарын ш-нда контрреволюциячыл төңкөрүш жасаган жана андагы 23-полктун командалык курамын туткундаган. Шаардагы Совет бийлигинин жетекчилери өлтүрүлүп, 47 адам камакка алынган. Падышачылык бийлик орнотулган. Козголоңчулар Жетисуудагы бийликти колго алыш үчүн Токмокко жана Пишпекке аттанышкан. Кызыл Армиянын аскерлери аларды Кочкордон тоскон. 1920-ж. 16-ноябрда төңкөрүшчүлөр талкаланып, башчысы Д. Кирьянов колго түшүп, калдыктары Кытайга качкан. Ноябрдын аягында Нарын уездинде Совет бийлиги калыбына келтирилген. Ошентип, 1920-жылдын аягында Кыргызстанда граждандык согуш аяктаган.

СОВЕТ БИЙЛИГИНИН АЛГАЧКЫ МЕЗГИЛИНДЕГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КУРУЛУШ (1917–1940-Ж.)

Советтик агрардык саясаттын башаты

Пролетариат диктатурасы орногондон кийин В. И. Ленин башында турган коммунисттер биринчи кезекте агрардык маселени чечүүгө аракет жасашкан. Россиянын калкынын негизин түзгөн дыйкандардын басымдуу көпчүлүгүнүн талабына ылайык жерди мамлекеттештирүү саясаты жүргүзүлгөн. Совет бийлигинин «Жер жөнүндөгү» декрети кабыл алынып, ага ылайык бардык жерлер мамлекеттин менчиги делип жарыяланган.

Бул декрет боюнча Совет бийлигинин агрардык саясатынын төмөндөгүдөй негизги багыттары:

– жерге болгон жеке менчикти жоюу, ири жер ээлеринин жерлерин конфискациялоо;

– «жер аны иштеткендердики» деген эреже боюнча жерди чарбаларга тендеп бөлүп берүү;

– чарбаларды жерге жайгаштыруу;

– натуралай жана акчалай төлөнүүчү салыктарды, аренда акыларын, жана дыйкандардын кредиттик мекемелерге болгон бардык карыздарын жоюу;

– дыйкандарга өз чарбасын түзүү үчүн материалдык-техникалык, акчалай жардам берүү;

– айыл чарбасын тейлөө үчүн кооперативдердин жөнөкөй түрлөрүн уюштуруу ж. б. аныкталган.

Агрардык саясаттын бул багыттары Россиянын чет жакаларында жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен жүзөгө ашырыла баштаган. Жеке менчикте турбаган бардык жерлер мамлекеттин менчиги делип жарыяланып, жергиликтүү бийлик органдарынын көзөмөлүнө өткөн. Натыйжада, Кыргызстанда 326 мин дес. жер, мамлекеттин жери катары аныкталган. Бул жерлерде кийин колхоз-совхоздор уюштурулган, бир бөлүгү жерсиз дыйкандарга бөлүнүп берилген.

1918-ж. 17-майда В. И. Лениндин демилгеси менен «Түркстанда сугат иштерин уюштуруу боюнча» Декрет кабыл алынып жана Түркстанда сугат тармагын өздөштүрүүгө мамлекеттик казнадан 50 млн сом бөлүнүп, анын 3 млн сому Пишпек уездиндеги Чүй суусунун өрөөнүн өздөштүрүүгө чегерилген.

1921-ж. январда өткөн Түркстан АССРинин казак жана кыргыз кедейлеринин крайлык 1-съездинде келгин дыйкандар ээлеп алган кыргыздардын жерлерин кайтарып бермейинче кыргыз эли-

нин абалын ондоого болбой тургандыгы баса белгиленген. 1921-ж. 4-февралда Жетисуу областук революциячыл комитети бул максатты ишке ашыруу үчүн жер-суу реформасын кабыл алышкан. Бул реформа жер-суу маселеси боюнча орус жана кыргыз дыйкандарынын ортосундагы оторчул мезгилден калган тенсиздикти жоюуга багытталган.

Жер-суу реформасынын 1-этабы 1921–22-ж. жүргүзүлгөн. Реформа мурун падышалык-помещиктик колония күчтүү орногон Жетисуу облусунун Верный, Бишкек, Каракол уезддерин; Сырдарыя облусунун Олуяата (Талас өрөөнү), Чымкен, Ташкен уезддерин; Фергана облусунун Жалалабат жана Мархамат райондорун камтыган. Жер-суу реформасынын жана социалисттик жерге жайгаштыруу саясатынын натыйжасында кыргыз жана орус дыйкандарынын жерлеринин өлчөмү теңделип, кыргыз дыйкандарынын саны өскөн жана айдоо жерлер көбөйүп, жерди иштетүү жакшырган.

1923-жылдын жазынан реформанын 2-этабы башталып, Жетисуу облусунун калкын жапырт жерге жайгаштыруу иши жүргүзүлгөн. 1923–26-ж. реформа толук социалисттик мүнөздө болуп, дыйкандарды жерди жеке пайдалануудан коллективдүү пайдалануга өткөрүү максатын көздөгөн. Жерди иштетүүнүн социалисттик формасына өтүү үчүн Кыргызстанда адегенде көчмөн жана жарым көчмөн чарбаларды отурукташтыруу керек эле. Совет өкмөтүнүн чечими боюнча ар бир дыйкан жерди жекече же биргелешип иштетүүнүн формаларын тандап алууга, жалданма жумуш күчүн пайдалануу укуктуу болгон.

Реформанын натыйжасында феодалдык-помещиктик чарбалар жоюлган, патриархалдык-феодалдык мамилелер кыйраган. Айылкыштактын калкын негизинен орто дыйкандар түзүп калган. Реформанын жүрүшүндө 65 колхоз түзүлүп, көчмөндөр отурукташа баштаган. Айыл чарбасын туташ коллективдештирүүгө чейин эле кыргыздардын 40 миң көчмөн мал чарбасы отурукташкан эле. Натыйжада натуралдык мал чарбасы товар өндүрүүчү дыйкан чарбага көбүрөөк өтө баштаган.

Кооперациялар жана коллективдүү чарбалар

Агрардык реформалардан кийин кооперация күчтүү темп менен өсүп, кыргыз дыйкандары социалисттик кооперациянын ар түрдүү формаларына бириге башташкан. Кооперациянын жөнөкөй формалары Борбордук Азияда граждандык согуштун мезгилинде эле пайда болгон. Кыргызстанда болсо көчмөн мал чарбасына ылайыкташтырылган малчылардын «Чолпон» (1924-ж.) жана «Аксай» (1925-ж.) шериктештиктери түзүл-гөн. Кыргыз Автоно-

мия облусу түзүлгөн соң кооперациялар көбөйгөн. 1925-ж. октябрына карата Кыргызстанда 232 айыл чарба кооперативдери түзүлүп, аларга 21,8 миң адам мүчө болгон. 1926-жылдан Кыргызстандагы кооперацияларды Кыргыз АССРинин кооперациялык Совети жетектеген.

1926–28-ж. кооперациялардын саны 29,2 миңден 5,7 миңге көбөйүп, Респ. боюнча 1926-ж. дыйкан чарбаларынын 23% кооперацияларга бириккен болсо, 1928-ж. бул көрсөткүч 42,2% ке өскөн. Кыргызстандын шартына ылайык мал чарбачылыгы боюнча кооперацияларды түзүүгө, аларды өнүктүрүүгө көбүрөөк көңүл бурулган.

1929-ж. Кыргызстанда кооперациянын адистешкен формаларын түзүү ж-дө чечим кабыл алынып, ага ылайык, «Кыргыз пахта союзу», «Кыргыз мал чарба союзу», «Кыргыз колхоз союзу» ж. б. түзүлгөн. Бул союздар өнөр жайы менен дыйкандардын ортосун байланыштырып, дыйкандарды жерди биргелешип иштетүү шериктештигине (ТОЗ) жана айыл чарба артелдерине биригишине даярдоодо чоң роль ойногон.

1925-ж. Кыргызстанда 64 колхоз жана 6 совхоз болгон. Совет өкмөтү аларды ар тараптан колдоого алган. 1924-ж. Түй өрөөнүндө «Аламүдүн», Каракол уездинде «Токтоян» чарбалары уюштурулуп, аларда уйлардын асыл тукум породалары өстүрүлүп, мал үчүн сарайлар курулуп, сүт товар фермалары, сыр жасоочу цехтери иштеп, башкаларга үлгү болгон. 1928-ж. аягында Кыргыз АССРинде 5 коммуна, 102 ТОЗ, 180 айыл чарба артели иштеген. Алар республиканын 5,7 миңден ашуун дыйкан чарбаларын б. а. республиканын дыйкан чарбаларынын 1,7% ин гана бириктирген, а. и. колхоздорго бириккендер 2,9% ти гана түзгөн.

Жаңы экономикалык саясаттын шартындагы өнөр жай

Совет бийлиги орногон мезгилде Кыргызстан агрардык-мал чарба региону катары айырмаланып, негизинен пахта тазалоочу, жеңил жана тамак-аш тармактары боюнча гана аз сандагы ишканалар иштеген.

(1925-ж. апрелде) Чехословакиянын коммунист жумушчуларынын демилгеси менен Бишкек ш-нда «Интергельпо» («Өз ара жардам») интернационалдык кооперативдик шериктештиги түзүлүп, ага Пишпек станциясынын жанынан 43 *га* жер бөлүп берген. Алар кыска мөөнөттө эле айына 4 миң терини иштетүүчү завод, сукно фабрикасын, кыш, тактай заводдорун, электр станциясын, бир нече мастерскойлорду курушкан. 14 улуттун өкүлдөрүнөн турган бул жамаат республиканын өнөр жайынын өнүгүшүнө, жумушчу адистерди даярдоодо чоң роль ойногон.)

Жаңы экон. саясат майда кол өнөрчүлүк (кустардык) ишканаларга продукция өндүрүүгө жана аны сатууга эркиндик берген. 1922–23-ж. Кыргызстанда 1964 кустардык ишкана болсо, 1925–26-ж. алардын саны 4525ке жеткен. Аларга жеңилдиктердин берилиши, республикада мамлекеттик ишканалардын дээрлик жокко эсе болушу кустардык өнөр жайдын өнүгүшүнө ынгайлуу шарт түзгөн. 1925-ж. кол өнөрчүлөрдүн 11% ин баш коштурган 30 өнөр жай артелдери пайда болгон. 1920–24-ж. майда өнөр жай ишканаларынын дүн продукциясы республика боюнча 41% ке өсүп, 1925-ж. алар 1914-ж. чейин өндүргөн продукциянын 55% ин өндүргөн.

Жалпысынан алганда, Кыргызстан агрардык өлкө бойдон кала берген. 1926-ж. республиканын эл чарбасынын дүн продукциясында өнөр жайы 2,3% ин, ал эми 97,7% ин дыйканчылык менен мал чарбачылыгы өндүргөн.

ВКП(б)нын 14-съезди (1925-ж., декабрь) өлкөнү индустриялаштыруу курсун аныктаган. Союздук пландарга ылайык, Кыргызстанды агрардык-индустриялык республикага айландыруу милдети коюлган жана Респ-нын техникалык-экон. жактан артта калышын жоюу, жергиликтүү улуттардан жумушчу адистерди жана инженердик-техникалык интеллигенцияны даярдоо каралган.

Жалпы союздук пландын негизинде иштелип чыккан республиканын биринчи беш жылдык планын 1929-ж. 10-декабрында өткөн Кыргыз АССРинин 2-сессиясы кабыл алган.

Бирок мурда капитализмди басып өтпө-гөн Кыргызстандын шартында индустриялаштырууну жүзөгө ашыруу өзгөчө оор болуп, кыргыз калкынын көчмөн турмушта жашашы, патриархалдык мамилелердин үстөмдүк кылышы, калктын сабатсыздыгы, тап душмандарынын каршылыгы бул саясатты турмушка ашырууда залакасын тийгизген. Индустриялаштыруунун башталышында Кыргызстанда негизинен айыл чарба продукцияларын иштетүүчү, б. а. пахта, тери иштетүүчү, жеңил жана тамак-аш өнөр жайы өнүккөн. 1926-ж. Кыргызстанда 20 мамлекеттик ишканалар иштеген. Мындан тышкары шаарларда жана айыл-кыштактарда көптөгөн майда жеке менчик ишканалары болгон.

Биринчи беш жылдыкта Кыргызстанда 41 жаңы өнөр жай ишканасы ишке киргизилип, өнөр жайдын дүн продукциясы 3,5 эсеге өскөн. Өнөр жайынын республиканын эл чарбасындагы үлүшү 23,5% ке көтөрүлгөн.

1935-ж. январда Кыргыз АССРинин советтеринин IV-съезди жалпы союздук планга ылайык эл чарбасын өнүктүрүүнүн экинчи беш жылдык планын кабыл алган. Бул план боюнча республиканын өнөр жайына, өзгөчө көмүр казып алууга ири суммадагы ка-

питалдык салымдар бөлүнгөн. Экинчи беш жылдыкта биринчи беш жылдыктан айырмаланып, жаңы өнөр жай ишканаларын иштетүүгө, аларда жаңы технологияларды өздөштүрүүгө көңүл бурулган. 1935-ж. Ташкөмүр кени ишке киришип, башка көмүр кендери реконструкцияланган жана жаңы механизмдер менен жабдылган. Республикада көмүр казып алуунун көлөмү өскөн. Мунай өндүрүү жолго коюлган. Женил жана тамак-аш өнөр жайында да жаңы жетишкендиктерге жетишип, камсыз болгон. 1- жана 2- беш жылдыкта Кыргызстандын өнөр жайы бир кыйла жогорулаган. Кыргызстанда үчүнчү беш жылдыкта (1938–1942-ж.) 40 өнөр жай ишканалары ишке киргизилип, 1940-ж. өнөр жайы 1937-жылга салыштырмалуу продукцияларды 1,5 эсеге көбүрөөк өндүргөн. Кыргызстандын эл чарбасынын дүң продукциясында өнөр жайынын үлүшү 50,3% ти түзгөн, а. и. өзгөчө оор өнөр жайы, түстүү металл, машина куруу, курулуш материалдарын, электр энергиясын өндүрүү тармактары өнүккөн.

Колхоздоштуруу жана көчмөндөрдү отурукташтыруу

20-жылдардын аягында жаңы экон. саясаттын алкагында калыптанып калган багыт түптамырынан бери өзгөртүлүп, индустриялаштыруу эң негизги жана башкы максат катары жарыяланып, эл чарбасынын башка тармактары жалаң гана ошол максатты жүзөгө ашырууга өбөлгө болуш керек деп аныкталган. Индустриялаштырууну дыйкандарды тике жана кыйыр экспроприациялоо аркылуу ишке ашыруу багыты аныкталып, дыйкандарга азык-түлүк чагымы кайрадан киргизилген. Дыйкандар өздөрүнүн артыкбаш эгинин эркин сата албай, аны да мамлекетке арзан баада тапшырууга милдеттендирилген. Каршылык кылгандары кулак деп жарыяланып, сот жообуна тартылган, эгини конфискацияланган. Ушул мезгилде киши жалдап иштеткен өндүрүш ээлерин эзүүчү тап катары жоюу иши мурдагыдан да күч алган. Эзүүчү таптарды жоюу менен бирге дыйкандарды да кыңк эттирбей баш ийдирүү үчүн аларды өндүрүш каражаттарынан ажыратып, менчиктин бардык формаларын мамлекеттин колуна өткөрүү саясаты башталат.

И. Сталин 1929-ж. жайында айыл чарбасын «туташ коллективдештирүүнүн» ураанын жарыялаган. 1930-ж. 5-январда ВКП(б) Борбордук Комитети «Коллективдештирүүнүн темпи жана колхоз курулушуна мамлекеттик жардам көрсөтүүнүн чаралары жөнүндө» токтом кабыл алган. Анда коллективдештирүүнүн мөөнөтү бекитилип, ал сталиндик админ.-буйрукчул системасынын жетекчилиги менен жүргүзүлгөн. 1930-ж. январь–февраль айларында коллективдештирүү өтө тез темп менен жүргүзүлүп, 1929-ж. дыйкандар-

дын 6,6% и гана колхоздорго кирген болсо, 1930-ж. мартында бул көрсөткүч 37,2% ке жеткен.

Көчмөн жана жарым көчмөн чарбаларды отурукташтыруу

Кыргызстанда айыл чарбасын коллективдештирүү көчмөн жана жарым көчмөн чарбаларды отурукташтыруу менен кошо бир мезгилде жүргүзүлгөн. Калкты отурукташтыруу Совет бийлигинин алгачкы жылдарында жүргүзүлгөн жер-суу реформаларынын жүрүшүндө эле башталып, 20-жылдардын аягында 42 миң чарба отурукташкан. Бирок 30-жылдардын башында Кыргызстанда дагы 85 миң чарба көчмөн абалда калган. 1932-ж. көчмөндөрдү массалык түрдө отурукташтыруу башталып, жер-жерлерде турак жай, мектептер, ооруканалар, китепканалар, мал сарайлар курула баштаган. 1933-ж. 43,4 миң чарба отурукташууга өтүп, 148 айыл-кыштак уюшулган. Отурукташкандар үчүн 2,5 млн *га* айдоо жана жайыт аянттары бөлүнүп берилген. 4 жылда отурукташтырууга 34 млн сом жумшалган. 1931–1941-ж. Кыргызстанда 98 миң көчмөн жана жарым көчмөн чарбалар отурукташтырылып, 300 жаңы кыштактар пайда болгон. Аларды социалдык-экон. жактан көтөрүү үчүн 307 млн сом жумшалган. Ал эми 20 жылдын ичинде (1918–37) 600 мин адамды камтыган 142 миң чарба отурукташкан. Отурукташкан калк үй-жай менен негизинен камсыз болгон. Кыргыз элинин отурукташкан турмушка өтүшүнүн натыйжасында, Кыргызстанда туруктуу айыл-кыштактар, чарбалык борборлор пайда болгон. Аларда түрдүү агартуу мекемелери, мектептер, турмуш-тиричилик ишканалары курулган. Фео-далдык-патриархалдык ан-сезим жаңы коомдук идеология менен алмаша баштаган.

УЛУТ МАСЕЛЕСИН ЧЕЧҮҮ АРАКЕТТЕРИ

Улут маселесин чечүүдөгү алгачкы кадамдар

Совет өкмөтү Орто Азияда өз таасирин бекемдөө үчүн 1917-ж. 22-ноябрда «Россиянын жана Чыгыштын бардык мусулман эмгекчилерине» үндөө жарыялап, анда Россиянын мусулман калкынын толук эркиндиги жана ар тараптан тең укуктуулугу жарыяланган.

Бирок Совет бийлигинин алгачкы мезгилинде Түркстан элдери менен Совет мамл-нин ортосунда өз ара ишенбестик болгон. Буга жергиликтүү элдин айрым өкүлдөрүнүн улутчул көз караштa болгону, орус улутундагы кээ бир большевиктик лидерлердин шовинизм маанайында иш жүргүзгөндүгү негиз болгон.

Алсак, 1917-ж. 15–22-ноябрда Түркстандагы Советтердин III съездинде башкаруунун жогорку органы – Түркстан Эл комиссарлар Совети (ЭКС) түзүлүп, анын курамына 15 эл комиссарлары бекитилген. ЭКСтин төрагалыгына большевик Ф. И. Колесов шайланган. Ал өкмөттүн курамына жергиликтүү улуттардын бир дагы өкүлү кирген эмес. Мусулмандардын Түркстан крайында көп партиялык негизде коалициялык өкмөт түзүү ж-дөгү сунушу четке кагылган. Алар буржуазиялык улутчулдар катары айыпталган. Мустафа Чокаев башында турган «Шура-и-Ислам» партиясынын аймактык комитетинин демилгеси менен 1917-ж. 26–29-ноябрда Кокон ш-нда мусулмандардын кезексиз 4-курултайында Россиянын курамындагы «*Кокон автономиясы*» жарыяланып, М. Чокаев жана М. Тынышпаев башында турган өкмөт шайланган. Ал өкмөткө жергиликтүү улуттардын өкүлдөрү менен катар славян элдеринин өкүлдөрү да кирген. Булар мурдагы Кокон хандыгынын чегинде буржуазиялык-демократиялык республика формасындагы улуттук мамлекетти түзүүнү көздөшкөн.

Түркстанда кош бийлик түзүлүп, анын бири Ташкендеги большевиктер партиясы тарабынан түзүлгөн Совет өкмөтү, экинчиси «Шура-и-Ислам», «Алаш» ж. б. партиялардын, ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү түзгөн «Кокон автономиясынын» өкмөтү эле. Кокон автономия өкмөтүнүн куралдуу күчтөрү түзүлүп, ага полковник Чанышев командачылык кылган.

Түркстанда бул өкмөттүн кадыр-баркы жогорулап, жергиликтүү калктын колдоосуна ээ болушу Ташкендеги большевиктик өкмөттү чочулаткан. 1918-ж. 19–26-январдагы Советтердин Крайлык IV съезди Кокон автономия өкмөтүн мыйзамсыз, контрреволюциячыл өкмөт деп жарыялап, анын жетекчилерин камакка алуу ж-дө чечим кабыл алган. 1918-ж. 19–22-февралда Кызыл Армиянын бөлүктөрү Коконго басып кирип, айыгышкан салгылашуу менен Кокон автономиясынын куралдуу күчтөрүн талкалаган, өкмөт жок кылынган.

Ошентип, Түркстандагы жергиликтүү калктын интеллигенциясынын улуттук жана мамлекеттик көз каранды эместикке жетүүгө болгон аракети күч менен жок кылынган. Жергиликтүү калктын бир бөлүгү большевиктердин, Кокон автономиясына карата жасаган ишин нааразылык менен кабыл алган.

1918-ж. Советтердин бүткүл Россиялык III съездинде «Эмгекчи жана эзилген элдердин укуктарынын декларациясы» кабыл алынып, анда социалисттик көп улуттуу мамлекеттин негизи катары федерациялык түзүлүштүн планы жарыяланган. Бул чечимдин не-

гизинде Орто Азия элдери 1918-ж. Түркстан Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасына биригишкен. Ушул жылы майда Түркстан автономия укугунда Россиянын курамына кирген. Мында Совет бийлигин чындоодо Совет өкмөтү тарабынан 1919-ж. 8-октябрда түзүлгөн Түркстан иштери боюнча комиссиясы (Түрккомиссия) чон роль ойногон. Бул комиссияны Ш. З. Элиава жетектеп, анын курамына М. В. Фрунзе, В. В. Куйбышев, Я. Э. Рудзутак. Г. И. Бокий, Ф. Н. Голощекин кирген.

Комиссия Түркстанда жергиликтүү элге карата шовинисттик мамиле жасаган советтик, партиялык адистерди иштен алып, башкаруу органдарына жергиликтүү калктын өкүлдөрүн тарткан. Дыйкандарды, өзгөчө жергиликтүү калкты талап-тоногон кызыл аскерлер үчүн өлүм жазасы киргизилген. Комиссия ислам укугунун нормаларын, мечиттердин иштерин калыбына келтирген. Натыйжада, жергиликтүү калктын большевиктерге ишеними артып, алардан Кызыл Армияга ыктыярдуу өткөндөрдүн саны көбөйгөн. Большевиктердин улут саясатындагы иш-аракеттерин жергиликтүү калктын колдоого алышы Кыргызстандагы контрреволюциячыл күчтөрдү талкалоодо, Совет бийлигин чындоодо чечүүчү роль ойногон.

Качкын кыргыздардын мекенине кайтышы

Кыргызстандын аймагында Совет бийлиги орногондон кийин 1916-жылкы көтөрүлүшкө катышкан кыргыздарды жазалоо, куугунтуктоо токтогон. 1918-ж. 5-июлда Жетисуу облусунун аткаруу комитетинин алдында улут иштери боюнча облустук комиссариат түзүлүп, анын алдында орус-кыргыз мамилелерин иретке келтирүү боюнча атайын комитет уюштурулган жана бул комитет кыргыз жана орус калктарынын арасында үгүт-насаат иштерин жүргүзгөн.

Ачарчылыкка учурагандарга жардам берүү үчүн комитеттер түзүлгөн. 1918-ж. 29-октябрда Жетисуу облустук аткаруу комитети Токмоктогу азык-түлүк комитетине ачарчылыкка учураган кыргыздарга тамактануу пунктун ачуу үчүн 100 миң сом акча бөлгөн. Мындай пункттар Кыргызстандын бардык шаарларында, айрым айыл-кыштактарда да уюштурулган. Качкын кыргыздардын көбү мекенине 1917-ж. Февраль революциясынан кийин кайткан, бирок бийликке келген Убактылуу өкмөттүн аларга карата жасаган шовинисттик саясатынын натыйжасында аларды жазалоо, куугунтуктоо күчөп, кыргыздар жаңы кыргынга дуушар болгон.

Совет бийлиги качкын кыргыздардын калгандарын мекенине көчүрүп келүүгө жардам берүү үчүн Батыш Кытайга атайын комиссия жөнөткөн. Бул комиссия Түркстан Борбордук Аткаруу Коми-

тетинин 1920-ж. 2-февралдагы чечими менен түзүлгөн. Комис-сияга качкын кыргыздарды мекенине кайтаруу, жерлерин кайтарып берүү, аларга зомбулук көрсөтүүнү токтотуу, кулдукка сатылып кеткендерин куткаруу, материалдык жардам берүү жана орустар менен кыргыздардын касташуусун токтотуу милдеттери жүктөлгөн.

Совет бийлиги орногондон кийин 1916-ж. Кытайга Жетисуу облусунан качкан 332 миң кыргыз-казактын 300 миңдейи Ата Мекенине кайтып келишкен. Кайтып келген кыргыздарга жардам иретинде өкмөттүн эсебинен 100 млн сом бөлүнүп, мунун эсебинен качкын кыргыздарга акысыз мал, айыл чарба шаймандары, боз үйлөр, курулуш материалдары берилген. Мекенине келген кыргыздарга 1920-ж. 46 миң тепе айдоо жери, 80 миң тепе жайыт таратылган. Алар беш жылдык мөөнөткө мамлекеттик салыктан бошотулган.

Тоолуу Кыргыз облусун түзүү аракети

Түркстан АССРинин курамындагы кыргыздар бул республиканын Жетисуу, Сырдарыя, Фергана жана Самаркан облустарынын курамында болуп, бытыранды бойдон кала берген. Бул облустарда кыргыздар башка улуттарга караганда азчылыкты түзүп, көпчүлүк убакта алардын кызыкчылыктары этибарга алынбай калган.

1921-ж. Алматыда болгон кеңешмеде биринчи жолу Түркстан АССРинин курамында Тоолуу Кыргыз облусун түзүү маселеси көтөрүлгөн. Бирок бул маселе чечилбей, Казак АССРине Жетисуу жана Сырдарыя облустары берилмек болот. Бул чечим кыргыздардын саясий абалын бир кыйла оордоткон. Кыргыздар мурда бир автономиялуу республиканын курамына кирсе эми эки автономиялуу республикага бөлүнүп калмак. Буга макул болбогон кыргыз интеллигенция-сынын алдынкы өкүлдөрү Ю. Абдрахманов, И. Арабаев, А. Сыдыков 1922-ж. мартта өз алдынча Тоолуу Кыргыз облусун түзүү сунушун кайрадан көтөрүшкөн. 1922-ж. 25-мартта Түркстан компартиясынын Борбордук Комитетинин секретариаты Түркстан Респ-нын курамындагы Тоолуу Кыргыз облусун түзүү ж-дө чечим чыгарган. 26-мартта болсо курамында Пишпек, Каракол, Нарын уезддери жана Олуяата уездинин тоолуу бөлүгү кирген, борбору Кочкор кыштагында жайгашкан Тоолуу Кыргыз облусун түзүү ж-дө чечим кабыл алган. Башкача айтканда, бул облуска Кыргызстандын түндүгү гана кирип, Түштүк Кыргызстандагы кыргыздардын тагдыры убактылуу белгисиз болгон. Ошондой болсо дагы кыргыз элинин алдында кыргыздар жашаган аймактын бир



СЫДЫКОВ Абдыкерим [1889, Бишкек уезди, Канай болушу, Башкарасуу айылы (азыркы Аламүдүн р-нунда) – 1938, Бишкек] – советтик, партиялык ишмер. Мусулман мектебинде окуган. 1911-ж. Верныйдагы эркек балдар гимназиясын бүтүргөн. 1912– 17-ж. Бишкек уезддик башкармасында катчы ж-а тилмеч. Февраль революциясында уезддин ж-а шаардын коомдук-саясий иштерине жигердүү катышкан; Бишкек уездинин комиссарынын орун басары. Бишкекте «Алаш-Ордо» партиялык комитетин уюштуруучулардын (И. Арабаев, К. Тыныстанов, Н. Тулин м-н бирге) бири, ошол эле учурда солчул эсерлер партиясынын да мүчөсү (1917–18). 1918-ж. октябрда большевиктер партиясынын катарына өтүп, Бишкек уезддик комиссарынын орун басары, соода-чарба ж-а өнөр-жай бөлүмүнүн төрагалык, улут маселеси бөлүмүндө кедейлерге укуктук жактан акысыз жардам берүүгө башчылык кылуу милдеттерин аткарган. 1919–20-ж. мартка чейин Жетисуу облустук Мусулман бюросунун төрагасы, ал жоюлгандан кийин Түркстан коммунисттик партиясынын Жетисуу обкомунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы. 1922-жылдан Жетисуу облустук аткомунда президиумдун мүчөсү, төраганын орун басары, Түркстан АССРинин ички иштер эл комиссарынын орун басары, ошол эле жылы декабрда Бүткүл союздук Кеңештин 1-съездине бүткүл кыргыз элинин өкүлү болуп катышкан. Жаркен уезддинде жер-суу реформасын жүргүзүүнү жетектеген. 1922-ж. Кыргыз-тоолуу облусун түзүүнүн башында турган. Бирок бул долбоор «улутчул» деп табылып, РКП(б) БК тарабынан четке кагылган. 1924-ж. октябрда Кара Кыргыз АОсун түзүүгө активдүү катышкан. 1921–25-ж. мааптын тукуму, падышалык ж-а убактылуу өкмөт акимчиликтеринде иштеген делинип, партиядан 4 жолу чыгарылган. 1926–32-ж. Ташкенде Орто Азия мамл. ун-тинде ил. кызматкер болуп иштеген. Ал жерден «Кыргыз элинин уруулук бөлүнүшү» (1927). «Көчмөндөрдө малды жайытта багууну уюштуруу» (1930) деген ил. макалаларын ж. б. жазган. 1932-ж. Кыргызстанга чакырылып, Кыргыз АССР Мампландын төрагасынын орун басары болуп иштеген. 1933-ж. камакка алынып, 1934-ж. Түркстан аскер округунун трибуналы «контрреволюциячыл» деп жарыялап, 10 жыл эркинен ажыратат. 1938-ж. «Социал-Туран партиясын» уюштуруучу деген жалаа м-н кайрадан соттолуп, өлүм жазасына тартылган. 1958-ж. акталган.

бөлүгүндө бирдиктүү, өз алдынча улуттук автономиялуу мамлекеттүүлүгүн түзүү үчүн реалдуу мүмкүнчүлүктөр ачылат.

Тоолуу Кыргыз облусун түзүү үчүн аракеттердин башында эле талаш-тартыш башталып, А. Сыдыков башында турган топ Тоолуу Кыргыз облусун түзүү үчүн жигердүү күрөшсө, Р. Кудайкулов жетектеген топ буга каршы иш жүргүзгөн Р. Кудайкуловду Ташкендеги жана Алматыдагы казак улутундагы жетекчилер колдоп чыгышкан.

Партиянын Жетисуу обкому 1922-ж. 4-июнда Пишпекте уюштуруу съездин чакырып, ага 425 делегат катышкан. Бирок съезд өз ишин баштай электе эле Түркстандык жана Жетисуулук бийликтердин макулдугу, Сталиндин түздөн-түз көрсөтмөсү менен тар-

катылган. 1922-ж. декабрда (РКП(б) Борбордук Комитети Тоолуу) Кыргыз облусун түзүү боюнча мурун кабыл алынган бардык документтерди мыйзамсыз деп жарыялап, съездди чакыруунун демилгечилерин буржуазиялык улутчулдар, контрреволюционерлер деп күнөөлөгөн. Ошентип, кыргыз элинин чектелген улуттук мамлекеттик бирикме түзүү ж-дөгү алгачкы аракети ишке ашпай калган.

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТИНИН НЕГИЗДЕЛИШИ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ

Орто Азияны улуттук мамлекеттүүлүктөргө бөлүү. Кара Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлүшү

Орто Азияда контрреволюциячыл күчтөр, өзгөчө басмачылардын кыймылы басылгандан ки-йин гана бул аймакты улуттук-мамлекеттерге бөлүү мүмкүнчүлүгү түзүлгөн. Түркстан АССРинде өзбек, түркмөн, кыргыз бөлүмдөрү иштешип, аймактагы элдердин этностук курамын, экон. жана геогр. чектерин такташкан. 1922-ж. 30-декабрда Советтердин Бүткүл Россиялык I съезди РСФСР, Украина, Белоруссия жана Закавказье Федерациясын бириктирип, Советтик Социалисттик Республикалар Союзун (СССР) жарыялаган. 1924-ж. 31-январда Советтердин II съезди СССРдин биринчи Конституциясын бекиткен. Федерациялык негизде бирдиктүү союздук мамлекеттин түзүлүшү улуттук мамлекеттик бирикмелердин пайда болушун тездеткен.

Түркстан АССР Советтеринин II съездинде (1924-ж.) кыргыз делегаттары Кыргызстанды өзүнчө автономиялык бирдик катары түзүүнү суранышкан. Бирок кыргыздардын улуттук автономиясы Түркстан АССРине, Бухара жана Хоревм республикаларынын курамындагы өзбек, түркмөн, тажик элдерине автономия бергенде гана чечилмек. 1924-ж-дын сентябрына карата жаңы түзүлө турган мамлекеттердин калкын жана чегараларын тактоо иштери негизинен аяктаган. 860 миң адамдан турган кыргыз эли Түркстан АССРинин Жетисуу, Фергана, Сырдарыя жана Самаркан облустарында жашары аныкталган. Мындан тышкары 210 миңдей кыргыз Памирде, Бухарада, Батыш Кытайда жашаган.

РСФСРдин Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитети 1924-ж. 14-октябрда Бухара, Хива Республикаларынын, Түркстан АССРнин элдеринин эркине ылайык, Орто Азия элдерин улуттук мамлекеттерге бөлүү жөнүндө токтом кабыл алган. Ошентип, революцияга чейин эле бытырап бөлүнгөн кыргыз, өзбек, тажик, түркмөн, казак жана кара калпак жерлери кайрадан бириктирилген.

Натыйжада Түркмөн ССРи, Өзбек ССРи, Тажик автономиялуу облусу, РСФСРдин курамында Кара Кыргыз автономиялуу облусу, Казак АССРинин курамында Кара-Калпак автономиялуу облусу түзүлгөн. Кара Кыргыз автономиялуу облусунун РСФСРдин курамына өтүшү ж-дөгү маселе зор кыйынчылык менен чечилген. Анткени Р. Кудайкулов башында турган топ Кыргызстанды Казак ССРинин курамына киргизүү үчүн күрөшкөн. Жаңыдан түзүлгөн республикалар менен облустардын чектерин тактоо менен катар эле, аларга мурда Түркстан АССРине, Бухара, Хорезм республикаларына караган капиталдык байлыктар – фабрика, завод, айдоо аянттары, мал ж. б. байлыктар бөлүштүрүлүп берилген. Мамлекеттүүлүктөргө бөлүнүү менен Орто Азия элдеринин өз тагдырын өзү чечүү укугу кандайдыр бир деңгээлде чечилген.

Кара Кыргыз автономиялуу облусуна мурдагы Түркстан АССРинин Жетисуу облусунун Каракол, Нарын, Бишкек езддери дээрлик бүт бойдон, Ош уезди, Анжиян уездинин 10 болуштугу, Наманган уездинен 10 болуштук, Фергана облусунун Кокон уездинен 2 болуштук, Сырдарыя облусунун Олуята уездинен (Талас участогу) 14 болуштук кирген. Статистика бюросунун маалыматы боюнча облустун калкы 828,3 миң адамды түзүп, анын 63,5%ин кыргыздар, 15,4%ин өзбектер, 16,8%ин орустар, 4,3%ин башка улуттар түзгөн (1924). Автономиялуу облустун аймагы болжол менен 200 миң чарчы *км*, 6 шаар, 321 айыл-кыштак жана 5 хутор болгон. Ошентип, кылымдар бою чачыранды болуп бөлүнүп келген кыргыз эли автономия формасында болсо да, бирдиктүү улуттук мамлекетке бириктирилген.

Кара Кыргыз автономиялуу облусу түзүлгөндөн кийин Кыргызстанда партиялык жана советтик бийлик органдары уюштурулуп, 1924-ж. 18-октябрда РКП(б) БКнын Саясий бюросу Кара Кыргыз автономиялуу облусунун Убактылуу партиялык бюросунун жана революциялык комитетинин (ревком) курамын бекиткен. РКП(б) Кыргыз обкомунун партиялык бюросунун 1-катчылыгына Михаил Каменский, 2-катчысы болуп Юсуп Абдрахманов, облустун ревкомитетинин төрагалыгына Иманалы Айдарбеков дайындалган.

Облустук ревкомдун алдында түзүлгөн комиссия, кийин Мамлекеттик пландоо комиссиясы делип аталып, геогр., чарбалык-экон., финансылык иштерди тейлей баштаган. Кыргызстандын калкынын санын, улуттук курамын, айдоо аянттарын, малдын санын, токой байлыктарын тактоо боюнча иштер жүргүзүлгөн. Облустук борбордун жоктугуна байланыштуу облустук ревком адегенде Ташкенде турган, ал 1924-жылдын декабрында гана Пишпекке (Биш-



АБДРАХМАНОВ Жусуп (Юсуп) (1901, Күнгөй-Аксуу болушу, Чиркей кыштоосу, азыркы Ысыккөл р-ну, Жаркымбаев айылы –1938, Бишкек, сөөгү 1991-ж. Ата-Бейит көрүстөнүнө коюлган) – саясий ж-а мамл. ишмер; эл тарыхын объективдүү изилдөөчү. 1911–16-ж. Сазанов (азыркы Ананьев) айылындагы үч жылдык орус-жергиликтүү мектебинде, Каракол ш-ндагы жогорку башталгыч окуу жайында окуган. 1916-жылкы үр-күндө эл м-н кошо Кытайга качып, 1917-ж. кайтып келген. 1918-ж. кызыл гвардия-чылардын катарына кирген ж-а Жетисуу-да Совет бийлигин чыңдоого катышкан. 1919-ж. Верный (Алматы) ш-нда командирлик курста окуган. 1919-ж. РКСМ Түркстан бюросунун президиумунун ж-а РКСМдин Жетисуу облустук Уюштуруу бюросунун мүчөлүгүнө шайланган. 1920-ж. Москвада өткөн РКСМдин 3-съездинин делегаты болуп, анда В. И. Ленин м-н сүйлөшүп, пикир алышкан. 1920–24-ж. партиялык жооптуу кызматтарда, 1924-ж. мартта Түркстан АССРинин Борб. аткомунун президиумунун мүчөсү ж-а жооптуу катчысы болуп шайланган. 1924-ж. Кара Кыргыз автономиялуу облусунун облустук партбюросунун жооптуу катчысы болуп бекитилген. 1925-ж. майдан РКП(б) БКнын Орто Азия бюросунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысынын орун басары, августтан Москвада РКП(б) БКнын аппаратында инструктор. 1926-ж. октябрда Кыргызстанга келип, облустук аткомдун төрагасынын 1-орун басары, 1927-ж. марттан РСФСР БАКтын мүчөсүнүн, андан кийин Бүткүл союздук БАКтын ж-а РКП(б) БКнын Орто Азия бюросунун мүчөлүгүнө кандидат, 1933-ж. сентябрда компартияга каршы аракеттенген деген жалаа м-н ишинен бошотулуп, партиянын катарынан чыгарылган. Андан кийин Ортоңку Волга крайынын мал чарба башкармалыгынын башчысынын орун басары, 1935-жылдан Оренбург облустук аткомунун жер бөлүмүнүн башчысынын мал чарбачылык б-ча орун басары болуп иштеген. 1937-ж. 10-июндa А. контрреволюциячыл Алашордо уюмунун катышуучусу деген жалаа м-н камакка алынган. 1938-ж. 5-ноябрда атылган. 1958-ж. акталган. А. өз элинин тарыхын изилдөөчү катары респ-нын тарых илиминин өнүгүшүнүн башатында турат. Анын респнын тарыхы б-ча алгачкы эмгеги 1928-ж. «Кыргызстан» деген ат м-н жарык көргөн. 1916-жылкы көтөрүлүш ж-дө чындык ж-а акыйкат өңүтүнөн жазылган «Күндөлүгү» ж. б. китептери белгилүү. А-дун ысымы м-н Ысыккөл р-нундагы айыл кеңеши (мурдагы Таштак айыл кеңеши), Бишкек ш-нын бир көчөсү аталган. Туулган айылына ж-а Каракол ш-нда эстелик тургузулган.

кек) көчүп келген. Ошондон тартып Бишкек ш. Кыргызстандын борбору болуп калды.) Облустук ревкомдун президиуму Кыргызстанды башкаруу үчүн Жалалабат, Каракол–Нарын, Бишкек жана Ош округдарын түзгөн.(Облустук ревкомдун алдында атайын комиссия түзүлүп, ал мамлекеттик жана чарбалык штаттарды тактаган. Жергиликтүү элден чыккан мамл. жана чарбалык иштерди билген адистердин жетишсиздиги мамлекеттүүлүктүн алгачкы жылдарында өзгөчө кыйынчылыктарды туудурган. 22-декабрда облустук ревком Турдалы Токтобаевди Кыргыз автономиялуу облусунун Москвадагы Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитетиндеги өкүлү кылып дайындаган.)

АЙДАРБЕКОВ И м а н а л ы (1894, Бишкек уезди – 1937) – Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөшкөндөрдөн. 1909-ж. Бишкектеги а. ч. техникумун бүтүргөн. 1918–20-ж. Бишкек уезддик-шаардык кеңеш аткомунун, 1920–21-ж. Каракол уезддик ревкомунун мүчөсү, 1921–23-ж. Бишкек уезддик аткомунун төрагасы. 1924-ж. Кыргыз автономия облусунун ревкомунун төрагасы. 1925–26-ж. Ташкенде «Орто Азия» кеңсесинде башкармалыктын мүчөсү болгон. 1927–29-ж. Кыргыз АССРнин жеңил өнөр жай ж-а соода эл комиссары, 1930–31-ж. Кыргыз а.ч. банкынын башкармалыгынын мүчөсү, Кыргыз АССР Юстиция эл комиссары, Кыргыз АССРнин башкы сотунун төрагасы. Аксуу козголоңун, Нарындагы контрреволюциячыл көтөрүлүштү басууга катышкан. Жалган жалаа м-н атылган. 1991-ж. сөөгү Атабейит көрүстөнүнө кайра коюлган.



(1925-ж. 15-январда облустук ревкомдун кеңешмесинде Кара Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгү ж-дө Декларация кабыл алынып, Кыргызстандын мамлекеттүүлүгү салтанаттуу түрдө жарыяланган. Декларация жарыяланган 16-январь майрам күнү катары белгиленген.)

(1925-ж. 27–30-мартта Бишкекте автономиялуу облустун уюштуруу съезди өткөн. Ага 135 делегат катышып, а. и. 18 жумушчу, 25 дыйкан, 8 кызматкер, 8 студент болгон. Съездге Кыргызстанда жашаган бардык улуттар: 81 кыргыз, 29 орус, 8 өзбек, 3 украин, ж. б. 14 улуттун өкүлдөрү катышкан. Советтердин Уюштуруу съезди Кыргыз автономиясынын аткаруучу органы – Советтердин облустук аткаруу комитетин (облатком) шайлаган, ага 51 адам кирген. 1925-ж. 31-мартта облустук облаткомдун 1-пленумунда такай иштөөчү, 11 адамдан турган облаткомдун Президиуму шайланган. Анын төрагалыгына мурдагы батрак, кийин жумушчу болуп иштеген, Совет бийлиги үчүн жигердүү күрөшкөн Абдыкадыр Орозбеков дайындалган.)

(Советтердин уюштуруу съезди Кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүнүн калыптануусунда маанилүү роль ойногон. Мамлекеттүүлүккө ээ болуу менен чегара маселелери такталган, кыргыз эли өз жерине ээ болуп, экон-нын жана маданияттын жогорулашына – улуттун кайра жаралышына шарт түзүлгөн.)

Бийлик үчүн күрөш. «Отузчулардын» каты

Кыргыз обкомунун 1-катчысы М. Каменский облусту жетектөөдө бир катар кемчиликтерди кетирип, Сталиндин ыкмасы боюнча өзүнүн жеке бийлигин орнотууга аракет кылган. Бул максатына жетиш үчүн А. Сыдыков менен Р. Кудайкулов жетектеген эки топтун каршылыгын пайдаланат. Ал Р. Кудайку-

лов жетектеген топту колдоп, облустагы татаал абалды ого бетер курчуткан. М. Каменский Кудайкуловдун тобу аркылуу Кыргызстандагы өтө таасирдүү күч болгон А. Сыдыковдун тобун талкалоону көздөгөн. 1925-ж. мартта өткөн облустук партиялык конференцияда М. Каменский А. Сыдыковдун пикирлеши, өтө таланттуу адис Ю. Абдрахмановду кызматынан (партиянын обкомунун 2-катчысы) бошоткон, о. эле Кара Кыргыз автономиялуу облусунун Ревкомунун төрагасы И. Айдарбековго жалган жалаа жабылып, ал облустук аткаруу комитетинин төрагалыгына шайланбай калган.

Партиянын Кыргыз обкомунун ашкере саясатын ооздуктоо үчүн Кыргызстандын белгилүү 30 кызматкери 1925-ж. июнда РКП(б) БКга жана партиянын Орто Азиялык бюросуна кат жазышып, анда партиянын Кыргыз обкомунун акимдик-буйрукчул саясатын сынга алышкан. Бул документ «отузчулардын» каты деп аталган.

ВКП(б) БКнын Орто Азиялык бюросу тарабынан бул иш-аракет бай-манап элементтердин партияны бөлүп жарууга кылган аракети катары бааланып, ага кол койгондордун бардыгы куугунтукталып, кызматтарынан алынган, айрымдары Кыргызстандан кетирилген. «Отузчулардын» катын уюштуруучулар катары А. Сыдыков менен И. Арабаев партиянын катарынан чыгарылган. Ал эми бийлик үчүн күрөштө экинчи топту жетектеген Р. Кудайкулов жөн гана эскертүү алуу менен чектелген. Бирок Р. Кудайкулов өзүнүн адамдары менен Пишпек округунда оор кылмыш иштери үчүн 1926-ж. партиядан чыгарылып сот жообуна тартылган. Анын ишин жактаган кызматкерлер жумуштан бошотулган. Облустун жетекчи кызматтарына Т. Айтматов, Х. Шоруков, Э. Эсенаманов, Х. Жээнбаев, К. Камбаров, С. Кулматов. О. Алиев ж. б. келишкен. Партиянын облустук комитетинин 1-катчысы Н. А. Узюков облустагы партиялык жана советтик активди баш коштуруу үчүн бир топ иштерди жасаган.

20-жылдардын ортосунда партиянын биримдигин сактоо үчүн партиянын линиясына туура келбеген ой-пикирлерге, фракцияларга биригүүгө, саясатка каршы пикир айтууга тыюу салынып, партиянын бийлиги чыңдалган.

Кыргыз автономиялуу Республикасы

Кара Кыргыз автономиялуу облусунун уюштуруу съездинде (1925-ж. март) делегаттар союздук өкмөткө Кара Кыргыз автономиялуу облусун Кыргыз автономиялуу облусу, о. эле облусту Кыргыз Автономиялуу Республикасына айландыруу өтүнүчү менен да кайрылган. Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин



ОРОЗБЕКОВ Абдыкадыр (1889, Фергана облусу, Маргалаң уезди, Охна кыштагы – 1938) – мамл., саясий ишмер; Кыргызстанда Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөшкөн. Кыргыз АССР Борб. аткомунун төрагасы (1927–37). 1909–16-ж. наабайканада жалданып иштеген. 1916-ж. көтөрү-лүштүн башталышына жигердүү катышкан. 1917-ж. Анжиян ш-ндагы нан бышыруучу ишкананын жумушчуларынын кыймылына жетекчилик кылган; мастерлердин, жумушчулардын ж-а кызматчылардын Фергана профсоюз башкармасынын мүчөсү болгон. Совет бийлиги орногондон кийин Кызыл Гвардия кошуунунун командири болуп туруп, Фергана ш-нын ишканаларын, шаардын чет-жакаларында коргонууну уюштурган. 1919–23-ж. Чимион ж-а Вуадил р-ндук революциячыл комитеттин, Мархамат р-ндук комитетинин төрагасы, Маргалаң уезддик аткомунун президиумунун мүчөсү. 1924–25-ж. Ош округдук революциячыл комитеттин жер бөлүштүрүү бөлүмүнүн башчысы, 1925-жылдан РКП(б)нин округдук комитетинин жооптуу катчысы. Кыргыз автономия облусунун облустук аткомунун 1-пленумунда Облаткомунун Президиумунун төрагалыгына шайланган. 1937-ж. репрес-сияга кабылып, атылып кеткен. 1956-ж. реабилитацияланган. Түркстан Респ-нын Алтын белгиси, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а ысымы жазылган курал м-н сыйланган. Анын ысмы м-н Кадамжай р-нундагы Охна кыштагы, Бишкектеги көчө аталган.

1925-ж. 25-майдагы чечими менен Кыргыз автономиялуу облусу болуп аталган.

Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитетиин (БАК) чечимине ылайык 1926-ж. 1-февралда Кыргыз автономия облусунун ордуна Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасы түзүлүп, ал РСФСРдин курамында болгон.

1927-ж. 7–12-мартта өткөн Кыргыз АССР Советтеринин 1-съездинде Кыргыз АССРинин түзүлгөндүгү расмий түрдө жарыяланган. Кабыл алынган Декларацияда кыргыз элинин өз тагдырын өзү чечүү укугу аныкталып, Кыргызстанда жашаган элдердин өз ара ынтымакташтыгынын негизги принциптери жарыяланган. Съездде жалпыга бирдей окуу милдетин киргизип, араб алфавитинен латынчага өтүү ж-дө маанилүү чечим кабыл алган.

Советтердин 1-съезди республиканын түштүгүндө жер-суу реформасын жүргүзүү-нү бийлик органдарынын кезектеги милдети деп жарыялаган. Анткени бул жакта жерсиз жана жери аз дыйкандар 60% ти түзүп, жердин көбү ири жер ээлеринин колунда болгон.

1927-ж. 12-мартта Кыргыз АССРинин БАКтын Президиумуна 17 адам шайланган. Президиумдун төрагалыгына А. Орозбеков шайланат. Сессияда Кыргызстандын өкмөтү – Эл Комиссарлар Совети (ЭКС) түзүлүп, Юсуп Абдрахманов анын төрагасы болуп дайындалган. Эл Комиссарлар Советине жер, финансы, эл агартуу,

эмгек, жумушчу-дыйкан инспекциясы боюнча эл комиссарлары кирген. Республикада мамлекеттик саясий жана статистика башкармалыктары түзүлгөн.

Кыргыз АССРинин мамлекеттик бийлигинин жогорку органы – Советтердин съезди эсептелип, Ал Борбордук Аткаруу Комитетин шайлап, анын отчетун уккан. Республиканын өкмөтү да бул съездге отчет берген, СССР БАКнын Улуттар Советине өкүлдөрдү, Советтердин Бүткүл Россиялык съезддерине делегаттарды шайлаган.

Кыргыз АССРинин советтеринин съезди РСФСРдин Конституциясына ылайык, Кыргызстанда мыйзам чыгаруучу бийликтин милдетин аткарып, Кыргыз АССРинин Конституциясын иштеп чыгып, кабыл алуу укугу берилген. Бул орган шайлаган БАК ар бир үч айда сессияга чакырылып, иш жүргүзгөн. БАКтын Президиуму декреттерди жана токтомдорду чыгарып турган.

БАК Эл Комиссарлар Советин түзгөн, анын ишинин багытын аныктаган жана эл чарбасын өнүктүрүүнүн планын иштеп чыккан. Кыргызстандын Эл Комиссарлар совети – аткаруучу бийлик катары мамлекеттик жогорку жана жергиликтүү бийликтердин иштерин жөнгө салган. Жер-жерлерде болсо бийликти: Советтердин кантондук, райондук, болуштук съезддери жана алардын комитеттери, о. эле шаардык, айылдык Советтер жүргүзгөн. 1929-ж. 25–30-апрелде Кыргыз АССР Советтеринин II съездинде Кыргыз АССРинин Конституциясы кабыл алынган.

Конституция республиканын жаңы мамлекеттик жана коомдук түзүлүшүн бекиткен. Кыргызстанда жашаган бардык элдердин тең укуктуулугу жарыяланып, алар өз тилинде билим алуу укугуна ээ болушкан. Кыргыз АССРинде мамл. тил катары кыргыз жана орус тилдери эсептелген. Мамлекеттик кызматкерлер бул эки тилди тең билүүгө милдеттүү болуп, натыйжада кыргыз тилинин ролу жогорулап, анын өсүшү үчүн ынгайлуу шарттар түзүлгөн.

Кыргыз АССРинин Конституциясы мамлекеттик улуттук символдор – желекти жана гербди бекиткен. Республиканын борбору – Фрунзе ш. аныкталган.

1936-ж. 5-декабрда СССРдин Советтеринин 8-съездинде СССРдин экинчи Конституциясы кабыл алынган. Ушул күндөн Кыргыз АССРи Кыргыз ССРине айланып, СССРдин курамына тең укуктуу союздук республика катары кирген. Бул окуя кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүнүн тарыхындагы чоң жетишкендик болгон. Кыргыз элинин бул жеңиши республиканын буга чейинки тарыхый өнүгүүсү менен шартталган. Кыргыз ССРинин түзүлүшү үчүн Кыргыз АССР БАКтын төрагасы А. Орозбеков, Кыргыз АССР ЭКСтин төрагасы Ю. Абдрахманов, Б. Исакеев ж. б. чоң эмгек сиңиришкен.



ИСАКЕЕВ Баялы Дыйканбаевич (1897, Нарын облусу, Кочкор р-ну, Үкөк айылы – 1937, Бишкек) – партиялык ж-а мамл. ишмер. Нарын ш-ндагы орус-жергиликтүү мектеп-интернатын (1916), Ташкендеги Орто Азия коммунисттик университин (1923), Москвадагы ВКП(б) БКнын партиялык мектебин (1926) бүткөн. 1917–20-ж. Кумбеларал ж-а Ортотокой менчик почта станцияларында күзөтчү, киречи, станция башчысы. 1920–21-ж. Үчүке (Кочкор) болуштугунун аткомунун, 1921–23-ж. Нарын уезддик партия комитетинин, 1924–25-ж. Түркстан АССР КП(б) Лепси ж-а Каракол уезддик шааркомдорунун, 1926–27-ж. Кыргыз АССР КП(б) Каракол округдук комитетинин бөлүм башчысы. 1927–28-ж. «Кызыл Кыргызстан» гезитинин жооптуу редактору. 1928–29-ж. ВКП(б) Кыргыз обкомунун бөлүм башчысы, 1929–30-ж. Кыргыз АССР жер иштер комиссары, 1930–33-ж. ВКП(б) Кыргыз обкомунун катчысы, 1933–37-ж. Кыргыз ССР (адегенде АССР) Эл Комиссарлар Советинин төрагасы. Кыргыз АССР БАКнын (1928–37), СССР улуттар советинин (1931–35), СССР БАКнын ж-а ББАКтын Президиум (1935–37) мүчөсү. И. 1937-ж. улуттук контрреволюциячыл топтун катышуучусу деген жалаа м-н репрессияланган. 1957-ж. акталган. Ысымы Кочкор р-нундагы айылга ыйгарылган. Бишкекке айкели орнотулган.

КЫРГЫЗСТАН УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШ ЖЫЛДАРЫНДА

Кыргызстандык жоокерлердин фронттогу эрдиктери

Дүйнөлүк үстөмдүккө жетүүнү көздөгөн фашисттик Германия 1941-ж. 22-июнда СССРге кол салган. Кыргызстандык жоокерлер согуштун биринчи күнүнөн эле фашисттик баскынчылар менен баатырларча кармаша башташкан. Чегарадагы Брест чебин коргоо Ата Мекендик согуштун тарыхындагы мааниилүү баракчалардан болуп калган. Жоокерлер бир айдан ашык убакыт бою чепти душманга бербей кармап турушкан. Алардын арасында кыргызстандык В. И. Фурцев да болгон. Ал Каракол шындагы Ленин атн. мектептен окуп, тарбия алган. Бишкек ш-нан аскерге чакырылган Н. М. Дмитриев 1941-ж. 10-июлда Белоруссиянын Борисово ш-н коргоодо көрсөткөн эрдиги үчүн 1941-ж. 31-августта Кыргызстандыктардан биринчи болуп Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болгон.

Кыргызстандын өкмөтү согуштун биринчи күнүнөн эле калкты аскердик жактан окутууга, аскердик болүктөрдү түзүүгө киришкен. СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1941-ж. 22-июндагы Указына ылайык, өлкөдө аскерге милдеттүүлөрдү жалпы мобилизациялоо иши башталган. Бул иштин жүрүшүндө Кыргыз-



ПАНФИЛОВ Иван Васильевич (1892, Саратов облусу, Петровск ш.–1941) – Советтер Союзунун Баатыры (1942), генерал-майор (1940). 1918-жылдан Кызыл Армияда кызмат өтөп, Граждандык согушка (1918–20) катышкан. 1923-ж. Киевдеги бириккен жогорку аскер окуу жайын бүтүргөн. 1938–41-ж. Кыргыз ССРинин аскер комиссары. 1941-ж. июлдан Улуу Ата Мекендик согушта Түндүк-Батыш, Батыш фронтторунун 316-аткычтар дивизиясынын командири. Октябрь, ноябрь айларында анын дивизиясы Москваны коргоодо эрдик көрсөткөн. Согушта курман болгон. Анын эстелиги Фрунзе (Бишкек) ш-нда орнотулган.

станда 385-аткычтар дивизиясы, кийин 40- жана 153-аткычтар бригадалары, 2 улуттук атчандар дивизиясы түзүлүп, алар республиканын өнөр жай ишканалары жана колхоздору тарабынан жабдылган.

Булардын ичинен согушка биринчи болуп курамын Кыргызстан жана Казакстан Респ-ларынын калкынан түзүлгөн Кыргызстандын аскер комиссары генерал-майор И. В. Панфилов командалык кылган 316-аткычтар дивизиясы кирген. Москваны коргоо үчүн 1941-ж. ноябрда болгон согушта бул дивизиянын жоокерлери бир ай бою өздө-рүнүн чегин бекем кармоо менен дивизиянын бөлүктөрү душмандын 2-танкалык, 29-мотордоштурулган, 11- жана 110-жөө аскерлер дивизиясын талкалап, 9 мин немец солдаттары менен офицерлерин, 80 танканы ж. б. куралдарды жок кылышкандыгы үчүн 316-аткычтар дивизиясы 8-гвардиялык деген наам алып, Кызыл Жылдыз ордени менен сыйланган. Волоколамск районундагы, Гуськово деген кыштактын жанында 1941-ж. 18-ноябрда И. В. Панфилов курман болгон. Өлгөндөн кийин ага Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилип, ысымы өзүнүн дивизиясына ыйгарылган. Мындан тышкары Советтер Союзунун Баатыры деген наам Панфилов дивизиясынын 28 жоокерине ыйгарылган, а. и. кыргызстандык Дүйшөнкул Шопоков, Николай Ананьев, Григорий Шемякин, Григорий Конкин, Иван Москаленко, Григорий Петренко, Иван Добробабин болгон.

Сталинграддын алдындагы, Түндүк Кавказдагы жана Курскинин алдындагы салгылаштарда кыргызстандык жоокерлер да эрдиктин үлгүсүн көрсөтүү менен баатырларча кармашып, көбү Ата Мекен үчүн курман болушкан. Воронеждин түштүк жагында Дон дарыясынын жээгиндеги согушта 1942-ж. 6-августта Чолпонбай Түлөбердиев душмандын дзотун көкүрөгү менен жаап, өлбөс өчпөс эрдик көрсөткөн. Ага 1943-ж. 4-февралда Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилген.

Түндүк Кавказ фронтунда бөлүктүн командири кыргызстандык Г. И. Выглазов 1942-ж. 16-майда жоокерлери менен душмандын 8 танкасынын чабуулун токтоткон жана өзү 3 танканы иштен чыгарып, 20 фашистти жок кылган. Ага 1943-ж. 22-февралда Советтер Союзунун Баатыры деген наам ыйгарылган. Ушундай наамга эрдиги үчүн Батыш фронтунда жердешибиз А. И. Волковенко татыктуу болгон.

Сталинград үчүн согушта артиллерист, наводчик, сержант Дайыр Асанов эрдик менен салгылашкан. 1943-ж. 26-октябрда ага Советтер Союзунун Баатыры деген наам ыйгарылган.

Закавказье фронтунда ротанын саясий жетекчиси Кубат Жуматаев эрдик көрсөткөн. Ал өлгөндөн кийин Кызыл Жылдыз ордени менен сыйланган.



Д. Шопоковдун бюсту. *Бишкек ш.*

1942-ж. декабрда Кавказ үчүн болгон кармаштардын биринде бөлүктүн командири Акун Садырбаев душмандын ага кезеги менен ыргытылган 16 гранатасын тосуп алып, кайра душманга ыргытууга жетишкен. 17-граната анын колунда жарылып, курман болгон. Бул эрдиги үчүн ал Кызыл Туу ордени менен сыйланган. Кавказды коргоодо ротанын саясий жетекчиси Сулайман Жүндүбаев, ага лейтенант Темиркул Үмөталиев, артиллеристтер Керим Кырбакбаев, Тыныбай Бейшенбаев жана Абдыкалык Жумакеев эрдиктерди көрсөтүшкөн.



Ч. Түлөбердиевдин бюсту. *Бишкек ш.*

1942–43-ж. салгылаштарда 8-гвардиялык Панфилов атн. аткычтар дивизиясы өзгөчө ийгиликтерге жетишкен. Андагы жоокерлердин 18,5% ин кыргыздар түзгөн. Дивизиядагы снайперлер Токтогул Шабеков, Алымкул Абибулдаев, Бозжигит Турдубаев ар бири 25–150го чейин гитлерчилерди атып өлтүрүшкөн.

1943-ж. сентябрда Днепр дарыясынан өтүүдө Кыргызстандын жоокерлери укмуштуудай эрдиктерди көрсөтүп, сержант Анварбек Чортековдун взводу өзгөчө айырмаланган. Алар суудан сүзүп өтүшүп, душмандын төрт чабуулунун мизин майтарган. 30 гитлерчини жок кылган. Эрдиги үчүн Чортеков Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болгон. Днепр үчүн салгылаштардын биринде пуле-



А. Коёнкөзов.



И. Таранчиев.

метчу Садык Алиназаров душмандын 21 солдатын, 2 офицерин жок кылган. Көрсөткөн каармандыгы үчүн ал да Советтер Союзунун Баатыры болгон. Днепрдеги салгылаштагы майтарылбас эрдиктери үчүн Кыргызстандан барган М. Тешебаев, В. Крикун, В. Беляндр, М. Сапожников, Е. Мазков, Г. Тихонов ж. б. Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болушкан.

Душмандын тылында калган кыргызстандык жоокерлер партизандардын катарында согушушкан. Алсак, Украинадагы А. Ковпактын партизандык бирикмесинде эле 17 кыргыз партизан болгон. Белорус партизандарынын арасында А. Мурзакулов, С. Сарыбаев, Б. Узбеков, А. Адашев өндүү кыргыз элинин уулдары душманга каршы согушкан.

1942-жылдын аягында Панфилов дивизиясынын жоокерлеринин бир тобу Ашырбай Коёнкозовдун командалыгы менен душмандын тылына атайын тапшырма менен жөнөтүлгөн. 1943-ж. январда алар Псков ш-на жакын жерден 7-ленинграддык партизандар бригадасына кошулган. Коёнкөзов 2-партизандык кошуундун ротасынын командирлигине дайындалган. 1943-ж. декабрда эле алар 10 эшелонду, 10 паровозду 20дан ашуун вагондорду талкалаган. 1943-ж. декабрда Коёнкөзов жана анын жоокерлери Псков ш-нын жанында душман менен болгон салгылашта эрдик менен курман болушкан.

1944-ж. Эстониянын Нарва ш-на жакын жердеги салгылашта кыргыз учкучу Исмайылбек Таранчиев өзүнүн жалындап күй-гөн самолёту менен душмандын май куючу станциясын сүзүп, анын жанындагы алты танканы, ондогон немец солдаттарын жардырган. Анын эрдиги учурунда унутта калып, Советтер Союзунун Баатыры деген наам ага 1991-ж. гана ыйгарылган.

1944–1945-ж. чабуулдарда да СССРдин бардык элдеринин жоокерлери менен бир катарда согушушкан. 1944-ж. Ленинграддын алдындагы салгылашта кыргыз жоокерлери О. Жетикашкаев, Ж. Рустамов, М. Юнусалиев ж. б. өзгөчөлөнгөн.

Молдавиянын Дубоссары ш-нын жанында 1944-ж. апрелде замбирекчи К. Жаркымбаев душмандын 2 пулемётун, 25 солдатын талкалаган. Бул салгылашта Жаркымбаев душмандын беш жолку

чабуулунун мизин кайтарган. Бул эрдиги үчүн ал Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болгон.

1944-ж. июнда Белоруссиядагы салгылаштарда көрсөткөн эрдиктери үчүн ефрейторлор О. Якубов менен Ж. Асаналиев, лейтенант Д. Пичугин, майор Н. Калашников, сержант Е. Курочкин, лейтенант Л. Царенко, пулеметчик Р. Азимов, лейтенант С. Сухин, катардагы жоокер А. Хименко ж. б. Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болушуп, кыргызстандыктардын даңкын чыгарышкан.



Т. Бегелдиновдун бюсту. *Бишкек ш.*

Согуштун түрдүү этаптарында – Ленинградды, Ржевди, Великие Лукини, Новгородду, Псковду, Нарваны бошотууда Кыргызстандын 660- жана 664-түнкү бомбалоочу авиациялык полктору жигердүү катышып, а. и. аялдардан чыккан учкуч Советтер Союзунун Баатыры Е. Пасько 780 жолу түнкү бомбалоого учуп чыгып, душмандарга 93 *т* бомба таштап, душмандын маанилүү объектилеринде 109 жолу өрт чыккан.

Согуштун аягында Берлинди штурмалоодо лейтенант К. Үсөнбеков, Польша үчүн салгылашта пулеметчу А. Оторбаев, Берлин үчүн салгылашта учкуч-штурман Т. Бегелдинов, взводдун командири В. Бельяндра ж. б. өзгөчө эрдиктерди көрсөтүшүп, аларга Советтер Союзунун Баатыры деген наам ыйгарылган.

Көп улуттуу Кызыл Армиянын катарында Кыргызстандан барган 300 мин жоокер да Ата Мекенди коргоонун үлгүлөрүн көрсөтүшкөн. Согуштагы эрдиктери үчүн 150 мин кыргызстандык жоокер орден, медалдар менен сыйланышып, а. и. 76сы Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болушкан. 29 жоокер Даңк орденинин үч баскычын тен алышкан.

Согуш жылдарындагы өнөр жайы

Согуштун башталышында СССРдин экон. өнүккөн маанилүү региондорун фашисттик Германиянын басып алышы абалды өтө оордоткон. Совет өкмөтү фронттун муктаждыктарын канааттандыруу үчүн өлкөнүн тылдагы республикаларын тез арада согуштук өнөр жай арсеналдарына айландыруу милдетин койгон. Бул боюнча атайын программа иштелип чыккан.

Кыргызстандын өнөр жай тармагы согуштук заказдарды аткарууга өткөн жана эвакуацияланган өнөр жай ишканаларын жайгаштырылып, ишке кирген. Согуштун алгачкы күндөрүндө эле 28, 1942-ж. 38 ири өнөр эай ишканалары шашылыш көчүрүлгөн. Эвакуацияланган ишканалардын 90% и Чүй өрөөнүнө, 10% и Ош, Жалалабат жана Ысыккөл облустарына жайгаштырылган.

Кыргызстанда фронтко жакын жайгашкан райондордон эвакуацияланган калкты жайгаштыруу боюнча өзгөчө чоң иш аракеттер жүргүзүлгөн. 1941-жылдын июлунан 1942-жылдын январына чейин эле Кыргызстанга 61,8 минден ашуун адам келген. 1942-ж. аягына чейин дагы 138,9 миң киши эвакуацияланган.

Согуштун алгачкы мезгилинде эле Кыргызстанда өнөр жай өндүрүшүндө электр энергиясы жетишсиздик кылган. Калкка берилүүчү энергия чектелген. Бул маселени чечүү үчүн Чоң Чүй Каналы курула баштап, токтоп калган Лебединовка ГЭСи 1942-ж. ишке киришкен.

Фашисттик баскынчылар өлкөнүн көмүр кендерин, шахталарды басып алгандыгына байланыштуу көмүр өндүрүү түйшүгү да чыгышка жүктолгөн. Бул маанилүү ишке көңүл бурулуп, Кызылкыя, Сүлүктү, Көкжангак, Ташкөмүрдүн кенчилери «Кыргыз Көмүр» трестине бириктирилген. Кыргызстандын шахтерлору нормаларын 150% тен кем эмес аткарууга аракеттенишкен. Күнүнө 2–3 норма аткарган шахтерлордун саны өскөн. 1942-ж. көмүр казып чыгаруудагы күжүрмөн эмгектери үчүн 24 кенчи СССРдин орден, медалдары менен сыйланышкан.

Тылдын эмгекчилери согуштун биринчи күндөрүнөн эле жеңиш үчүн өздөрүнүн болгон күчтөрүн аябастан эмгектенүүгө отүшкөн. Тылда фронттогудай иштөө үчүн Фрунзедеги жаштардын демилгеси менен фронттук бригадалар түзүлгөн. Бул кыймыл республикада кенири кулач жайган. Мис., Фрунзе механикалык заводунун жумушчулары М. Чернышев нормасын 1171% ке, Ж. Мамбетов 1197% ке аткарууга жетишкен. Республикада минчилердин кыймылы башталган.

Согушка байланыштуу токтоп калган Чоң Чүй Каналын казуу иши 1942-ж. майда кайра башталып, анда эмгектенген карапайым эл согуш жылдары каналдын 80 *км* аралыгын бүтүрүшкөн.

Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында Кыргызстанда 36 ири өнөр жай ишканалары ишке киришип, жаңы тармактар пайда болгон. Жумушчулардын саны согуш мезгилинде 36 минден 46 минге өскөн. Кыргызстандын эл чарбасында өнөр жайынын үлүшү 1940-ж. 50,2% тен, 1945-ж. 67,5% ке өскөн. 1943-ж. октябрдан Кант–Рыбачье темир жолу курула баштаган. Телефон байланышы жакшырган.

Айыл чарбасынын фронт үчүн кызматы

Согуштун башталышында өнөр жайы гана эмес өлкөнүн айыл чарбасы да чоң кыйроого учурады. Айыл чарбасынын түйшүгү аялдардын, балдардын, кары-картандардын моюнуна жүктөлгөн. Алар күндүр-түндүр фронт үчүн эмгектенишип, болуп көрбө-гөндөй күжүрмөндүүлүктү көрсөтүшкөн. Чарба жумуштарын аткарууда норманы ашык аткаруу салтка айланган. Техниканын жетишсиздигинен көп жумуштар кол менен бүтүрүлгөн. Техникалык өсүмдүктөрдөн жогорку түшүм алууда Сокулук районунун «Кызыл Аскер» колхозунан Керимбүбү Шопокова, Чүй районунун «Кайырма» колхозунан А. Жолдошбаева, Сузак районундагы Сталин атн. колхозунан И. Исмаилова ж. б. жетектеген звенолор өзгөчө айырмаланышкан.

Кыргызстандын айыл чарбасынын дүн жыйымы 1940–45-ж. 76% ке, а. и. мал чарба продукциясы 71% ке төмөндөгөн.

Айыл чарба эмгекчилери оор кыйынчылыктарга карабастан фронттогу жоокерлерди азык-түлүк менен, өнөр жайды чийки зат менен камсыз кылууда зор кайратмандыкты көрсөтүшкөн.

Кыргызстандыктардын фронтко жалпы элдик жардамы

Кыргызстандын тылдагы эмгекчилери жеке каражаттары аркылуу да жардам көрсөтүшүп, фронт үчүн өздөрү чогулткан байлыктарын, эмгек акысынын бир бөлүгүн, баалуу буюмдарын, алтын, күмүш жасалгаларын, тамак-аш продукцияларын жөнөтүшкөн. Согуштун биринчи эле күндөрүндө эмгекчилер бир, эки күндүк эмгек акыларын элдик коргонуу фондусуна которушкан. Кийин жумуш убактысынан тышкары, майрам жана дем алыш күндөрү иштеп, тапкан акчаларын коргонуу фондуларына жөнөтүү кыймылы күчөгөн. Элдин демилгесин колдоо үчүн Фрунзедеги СССР Мамлекеттик банкында № 14-эсеп ачылган. Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында Кыргызстандын эли коргоо фондусуна 189 млн сом чогултуп жөнөткөн, 57,3 млн мамл. заёмдун облигацияларын сатып алышкан. Кыргызстандан фронтко 195 вагон азык-түлүк, 550 миң жылуу кийим, 38 миңден ашуун жекече посылкалар жөнөтүлгөн. Блокадада калган Ленинград ш-на кыргыз эли 1942–43-ж. 100 вагондон ашык азык-түлүк жөнөткөн. Республиканын колхоздору менен совхоздору коргоо фондусуна пландан тышкары 4,5 млн пуд эгин, 500 миң пуд эт өткөрүшкөн.

Согуш мезгилинде Кыргызстандын эли азык-түлүк, кийим-кече ж. б. жардамдарды эсептебегенде 93 танк же 186 согуштук самолет жасаганга жеткидей акча каражатын чогултткан. Бул каражатка түзүлгөн «Советтик Кыргызстан» аттуу танк колоннасы 1942-ж. ноябрынан немецтик баскынчыларга сокку ура баштаган.

Кыргызстандын эмгекчилери фашисттик баскынчылардан бошотулган элдерге да көмөк көрсөтүп, республиканын колхоз-совхоздору 130 миң баш бодо мал жана кой-эчкилерди акысыз жөнөтүшкөн.

БҮЛҮНГӨН ЭЛ ЧАРБАСЫН КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ (1946–64-Ж.)

Өнөр жайдын абалы Өлкөнүн согуш жүргөн батыштагы региондорунан айырмаланып, Кыргызстандын эл чарбасы алсыраган менен кыйроого учураган эмес. Тескерисинче, согуш жүргөн аймактардан эвакуацияланган ишканалардын эсебинен республиканын өнөр жайы бир кыйла өскөн. Согуш шартына ылайык, негизинен фронтко продукция өндүргөн өнөр жайды тынчтык курулушуна которуу милдети турган. 1946-жылдан Кыргыз ССРинин өнөр жайы толук бойдон тынчтык турмушка ылайыкташып эл чарбасы, эмгекчилер үчүн керектүү продукцияларды чыгарууга өткөн. Завод-фабрикаларда 8 сааттык жумуш күнү, дем алыш күндөрү, отпускалар калыбына келтирилип, милдеттүү түрдө нормадан ашыкча иштөө жоюлган.

1946-ж. августта Кыргыз ССР Жогорку Советинин 11-сессиясы жалпы союздук планга ылайык республиканын эл чарбасын 1946–50-ж. калыбына келтирүүнүн жана өнүктүрүүнүн беш жылдык планын кабыл алган.

Беш жылдыкта республиканын индустриялык дарамети кыйла көтөрүлүп, 20дан ашуун ири ишканалар эксплуатацияга берилген жана көптөгөн завод, фабрикалар реконструкцияланган. Өнөр жайында дүң продукция өндүрүү 1950-ж. 1940-ж-га салыштырмалуу 4,2 эсеге, ал эми 1945-ж-га салыштырмалуу 75,5%ке жогорулаган. Өзгөчө оор өнөр жайында 5 жылда көмүр казуу – 1,7 эсеге, мунай – 2,3 эсеге, темир кесүүчү станокторду чыгаруу – 5,6 эсеге өскөн. Республиканын электр станцияларынын кубаттуулугу 3,7 эсеге көбөйгөн.

Өнөр жайында 1940-ж. 36 миң жумушчу иштесе, 1950-ж. 66,1 минге көбөйгөн, а. и. 4,9 миңин инженер-техниктер, 3,6 миңин жетекчи кызматкерлер түзгөн.

Кыргызстанда өнөр жайынын тез темп менен өсүшү аларда иштей турган адистерге талапты күчөткөн. Республиканын жергиликтүү калкынын негизинен айыл-кыштактарда жашашы, кыргыздардан чыккан жумушчулардын аздыгы жана алардын адистиктеринин төмөн болушу жумушчу адистеринин өлкөнүн башка региондордон келишин шарттаган. Натыйжада, СССРдин өнөр жай-

луу райондорунан Кыргызстанга жумушчулардын жигердүү миграциясы башталган.

Айыл чарбасы

Төртүнчү беш жылдык планда айыл чарбасын калыбына келтирүү жана андагы начар абалды оңдош үчүн да конкреттүү иш-чаралар белгиленген. Биринчи кезекте кескин түрдө кыскарып кеткен айдоо аянттарын калыбына келтирүү, азайып кеткен малдын башын өстүрүү керек эле. Беш жылдык план боюнча 1950-ж. чейин жылкынын санын 490 минге, уйдукун 560 минге, кой-эчкини 4,3 миллионго, чочкону 600 минге жеткирүү каралган.

Согуштан кийинки жылдары өлкөдө колхоздорду ирилештирүү, алардын менчиктерин бекемдоо, колхоздордо эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, эмгекке акы төлөөнү жакшыртуу иштерине өзгөчө көңүл бурулган.

1946-ж. февралда СССРдин ЭКСи «Кыргыз ССРинин айыл чарбасын өнүктүрүүнүн чаралары жөнүндө», 1949-ж. февралында «Колхоздор менен совхоздордо пахтачылыкты мындан ары өстүрүүнүн чаралары жөнүндө» токтомдорду кабыл алган. Ушул токтомдорго ылайык, республикага кошумча тракторлор, комбайндар, а. ч. машиналары, аларга керектүү запастык бөлүктөр, минералдык жер семирткичтер кошумча бөлүнгөн. Мындан тышкары мамлекет республиканын колхоздоруна акчалай жардам берген.

Айыл чарбасын көтөрүү боюнча жүргүзүлгөн иштердин натыйжасында Кыргызстандын эл чарбасынын бул тармагы 1950-ж. көпчүлүк көрсөткүчтөрү боюнча 1940-ж. деңгээлине жеткен. Айдоо аянттары калыбына келтирилип, бул мезгилде эгин өндүрүү 33% ке, пахта – 4,5 эсеге, кант кызылчасы 2 эсеге көбөйгөн. Айыл чарба өндүрүшүн уюштурууда, түшүмдүүлүктү көтөрүүдө А. Анаров, З. Кайназарова, Ө. Атабекова ж. б. 47 айыл чарба устаттарына Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам ыйгарылган. 517 чарба эмгекчилери СССРдин орден жана медалдары менен сыйланышкан.

КЫРГЫЗСТАН 1953–1964-ЖЫЛДАРДА

Кыргызстандын коомдук-саясий турмушу

Кыргызстандын тарыхында, бүткүл өлкө сыяктуу эле 50-жылдар өзгөчө орунду ээлейт. 1953-ж. мартта И. В. Сталиндин дүйнөдөн өтүшү менен «сталиндик социалисттик өнүгүү доору» аяктап, социалисттик демократияны өнүктүрүү үчүн аракет байкалган. 1953-ж. сентябрда Н. С. Хрущев КПСС БКнын бирин-



РАЗЗАКОВ Искак (1910, Баткен облусу, Лейлек р-ну, Коросон кыштагы – 1979, Бишкек) – мамл. ж-а саясий ишмер. 1945–50-ж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы. 1950–61-ж. Кыргызстан КП БКнын 1-катчысы. 1918-жылдан Ленинабаддагы балдар үйүндө тарбияланган. Ташкендеги пед. техникумун (1931), Москвадагы пландоо ин-тун (1936) бүтүргөн. 1936–38-ж. Өзбек ССР Мамл. пландоо комитетинде экономист, 939–41-ж. комитеттин төрагасынын орун басары, төрагасы. 1941–44-ж. Өзбек ССР эл агартуу комиссары, Өзбек ССР Эл Комиссарлар Советинин төрагасынын орун басары. 1944–45-ж. Өзбекстан КП БКнын пропаганда ж-а агитация б-ча катчысы. 1961-ж. августтан СССР мамл. экон. Советинин мүчөсү, тамак-аш өнөр жай бөлүмүнүн начальниги. 1965–67-ж. СССР мамл. пландоо комитетинин аппаратында иштеген. 1952–61-ж. КПСС БКнын мүчөсү, 1946–66-ж. СССР Жогорку Советинин депутаты. 2000-ж. сөөгү Москвадан алынып келинип, Бишкектеги Аларча көрүстөнүнө коюлган. Эки Ленин ордени, 1-даражадагы Ата Мекендик Согуш ордендери, медалдар м-н сыйланган.

чи секретарлыгына шайланып, өлкөдө Сталиндин керт башына сыйынуунун кесепеттерин жоюу, коомдун экон., саясий жана маданий чөйрөлөрүн реформалоо иши башталган.

Кыргызстанда партиялык башкаруунун демократиялык принциптерин ишке ашырууда 1950–61-ж. Кыргызстандын Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетин жетектеген Исхак Раззаков чоң салым кошкон. И. Раззаков союздук директиваларга таянып, Кыргызстандын өз алдынчалыгын өнүктүрүү, экон. жана саясий чөйрөдөгү укуктарынын кенейиши үчүн көп иштерди аткарган. Натыйжада, республиканын аймагындагы 225 өнөр жай ишканалары, жогорку, атайын орто жана кесиптик-техникалык окуу жайлары жалпы союздук башкаруудан республикалык башкарууга өткөн. Мындан тышкары республикада жергиликтүү башкаруу органдарынын сот бийлигинин көзөмөлдөөчү укуктары да бир кыйла кенейтилген.

50-жылдары жүргүзүлгөн реформалардын натыйжасында башкаруунун борбордоштуруу жана демократиялаштыруу принциптерин айкалыштыруу аракети жасалган. Кайра куруулардын натыйжасында борбордук бийлик начарлабастан, бир аз ийкемдүү болуп калган. Социалдык-экон. жана маданий чөйрөнү башкарууда союздук республикалардын укуктары бир кыйла кенейтилген. Бирок админ.-буйрукчул системанын шарттарында борбордук бийлик менен республикалык бийлик органдарынын ортосунда карама-каршылыктар пайда боло баштаган. 1959-ж. КПСС БКнын Пленумунда Кыргызстандын, Өзбекстандын, Казакстандын жана Латви-

янын жетекчиликтери өз укуктарынан одоно пайдалангандыктары жалпы мамлекеттик кызыкчылыктарга келтирген залалдары, жердешчилдиктери үчүн катуу сынга алынып айыпталган. 1961-ж. майда И. Раззаков менен Кыргыз ССР Министрлер советинин төрагасы К. Дыйкамбаев республиканын өз алдынчалыгын кеңейтүүдөгү жигердүү аракеттери үчүн кызматтарынан бошотулган.

1963-ж. Орто Азиянын Эл Чарба Совети түзүлгөн. Ага бул аймактын экон-на жетекчилик кылуу милдети жүктөлгөн. Эл Чарба Советинин түзүлүшү менен улуттук республикалардын 50-жылдардагы реформа учурунда алган укуктары жокко чыгарылган.

Кыргызстандын экономикасы

50-жылдары жүргүзүлгөн реформалар Кыргызстандын экономикасына оң таасирин тийгизген. 1951–55-ж. республиканын эл чарбасын өнүктүрүүгө 3,6 млрд сом, а. и. өнөр жайына 2,5 млрд сом капиталдык салымдар жумшалган. Бешинчи беш жылдыкта Кыргызстандын оор өнөр жайында тоо кен, металл иштетүүчү, энергетика өндүрүү, женил жана тамак-аш өнөр жайын өнүктүрүү милдеттери белгиленген. Натыйжада 48 жаңы өнөр жай ишканалары ишке киргизилген.

Алтынчы беш жылдык (1956–60-ж.) план боюнча да Кыргызстанда ири өнөр жай ишканаларын куруу пландалган. Республиканын эл чарбасына 7 млрд сом капиталдык салым бөлүнгөн. Республиканын өнөр жайына жана курулушуна жетекчиликти жакшыртуу үчүн 1957-ж. июнда Кыргыз ССРинин Эл чарба Совети түзүлүп, карамагына республиканын өнөр жай продукцияларынын 74% ин өндүргөн 225 ишкана өткөрүлгөн. Башкаруунун бул ыкмасы республиканын ичинде тармактар аралык адистештирүүнү жана кооперациялаштырууну жакшырткан. Бирок союздун экон. региондору менен ишканалардын өндүрүштүк байланыштарынын өнүгүшүнө тоскоолдук кылган. Ушуга байланыштуу 1965-ж. Эл Чарба Совети жоюлуп, министрликтер түзүлгөн. Өнөр жайы кайрадан тармактык башкарууга өткөрүлгөн. Кыргызстанда бардыгы болуп 59 өнөр жай ишканалары, 46 цех жана бөлүмдөр ишке киргизилген.

Өлкөнүн, а. и. Кыргызстандын а. ч-нын өнүгүшүнө КПСС БКнын сентябрь (1953-ж.) Пленуму маанилүү роль ойногон. Анын чечимдерине ылайык а. ч. продукцияларынын мамлекеттик сатып алуу баасы жогорулатылып, колхоздор мамлекетке болгон карыздарынан бошотулган жана а. ч. салыгынын өлчөмү азайтылган. Мындан тышкары, колхозчулардын өздүк көмөкчү чарбаларын чектөө, андан алынган продукцияларды мамлекетке милдеттүү түрдө

токтүрүү эрежелери алынып ташталган. Колхозчулар өз продукцияларын базарда эркин сатуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. Колхозчулардын эмгегин ай сайын же квартал сайын авансалоо, колхоздогу эмгеги үчүн аларга кошумча акы төлөө тартиби киргизилген.

Кыргызстандын а. ч-ндагы жетишкендиктер СССРдин өкмөтү тарабынан жогору бааланып, Кыргыз ССРи 1957-ж. Ленин ордени менен сыйланган. Республиканын айыл чарбасынын алдыңкы 52 эмгекчисине Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам ыйгарылып, 2986 адам орден, медалдар менен сыйланышып, а. и. З. Кайназарова, Х. Таширов экинчи жолу Социалисттик Эмгектин Баатыры болушкан.

Жетишилген ийгиликтерге карабастан 60-жылдардын башында Кыргызстандын а. ч. жалпы экон. өсүштөн артта калган. Админ.-буйрукчул ыкма менен колхоздорду ирилештирүү, кыштактарды зордук менен көчүрүү, өздүк көмөкчү чарбаларды ыксыз чектөө, жергиликтүү шарттарды эске албастан жүгөрү өстүрүүнү бардык чарбаларга тануулоо, кошуп жазуу, көз боёмочулук а. ч-нын начарлашына алып келген.

КЫРГЫЗСТАН ӨНҮККӨН СОЦИАЛИЗМ МЕЗГИЛИНДЕ (1964–85-Ж.)

Коомдук-саясий турмуш

Бул мезгилде жалпы өлкөдө партиянын үстөмдүгү чыңдалып, ал коомдук турмуштун бардык жактарына тикеден-тике кийлигише баштаган. Партиялык жетекчилер өздөрү башкарган аймактардын бирден-бир кожоюндарына айланышкан. Кыргыз ССРинде партиялык-мамлекеттик жетекчилик 1961-жылдан Т. Усубалиевге өткөн.

Өнүккөн социализм мезгилинде КПССтин бюрократтык аппараты чыңдалып, өлкөдөгү бардык бийлик партиянын жогорку органдарына топтолгон. Республикалардын партиялык жана Советтик жетекчилери гана эмес, обкомдун биринчи катчылары, ири ишканалардын жетекчилери да Москва аркылуу дайындалып калган.

Кыргыз ССРинин Компартиясынын Борбордук Комитетинин, обкомдордун, ал тургай алыскы элеттик райкомдордун экинчи катчылары, айрым учурларда биринчи катчылары орус улутундагылар болуп калган. Партиялык бюрократизмдин өнүгүү-шүнүн натыйжасында 1960–80-ж. Кыргызстандын партиялык аппаратындагы кызматкерлердин саны бир кыйла өскөн.

Админ.-буйрукчул системанын шартында партиялык-мамлекеттик башкаруудагы кемчиликтер өлкөдөгү коомдук уюмдарга да тараган. Партиянын күжүрмөн резерви аталган комсомолдун турму-



УСУБАЛИЕВ Турдакун (1919-ж. т., Нарын облусу, Кочкор р-ну, Теңдик айылы) – мамл., саясий ишмер. Кыргыз Эл Баатыры, тарых ил-нин кандидаты. Кыргыз мамл. мугалимдер ин-тун (1941), КПСС БКга караштуу Жогорку партиялык мектепти (1945), В. И. Ленин атн. Москва мамл. пед ин-тун (1965) бүтүргөн. 1941-ж. Кочкор айылындагы орто мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы, 1941–45-ж. Кыргызстан КП Кочкор райкомунун пропаганда ж-а агитация бөлүмүнүн инструктору, 1945–55-ж. КПСС БКнын аппаратында жооптуу кызматта, 1955–56-ж. «Советтик Кыргызстан» гезитинин редактору, 1956–58-ж. Кыргызстан КП БКнын пропаганда ж-а агитация бөлүмүнүн башчысы, 1958–61-ж. Кыргызстан КП Фрунзе шааркомунун 1-катчысы, 1961–85-ж. Кыргызстан КП БКнын 1-катчысы. СССР Жогорку Советинин 5 жолку (1962–84), Кыргыз ССР Жогорку Советинин 6 жолку (1959–85), Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешинин (1990-жылдан) депутаты. 1-даражадагы «Манас», 4 Ленин, 2 Эмгек Кызыл Туу, Октябрь Революциясы ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Ысымы Кочкор р-ндагы чарбага берилген.

шунда да формалдуулук, шашылыш чечим кабыл алуу, курулай шандануу, кичине иш үчүн тоодой рапорт берүү күч алган. Бул жылдары комсомолдук органдардын демилгелери өчүп, толук бойдон партиянын жетегинде калган.

60-жылдары СССРде, а. и. Кыргызстанда, мамлекеттик бийликтин органы катары Советтердин ролун көтөрүү аракети башталган. Бул иште ошол мезгилдеги Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы Т. Кулатов көп эмгек сиңирген.

Республиканын эл чарба планын, мамлекеттик жана жергиликтүү бюджеттерди ишке ашырууда, республиканын таламдарын жактоодо А. Сүйөркулов, Б. Мамбетов, А. Сүйүмбаев, С. Ибраимов ж. б. көрүнүктүү эмгек сиңиришкен.

Өнөр жайдын өнүгүшү

1965-ж. өлкөдө эл чарбасын реформалоо башталган. Бул реформа анын демилгечиси – СССР Министрлер Советинин төрагасы А. Н. Косыгиндин атынан косыгиндик реформа деп аталып калган. Реформа алгачкы жылдары жакшы натыйжаларды берген. Өлкөнүн, а. и. Кыргызстандын өнөр жайы тез темп менен өнүгө баштаган. Реформа экон. чөйрөдө ийгиликтүү жүргөнү менен саясий чөйрөдө, идеологияда өзгөрүүлөр болгон эмес. Админ.-буйрукчул системанын шартында жүргүзүлгөн реформа акырындык менен начарлап, анын баалуулугу төмөндөгөн.

Өнүккөн социализмдин шартында Кыргызстандын өнөр жайы өлкөнүн бирдиктүү эл чарба комплексинин органикалык бөлүгү

катары өнүккөн. 1965–85-ж. Кыргызстандын улуттук кирешеси 2,7 эсе, өнөр жай продукциясы 4,4 эсеге өскөн. Бул мезгилде республиканын коомдук дүн продукциянын 60%и, улуттук кирешелеринин жарымынан көбү өнөр жайга туура келген. 150 жаңы өнөр жай ишканалары курулуп, өнөр жайдын энергетика, түстүү металлургия, машина куруу, электрондук, электр-техникалык, прибор куруу, курулуш индустриясы тармактары өнүккөн. Женил өнөр жайы, тамак-аш, эт-сүт ишканалары реконструкцияланган же жаңы курулган.

Бул жылдары экон-ны интенсивдүү жол менен өстүрүүгө анча көңүл бурулбай экон. мурдагыдай эле экстенсивдүү мүнөздө өнүккөн. Натыйжада өндүрүштүн өсүшү жаңы объектилерди ишке киргизүүнүн натыйжасында көбүрөөк камсыз болгон.

80-жылдардын башында Орто Азияда казылып алынган көмүрдүн 40%и Кыргызстандын үлүшүнө туура келген. Кыргызстандын электр энергиясы Нарын дарыясында курулган Үчкоргон, Токтогул ГЭСтеринин эсебинен көтөрүлүп, жылына 11 млрд *кВт саат* электр энергиясы иштелип чыгып турган.

Кыргызстан сурьма, сымап, сейрек кездешүүчү түстүү металлдарды өндүрүүдө союзда маанилүү роль ойногон. Кадамжай сурьма комбинатында өндүрүлгөн сурьма, Хайдаркан сымап комбинатынын продук-циясы дүйнөлүк рынокто жогору бааланган.

Айыл чарба машиналарын чыгаруучу Фрунзе атн. жана оор машина чыгаруучу Ленин атн. заводдор техникалык жактан реконструкцияланып, өндүрүштүк кубаттуулуктары бир кыйла жогорулаган. Алсак, а. ч. машиналарын чыгаруучу заводдо 1985-ж. 32 мин чөп таңгактоочу машина чыгарылган. Бул продукцияны дүйнөнүн 50дөн ашык мамлекеттери сатып алып турган.

Өнөр жайдын өнүгүшү менен жумушчу табынын катары өсүп, эл чарбасынын бардык тармактарында иштеген жумушчулар 1960-ж. 310 мин адамды түзсө, 1985-ж. алар 866 мин адамга же болбосо 6,3 эсеге көбөйгөн. Натыйжада 70-жылдардан жумушчулар (үй-бүлөсү менен эсептегенде) респ-нын калкынын 58 %ин түзүп, а. и. өнөр жайда иштегендери 31%ти түзүп, калгандары а. ч-нда, курулушта, транспортто, байланыш жана тейлөө тармактарында эмгектенишкен. Өнөр жайдын индустриялуу тармактарында негизинен СССРдин борбордук региондорунан келген жумушчулар эмгектенген. Жергиликтүү элдерден жумушчу адистерди даярдоонун ордуна бул мезгилде сырттан адистерди чакыруу аларга жашоо жана иштөө үчүн шарттарды түзүү тенденциясы күч алган. Бул жергиликтүү калктын жумушчу табынын өсүшүнө тоскоолдук кылган.

Айыл чарба өндүрүшү

КПСС БКнын март (1965-ж.) Пленумунда «СССРдин айыл чарбасын андан ары өнүктүрүүнүн кечиктирилгис чаралары жөнүндө» токтом кабыл алынган. Айыл чарбасын көтөрүүнүн комплекстүү программасын турмушка ашыруу үчүн бул жылдары айыл чарба өндүрүшүнө улуттук кирешеден акча каражаттар көбүрөөк бөлүнүп, 1966–75-ж. 2 млрд 586 млн сом, 1976–85-ж. 4 млрд 33 млн сом суммасындагы капиталдык салым жумшалган. 1985-ж. Кыргызстанда бир чарбага орто эсеп менен 72 трактор, 36 жүк ташуучу автомобиль, 20 комбайн туура келип, а.ч-нын энергия кубаттуулугу 1965-жылга салыштырганда 5 эсеге өскөн. Колхоз-совхоздор техника менен жабдылып, МТСтер жаңыланган. Жаңы сугат системалары, сууну сактоого, үнөмдүү пайдаланууга ылайыкташтырылган ири курулуштар ишке киргизилген. 224 миң *га* айдоо жерге, 1789 мин *га* жайыттарга суу чыгарылган. Сугат жерлеринин аянты 1 млн *га*дан ашкан. Сугат ишинде сууну бөлүштүрүү боюнча автоматташтырылган система иштей баштаган.

8-беш жылдыкта колхозчуларга гарантияланган эмгек акы төлөө тартиби, тогузунчу беш жылдыкта респ-нын а. ч-нда чарба жүргүзүүнүн жаңы формасы – чарбалык эсептин киргизилиши да маанилүү роль ойногон. Мындай ийгиликтерге карабастан, өндүрүштү уюштурууда жаңы экон. ыкмалардын админ.-буйрукчул бийлик тарабынан чектелиши а. ч. өндүрүшүн соңку он жылдыкта солгундатып, а. ч. продуктуларынын өздүк наркы жогору болгон.

КАЙРА КУРУУ ЖЫЛДАРЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАН (1985–91-Ж.)

Коомдук-саясий турмуш. Коомдук ан-сезимдин ойгонушу

80-жылдардын ортосунда Советтер Союзу экон., социалдык жана саясий кризиске батып, админ.-буйрукчул бийлик жаңы доорго ылайык келбей, өлкө-нүн ичиндеги кризис тышкы саясаттагы кризис менен коштолгон. Ушундай кырдаалда 1985-ж. 11-мартта КПСС БКнын генералдык секретарлыгына М. С. Горбачев шайланган. М. С. Горбачев КПСС БКнын апрель (1985-ж.) Пленумунда өлкөнүн коомдук-экон. турмушунун көпчүлүк маселелерин жаңыча чечүүнү сунуш кылган. Пленумда өлкөнүн социалдык-экон. өнүгүшүнүн багыты жарыяланган.

Партиялык-мамлекеттик жетекчиликтеги коррупцияны жоюш үчүн адегенде брежневдик саясатка өтө берилген бир катар ишмер-



А. Масалиев.

лер бийликтен четтетилип, алардын ордун жаңы көз караштагы адамдар ээлеген. Партиялык жетекчиликти жаңылоо бүтүндөй өлкө боюнча жүргөн. 1985-ж. чейрек кылымга жакын Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетин жетектеген Т. Усубалиев кызматынан бошотулуп, ордуна А. Масалиев шайланган.

М. С. Горбачев КПСС БКнын январь (1987-ж.) Пленумунда айкындуулук деген жаңы саясатын жарыялаган. 1988–89-ж. СССРде, а. и. Кыргызстанда жаңы кырдаал түзүлүп, кайра курууга жалпы эл массасы, коомдук уюмдар жигердүү катыша баштаган. Коомдук турмуштун саясатташы тездик менен жүрүп, жаштардын алгачкы дискуссиялык, саясий клубдары пайда болуп, алар коомдук турмуштун актуалдуу маселелерин кызуу талкуулашып, оздөрүнүн пикирлерин эркин билдире башташкан. Кыргызстандын калкынын саясий жигердүүлүгүнүн өсүшү, улуттук ан-сезимдин көтөрүлүшүнүн шартында Кыргызстан Компартиясынын толук көзөмөлүндө турган Кыргыз ССР Жогорку Совети 1989-ж. 23-сентябрда Кыргыз тили жөнүндөгү мыйзамды кабыл алган. Анда кыргыз тили мамл. тил деп жарыяланган. Орус тили улуттар аралык катнаштын тили катары таанылып, респ-да жашаган бардык улуттардын тилдеринин тен укуктуулугу жана эркин өнүгүшү камсыз кылынат деп белгиленген.

1989-ж. 12-декабрда СССР Жогору Советинин кезексиз 22-сессиясы кабыл алган «СССРдин Конституциясына (Негизги мыйзамына) өзгөртүүлөр жана толуктоолор», «Эл депутаттарын шайлоо» ж-дөгү мыйзамдардын негизинде СССРде биринчи жолу элдин эркине ылайык жогорку бийликтин органы – СССР эл депутаттарынын съезди негизделген.

1990-ж. февралда Кыргыз ССРинин Жогорку жана жергиликтүү советтерине шайлоолор болуп өткөн. Бул Кыргыз ССРинин тарыхындагы биринчи өткөн альтернативалык шайлоо эле. Көпчүлүк шайлоо округдарында депутаттыкка экиден ашык талапкерлер катталып, аларда шайлоолор эки тур менен өткөрүлгөн. Бирок партиялык жана мамлекеттик жетекчилер катталган айрым округдарда шайлоолор мурдагыдай эле альтернативасыз негизде өткөрүлгөн. Демократиялык шайлоолордон кийин респ-нын депутаттык корпусу өзгөргөн. Депутаттыкка билимдүү, шайлоочулардын мүдөөлөрүн түшүнгөн адамдар көбүрөөк өтүшүп, натыйжада жергиликтүү Советтер мурдагыдан жигердүү иштешип, маселелер-

ди да конкреттүү чече башташкан. Жогорку Советке шайланган депутаттардын 90% и коммунисттер болгону менен партиялык жетекчилик өзүнүн пикирин Советтерге мурдагыдай тануулай албай калган.

1990-ж. апрелдеги Кыргыз ССР Жогорку Советинин биринчи сессиясында Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин 1-катчысы А. Масалиев Кыргыз ССР Жогору Советинин төрагалыгына шайланып, мамл. башчысынын укугун алган. Сессиянын жүрүшүндө мамл. бийликтин укуктарын тактоо, президенттик бийликти киргизүү ж-дө сунуштар айтылган.

1990-ж. март айында өткөн СССР Эл депутаттарынын 3-съезди партиянын коомдогу жетекчилик ордун бекемдеген 6-статья-ны алып таштоо ж-дө чечим кабыл алган. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин сессиясы да жогорудагыдай эле чечимди кабыл алган. Ошентип өлкөдө, а. и. Кыргызстанда демократиялык коомдун негизги белгиси болгон саясий плюрализм жана көп партия-луулук үчүн кенири жол ачылган.

Кайра куруу жылдарындагы экономика

Республикадагы ишканалардын, а. ч. өндүрүшүнүн өз алдынчалыгы кеңейтилип, алар өзүн-өзү актоонун, башкаруунун, финансылоонун негизинде толук чарбалык эсепке өтө баштаган. 1986-ж. чарба жүргүзүүнүн бул ыкмасына респ-да өнөр жай продукциясынын 70% ин өндүргөн 125 ишкана жана бирикмелер өткөн. 1987-жылдан кайра куруу республиканын эл чарбасынын бардык тармактарында камтылган.

Кайра куруу жылдарында өлкөнүн экономикасын радикалдуу түрдө реформалоо ж-дөгү чечим КПСС БКнын июль (1987-ж.) Пленумунда биринчи жолу кабыл алынган. Реформанын максаты – админ. буйрукчул башкаруудан элдин кызыкчылыгын көздөгөн экон. ыкма менен башкарууга өтүү. Бирок өлкөнүн өндүрүш каражаттарына карата менчиктин көп түрдүүлүгүнө жол берилген эмес.

КПССтин 28-съезди жана КПСС БКнын октябрь (1990-ж) Пленуму экон. реформаны жүргүзүү, рынок экон-на өтүү ж-дө чечим кабыл алган. Бул чечим Кыргызстандын бийлик органдарында да талкууланган. Кыргызстанда рынок экон-на өтүү боюнча Мыйзам 1991-ж. 7-августта кабыл алынып, анда мамл. жана коммуналык ишканаларды арендалык, мамл. акционердик жана коммерциялык коомдорго айландыруунун жолдору аныкталган.

Башкаруунун экон. ыкмаларына өтүүнүн натыйжасында, жетекчилердин эмгек жамааттары тарабынан альтернативалык негизде шайлана башташы менен жергилик-түү партиялык уюмдар

эл чарбасын башкаруудан четтелип, жөн гана байкоочуларга айланган. Ушул мезгилден тартып Кыргызстандын өнөр жайы кыйын абалга кириптер болгон. Мурда СССРдеги бирдиктүү эл чарба комплексин түзүү саясатынын натыйжасында, союздагы ишканалар өз ара адистештирилип, даяр продукция өндүрүү үчүн бири-бирине чийки заттарды, тетиктерди жөнотүп турса, кийин келишимдик тартиптер, өндүрүш жана регион аралык байланыштар бузулуп, бартердик алмашуу башталган. Өнөр жай өндүрүшүнүн кризиси күч алып, ишканалар талап-тонолгон.

Айыл чарбасын рынок мамилелерине өткөрүү аракети

1986–90-ж. респ-нын экон-нын маанилүү тармагы болгон а. ч-н реформалоо үчүн жер, аренда, жерге карата менчик жана жерди пайдалануу ж-дө мыйзамдар кабыл алынган.

Колхоз, совхоздор менен катар эле дыйкан чарбалары кооперация, фермердик чарбалар пайда болуп, өздөрүнүн ишмердигин чарбалык эсептин, өзүн-өзү каржылоонун тартибинде жүргүзгөн. Продукция өндүрүүдө жана сатууда булардын ортосунда конкуренция пайда болгон.

Республиканын а. ч-н башкарууну жакшыртуу үчүн мурдагы 7 министрликтин ордуна Кыргыз ССРинин Мамлекеттик агро-өнөр жай комитети түзүлгөн. 1987-ж. бул комитетте 178 колхоз, 291 совхоз, 43 чарба аралык ж. б. айыл чарба ишканалары болгон. Мындан тышкары 6 а. ч. продуктуларын иштетүүчү ишкана, 104 тамак-аш өнөр жайынын ишканалары, 142 айылдык курулуш уюмдары кирип, башкаруу аппаратынын жарымы кыскарган.

Айыл чарбасындагы абалды оңдоо үчүн 1986–90-ж. мамлекет пландан ашык өндүрүлгөн продукцияны 50–100% ке кымбат алып, өндүрүлгөн продукциянын 30% ин колхоздук базарларга, керек-жарак кооперацияларына сатууга уруксат берилген. Мындан тышкары а. ч-на чарбалык эсептин негизинде коллективдүү жана үй-бүлөлүк подряд киргизилген. 1989-ж. респ-нын колхоздорундагы бөлүмдөрдүн 90% и арендалык подряддын негизинде иштеген. Бул айрым чарбалардын экон-н кыйла көтөргөн.

Бирок админ.-буйрукчул системанын шартында иштөөгө көнгөн эл өз алдынча чарба күтүүдөн чочулаган, чарба жетекчилери болсо арендалык бөлүкторго ишенген эмес, планды аткаруу үчүн чарбаларды бөлбөй кармоого аракеттенишкен.

1988-ж. Кооперация ж-дө мыйзам кабыл алынып, өзүнчө чарба күтүүнү каалагандарга мүмкүнчүлүк ачылат. Дыйкан жана фермер чарбалар түрүндө эксперименттик кооперативдер түзүлө баштаган.

1990–91-ж. айрым гана демилгелүү адамдар түшүмдүү жерлерди, техникаларды, женилдетилген кредиттерди узак мөөнөткө алышып, өз алдынча дыйкан, фермер чарбаларын түзүшкөн. 1991-ж. 1-январга карата республикада 4567 дыйкан, фермер чарбалары уюштурулган. Бирок социалисттик чарба жүргүзүүнүн шартында кооперативдик кыймыл да, дыйкан жана фермер чарбалары да өнүгө алган эмес.

СОВЕТ БИЙЛИГИНИН ДООРУНДА МАДАНИЯТТЫН ОНҮГҮШҮ

Элге билим берүү

Совет бийлигинин орношу менен Кыргызстандагы бардык маданият мекемелери мамлекеттин карамагына өткөргөн. Бишкектеги типография, «Эдисон» кинотеатры, шаарлардагы бардык китепканалар мамлекеттештирилген. Жаңы китепканалар, кызыл боз үйлөр, өз алдынча драмалык ийримдер уюштурулган. 1918-ж. 9-мартта Кыргызстандагы эң биринчи гезит «Пишпек баракчасы», 1918-жылдын аягында Пржевальск уездинде «Пролетариаттын үнү» аттуу уезддик гезит чыга баштаган. Кыргыз элинин жаңы коомдук аң-сезиминин калыптанышында акындар Токтогул Сатылгановдун, Тоголок Молдонун, Барпы Алыкуловдун, Калык Акиевдин, Исак Шайбековдун ж. б. ырлары да чон роль ойногон. Сабатсыздыкты жоюу иши 20-жылдарда эле башталып, сабатсыздыкты жоюу боюнча атайын комиссия түзүлгөн.

1924–25-окуу жылында Кыргызстанда биринчи баскычтагы 465 мектеп, бир нече экинчи баскычтагы мектеп жана интернаттарда 32 минден ашуун бала билим алган. Бирок алардын арасында кыздар өтө эле аз санда болгон. Эне тилиндеги жазуунун жоктугуна байланыштуу кыргыз балдары казак, татар, өзбек тилдеринде окуган. Кыргыз тилинде окуу китептерин жазып чыгарууда И. Арабаев, К. Тыныстанов озгочо эмгек синиришкен. 1924-ж. И. Арабаевдин «Кыргыз алиппеси» деген эмгеги Ташкенден чыккан. Бул кыргыз тилиндеги биринчи окуу китеби эле. Ошол эле жылы дагы 12 китеп 28 мин нускада чыгарылган, а. и. К. Тыныстановдун кыргыз тилине арналган окуу китептери бар эле. Кыргыз улуттук мектептерин уюштурууда жана алардын иштерин жакшыртууга агартуучулар И. Арабаев, М. Байгазаков, Ш. Сатылганов, А. Исаева, Э. Сүтичеров, З. Кыдырбаев, А. Койгелдиев, орус педагогдору Н. Ивановский, А. Лобанов, И. Локтионов, А. Сапожников ж. б. чон салым кошушкан. 1925-ж-дын биринчи жарымында эле 156 са-

батсыздыкты жоюу мектептери ачылып, алардын 134үү айыл-кыштактарда иштеген. Бул мектептерден 8 миң адам сабатсыздыгын жойгон. 1925–26-окуу жылында мындай мектептердин саны 246га жеткен. Мындан тышкары сабатсыздыкты жекече жоюу ыкмасы да кеңири пайдаланылган. 1926-ж. СССРдин калкынын сабаттуулугу 51,1 %ке жеткен. Ал эми бул көрсөткүч Кыргызстанда 15,1 %ти түзгөн. 1927–28-окуу жылында 548 мектепте 42,5 миң окуучу окуган. 1925-ж. Ошто бир жылдык педагогикалык техникум, Бишкек менен Караколдогу тогуз жылдык мектептердин базасында а. ч. техникумдары уюшулган. Ушул эле жылы Бишкекте агартуу институту ачылган. 1925–1926-окуу жылында Бишкекте, Караколдо, Жалалабатта аялдардын кесиптик-техникалык жана советтик-партиялык мектептер ачылат. 1929-ж. Кыргызстандын атайын орто окуу жайларын жүздөн ашуун адистер бүтүрүп чыккан. Ушул жылы Кыргыз пед. техникумун 21, кийинки жылы 47 адис бүтүргөн. Алардын арасында кийин элге белгилүү болгон А. Малдыбаев, Г. Айтиев, К. Жантөшев, М. Элебаев, У. Абдукаимов, К. Маликов, Ж. Бөкөнбаев, А. Осмонов, М. Алыбаев ж. б. болгон. 1928–29-окуу жылында ликбездерде (сабатсыздыкты жоюучу мектептер) окуу латын алфавитинде жүргүзүлүп, Х. Карасаевдин, А. Шабдановдун жана С. Нааматовдун окуу куралдары колдонулган.

Сабатсыздыкты жоюуда 1930-ж. башында Кыргызстанда жүргүзүлгөн маданий жүрүш чоң роль ойногон. Бул ишке атайын уюштурулган комиссия жетекчилик кылган. Мындай аракеттердин натыйжасында 1929–30-окуу жылында ликбездерде 100 миң адам окуп, алардын 73 мини окуганды жана жазганды үйрөнгөн. 1930-ж. чала сабаттууларга жардам катары «Сабаттуу бол!» деген гезит чыга баштаган. 1935-ж. 181,5 миң адам сабатсыздыгын жойгон. 1936-ж. Кыргыз Өкмөтүнүн алдында сабатсыздыкты жоюу боюнча башкармалык уюшулган. 1937–38-окуу жылында республикада 1358 башталгыч, 327 жети жылдык жана 62 орто мектептер болгон. Мугалимдер эки эсеге көбөйгөн.

1930-ж. жалпыга милдеттүү башталгыч, 1935-ж. шаарларда, ал эми 1937-ж. айыл-кыштактарда жалпыга милдеттүү жети жылдык, шаарларда он жылдык билим берүү киргизилген. 30-жылдары Кыргызстанда атайын орто жана жогорку окуу жайлары да өнүгө баштаган. 1937-ж. республикада 12 техникум, 5 мед. орто окуу жайлары иштеп, аларда 3 миң окуучу окуган. Экинчи беш жылдыкта атайын орто окуу жайлары 1,4 миң адистерди даярдаган.

1932–33-окуу жылында кыргыз элинин тарыхындагы биринчи жогорку окуу жайы – Кыргыз Мамл. пед. ин-ту ачылган. Бул окуу

жайынын калыптанып, өнүгүшүнө Москва, Ленинград ж. б. ш-лардан келген окумуштуу-педагогдор чоң жардам беришкен. 1936-ж. институтту 46 адис бүтүргөн, алардын 13ү кыргыздар болгон. 1933-ж. Бишкек а. ч. техникумунун базасында Кыргыз зооветеринариялык ин-ту ачылган. 1938–39-окуу жылында Кыргыз Мамл. мед. ин-ту ишке киришкен. Ошентип, 1940–41-окуу жылында Кыргызстандын улан-кыздары 6 жогорку, 34 атайын орто окуу жайларында билим ала баштаган. Жогорку окуу жайларында респ. үчүн илимпоздор даярдала баштайт. 1937-ж. Кыргыз өкмөтүнүн алдында илим боюнча комитет түзүлүп, республикадагы илимдин борборуна айланган. Согуштун алдында республикада 13 илим-изилдөө мекемеси болуп, анда 323 ил. кызматкерлер иштеген, алардын арасында илимдин 13 доктору жана 45 кандидаттары эмгектенген.



А. Токомбаев.



Т. Сыдыкбеков.

Улуттук жазуунун жана басма сөздүн негизделиши элдин маданиятын көтөрүүдө өзгөчө окуя болгон. 1924-ж. араб алфавитинин негизинде кыргыз жазуусу иштелип чыгып, 7-ноябрда кыргыз тилинде «Эркин Тоо» гезити басылып чыккан. 1925-ж. 12-мартта орус тилинде «Батрацкая правда» гезити чыккан. 1926-жылдын ноябрында жаштардын «Ленинчил жаш» гезити негизделет. «Коммунист» журналы да ушул жылы чыга баштайт. 1928-ж. «Жаңы маданият жолунда», «Дыйкан» аттуу журналдар чыгарылган.

Акырындык менен кыргыз профессионалдык адабияты да өнүгө баштайт. Анын башатында К. Тыныстанов, К. Баялинов, М. Элебаев, К. Жантөшев, С. Карачев, М. Токобаев, А. Токомбаев, Т. Сыдыкбеков ж. б. турган. Кыргыз совет адабиятынын өнүгүшүнө акындар Т. Сатылганов, Тоголок Молдо, Б. Алыкулов, И. Шайбеков, А. Жутакеев, К. Акиев, О. Бөлөбалаев ж. б. чоң салым кошушкан.

Согушка чейин кыргыз жазуучуларынын чыгармачылыгы жаңы бийиктерге көтөрүлгөн. 1934-ж. апрелде өткөн Кыргызстан жазуучуларынын 1-съездинде Кыргызстан жазуучуларынын союзу уюштурулуп, анын төрагалыгына А. Токомбаев шайланган.

Кыргыз адабияты менен катар эле улуттук профессионалдык искусствонун театр, музыка, көркөм сүрөт ж. б. тармактары өскөн.



Г. Айтиев.



С. Чуйков.

1926-ж. музыкалык-драмалык студия ачылып, аны алгач А. Куттубаев, А. Боталиев, К. Эшимбеков өндүү мыкты артисттер бүтүрүп чыккан. Театрдык жамаатка кыргыз элинин эл чыгармачылыгынын өкүлдөрү музыканттар М. Күрөнкеев жана К. Орозов, акындар К. Акиев, О. Бөлөбалаев, манасчы М. Мусулманкулов, куудул Ш. Термечиков, темир комузчу А. Байбатыров ж. б. чакырылып, алар профессионалдык маданияттын калыптанып өнүгүшүнө өздөрүнүн салымдарын кошушкан. 1930-ж. респ. музыкалык-драмалык студия театрга айланган. Театрдын алдында эл аспаптар оркестри уюшулган. 1935-ж. Орус драма театры ачылган. 1936-ж. Кыргыз мамл. театры, Кыргыз музыкалык-драма театры болуп кайра түзүлгөн. Ушул эле жылы Кыргыз мамл. филармониясы уюшулган. 1937-ж. майда Кыргыз мамл. драма театрында Ж. Бөконбаевдин «Алтын кыз», 1938-ж. «Ажал ордуна» драмасы коюлган. 1939-ж. апрелде көрүү-үлөргө Кыргыз музыкалык-драма театры «Айчүрөк» операсын тартуулаган.

1920–30-ж. кыргыздын улуттук музыкасы да өнүккөн. Кыргыз мамл. филармониясы ири музыкалык борборго айланат. Анда улуттук хор, кыргыз бий ансамбли, үйлөмө аспаптар ансамбли ж. б. уюштурулган. 1939-ж. А. Малдыбаевдин жетекчилиги астында Кыргызстан композиторлорунун союзунун уюштурулушу республикада музыка искусствосунун өнүгүшүнө өбөлгө болгон. Кыргыздын улуттук музыкасын жазып алуу, аларды изилдөө иши да колго алына баштайт. Бул багытта А. В. Затаевич чоң эмгек жасаган.

Согуштун алдында Кыргызстанда көркөм сүрөт өнөрү да жаңы баскычка көтөрүлгөн. 1934-ж. Кыргызстан сүрөтчүлөр союзу уюштурулуп, аны С. Чуйков жетектеген. 1935-ж. Кыргыз мамл. сүрөт галереясы уюштурулган. Анда таланттуу сүрөтчүлөр С. Чуйковдун, Г. Айтиевдин, С. Акылбековдун ж. б. сүрөттөрү коюлган. 1939-ж. Көркөм сүрөт окуу жайы ачылган. Республикага скульптор О. Мануйлова ж. б. графиктер келишкен. Сүрөт искусствосунун жаңы тармактары калыптана баштаган.

1939-ж. 26-майдан 30-июнга чейин Москвада өткөн Кыргызстандын маданий турмушундагы өзгөчө чоң окуя болгон кыргыз

искусствосунун он күндүгүнө улуттук искусствонун 550 чеберлери катышкан. Кыргыз мамл. музыкалык-драма театры Ленин ордени, Кыргыз мамл. филармониясы Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган. Кыргыз искусствосунун 71 өнөрпоздору орден, медалдар менен сыйланышкан.

УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШ УЧУРУНДАГЫ ЖАНА СОГУШТАН КИЙИНКИ МЕЗГИЛДЕГИ МАДАНИЯТ (1941–64-Ж.)

Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарындагы илим жана маданият

Согуш башталганда республикада 13 илим-изилдөө мекемелери иштеп, 323 ил. кызматкер эмгектенишкен. Анын 13ү илимдин докторлору, 45и илимдин кандидаттары болгон. Эвакуацияланган окумуштуулардан эсебинен респ-нын ил. адистери чындалган. Академиктер А. Бах, А. Борисяк, тех. ил-нин докторлору М. Келдыш, тарых ил-нин доктору А.Бернштам, филология ил-нин доктору К. Юдахин ж. б. келиши менен респ-нын илим жаатында биртоп өсүштөр байкалган. Кыргызстандын геологдору согуштук маанидеги кен байлыктарды изилдеп табууда көп иштерди аткарышкан. Алар 1941–44-ж. 321 экспедиция уюштурушуп – 110 түстүү металлдын, 71 көмүр, мунай, 8 металл кендерин аныкташкан. Кыргызстанда табылган сымап, сурьма, вольфрам ж. б. сейрек кездешүүчү кендер стратегиялык чоң мааниге ээ болгон.



К. И. Скрябин.

Бишкек эвакуацияланган СССР ИАнын биология бөлүмү, Кыргызстандын илим-изилдөө мекемелери менен бирдикте согуштук жана экон. маанидеги маанилүү изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. СССР ЭКСтин чечими менен 1943-ж. 13-августта Кыргызстанда СССР ИАнын филиалы ачылып, анын төрагалыгына академик К. И. Скрябин, орун басарлыгына Ж. Шүкүров менен В. Масенко, окумуштуу катчылыгына П. Власенко шайланган. Филиалда 158 окумуштуу, а. и. СССР ИАнын 1 ака-



К. Юдахин.

демиги, 1 корр. мүчөсү, 12 илимдин доктору, 22 илимдин кандидаттары эмгектенген. Филиал өзүнүн бардык иштерин Кыргызстандын ресурстарын өлкөнү коргоо муктаждыктарына жумшоо багытында жүр-гүзгөн. Н. Сытый жетектеген химия ин-ту жардыруу иштеринин жаңы ыкмасын иштеп чыккан. 1944-ж. К. Юдахиндин редакциясы менен 40 мин сөздөн турган биринчи «Орусча-кыргызча сөздүк» басылып чыккан. «Манас» эпосун чогултуу жана изилдөө боюнча иштер улантылган.

Адабият жана искусство фронттун кызматында

Фашисттик баскынчыларга каршы согушта адабият менен искусство маанилүү идеялык курал болгон. Кыргызстан Жазуучулар союзунун М. Элебаев, Ж. Ашубаев, Н. Чекменов, Я. Шиваза, Ж. Турусбеков, У. Абдукаимов ж. б. көптөгөн мүчөлөрү фронтко аттанышкан. Алардын айрымдары аскердик бөлүктөрдө саясий жетекчи, басма сөздүн адабий кызматкерлери болуп иштешкен. Советтик патриотизм, Ата Мекенди коргоо, жоокерлердин эрдиктери, тылдагы эмгекчилердин каарман эмгеги Кыргыз жазуучуларынын ошол учурдагы негизги темалары болуп калган. А. Токомбаевдин «Ашырбай», К. Жантөшевдин «Чолпонбай» поэмалары, А. Осмоновдун «Ант», К. Маликовдун «Менин Кавказым» Т. Үмөталиевдин «Үчөө», Т. Сыдыкбековдун «Артиллеристтер» ж. б. чыгармалары элди туруктуулукка, жаңы эрдиктерге чакырып, жеңиштин қамсыз болоруна ишендирген.

Кыргызстандын артисттери согуштун алгачкы айларынан эле жеңишке салым кошууга аракеттенишип, 1941-ж. июлунан 1942-ж. 1-апрелине чейин фронттогу жоокерлерге, аскерге жөнөтүүчү пункттарда, госпиталдарда 763 концерт коюшкан. 1941-ж. ноябрда Улуу Ата Мекендик согушка арналган «Патриоттор» аттуу кыргыз операсынын биринчи премьерасы болгон. Музыкалык театрдын артисттеринин жетишкендиктери эске алынып, 1942-ж. 17-августта бул театр Кыргыз Мамл. опера жана балет театры болуп кайрадан түзүлгөн. Театрда 1942-ж. ноябрда «Көкүл», бир жылдан кийин декабрда «Ким кантти?» опералары, 1944-ж. «Чолпон» балети коюлган. Согуш аяктаганга чейин бул театрдын артисттери жоокерлердин, тылдагы эмгекчилердин алдында 750 концерт беришкен. Кыргыз искусствосунун өнөрпоздору 1942-ж. 7 концерттик-театрдык бригада уюштурулуп, 1944-ж. чейин алар фронттогу жоокерлердин алдында 2500 концерт беришкен.

А. Токомбаевдин «Ант» (1942), К. Жантөшевдин «Курманбек» (1944) пьесасы ж. б. коюлган. Согуш жылдары Кыргызстандын көркөм сүрөт өнөрү да өскөн. С. Чуйковдун «Ата Мекен үчүн»,

«Чолпонбайдын портрети», А. Игнатовдун «Фронтко узатуу», «Эне менен жолугушуу», «Фронттон келген конок», Г. Айтиевдин «Фронттон кат», И. Гальченконун «БЧК курулушунда», «Жайлоодо», Л. Ильинанын «Кызылча отоо», С. Акылбековдун «Колхоз кароолчусу» ж. б. чыгармалары согуш мезгилиндеги элдин турмушун чагылдырган. Ошентип, республиканын адабияты менен искусствосу элдик жеңишке өздөрүнүн салымдарын кошуу менен чыгармачылыктын жаңы баскычтарына көтөрүлгөн.



Ж. Бөкөнбаев.

Согуштан кийин сталиндик админ.-буйрукчул система идеологиялык көзөмөлдөөнү күчөтүп, калктын бир бөлүгүндө капиталисттик, феодалдык-уруучулук көз караш сакталган, интеллигенциянын катмарларында буржуазиялык маданиятка жүгүнүү, коммунисттик саясатты түшүнбөстүк маанай күчөп кеткен деген шылтоо табылган.



А. Осмонов.

Белгилүү акын Молдо Кылычтын эмгектери «буржуазиялык улутчул» деп аныкталып, аны изилдеген Т. Саманчин, Т. Байжиев, З. Бектенов репрессияга кабылган. Окумуштуулар Ж. Шүкүров, К. Сооронбаев, Х. Карасаев кызматтарынан бошотулган. А. Токомбаевдин «Кандуу жылдар» романы, К. Маликовдун «Балбай» деген поэмасы катуу сынга алынып, аларды окууга тыюу салынган.

1951-ж. партия менен Совет өкмөтүнүн башкы жетекчилигинин көрсөтмөсү менен элдердин улуттук эпостору сынга алына баштаган. Кыргыз элинин руханий турмушунун туу чокусу болгон «Манас» эпосуна да «элге каршы багытталган, динчил, эзүүчүлөрдүн кызыкчылыгын көздөгөн, согушту жактаган» чыгарма катары тыюу салынат. Бирок Кыргыз интеллигенциясы өздөрүнүн эпосу ж-дөгү бул чечимге макул болгон эмес. Басма сөз бетиндеги көп айларга созулган талаш-тартыштардан кийин 1952-ж. июнь айында Бишкек «Манас» эпосунун элдүүлүгү» деген темада ил. конференция өткөрүлүп, «Манас» эпосу репрессиядан куткарылган. Эпосту коргоодо М. Ауэзов, А. Токомбаев, К. Маликов, Т. Сыдыкбеков, А. Бернштам, Б. Юнусалиев, Б. Керимжанова ж. б. чоң эмгек сиңиришкен.

Согуштан кийинки жылдарда элге билим берүү ишинде алгылыктуу бир катар иштер жасалган. 1947-жылдардан жети жылдык билим берүү жалпыга милдеттүү болуп калган. Согуш мезгилинде чыкпай калган окуу китептери кайрадан чыга баштаган. Кыргыз тилинде окуу китептерин чыгаруу колго алынган. 1950-ж. мектеп окуучулары үчүн 89 аталыштагы окуу китеби чыгарылган. Бул мезгилде атайын орто жана жогорку билим берүү жакшырган.

Совет бийлиги орногондон баштап эле өлкөдө башталгыч жана толук эмес орто билим берүү акысыз жүргүзүлүп, 1956-жылдан мектептин жогорку класстарында, атайын орто билим берүү системасында жана жогорку окуу жайларында окугандыгы үчүн акы төлөө жоюлган. 1958-ж. толук эмес орто билим берүү баскычы жетинчи класстан сегизинчи класска көтөрүлгөн. Бул совет бийлигинин билим берүү тармагындагы чоң жетишкендиги катары бааланган.

Басма сөз иши жолго коюлуп, Кыргызстанда 5 респ., 10 облустук, 70 райондук жана шаардык газеталар 160 мин нускада чыгарылган. Булардан тышкары «Коммунист», «Агитатордун жана пропагандисттин блокноту» журналдары кыргыз жана орус тилдеринде чыгарылган.

Кыргыз адабияты өнүгүп, Т. Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери» романы СССРдин Мамл. сыйлыгына татыктуу болгон. К. Баялиновдун, К. Жантөшевдин, Т. Үмөталиевдин, А. Осмоновдун чыгармачылыктары жалпы элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болгон. Согуштан кийинки мезгилде кыргыз музыкасы, драмасы, көркөм сүрөт искусствосу да жаңы бийиктиктерге көтөрүлгөн.

1950–60-ж. респ-нын маданияты жаңы баскычка өскөн. Бул жылдары Кыргызстандын көркөм адабияты Ч. Айтматов, У. Абдукаимов, С. Эралиев, К. Каимов, А. Токтомушев, Т. Үмөталиев сыяктуу таланттуу акын, жазуучулар менен толукталган. 1963-ж. Ч. Айтматов «Тоолор жана талаалар» аттуу повесттер жыйнагы үчүн Лениндик сыйлыкка татыктуу болгон.

Кыргызстандын көркөм өнөрүнүн ишмерлери өздөрүнүн жетишкендиктерин 1958-ж. Москва ш-нда өткөн Кыргыз искусствосу менен адабиятынын экинчи он күндүгүндө ийгиликтүү даңазалашкан. Республиканын алты артисти – С. Кийизбаева, Б. Бейшеналиева, М. Рыскулов, Б. Кыдыкеева, А. Мырзабаев, Д. Күйүкова СССРдин эл артисттери болушкан. Искусствонун 300 өкүлү орден, медалдар менен сыйланышкан. Алардын 9у Ленин орденин алышкан.

Билим берүү тармагында 1958-жылдан жети жылдык билим берүүнүн ордуна милдеттүү сегиз жылдык билим берүү киргизилген. Орто мектептерде окутуу мөөнөтү 11 жылга созулган. 1960–61-окуу жылында республикада 1763 күндүзгү жалпы билим берүүчү

мектептер иштеп, аларда 397,5 миң окуучу билим алган. Бирок, мектептерде иштеген 22 мин мугалимдин 33,1%и гана жогорку билимдүү болушкан. 1951-ж. Кыргыз мамл. ун-нин ачылышы тоолуу крайыбыздагы маанилүү окуя болгон. 1954-ж. анын геология-лык жана техникалык факультеттеринин базасында Фрунзе политехникалык ин-ту ачылган. 1951-ж. Ош, 1952-ж. Кыргыз кыз-келиндер ин-ту, 1955-ж. Кыргыз дене-тарбия ин-ту, 1953-ж. Пржевальск педагогикалык ин-ту ачылып, республикада педагогдорду, төрт жылдык мөөнөт менен даярдоо иши жолго коюлган. Жогорку окуу жайлары менен катар эле атайын орто окуу жайларынын тармактары кенейген.

1954-ж. СССР ИАнын Кыргыз филиалынын базасында Кыргыз ССРинин ИАсы ачылган. Анын биринчи Президенти болуп И. Ахунбаев шайланган. Академиянын биринчи курамына окумуштуулар – Б. Жамгырчинов, И. Ахунбаев, И. Батманов, К. Юдахин, Б. Юнусалиев, жазуучулардан – А. Токомбаев, Т. Сыдыкбеков ж. б. 27 адам кирген. Академияга 203 ил. кызматкер иштеген 10 ил. мекеме караган.

МАДАНИЯТ ӨНҮГҮҮ ЖОЛУНДА (1964–1990-Ж.)

Билим берүү жана илим

Калктын билим денгээлин көтөрүүдө жалпы билим берүүчү мектептердин ролун жакшы түшүнгөн партиялык-мамл. жетекчилик сегизинчи беш жылдыкта (1966–70-ж.) жалпыга милдеттүү орто билимге өтүүнү, ал эми тогузунчу беш жылдыкта (1971–75-ж.) бул ишти толук аяктоо милдетин койгон. 1966–85-ж. республикада 756 миң орундуу 859 мектеп курулган.

Республикадагы жалпы билим берүүчү мектептердин ишин жакшыртууда чечүүчү роль анда эмгектенген мугалимдерге байланыштуу болгон. 1984–85-окуу жылында Кыргызстандын мектептеринде 58 мин мугалимдер жана тарбиячылар эмгектенишкен. Алардын 41 мини айылдык мектептерде иштешкен. 1965–85-ж. шаардык мектептерде жогорку билимдүү мугалимдердин саны 21%ке, ал эми айылдык мектептерде 30%ке жогорулаган. Бул жылдары жогорку жана атайын билим берүү иши да өркүндөтүлгөн. 1965–68-ж. Бишкектеги политехникалык, мед., а. ч., дене тарбия, Пржевальскидеги пед. ин-тардын жаңы окуу имараттары курулган. 1967-ж. Б. Бейшеналиева атн. Кыргыз мамл. искусство ин-ту ачылып, республикада муз. билим берүүчү борборго айланган. Бишп-

кектеги муз.-пед., Каракол, Ош, Нарын пед. окуу жайлары, курулуш, соода, автожол техникумдары адистерди даярдап чыгара баштаган.

1989–90-окуу жылында Кыргызстанда 9 жогорку жана 48 атайын орто окуу жайлары иштеп, аларда 205 миң студент билим алган, булардын 94,6 миңи жогорку окуу жайларынын студенттери болушкан. 80-жылдары республиканын жогорку окуу жайлары орто эсеп менен жылына 10 миңден, ал эми атайын орто окуу жайлары 14 миңден адистерди чыгарып турган. 1989-ж. Кыргызстандын эл чарбасында 180 миң жогорку жана атайын орто билимдүү адистер эмгектенген, бул 1960-ж. салыштырганда 5,4 эсеге көптүк кылган.

1964–90-ж. илимдин техникалык, физика-математикалык, тоокен, химия, биология, коом таануу тармактары өнүгүп, 1975-ж. илим изилдөөдөгү жана ил. адистерди даярдоодо жетишкендиктери үчүн Кыргыз ССР ИАсы Эл достугу ордени менен сыйланган. Бул мезгилде Кыргызстан ИАсында 17 ил. мекемелерди бириктирген үч бөлүм иштеп, анда 1,2 миң окумуштуу (а. и. 26 академик, 32 корр.-мүчө, 75 илимдин докторлору жана 512 илимдин кандидаттары). эмгектенген.

90-жылдардын башында илим-изилдөө иштерине бөлүнгөн каражаттын аздыгынан бул тармактын солгундап, бир кезде союздук масштабда илимий ачылыштары менен даңазаланып турган Кыргызстандын илими кризиске учураган. Көп эмгек менен даярдалган илимий адистер башка республикаларга же коммерциялык багытка өтүп кетүүгө мажбур болушкан.

Адабият жана искусство

60-жылдардын ортосунда акындар Э. Ибраевдин, М. Абылкасымованын, М. Буларкиевanын, Ө. Даникеевдин, Т. Кожомбердиевдин, Б. Сарногоевдин ж. б. эмгектери эл ичинде жогору баалана баштаган. 1965-ж. Т. Сатылгановдун 100 жылдык юбилейине карата Кыргызстандын Токтогул Сатылганов атн. мамл. сыйлыгы белгиленген. Бул сыйлык алгачкы жолу «Таң алдында» романы үчүн А. Токомбаевге жана «Абийир кечирбейт», «Сүйүү жана үмүт» деген пьесалары үчүн Т. Абдумомуновго ыйгарылган.

1968-ж. Кыргыз ССРинин «Эл жазуучусу», «Эл акыны» деген наамдар белгиленген. Бул наамдарга биринчи болуп Ч. Айтматов, К. Баялинов, К. Жантөшев, Т. Сыдыкбеков, Т. Үмөталиев татыктуу болушкан. 1971–75-ж. А. Токомбаевдин, К. Баялиновдун, Т. Сыдыкбековдун, Т. Үмөталиевдин, К. Маликовдун, Э. Ибраевдин чыгармаларынын жыйнактары жарыкка чыгарылган. Кыргыз адабиятынын баштоочуларынын бири А. Токомбаевге Социалисттик

Эмгектин Баатыры наамы берилген. Чыгармачылыктагы жетишкендиктер үчүн А. Токтомушев менен С. Эралиевге Кыргызстандын эл акындары деген наам ыйгарылган. Я. Шиваза, Т. Абдымомунов, Ш. Бейшеналиев, Н. Байтемиров, К. Каимов, С. Сасыкбаев, Н. Удалов искусствонун эмгек сиңирген ишмери, маданиятка эмгек сиңирген кызматкер деген ардак наамдарга татыктуу болушкан. Т. Касымбековдун «Сынган кылыч» аттуу тарыхый романы окурмандардын купулуна толгон.



Ч. Айтматов.

Бул жылдары бөлөк элдердин адабиятын кыргыз тилине которуу ишине да чоң көңүл бурулган. Кыргыз окурмандары дүйнө элдеринин, советтик жазуучулардын чыгармачылыктары менен кеңири таанышууга мүмкүндүк алышкан. 1984-ж. карата кыргыз жазуучуларынын 470 китеби СССР жана дүйнө элдеринин тилдерине которулган. Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы өзүнүн апогейине ушул мезгилде көтөрүлгөн. Анын китептери 8 млн нуска менен дүйнө элдеринин 50дөн ашык тилдерине которулган. Ал эки жолу: 1968-ж. «Жаныбарым Гүлсары», 1983-ж. «Кылым карыткан бир күн» аттуу чыгармалары үчүн СССРдин Мамл. сыйлыгына татыктуу болгон. 1978-ж. ага Социалисттик Эмгектин Баатыры наамы ыйгарылган.



Т. Океев.

80-жылдарда кыргыз адабияты дагы жаңы бийиктикке көтөрүлүп, калктын купулуна толгон Т. Сыдыкбековдун «Заманданттар», Ш. Бейшеналиевдин «Болот калем», С. Өмүрбаевдин «Өзгөргөн өрөөн», А. Сальниковдун «Кызыл жалын», Э. Ибраевдин «Белес», «Мөмөлүү дарак» ж. б. чыгармалары жарык көргөн. Т. Үмөталиев, Н. Байтемиров, Ш. Бейшеналиев, жана М. Абылкасымова чыгармалары үчүн Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйлыктарын алышкан.

1987-ж. Кыргызстандын жазуучуларынын ичинде Социалисттик Эмгектин 2 Баатыры, Лениндик сыйлыктын 1 лауреаты, 4 СССРдин мамл. сыйлыгынын ээлери, Токтогул Сатылганов атн. сыйлыктын 10 лауреаты, 10 Кыргыз Эл жазуучулары жана акындары, Кыргыз ССР ИАнын 6 анык жана корр-мүчөсү, СССР Жазуучулар союзунун 21 мүчөсү болгон. Бул кыргыз адабияты үчүн чоң жетишкендик эле.

50-жылдардын ортосунда эле өзүнүн чыгармачыл жолун баштаган кыргыз кино искусствосу 1960–80-ж. дүйнө элдерине таанымал «Эрте жаздагы турналар», «Аптап», «Караш-караш окуясы» (реж. Б. Шамшиев), «Мен Тянь-Шань», «Биздин балалыктын асманы», «Ысыккөлдүн кызгалдактары», «Көк Серек» (реж. Б. Шамшиев), «Кызыл алма» (Т. Океев), «Ак кеме» (реж. Б. Шамшиев), «Улан» (реж. Б.Шамшиев) ж. б. көркөм тасмаларды жараткан. Аталган фильмдердин көпчүлүгү СССРде жана чет мамл-терде өткөрүлгөн абройлуу кинофестивалдарда жогору бааланган.

Кыргыз кино искусствосун өнүктүрүүдө таланттуу режиссерлор Т. Океев, Б. Шамшиев, Г. Базаров, Д. Садырбаев, атактуу артисттер С. Чокморов, М. Рыскулов, С. Жумадылов, Б. Кыдыкеева, Д. Күйүкова, Т. Турсунбаева, Б. Бейшеналиев, С. Күмүшалиева ж. б. өздөрүнүн зор салымдарын кошушкан.

80-жылдары Кыргызстанда 8 адистештирилген театр, а. и. бир опера жана балет театры, 6 драмалык жана музыкалык театрлар, респ. куурчак театры иштеген.

1960–80-ж. республикада көркөм-сүрөт өнөрү өскөн. 1966-ж. Кыргызстандын Сүрөтчүлөр союзу уюшулуп, ага 51 сүрөтчү мүчө болгон. С. Чуйковдун «Түбөлүктүүлүккө жанашуу», Г. Айтиевдин «Талаадагы тандыр», «Эски кыштак», «Кызыл булуттар» аттуу чыгармалары кыргыз искусствосунун классикасы болуп калган. Республикада сүрөт искусствосунун өнүгүшүнө бул мезгилде А. Игнатьева, Л. Ильина, А. Асранкулов, А. Бейшенова, К. Артыкбаев, С. Чокморов ж. б. салым кошушкан.

Кыргызстанда скульптура өнөрүнүн өнүгүшүнө Лениндик сыйлыктын лауреаты, Соц. Эмгектин Баатыры Т. Садыков көрүнүктүү салым кошкон. 1978-ж. анын «Революциянын каармандарына» аттуу монументи ачылган. Бул эмгеги үчүн Т. Садыковго 1980-ж. СССРдин Мамл. сыйлыгы ыйгарылган. 1984-ж. Кыргызстанда скульп-тура боюнча Бүткүл союздук 1-симпозиум өткөрүлгөн. Анын катышуучулары Бишкектеги паркта ачык асман алдындагы скульптура музейин түзүшкөн. 1985-ж. скульптура боюнча Эл аралык симпозиум өткөрүлгөн. Бул иштер республикада искусствонун бул түрүнүн өнүгүшүнө өбөлгө болгон. Ушул жылы Улуу Ата Мекендик согуштун 40 жылдыгына карата «Жеңиштин эстелиги» скульптуралык-архитектуралык комплекси ачылган.

ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

СССРДИН ТАРАШЫ. ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАЛЫШЫ

Президентти шайлоо жана Мамлекеттик эгемендүүлүк жөнүндөгү Декларация

1990-ж. мартта СССР Эл депутаттарынын 3-съезди өлкөдө Президенттик бийликти белгилеген. Президенттик бийлик өлкөдө өкмөттүн ишмердигин аныктаган жана анын ишин көзөмөлдөгөн. Мыйзам чыгаруучу жана сот бийликтеринин иштерин эл чарбасын башкарууну, бюджеттик-финансылык системаны, эмгекке акы төлөө жана баалардын аныкталышын, мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөгөн. СССРде президенттик башкаруунун киргизилиши менен Казакстанда, Өзбекстанда ж. б. бир катар союздук республикаларда президенттик башкаруу киргизилген. 1990-ж. 27-октябрда Кыргыз ССР Жогорку Советинин сессиясында альтернативалуу негизде Аскар Акаев Кыргызстандын тунгуч Президенти болуп шайланган. 1990-ж. 15-декабрда Кыргыз ССР Жогорку Советинде «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндөгү» Декларация кабыл алынып, Кыргызстан Советтер Союзунун курамындагы эгемен өлкө катары жарыяланган. 1991-ж. 22-январда Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин 3-сессиясында «Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети жөнүндө» мыйзам иштелип чыккан. Мыйзам боюнча биринчи жолу Президенттин, вице-президенттин кызматтары киргизилип, жергиликтүү бийлик органдарынын милдеттери, укуктук негиздери такталган.

Республиканын биринчи премьер-министрлигине Н. Исанов, мамл. катчылыкка: Т. Койчуев, А. Иордан, Э. Дүйшеев, Я. Фишер, А. Муралиев, жаңы кабинеттин министрлери жана мамлекеттик комитеттердин төрагалыгына кандидаттар бекитилген.



АКАЕВ Аскар (1944-ж.т., Чүй облусу, Кемин р-ну, Кызылбайрак айылы) – мамл. ишмер ж-а окумуштуу. Кыргыз Респ-нын Президенти (1991-жылдан). Техника ил-нин доктору (1981), проф. (1983), Кыргызстан ИАнын академиги (1987). 1968-ж. Ленинград так механика ж-а оптика ин-тун бүтүрүп, ошол эле ин-тта улук лаборант, аспирант, инженер. 1972–73-ж. Бишкек политехника ин-тунда ассистент, улук окутуучу. 1973–76-ж. Ленинград так механика ж-а оптика ин-тунда улук ил. кызматкер, улук окутуучу. 1976-ж. кайрадан Бишкек политехника ин-тунда улук окутуучу, доцент, кафедра башчысы болуп иштеген. 1986–87-ж. Кыргызстан КП БКнын илим ж-а окуу жайлар бөлүмүн жетектеген. 1987-ж. Кыргызстан ИАнын вице-президенти, 1989-жылдан президенти. 1989-ж. А. СССР эл депутаты болгон. 1990-ж. 27-октябр-да Кыргызстан Жогорку Кеңешинин сессиясында альтернативалуу негизде, ал эми 1991-ж. 12-октябрда Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу өткөрүлгөн жалпы элдик шайлоодо суверендүү Кыргыз Респ-нын Президенттигине шайланган. Илимпоз катары ал эсептөө техникалары ж-а кванттык радио физика жаатындагы маселелерди чечүүгө көрүнүктүү салым кошту, жаңы ил. эмгектери биздин өл-көдө ж-а чет өлкөлөрдө кеңири маалым. 200дөн ашык ил. эмгектери, а.и. 16 монографиянын автору. Анын «Кыргыз мамлекеттүүлүгү жана «Манас» эпосу» аттуу эмгегинде Кыргызстан тарыхынын орчундуу маселелерин көтөрген. А-дин тарых илиминин ролун көтөрүүдө зор салымы бар. Латын Америкасынын Биримдик Ассоциациясы тарабынан илимге, демократияга, элдердин ортосундагы боордоштук мамилелерди ж-а адам укугун өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн Гранд Кросс (Чоң Крест) ордени м-н сыйланган (1992). Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын (1976), Эл аралык Дж. Неру атн. биримдик фондусунун (1995), Түрк тилдүү дүйнөнү жакындаштырууга кошкон салымы үчүн ж.б. эл аралык сыйлыктардын лауреаты.

СССРдеги саясий системаны реформалоонун натыйжасында коомдук-саясий турмушта демократиялык принциптер көбүрөөк жүзөгө ашырыла баштаган. Өлкөдө ар түрдүү демократиялык уюмдар түзүлгөн. Бирок өлкөдө улут аралык мамилелер татаалданып, курчуй берген. Республикалардын эгемендүүлүк үчүн күрөшү күч алган. Айрым республикалар союздан чыгаарын ачык эле билдире башташкан. Союздук жана республикалык мыйзамдардын ортосунда тирешүү пайда болгон, экон. кыйынчылыктар күчөгөн.

1991-ж. 5-февралда республиканын борбор шаарынын тарыхый аты калыбына келтирилип, Фрунзе ш-на кайрадан Бишкек деген баштапкы аты берилген.

1991-ж. 8-майда Кыргыз ССРинин Жогорку Совети республиканын жаңы Конституциясынын долбоорун иштеп чыгуу боюнча комиссиянын курамын бекиткен. 1991-ж. 19-апрелде «Жер реформасы ж-дө» Мыйзам кабыл алган. Ушул эле жылы 26-июнда Кыргыз ССР Жогорку Совети эгемендүү мамлекеттердин союзу жөнүндө Келишимдин долбоорун жактырган.

Союздук келишимдин долбоору боюнча борбордук бийлик союздук республикаларга көп ири маселелерди өз алдынча чечүү мүмкүндүгүн берген. Өлкодогу консерваторлор союздук келишимди «Совет мамлекетин сатуу» катары баалап, өлкөнү аскердик төнкөрүш аркылуу сактап калууну чечишкен. Бул максатта алар «СССРдеги өзгөчө абал боюнча Мамлекеттик Комитет» (ГКЧП) түзүшүп, 19–21-августа «мамлекеттик төнкөрүш» жасоого аракет кылышкан. Бул окуя СССРдеги ансыз дагы аран турган мамлекеттик бийликтин баркын биротоло кетирген.

ГКЧПнын ишин Кыргыз Республикасынын Президенти А. Акаев кескин түрдө сынга алып, республика алардын саясатын колдобой тургандыгын билдирген. Союздун башка республикалары да бул окуяны аскердик төнкөрүш жасоого кылган аракет катары айыпташкан жана союздан чыга тургандыктарын ачык билдире башташкан.

Кыргызстандын көз каранды эместигин жарыялоо. КМШнын түзүлүшү

Кыргыз Респ-нын Жогорку Кенешинде 1991-ж. 31-августта «Мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндө» Декларация кабыл алынып Кыргыз Респ. көз карандысыз, эгемендүү демократиялык мамлекет катары салтанаттуу жарыяланган. Көз каранды эместиктин шартында 1991-ж. 12-октябрда Аскар Акаев жалпы элдик шайлоодо Кыргыз Респ-нын Президенти болуп шайланган.

Кыргыз Респ-нын Президентинин Указы менен 1991-ж. 20-октябрда Мамл. коопсуздук комитети жоюлуп, анын ордуна Улуттук коопсуздук боюнча мамл. комитети, ал эми 3-декабрда Кыргыз Респ-нын Улуттук Гвардиясы түзүлгөн.

1991-ж. 8-декабрда Минск ш-на жакын Беловеж токоюндагы өкмөттүк резиденциясында Беларусь Респ., Россия Федерациясы жана Украина Көз каранды эмес Мамлекеттердин шериктештигин (КМШ) түзүү ж-дөгү келишимге кол коюшат. 1991-ж. 21-декабрда Алматыда Беларусь Респ. Россия Федерациясы, Украина, Азербайжан, Армения, Казакстан, Кыргызстан, Молдавия, Тажикстан, Түркмөнстан жана Өзбекстан КМШны түзүү келишимине кол коюшкан. 25-декабрда М. Горбачев СССРдин жоюлгандыгына байланыштуу СССРдин Президентинин милдетин аткарууну токтоткондугун билдирген. КМШнын маселелерин биргелешип, тең укукта чечиш үчүн мамл. башчыларынын Совети жана өкмөт башчыларынын Совети түзүлгөн. Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) Коопсуздук комитетинде КМШнын кызыкчылыгын жактоо милдети Россияга жүктөлгөн. КМШ түзүлгөндүгүн жарыялаган Алматы жолу-

гушунда эле мамлекет башчылары КМШ өлкөлөрүн БУУга мүчө кылып кабыл алуу өтүнүчү менен кайрылышкан.

КООМДУК-САЯСИЙ ТУРМУШТАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР

Мамлекеттин түзүлүшү

Эгемендүү Кыргыз Респ-нын жаралышы кыргыз элинин тарыхындагы эң маанилүү окуя болгон. Эгемендүүлүккө жеткен Кыргызстанда демократиялык өнүгүүнү камсыздоо үчүн биринчи кезекте мамлекеттик түзүлүштү, республиканын ички жана тышкы саясаттарын аныктоо керек эле. Бул үчүн адегенде Кыргыз Респ-нын Конституциясын (негизги мыйзам) иштеп чыгып кабыл алуу милдети турган. 1990-жылдын аягында жаңы Конституциянын долбоорун иштеп чыгуу боюнча Кыргыз Респ-нын Президенти А. Акаев башында турган Конституциялык комиссия түзүлгөн. Бул комиссия бир жарым жылдык мөөнөттө Кыргызстандын Конституциясынын биринчи долбоорун иштеп чыккан. Долбоор жалпы элдик талкуугa коюлган. Үч айдан ашык талкуулоонун жүрүшүндө долбоорго миндеген сунуш-пикирлер айтылган. Мындан тышкары Жогорку Кеңешке дагы эки Конституциянын долбоору альтернативалык негизде сунуш кылынган. Алардагы айрым жоболор негизги Конституцияны иштеп чыгууда эске алынган.

Конституциянын долбоору Жогорку Кеңештин 12-сессиясында талкууланып, 1993-ж. 5-майда кабыл алынган. Кыргыз Респ-нын Конституциясы боюнча Кыргызстан демократиялуу республика аталып, аны эл тарабынан шайланган мамл. башчысы – Президент башкарат. Анда Кыргызстандын элинин эркине жана кызыкчылыктарына ылайык, Кыргызстандын коомдук түзүлүшүнүн жана саясатынын негиздери аныкталган, о. эле респ-нын мамл. органдарынын тармактары такталып, алардын түзүлүшү жана ишмердиктери, граждандардын укуктары менен милдеттери бекитилген. Конституция боюнча Президентке Өкмөттүн структурасын аныктоо, Жогорку Кеңештин макулдугу менен Премьер-министрди жана өкмөт мүчөлөрүн дайындоо укугу берилген.

1992-ж. Респ-нын жергиликтүү аткаруучу бийлик органдарын реформалоо жүргүзүлүп, Президенттин Указы менен шаарларда, облустарда, райондордо акимдик башкаруу киргизилген. Акимчиликтер мурдагы жергиликтүү советтердин алдындагы аткаруу комитеттеринин аппараттарынын негизинде түзүлгөн.

Кыргызстанда мыйзам чыгаруу бийлиги беш жылда бир шайланнуучу, 350 депутаттан турган Жогорку Кенешке таандык болгон. Кыргызстандын 1990-ж. февралда шайланган Жогорку Кенеши республиканын эгемендүүлүгүнө жетүү жолунда жана көз карандысыздыктын алгачкы жылдарында саясий мааниге ээ бир катар документтерди: «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгү ж-дө» (1990, 15-декабрь) жана «Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгы ж-дө» Декларацияларды (1991, 31-август), мамл. туусун (3. 3. 1992; авторлору: окумуштуу С. Иптаров, сүрөтчүлөр – Б. Жайчибеков, Ж. Матаев, архитекторлор – М. Сыдыков, Э. Айдарбеков), мамл. Гимнин (18. 12. 1992; сөзү – Ж. Садыков, Ш. Кулиевдики, обону – К. Молдобасанов менен Н. Давлесовдуку, мамл. гербин (14. 1. 1994, авторлор: сүрөтчү А. Абдраев жана милициянын генералы С. Дубанаев) кабыл алган.

1994-ж. сентябрда парламент экиге бөлүнүп, өлкөдө парламенттик кризис башталган. Анткени депутаттык корпустун көпчүлүгүн аткаруу жана сот бийлигинин тармактарында иштегендер түзгөн. Алар өздөрүнүн депутаттык кол тийбестик укугун жоготуудан чочулашып, жаңы Конституциянын негизинде 1993-ж. бийликтин бардык бутактарына шайлоо жүргүзүүгө каршы болушкан. Ошол эле депутаттар 1994-ж. 13-сентябрда өздөрүнөн депутаттык укуктарын өткөрбөй туруп, Жогорку Кенештин ишине катышуудан баш тартышкан. Ушул аркылуу алар парламенттин ишин ичинен токтотууга аракет жасашкан. Натыйжада Кыргызстан парламентсиз калган. Бул учурда коом мыйзамсыздыктан тажап, саясий жана экон. реформалар жаңы мыйзамдарга өзгөчө муктаж болуп турган. Ошол кезде өкмөт да юридикалык жактан отставкада болуп, формалдуу гана иштеп жаткан. Сот бийлиги реформалана элек болчу. Бардык бийликти Президент өзү жүргүзө баштаган. Мына ушундай кырдаалда Президент А. Акаев респ-да саясий туруктуулукту камсыз кылуу, Борбордук шайлоо комиссиясын түзүү жана кош палаталуу парламент түзүү боюнча референдум өткөрүү ж-дө Указ чыгарган. 1994-ж. 22-октябрда өткөн Референдумда эл кош палаталуу парламентти түзүү ж-дөгү маселени колдоп берген. 1995-ж. февралда кош палаталуу Жогорку Кенешке шайлоолор болуп өткөн. 28-мартта Жогорку Кенештин эки палатасынын: Мыйзам чыгаруу жыйынынын жана Эл өкүлдөр жыйынынын биринчи сессиясы иштей баштаган.

Мамлекеттик бийликтин кризиси, мурдагы парламенттин тарап, кош палаталуу Жогорку Кенештин түзүлүшү Кыргызстандын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнү талап кылган. Ушуга байланыштуу 1996-ж. 10-февралда Респуб-

ликада референдум өткөрүлүп, Кыргыз Респ-нын Конституциясына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Кыргыз Респ. башкаруунун парламенттик формасынан президенттик башкарууга өткон. Президентке кеңири укуктар берилген. Президент Өкмөттүн структурасын аныктап, Эл өкүлдөр жыйынынын макулдугу менен Респ-нын Премьер-министрин дайындаган, ал эми Премьер-министрдин сунушу боюнча өкмөттүн мүчөлөрүн, Эл өкүлдөр жыйынынын макулдугу менен Кыргызстандын Башкы Прокурорун, Респ-нын Улуттук Банкынын Башкармасынын төрагасын дайындаган ж. б.

Жогорку Кеңеш кош палатадан: туруктуу иштөөчү 35 депутаттан турган Мыйзам чыгаруу жана сессиялык жол менен иштөөчү 70 депутаттан турган Эл өкүлдөр жыйынынан турган. Эки палатанын депутаттары тең 5 жылга шайланышкан. Мыйзам чыгаруу жыйыны Кыргыз Респ-нын Конституциясында белгиленген тартипте Респ-нын Конституциясына өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизген, өлкөнүн эл аралык келишимдерин ратификациялаган, аскер наамдарын, дипломатиялык даражаларды ж. б. атайын наамдарды белгилеп, шайлоо жана реформаларды өткөрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы менен мүчөлөрүнүн үчтөн бирин шайлаган ж. б.

Эл өкүлдөр жыйыны Респ-нын Конституциясында белгиленген тартипте Кыргызстандын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизген. Мыйзам чыгаруу жыйыны кабыл алган мыйзамдарды Конституцияда белгиленген мөөнөттө талкуулап, респ. бюджетти жана анын аткарылышы боюнча отчетту бекиткен, өлкөнүн чегарасын өзгөртө алган, Президенттин шайлоо мөөнөтүн белгилеген. Кыргыз Респ-нын Премьер-министрин дайындоого, Респ-нын Башкы Прокурорун, Улуттук Банктын Башкармасынын төрагасын дайындоого макулдук берген, өзгөчө абалды киргизүү, согуш абалын жарыялоо сыяктуу Президенттин указын бекиткен же алып салган, бюджеттин аткарылышы боюнча Өкмөттүн отчетун уккан ж. б. Эгемендүүлүктүн шартында республиканын Өкмөтү аткаруучу бийлик катары өлкөдөгү бардык социалдык-экон., финансылык ж. б. маселелерди аткарылышын уюштурат, алардын аткарылышын камсыз кылат. 1993-ж. альтернативалык негизде Кыргыз Респ-нын Премьер-министрлигине А. Жумагулов шайланган. 1995-ж. 31-мартта Жогорку Кеңеш А. Жумагуловду экинчи жолу Премьер-министрликке (1988-ж. чейин иштеген) шайлаган. Кыргыз Өкмөтүн бир жылча, академик К. Жумалиев жетектеп, анын демилгеси менен респ-нын социалдык-экон. турмушун оңдоо үчүн «Аракет» программасы иштелип чыккан. Анын ордуна Ж. Ибраимов шайланып, эки айча иштегенден кийин катуу оорудан каза болгон. 1999-ж. апрель айынан 2000-

жылдын декабрына чейин Өкмөттү А. Муралиев жетектеген. Андан кийин Премьер-министрлик кызматта К. Бакиев, 2002-жылдан Н. Танаев иштейт.

Азыркы мезгилде Кыргызстанда жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштурууга өзгөчө көңүл бурулууда. Ар бир облуста облустук админ., райондордо жана шаарларда акимчилик, айыл-кыштактарда айыл өкмөттөрү түзүлгөн. Мындан тышкары облустарда, райондордо жана шаарларда жергиликтүү кеңештер иш алып барууда.

Айыл өкмөтү аткаруу-тескөө органы катарында өзүнүн аймагын социалдык-экон. жактан өнүктүрүүнүн программасын, жергиликтүү бюджетти түзөт жана анын аткарылышын уюштурат, айылдык экон. башкарат, калкты социалдык жактан тейлөө, айлана-чөйрөнү коргоо ж. б. иштерди жөнгө салат. 2001-ж. 16-декабрда Кыргыз Респнын Айыл өкмөттөрүнө шайлоолор болуп, айыл башчылыгына демилгелүү адамдар көбүрөөк шайланды.

Рынок экон-на өтүү мезгилинде мамл. башкаруу аппаратынын көлөмүн азайтып, анын сапатын жакшыртууга өзгөчө көңүл бурулган. Кыргызстандын Президентинин 1996-ж. 2-декабрындагы «Аткаруу бийлигинин борбордук органдарынын курамын өзгөртүү жана 2000-ж. 28-декабрындагы «Мамлекеттик башкаруунун борбордук органдарын өзгөртүү ж-дөгү» Указдарына ылайык, министрликтер менен админ. мекемелердин саны бир кыйлага кыскартылган. 2003-ж. 2-февралда «Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаны редакциясы жөнүндө» мыйзам долбоору боюнча референдум (бүткүл элдик добуш берүү) өткөрүлүп, Кыргыз Респнын Конституциясын реформалоо боюнча жарым жылча жүргүзүлгөн жалпы элдик талкуулоонун жыйынтыгы чыгарылып, өлкөбүздүн негизги мыйзамынын жаны редакциясы кабыл алынды. Башкаруу системасына курамы 75 депутаттан турган бир палаталуу парламент киргизилди, аткаруу бийлигинин жана парламенттин ыйгарым укуктары кеңейтилди, сот системасы өзгөрдү ж. б. Реформа боюнча Кыргыз Респ. президенттик башкаруудан президенттик-парламенттик башкаруу системасына өттү. Бул коомдун саясий системасын андан ары демократиялаштыруу ишинде маанилүү кадам болуп калды.

31.3.

Саясий партиялар жана уюмдар Кайра куруу жылдарында Кыргызстанда бир катар жаңы саясий партиялар, кесиптик союздар жана коомдук бирикмелер пайда болгон. Саясий партиялар мамл. иштерге төмөнкү формада катыша алат: Жогорку Кеңештин эки палатасына, мамл. кызматтарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоо үчүн талапкер-

лерди көрсөтөт, бийликтин өкүлчүлүктүү органдарында фракция түзө алат.

Конституция боюнча Кыргыз Респ-нда мамл. жана партиялык ин-ттардын биригип кетишине, о. эле мамл. иштерди партиялык программаларга жана чечимдерге баш ийдирүүгө, мамл. мекеме, уюмдарда партиялык уюм түзүүгө тыюу салынат. Мамлекеттик кызматтагылар партиялык ишти өзүнүн кызмат ишине байланыштырбай жүргүзүү аркылуу, аскер, ички иштер, улуттук коопсуздук, юстиция, прокуратура жана сот органдарынын кызматкерлеринин партияга мүчө болушуна, кандайдыр бир саясий партияны колдоп чыгышына; диний негизде саясий партияларды түзүүгө жол берилбейт; диний уюмдар саясий максаттарды жана багыттарды көздөбөшү керек; диний уюмдардын жана дин кызматындагылардын мамлекеттик органдардын ишине кийлигишишине; башка мамлекеттердин саясий партияларынын Кыргызстанда иштешине тыюу салынат.

Учурда Кыргыз Респ-нда Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн 40тан ашуун партия өз алдынча саясий иштерди жүргүзүүдө. А. и. көпчүлүккө белгилүү Кыргызстан коммунисттер партиясы, «Эркин Кыргызстан» прогрессчил-демократиялык партиясы, «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясы, «Ата-Мекен» социалисттик партиясы, Кыргызстандын республикалык элдик партиясы, Кыргызстан социал-демократиялык партиясы, «Ар-Намыс» партиясы, Эл (Бей-бечаралар)» партиясы, Кыргызстан биримдик партиясы, Кыргызстан аялдарынын демократиялык партиясы, Афган согушунун ардагерлеринин ж. б. майда жаңжалдарга катышуучуларынын саясий партиясы, «Менин өлкөм» аракет партиясы ж. б. кирет. Аталган партиялар сан жагынан арбын эмес. Көпчүлүгүнүн мүчөлөрүнүн саны эки-үч минден ашпайт.

Жогорку Кеңешке шайлоолор

1999-ж. 17-октябрында шайлоолор ж-дөгү Кодекске ылайык, Кыргызстанда шаардык, шаарчалык жана айылдык кеңештерге шайлоолор болуп өттү. Мында 1980 шайлоо округдары түзүлүп, жергиликтүү кеңештерге депутаттыкка 11,6 мин талапкер катталып, 6771 депутаттык орунга ат салышышты. Бишкек ш-нда 1 орунга орто эсеп менен 5 талапкер катталган. Натыйжада, шайлоочулар бир нече талапкердин ичинен айыл болобу, шаар болобу ошол жердин, ошол элдин маселесин чече ала турган, ишенимдүү адамды депутаттыкка шайлоого мүмкүнчүлүк алышты.

2000-ж. 20-февралда Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоолор өткөрүлдү. Шайлоо Кодексине ылайык, Мыйзам чыгаруу жыйынынын жана Эл өкүлдөр жыйынын депутаттарын шайлоо боюнча 45 бир мандаттуу шайлоо округдары жана

Мыйзам чыгаруу жыйынынын 15 депутатын партиялык тизме менен шайлоолор боюнча бирдиктүү респ. шайлоо округу түзүлдү.

Шайлоолор альтернативалуу болуп, бир мандаттуу шайлоо округдарынан 90 депутаттык орунга 601 талапкер көрсөтүлдү. Добуш берүү бюллетенине 414 талапкер киргизилди. Бирдиктүү респ. округ боюнча Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйынына 15 саясий партия өздөрүнүн депутаттыкка талапкерлерин көрсөтүштү. Добуш берүүгө укугу бар 2,500 миңден ашуун шайлоочулардын 60%тен ашыгы катышышты.

Бирдиктүү респ. шайлоо округу боюнча Кыргызстан коммунисттер партиясы – 5; Демократиялык күчтөр союзу – 4; Кыргызстан аялдар демократиялык партиясы – 2; Афганстандагы согуштун ардагерлеринин жана башка локалдык согуштардын катышуу-чуларынын саясий партиясы – 2 мандатты; «Ата Мекен» социалисттик партиясы – 1; «Менин өлкөм» иш-аракет партиясы – 1 мандатты алышты. Бул саясий партиялардын коомдук турмуштагы ролунун көтөрүлүшүнө чоң өбөлгө болгон.

2000-ж. Жогорку Кеңешке депутаттарды шайлоонун жүрүшүнө саясий партиялардын, блоктордун, коомдук жана өкмөттүк эмес уюмдардын 5 миңдей байкоочулары, о. эле 250 эл аралык байкоочулар көзөмөл жүргүзүштү.

Кыргыз Респ-нын Президентин шайлоо

2000-жылдын 29-октябрында Кыргыз Респ-нын Президентин шайлоо болуп оттү. Бул шайлоого Кыргыз Респ-нын Президентинин кызмат ордуна А. Акаев, Т. Акунов, А. Атамбаев, Турсунбай Бакир уулу жана М. Эшимканов талапкер болушту. Бул талапкерлер ар түрлүү саясий көз караштагы, позициядагы адамдар эле. Демократия принциптеринин негизинде өткөн шайлоодо Кыргыз Респ-нын Президентин шайлоого катышкан шайлоочулардын 74,5%и А. Акаев үчүн добуш беришип, А. Акаев Кыргыз Респ-нын Президенти кызматына кайрадан шайланды.

ЭРКИН КЫРГЫЗСТАНДЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

Кыргыз Өкмөтүнүн экономикалык саясаты

Кыргызстан саясий көз карандысыздыкка жеткени менен экон. жактан башка мамлекеттерге көз каранды бойдон калган. Анткени республиканын өнөр жайы Союздун эл чарбасынын бирдиктүү комплексинде негизинен чийки заттарды жана жарым фабрикаттарды өндүрүүгө адистештирилип келген. Даяр про-

дукциялар болсо өлкөнүн башка региондорунда чыгарылып, андан түшкөн кирешелер ошол жакта калып калуучу. Союздун бузулушу менен экон. байланыштар үзүлүп, респ. финансы жана материалдык жактан ото кыйын абалда калган. Ушундай шартта 1992-ж. июлда Кыргыз Респ-нын Жогорку Кенешинин тогузунчу сессиясы Өкмөттүн 1992–95-ж-га эсептелген экон. реформаларынын Программасын талкуулап, кабыл алган. Программада 1990-жылдан жүргүзүлүп жаткан экон. реформаны респ-нын стратегиялык багытына ылайык өнүктүрүү каралган. Мамлекеттик программада менчиктештирүү, жер реформасы, калкты социалдык жактан коргоо, мамл. инвестициялар боюнча конкреттүү милдеттер аныкталган жана Кыргызстанда рынок мамилелери: менчиктештирүү, бааларды либералдаштыруу, жеке менчик киргизүү, соода эркиндиги, экспорт жана импорт боюнча чектөөлөрдү жоюу, бирдиктүү кредит, финансы, акча жана салык саясаттарын бир мезгилде жүргүзүү каралган.

Менчиктештирүүнүн биринчи этабында (1991–93) коомдук чарбанын 32,6% и менчиктештирилип, ишканалардын 17,5% и акционердик коомдорго өткөн. Өнөр жайдын – 39%, курулуштун – 67,5%, калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө тармагы – 98,7%, соода жана коомдук тамак аш – 80,7% менчиктештирилген.

1994-ж. менчиктештирүүдөгү мүчүлүштүктөр эске алынып, мамл. менчикти мамл-тен ажыратып менчиктештирүүнүн жаңы программасы иштелип чыккан. Ушундан тартып Кыргызстанда менчиктештирүүнүн экинчи этабы башталат. Бул мезгилде менчиктештирүү экон-нын түзүлүшүн кайра курууга, жеке менчик ээлеринин катмарын калыптандырууга, ошол аркылуу рынок мамилелеринин реалдуу негизин түзүү максатын көздөгөн. Менчиктештирүүнүн жүрүшүндөгү баш аламандык токтотулуп, бул иште айкындуулукка жол ачылган. Менчиктештирүүнүн масштабы жана темпи бир аз азайтылган. Программага ылайык, мамл. мүлктөр менчиктин акционердик, жеке, аралашма ж. б. түрлөрүнө айлана баштаган. Натыйжада республиканын экон-нын 50 % тен ашыгын мамл. эмес ишканалар түзүп калган.

Жаңы агрардык саясат

Мурдагы колхоз-совхоз системасы өздөрүнүн мүмкүн-чүлүктөрүн толук пайдаланып бүткөндүктөн, 80-жылдары эле алардын көбү жанбактылык маанайда болуп калышкан. Алардын мамлекетке карызы жылдан жылга өскөн. Айыл чарбасын рынок экон-на ылайыкташтыруу үчүн Кыргызстанда 1991-жылдан жер жана агрардык реформасы жүргүзүлө баштаган.

1991-ж. ноябрда Президент айыл чарбасындагы мамилелерди жөнгө салуу үчүн атайын Указ чыгарып, Указ боюнча 1992-ж. 1-декабрына чейин айылдыктарга жана шаардыктарга бардык региондордо жер участокторун бөлүп берүү белгиленген. 1993-ж. 1-февралына чейин рентабелдүүлүгү 15–25% ти түзгөн колхоздорду а. ч. кооперативдерине айландыруу каралган. Реформага жетекчилик кылуу үчүн 1991-ж. ноябрда эле Кыргыз Респ-нын Премьер-министринин жетекчилиги менен Кыргыз Респ-нын жер реформасы боюнча мамл. комиссиясы түзүлгөн. 1993-ж-дын аягында 172 колхоз-совхоздор таркатылып, алардын ордуна 17,5 мин дыйкан чарбалары, 197 кооперативдер, 120 майда ишканалар, 119 ассоциациялар жана 9 акционердик коомдор түзүлүп, алар а. ч. продукциясынын 52% ин өндүрүшкөн. Ушул жылдын июлунан а. ч. продуктуларын мамлекет рынок баасында сатып ала баштаган. 1995-ж. карата дыйкан (фермер) чарбаларынын саны 21,1 минге жеткен. Булардын ичинен айрым чарбалар тез арада эле рынок мамилелерин өздөштүрүшүп, өндүрүштү жолго коюуга жетишип, пайда көрө баштаган. Бирок жаңы типке өткөн көпчүлүк чарбалар экон. өтө кыйын абалга дуушар болушкан. Кыргызстандын а. ч-нын негизин түзгөн мал чарбачылыгындагы абал да начарлап, республикадагы койдун башы кескин азая баштаган. 1994-ж. январда республиканын бардык чарбаларында 7,5 млн баш кой калган. Ал эми 1995-ж. январга карата алардын саны 4,5 млнго түшкөн.

Реформа жүргүзүлгөн алгачкы беш жылда дыйканчылык да өтө начарлап кеткен. Дан эгиндери менен тоют өсүмдүктөрүн айдоо 21–23% ке төмөндөгөн. 1994-ж. эгиндин дүн жыйымы 1993-ж-га салыштырганда 35% ке, дыйканчылыктын дүн жыйымы 20% ке ылдыйлаган.

Жер жана агрардык реформанын жүргүзүлүшүнүн натыйжасында 1991–1998-ж. Кыргызстандагы 515 колхоз, совхоз ж. б. а. ч. ишканалары реформаланып, алардын базасында 54,5 миң жеке чарба, 367 а. ч. кооперативи, 318 коллективдүү дыйкан чарбалары, 47 акционердик коомдор жана 8 агрофирма түзүлгөн.

1998-ж. 17-октябрда жерди жеке менчикке берүү ж-догу маселе референдумга коюлуп, көпчүлүк элдин колдоосуна ээ болгон. Натыйжада, КМШ өлкөлөрүнүн ичинен эң биринчилерден болуп, Кыргызстанда жеке менчик киргизилген.

Жер жана агрардык реформаны жүргү-зүүнүн натыйжасында респ-нын агроөнөр жай комплексинде рынок мамилелеринин калыптанышы үчүн укуктук жана экон. негиздер түзүлгөн:

– айыл чарбасында жеке, коллективдүү жана мамл. менчикке негизделген көп укладдуу экон. түзүлгөн;

– а. ч. продукциясын өндүрүүдө, бөлүштүрүүдө жана керектөөдө монополия жоюлган;

– жеке менчиктин киргизилиши менен өндүрүштүн натыйжалуулугун көтөрүү үчүн шарт түзүлгөн;

– чарба жүргүзүүнүн алдыңкы ыкмаларын, ил.-техникалык прогресстин жетишкендиктерин пайдалануунда, продукциялардын сапатын жакшыртууда конкуренцияга кеңири жол ачылган;

– дыйкандар менен фермерлердин продукция өндүрүүдөгү жоопкерчилиги оскон, алардын чарбаны натыйжалуу жүргүзүүгө болгон кызыкчылыктары жогорулаган.

Жетишкендиктерге карабастан реформанын жүрүшүндө бир катар кемчиликтер кетирилип, кыйынчылыктар пайда болгон:

– а. ч-нын материалдык-техникалык базасы – техникалар, короо-сарайлар ж. б. бүлүнүп талоонго учураган;

– өндүрүш кескин түрдө төмөндөп, а. ч-нын кирешеси азайган;

– машиналарды, жабдууларды, үрөн, жер семирткичтерди, майлоочу жана күйүүчү майларды алуу үчүн капитал жетишсиз болгон;

– мурда пайдаланылып жүргөн көпчүлүк жерлер иштетилбей калган;

– айыл жеринде жумушсуздук жана жакырчылык күч алган;

– кол эмгек менен өндүрүлгөн а. ч. продукцияларын сатыш өткөрүү кыйынчылыкка турган.

Агрардык өнөр жай комплексинин өнүгүшүн камсыз кылуу үчүн айрым мыйзамдар кайра каралып, Кыргыз Респ-нын «Жер жөнүндөгү», «Кооперация ж-дөгү» жана «Дыйкан (фермер) чарбалары ж-дөгү» мыйзамдары иштелип чыгып, Жогорку Кенеш тарабынан 1999-ж. майда кабыл алынган. Бул мыйзамдар респ-нын агроөнөр жай чөйрөсүндө топтолгон маселелерди чечүүдө, өндүрүштүк мамилелерди жөнгө салууда маанилүү укуктук негиз болуп калды.

2000-жылдын 13-декабрында Кыргыз Респ-нын Президенти А. Акаевдин жер реформасына байланышкан мыйзамдарды өзгөртүү ж-дөгү сунушун Жогорку Кенештеги талкуудан кийин «Жер Кодексинен» жерди сатууга жана сатып алууга тыюу салган беш жылдык мораторий алынып ташталды. Ал эми 2001-ж. август айында Кыргызстандын Өкмөтү а. ч-дагы жер участокторун сатуу, сатып алуу тартиби ж-дө Жобону бекитти. Агрардык реформанын натыйжасында 2002-ж. а. ч. продукцияларынын 90%и жеке менчик чарбаларда өндүрүлгөн. Өндүрүлгөн продукциялардын 44%и дыйкан жана фермер чарбаларга туура келген. 2003-ж. башында Кыргызстанда 240 мин дыйкан (фермер) чарбалары, 600 ар түрдүү а. ч. бирикмелери, а. и. 462 кооперативдер иштеген. Натыйжада,

Кыргызстандын элинин азык-түлүккө болгон талабын канааттандырууда ишенимдүүлүк камсыз болду.

КАЛКТЫН СОЦИАЛДЫК ТУРМУШУ

Калктын социалдык түзүлүшү

Коомдун социалдык турмушунда анын социалдык түзүлүшү өзгөчө маанилүү орунда турат. Социалдык түзүлүш өзүнө социалдык-демографиялык, социалдык-кесиптик, социалдык-таптык, социалдык-улуттук ж. б. түшүнүктөрдү камтыйт. Калктын санынын тез өсүшү өзгөчө совет бийлигинин сонку отуз жылына туура келген. Алсак, 1959-ж. Бүткүл союздук эл каттоонун жыйынтыгы боюнча Кыргыз ССРинде 2,1 млн адам жашаган. 1991-ж. болсо респ-нын калкы 4,4 млн адамга жеткен, б. а. бул мезгилде калктын саны эки эсеге өскон.

Кыргызстандын калкы демографиялык жактан КМШ өлкөлөрүнөн калкынын табигый өсүшүнүн (бир жылда төрөлгөндөр менен өлгөндөрдүн ортосундагы айырма) жогорку темпте экендиги менен өзгөчөлөнгөн. 90-жылдардын биринчи жарымында эмиграциянын деңгээли өтө жогору болуп, 150 миңден ашык адам көчүп кетсе да, республиканын калкы сан жагынан өскөн. 1999-ж. эл каттоо боюнча Кыргызстандын калкы 4,7 млн адамды түзгөн. Бул негизинен калктын табигый өсүшүнүн эсебинен камсыз болгон. Табигый жана миграциялык процесстердин эсебинен республиканын калкынын саны 2002-ж. августта 5 млн адамга жеткен.

Кыргызстандын калкынын демогра-фиялык өнүгүүсүнүн дагы бир өзгөчөлүгү КМШга салыштырмалуу шаар калкынан айыл-кыштак калкынын басымдуулук кылганы. КМШ өлкөлөрүндө орто эсеп менен калктын 60% и шаарларда, ал эми 40% и кыштактарда жашашат. Кыргызстанда болсо 2002-ж. калктын 64% и айыл-кыштактарда жашаган. Облустар боюнча алганда, айылдыктар андагы калктын Ысыккөл облусунда – 69, Ош облусунда – 70, Талас облусунда – 76, ал эми Нарын облусунда – 82% ин түзот. Кыргызстандын айыл-кыштактарында жашаган калктын 70% ке жакыны кыргыздар болгон. Ал эми бийик тоолуу райондордо айыл калкы анда жашагандардын 80% тен ашыгын түзүп, алардын дээрлик бардыгы кыргыз улутундагылар болгон.

Кыргызстандын калкынын социалдык-демографиялык түзүлүшүндөгү дагы бир өзгөчөлүк – эмгек жашына чейинки балдардын көптүгү (39,7% ке) калктын 10,1% ин эмгек жашынан өткөндөр

(пенсиядагылар) түзөт. Ал эми эмгекке жарамдуулар 50,2% ке барабар. КМШнын орточо көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу Кыргызстанда карылар менен балдардын саны кыйла жогору. Бул республикада балдардын көп төролүшү, салыштырмалуу өлүмдүн аздыгы менен түшүндүрүлөт. Кыргызстандын эмгекке жарамдуу адамдары же эмгек ресурстары 2,2 млндон ашык адам, 90-жылдары алар 300 мин кишиге көбөйгөн.

90-жылдары респ-нын эмгек ресурстары коомдук эмгекте же өз чарбасында жекече эмгек кылышкан. Менчиктештирүүнүн шартында коомдук чарбаларда эмгектенгендердин саны азайган. Азыркы мезгилде (2002-ж.) республиканын эл чарбасындагы эмгек ресурстарынын 21,4% и өнөр жайы менен курулушта, 39% и а. ч-нда жана токой чарбасында, 5% и транспорт менен байланышта, 5,6% и соода жана коомдук тамак-аш даярдоодо, 20,2% и билим берүү, физкультура, социалдык камсыздоо, саламаттыкты сактоо, маданият, искусство, илим тармагында эмгектенишет. Республикадагы эмгекке жарамдуулардын 13% и көмөкчү жана үй чарбаларында иштешет, алардын көпчүлүгүн көп балалуу аялдар түзөт.

Азыркы экон. кризис учурунда көпчүлүк ишканалар жабылып, ири шаарларда да жумушчулар жумушсуз калууда. Кыргызстанда жумушсуздук жылдан жылга өсүүдө. Эгерде 1991-ж. республикада 94 киши жумушсуз деп каттоодон өткөн болсо, 1992-ж. 136 киши, 1993-ж. 1796 киши, 1997-ж. 54,5 мин киши, 1998-ж. 63,1 миңден ашык жумушсуз деп катталган. Бул расмий каттоодон өткөнү, чындыгында учурда респ-да 150 миңден ашык адам жумушсуз. Алардын 70% ин 30 жашка чейинки жаштар түзөт.

Эмгекке жарамдуулардын 48,7% и аялдар, тактап айтканда азыр 1 млндон ашык аялдар эмгекке жарамдуу. Бирок алардын көпчүлүгү жумушсуз, а. и. жогорку жана атайын орто билимдүүлөрү да арбын.

Кыргыз Респ-нын Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча 1996-ж. Кыргызстандын калкынын 60% тен ашыгы жакыр делип эсептелген. Алардын ар бирине айына 715,77 сомдон киреше туура келген. 1989-ж. салыштырганда жакырчылыктын деңгээли эки эсеге көбөйгөн. Калктын 18,2 % и өтө жакырларды түзүп, алардын ар бири айына 220,61 сомдон гана киреше табышкан. Кыргызстандын түштүгүндө калктын 38% и өтө жакыр жана 85% и жакырлардын катмарына туура келген. Бул ал жакта калктын жыш жайгашышы, жердин аздыгы, көп балалуу үй-бүлөлөрдүн көптүгү менен түшүндүрүлгөн. Бишкек ш-нда жакырлар 26,1% ти, Чүй облусунда 46,3% ти түзгөн. Бул республиканын башка региондоруна салыштырмалуу төмөнкү көрсөткүч болгон.

Жакырчылыкты жоюу үчүн Кыргыз Респ-нын 2010-ж. чейин Өнүгүүнүн комплекстүү негизи деп аталган Улуттук стратегиялык программа иштелип чыгып, 2001-ж. майында кабыл алынды. Бул программа Кыргызстанда жакырчылыкты жоюу ишинде бекем база болуп калмакчы. Ал республикабызда ар бир облус, шаар, район, айыл өкмөтү боюнча иштелип чыгып жаткан программалар менен толукталууда. Азыркы мезгилде жакырчылыкты жоюу борбордук бийликтин гана негизги иши болбостон, бүткүл коомдук ишине айланууда.

Калктын улуттук түзүлүшү жана улут саясаты

Кыргызстанда 80ден ашуун улуттун өкүлдөрү жашашат. Кыргыздар калктын 65%ин түзөт. Мында жашаган өзбектер менен казактар да Кыргызстандын жерин байыртадан мекендеген жергиликтүү калк катары эсептелет. Калган улуттардын негизин Кыргызстан Россиянын курамына киргенден кийин ал жактан көчүп келген орустар менен украиндер, кытайлык бийликтен жапа чегип, куугунтукталып келген дунгандар менен уйгурлар түзөт. Булардан тышкары Украинадан куугунтукталган немистер келишип, Чүйгө жана Таласка жайгашышкан. 1920–30-жылдары Түндүк Кавказдан көчүрүлгөн даргин ж. б. улуттардын өкүлдөрү келишкен. Дүйнөлүк экинчи согуштун жүрүшүндө чечен, ингуш, карачай, балкар, крым татарлары зордук менен көчүрүлүп келинген. Булар менен катар фашисттик оккупацияда калган СССРдин европалык бөлүгүнөн орустар, өзгөчө ленинграддыктар, украиндер, белорустар, согуштун майыптары, аялдар, кары-картандар келип жайгашышкан. Кыргызстанга көчүрүлүп келинген 30дан ашык ири өнөр жай ишканалары менен кошо түрдүү улуттагы жогорку квалификациялуу адистер да үй-бүлөлөрү менен көчүп келишкен. Булардын көбү Улуу Ата Мекендик согуш аяктагандан кийин өз мекендерине кайтышкан, ал эми айрымдары келген бойдон Кыргызстанга калып жашап калышкан. Совет бийлигинин соңку отуз жылында Кыргызстандын өнөр жайынын өнүгүшүнө байланыштуу улуттук жумушчу адистерин көбүрөөк даярдоонун ордуна аларды Россиядан чакыруу, үй-жай менен камсыз кылуу күчөгөн. Булардан тышкары Сибирден, Ыраакы Чыгыштан, Россиянын түндүгүнөн өз ыктыяры менен жашоого ыңгайлуу жер издеп келгендердин саны арбын болгон. 80-жылдары тыштан көчүп келүүлөрдүн саны кыскарып, 1991-жылдан тескерисинче, Кыргызстандан көчүп кетүүлөрдүн саны көбөйгөн. Кыргызстанда орустардын саны 1990-ж. 918 минге жеткен, (калктын 21,2%и). 1991–94-ж. Кыргызстандан 170 мин орус көчүп кеткен. Элдердин көчүп кетүүсү өзгөчө

1993-ж. өтө жогору болгон. Бул жылы Кыргызстанга 23 миндей киши көчүп келсе, 143,6 киши көчүп кеткен. Алардын 80,8 минин орустар, 10,5 минин немистер, 10,6 миңин украиндер, 6 минин өзбектер, 8,7 минин татарлар ж. б. түзгөн. Көчүп кетүүнүн натыйжасында саны боюнча кыргыздардан кийинки орунда турган орус-тар 1990–94-ж. эле 17%ке, б. а. 918 минден 750 минге азайган. Кочүп кетүү боюнча 2-орунда немистер турган. 1989-ж. алардын саны республикада 102 минге жеткен. Алардын үчтөн бири, б. а. 30 мини 1991–92-ж. Германияга көчүп кетишкен.

Көчүп кетүүнүн натыйжасында, Кыргызстандын калкынын улуттук курамы өзгөргөн. 1993-ж. эл каттоонун маалыматы боюнча кыргыздар калктын – 56,5, орустар – 18,8, өзбектер – 13,5, украиндер менен немистер – 1,5%ин түзгөн, о. эле татарлар (1,6%), казактар, дунгандар жана уйгурлар (0,9%), тажиктер (0,8%), түрктөр (0,5%), азербайжандар, кореялыктар (0,4%) о. эле белорустар, еврейлер, калмактар, армяндар, грузиндер, молдавандар, поляктар, цыгандар ж. б. жашайт.

1999-ж. эл каттоодо калктын улуттук курамында төмөндөгүдөй өзгөрүүлөр болгон. Табигый өсүшү жогору болгон кыргыздардын саны 5,5%ке өскөн, о. эле өзбектердин, тажиктердин, уйгурлардын, казактардын, кореялыктардын саны кобөйгөн. Эмиграцияга байланыштуу орустардын, немецтердин, украиналыктардын, татарлардын, еврейлердин саны кыскарган. Алардын Кыргызстандан көчүп кетүүсүнө респ-дагы оор экон. кризис, көпчүлүк өнөр жай ишканаларынын жабылып калышы, рынок мамилелерине отүүдөгү кыйынчылыктар ж. б. себеп болгон. Көчүп кеткендердин тенинен көбүн жумушка жарамдуу, жогорку квалификациялуу жумушчулар, инженерлер, интеллигенция түзгөн. Бул республиканын эл чарбасы, өзгөчө өнөр жайы үчүн олуттуу жоготуу болгон.

Кыргызстанда улут аралык мамилелерди стабилдештирүүдө республиканын Президенти А. Акаев өзгөчө чоң роль ойногон. Анын демилгеси менен 1994-ж. 21-январда Кыргызстан элдеринин Биринчи Курултайы өткөн. Буга республикадагы бардык улуттардын, элдердин, социалдык катмарлардын өкүлдөрү катышкан. Курултайда Кыргызстан элдеринин Ассамблеясы түзүлүп, анын Уставы кабыл алынган, жетекчи органы – Кыргызстан Элдеринин Ассамблеясынын Совети шайланган. Азыркы мезгилде 30га жакын улуттук-маданий борборлорду баш коштурган Кыргызстан элдеринин Ассамблеясы улуттар аралык ынтымакташтыктын негизи катары таасирдүү форумга айланууда. Кыргызстанда эл аралык ынтымакташтыкты сактап, аны өркүндөтүүдө улуттук-маданий борборлор маанилүү роль ойноодо. Алардын иш аракеттери мамлекет

тарабынан ар тараптан колдоого алынган жана 1994-ж. 26-сентябрда Бишкекте Достук үйү ачылган.

Учурда Кыргызстандын көп улуттуу элинин негизги максаты экон-ны чыңдоого, рынок мамилелерин толук өздөштүрүүгө, эл арасындагы достукту, эгемендүү, көз каранды эмес, демократиялуу, тең укуктуу мамл-ти түзүүгө жана чыңдоого багытталган.

ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДЫН РУХАНИЙ ТУРМУШУ. УЛУТТУК АҢ-СЕЗИМДИН ЖОГОРУЛАШЫ

Билим берүү жана илим

Кыргызстандын көз каранды эместиги жарыялангандан кийин билим берүү тармагын реформалоо иши жүргүзүлө баштаган. 1992-ж. декабрда Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңеши «Билим берүү ж-дө» мыйзам кабыл алган. 1996-ж. «Билим жылы» делип жарыяланып, 19-мартта Президенттин указы менен «Билим» улуттук программасы бекитилген. Анда билим берүүнү демократиялаштырууга, гумандаштырууга, дифференциялаштырууга, мектептердин базасын чыңдоого өзгөчө көңүл бурулган. Реформанын жүрүшүндө КМШ өлкөлөрүнүн көбүнөн айырмаланып, Кыргызстанда мектеп окуучуларынын жана студенттердин саны кыскарган эмес. 1992-ж. респ-нын мектептеринде 955 миң окуучу окуса, 1996-ж. алардын саны 987 миң болгон. Бул мезгилде республиканын жогорку окуу жайларында студенттердин саны 53,6 миңден 56,3 минге көбөйгөн. Билим берүү тармагындагы реформанын натыйжасында 1993-жылдан жаңы типтеги гимназия, лицей, мектеп комплекстери пайда болгон. 1995-ж. Кыргызстанда 70 лицей жана гимназия, сабактарды тереңдетип үйрөтүүчү 302 мектеп, 20дан ашуун лицейлер, мектептер иштеген. Мектептерде окутуунун жаңы ыкмалары: стандарттуу эмес сабактар, окуучулардын билимин рейтинг системасы аркылуу текшерүү, тестирлөө, атайын сабактарды киргизүү, компьютерлештирүү ж. б. кеңири киргизиле баштаган.

Кийинки жылдары билим берүүгө эл аралык уюмдардын грант жана кредит формасында жардам берүүсү күчөгөн. Бул багытта «Тасис» (КМШ өлкөлөрүнө Европалык техникалык жардам), «Темпус» (жогорку билимди Европалык колдоо программасы) программаларынын жардамы менен мектептердин материалдык-техникалык базасын чыңдоого өзгөчө көңүл бурулууда. Азия өнүгүү банкы респ. үчүн атайын план иштеп чыгып, Кыргызстанга 40 жылдык мөөнөткө 37,7 млн доллар кредит бөлгөн. 90-жылдардын башын-

да Кыргызстан «Интернет» тармагына кирген. Азыр анын кызматынан 10 ун-т, 50 мектеп пайдаланат. Эгемендүү Кыргызстанда билим берүү тармагы азыркы кезде социалдык чөйрөнүн эң эле массалык тармагы болуп калды. Бул тармакта 1 млн 200 миң киши алек болууда. Булардын 1 млн 100 мини мектеп окуучулары жана студенттер, ал эми 77,5 мини окутуучулар. Бирок экон. кыйынчылыктарга байланыштуу билим берүүнүн сапаттык деңгээли начарлоодо. 2000-ж. 26-декабрда Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңеши «Мугалимдердин статусу ж-дө» мыйзамды кабыл алган. Мыйзамда мугалимдерди моралдык жана материалдык жактан колдоо каралган.

Кыргыз Респ-нын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамынын негизинде иштелип чыккан «XXI кылымдын кадрлары» (1995-ж.) аттуу улуттук программага ылайык, респ-да атайын орто жана жогорку билим берүү өнүгүүдө. Республикада жогорку окуу жайларынын саны 40тан, атайын окуу жайларынын саны 50дөн ашкан. Жогорку окуу жайларынын укуктары бир кыйла кеңейип, адистер жөндөмдүүлүгүнө жараша көп баскыч менен даярдала баштаган. Жогорку окуу жайлары акча каражаттарын пайдалануууда өз алдынчалыкка жана чет элдик инвестицияларды пайдалануууда кенири мүм-күнчүлүктөргө ээ болушкан. Мамлекеттик эмес окуу жайлар ачыла баштаган. Акы төлөп билим алууга кеңири жол ачылган. Айрым жогорку окуу жайларынын статустары өзгөргөн. Алсак, 1993-ж. КМУга «улуттук» ун-т деген статус берилген.

Кыргызстандагы ири окуу жайларынын: Кыргызстан а. ч. интунун базасында Кыргыз агрардык академиясы, Кыргыз медицина ин-тунун базасында Кыргыз мед. академиясы түзүлгөн. Нарында жана Жалалабатта мамл. ун-ттер ж. б. окуу жайлары ачылды. Республикадагы мурдагы ин-ттардын дээрлик бардыгы ун-тке айланды.

Эгемендүүлүктүн мезгилинде Кыргызстанда эл аралык Кыргыз-Түрк «Манас» ун-ти, Кыргыз-Россия (славян) ун-ти, Кыргыз-Америка ун-ти, Кыргыз-Кувейт университети, Ош ш-нда Кыргыз-Өзбек ун-ти өндүү жаңы жогорку окуу жайлары ачылып, Кыргызстандын дүйнөлүк билим берүү системасын өздөштүрүүсүнө көрүнүктүү салым кошууда.

1992-ж. Кыргызстанда 13, 1993-ж. – 18, 1994-ж. – 29, 1997-ж.– 37, 2000-ж. – 44 жогорку окуу жайы иштеген. Республикадагы жогорку окуу жайларда 130 миңден ашуун студенттер 300 адистиктер боюнча окушкан. Жогорку окуу жайларынын 20сы Бишкекте жайгашкан. Бирок жогорку окуу жайларынын санынын тез өсүшү аларда даярдалган адистердин сапатына тескери таасирин

тийгизүүдө. Окуу жайларынын көптүгүнө байланыштуу аларга мектептен алган билими начар, окууга жөндөмсүз абитуриенттер көбүрөөк кирип, бул жогорку окуу жайларында мыкты адистердин даярдалышына тоскоолдук кылууда. Жогорку жана атайын орто окуу жайларын бүтүрүүчүлөрүн ишке орноштуруу маселеси чечилбеген бойдон калууда.

Респ-нын 100дөн ашуун кесиптик-техникалык окуу жайларында да 30 минден ашуун окуучу окушат (2002). Аларды бүткөн жумушчу адистерин эл чарбасына пайдалануу маселеси да чечилбей келүүдө.

Учурда респ-да 62 ил. жана маданий борборлор, ин-ттар, долбоорлоочу мекемелер иштейт. Илимий мекемелерде 7405 адам эмгектенип, а. и. 190 илимдин докторлору, 1189 илимдин кандидаттары. Ил.-изилдөө, долбоорлоочу-конструктордук жана технологиялык борборлордо 4548 адис эмгектенет. Экономика чөйрөсүндөгү кризистер мамлекеттин каржылоосунда турган илимдин тармактарына тескери таасир берген. Бир кезде союзга, ал тургай дүйнөгө белгилүү ил. ачылыштарды жасаган Кыргызстандын илими 90-жылдары төмөндөп, ил. кызматкерлердин бир кыйла болүгү илим чөйрөсүнөн кетүүгө мажбур болушкан.

1992-ж. Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу Кыргыз Респнын Улуттук аттестациялык комиссиясы (УАК) түзүлгөн. Комиссияга окумуштуулук даражаларды (илимдин кандидаты, доктору) жана окумуштуулук наамдарды (доцент, профессор) берүү маселелери тапшырылган.

Акыркы жылдары Кыргыз Улуттук ИАнда тармактык илим-изилдөө ин-тарында, жогорку окуу жайларында олуттуу илим изилдөөлөр ар түрдүү багыттар боюнча жанданууда. Кыргызстандын окумуштуулары менен КМШ өлкөлөрүнүн ортосундагы салттуу байланыштар да акырындык менен калыбына келтирилип, о. эле чет элдик окумуштуулар менен да байланыштар түзүлгөн. Чет өлкөлөрдөн илимди өнүктүрүүгө багытталган инвестициялар да улам көбүрөөк келүүдө. Илим-изилдөө ин-ттары менен жогорку окуу жайларында адистерди даярдоо, илим изилдөө ишинде интеграция иштери жигердүү жүргүзүлүүдө.

1999-ж. кыргыз илиминин тарыхында алгач ирет Кыргызстандын окумуштууларынын биринчи съезди болуп өттү. Съездде Кыргыз илиминин 20-к-дагы өнүп-өсүшүнүн жыйынтыгы чыгарылды жана илимди өнүк-түрүүнүн приоритеттүү багыттары көрсө-түлдү. Жаңы информациялык технологияны ишке чыгуу, энергетика жана суу ресурстарын, пайдалуу кен байлыктарды изилдеп табуу, био-

химиялык технологияларды түзүү, органикалык жана органикалык эмес ресурстарды, айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүдө ил. технологияларды кеңири пайдалануу милдеттери аныкталды. Коомдук илимдерге Кыргызстандын саясий, экон. жана социалдык өнүгүшүнүн проблемаларын кылдат изилдөө, коомдун өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоо, кыргыз элинин руханий дөөлөттөрүнүн жана маданиятынын кайра жаралып, өнүгүшүнө өбөлгө болуучу изилдөөлөрдү жүргүзүү милдеттери жүктөлдү.

Окумуштуулар М. Адышевге, И. Ахунбаевге, М. Лущихинге, К. Тыныстановго, К. Юдахинге, М. Иманалиевге, М. Миррахимовго «XX кылымда илимдеги өзгөчө жетишкендиги үчүн» Кыргыз Респ-нын Президентинин «Ардак медалы» ыйгарылды.

Тарыхка болгон кызыгуунун жогорулашы

Эгемендүүлүктүн шартында коомду демократиялаштыруунун тереңдешинин натыйжасында Кыргызстан элинде өткөн тарыхка болгон кызыгуу артты. А. Акаев белгилегендей, коомду демократташтыруу «...тарыхый жана маданий мурастарга болгон терең кызыгууну ойготту». «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына даярдыктын алкагында 1994-ж. 22–24-сентябрда Бишкекте «Кыргыздар, байыркы жана орто кылымдардагы Борбордук Азиядагы этногенетикалык жана этномаданий процесстер» деген темада эл аралык ил. конференция өткөзүлдү. Анда кыргыздардын этногенезисинин жана этностук тарыхынын проблемалары каралган. С. М. Абрамзондун «Кыргыздар жана алардын этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштары» деген монографиясы кайрадан жарык көрдү. Ил.-популярдык 5 томдон турган «Кыргыздар» (Түзүүчү К. Жусупов), белгилүү тарыхчы, этнограф Б. Солтоноевдин «Кызыл кыргыз тарыхы», А. Байтурдун «Кыргыз тарыхы боюнча лекциялары» деген китептер басмадан чыкты. Аны менен катар көрүнүктүү окумуштуулар Н. А. Аристовдун, В. В. Бартольддун, Н. Я. Бичуриндин, А. Н. Бернштамдын жана С. М. Абрамзондун «Кыргызстандын жана кыргыздардын тарыхы» боюнча тандалма эмгектери жарыяланды.

Кыргыздардын этногенезисин жана этностук тарыхын тереңирээк изилдөө үчүн Кыргыз Респ-нын УИАнын тарых ин-тунун демилгеси менен атайын программа иштелип чыкты. Кыргыздардын тарыхын үйрөнүү жана ага кайрылуу идеологиялык жактан да даярдалган, б. а. коомдун расмий мамл. структуралары жагынан да колдоого алынган. Мунун өзү элдин өз тагдырын аныктап билишинде бир кыйла маанилүү ролду аткарды.

1990-ж. кыргыздардын 1916-ж. улуттук-боштондук көтөрүлүшүнүн 75 жылдыгын белгилөө бүтүндөй коомчулуктун өз тарыхына мамилесин жаңылап, кыргыздардын улуттук ан-сезимининин өсүшүнө позитивдүү салым кошту.

Элдин материалдык жана руханий байлыгын камтыган, реалдуу тарыхый окуяларды, образдарды чагылткан «Манас» үчилтигине жана кенже эпосторго карата кызыгуулар ого бетер артты. Коомдук илимдердин өкүлдөрү, окумуштуулар мезгилдүү басма соз беттеринде «Манас», «Курманбек», «Эр Табылды» ж. б. көптөгөн эпостордун каармандары тууралуу пикирлерин айтышты. Курманбек баатырдын 500 жылдыгы белгиленип, Жалалабат ш-нда ага эстелик тургузулду.

Тарых илиминде мурда эзүүчү таптын өкүлдөрү катары сындалып келген көптөгөн тарыхый инсандардын – бийлер, манаптар, баатырлар кайра талдануунга алына баштады. Алардын он маанидеги иштерине басым коюлуу менен даназалуу тарыхый инсандардын юбилейлик даталарын белгилөө салтка айланды.

1930–40-ж. репрессиянын курманы болушкан ишмерлердин ак ниет эмгектерин, ысымдарын реабилитациялоо иши жүргүзүлдү. Кыргыз Респ-нын Президентинин 1991-ж. 9-августтагы «Саясий репрессия-нын курманы болушкандарды реабилитациялоого байланыштуу мамлекеттик комиссиянын иш-чаралары жөнүндө» буйругуна ылайык, курамында өкмөт жетекчилери, илимдин, искусство жана адабияттын ишмерлери катышкан өкмөттүк комиссия түзүлгөн. Ал комиссия Чоңташ айылына жакын жерден табылган 1937– 38-ж. саясий репрессиянын курмандыгы болушкан мамл., партиялык жана адабият менен искусствонун ишмерлеринин сөөгүн кайра коюу иштерин аткарды.

Эгемендүү Кыргызстанда кыргыз элинин тарыхын жалпы билим берүүчү мектептерде, атайын орто жана жогорку окуу жайларында окутуунун прблемалары тууралуу маселелер курч коюлуп, өлкөнүн билим берүү системасынын бардык баскычтарында тарых боюнча окуу китептерин жаны көз караштa жазуу маселесине өзгөчө көңүл бурулду. Окумуштуу педагогдор Ө. Ж. Осмонов, А. А. Асанканов, Т. Н. Өмүрбеков, А. С. Мырзакматова, Т. Чоротегин, М. К. Иманкулов, К. С. Молдокасымов ж. б. чыгармачыл эмгектеринин натыйжасында, респ-нын жалпы билим берүүчү орто мектептери жана жогорку окуу жайлары үчүн Кыргызстан тарыхы боюнча жаңы окуу китептери жазылып, кеңири окутула баштады.

Кыргыз Респ-нын Президенти А. Акаев 2002-ж. 1-августта «Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жылын өткөрүү жөнүндөгү» Указга кол коюп, 2003-ж. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жылы деп жарыялан-

ды. Ушуга байланыштуу Кыргызстандын тарыхын изилдөөгө, аны кенири окутууга жана пропагандалоого өзгочө көңүл буруду. Бир катар илимий-практикалык конференциялар эл аралык деңгеелде өткөрүлдү.

2002-ж. 20-декабрда БУУ Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгы ж-дөгү Кыргызстандын демилгесин колдоп, атайын чечим кабыл алды. Ошентип, 2003-ж. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жылы дүйнөлүк аренада чоң ийгилик м-н белгиленди. Бул Кыргызстан тарыхындагы эң маанилүү окуя, кыргыз элинин чоң жетишкендиги болду.

Маданий турмуш Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында Кыргызстандын маданияты негизинен кризистик абалда болду. Ошону менен бирге республиканын маданияты өз алдынчылыкка ээ болуп, эркин өнүгүүгө мүмкүнчүлүктөрдү алды. 1992-ж. «Маданият жөнүндө» мыйзам, анын негизинде Кыргызстандын өкмөтү «Маданият мекемелерин мамлекет тарабынан колдоону жакшыртуунун чаралары жөнүндө», «Республикада китепкана ишин жакшыртуу жөнүндө», «Тарыхый-маданий мурастарды сактоо жөнүндө», «Кыргыз Республикасындагы концерттик ишмердик жөнүндө» ж. б. токтомдорду кабыл алган. Бул документтерди жүзөгө ашыруу үчүн «Маданият» мамл. программасы иштелип чыккан. Маданий мекемелеринин иштерин жаңы деңгээлге көтөрүү үчүн Кыргыз Респ-нын Президентинин Указы менен «Улуттук» деген статус Т. Сатылганов атн. Кыргыз Мамл. филармонияга, В. И. Ленин атн. мамл. китепканага, Т. Абдумомунов атн. Кыргыз академиялык драма театрына, А. Малдыбаев атн. мамл. опера жана балет театрына, Г. Айтиев атн. көркөм-сүрөт музейине ыйгарылган. Бул аталган маданият мекемелеринин кызматкерлеринин, жамааттарынын рухун көтөрүп, алардын чыгармачыл эмгегине жаңы шык берген.

1995-ж. «Манас» эпосунун 1000 жылдыгын өткөрүүдө эгемендүү Кыргызстандын маданияты ата-бабаларыбыздын өткөн замандагы маданий мурастарын жаңылоо багытында жаңы бийиктикке көтөрүлдү. Маарекеге карата Талас жеринде «Манас-Ордо», Бишкек ш-на жакын Чоңарык айылында «Манас-айылы» тарыхый-этнографиялык комплекстери ачылды.

МАНАСТЫН ЖЕТИ ОСУЯТЫ – «Манас» эпосунан алынган идеялар. М. ж. о. Кыргыз Респ-нын Президенти А. Акаев тарабынан иштелип чыккан. Алар элдин атуулдук, улуттук ар-намысын ойготуу максатын көздөйт. Төмөнкү осуяттарды камтыйт: 1. Эл-журттун ажырагыс бүтүндүгү ж-а бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги; 2. Улут аралык ынтымак, достук ж-а

кызматташтык; 3. Улуттук ар-намыс ж-а атуулдук ариет; 4. Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакыбат дөөлөткө умтулуу; 5. Гуманизм, айкөлдүк, кечиримдүүлүк; 6. Табият м-н таттуу мамиледе болуу; 7. Кыргыз мамлекеттүүлүгүн чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо. М. ж. о. кыргыз адабиятынын мектеп программасына киргизилген. Жаштарга ж-а респ-нын жарандарына турмуштук көрсөткүч-маяк катары таасирин тийгизүүдө.

Орус элинин улуу акыны А. С. Пушкиндин 200 жылдыгы, Кыргыз эл жазуучусу Ч. Айтматовдун 70 жылдык юбилейи Кыргызстандын маданий турмушундагы өзгөчө окуялар катары белгиленди. Опера жана балет искусствосунун жылдыздары Б. Минжылкыев менен Б. Бейшеналиеваларды эскерүүгө арналган эл аралык фестивалдар маданияттын бул тармагынын кайрадан жанданышына түрткү болду.

1996-ж. Кыргыз Респ-нын сүрөт академиясынын ачылышы өлкөбүздүн маданий турмушундагы маанилүү окуялардан болуп калды. СССРдин Эл сүрөтчүлөрү С. Чуйковдун 100 жылдыгына, Г. Айтиевдин 90 жылдыгына карата юбилейлик иш чаралар жүргүзүлүп, Кыргызстандын сүрөт академиясынын анык мүчөлөрүнүн эл аралык көргөзмөсү болуп өттү. Көргөзмөгө дүйнөгө белгилүү А. Церетели, А. Сидоров, Ю. Чернов, Т. Салахов өндүү сүрөтчүлөр катышты. Кыргыз Респ-нын Эл сүрөтчүсү Ж. Кадыралиевдин жеке көргөзмөсү озүнүн оригиналдуулугу менен элдин купулуна толду. Д. Флекман, К. Шкупел, Ф. Игнатьев, Д. Адашканова өндүү белгилүү сүрөтчүлөрдүн жеке көргөзмөлөрү да чоң ийгиликтер менен өткөрүлдү. Кыргызстандык колдонмо-сүрөт искусствосунун чеберлери оз өнөрлөрүн Бангладеш, Пакистан, Турция, Россия Федерациясы, Украинага ж. б. өлкөлөргө көрсөтүп келишти. Бишкек шнын борборунда сүрөтчүлөрдүн галереясынын ачылышы менен республиканын сүрөтчүлөрү өздорүнүн эмгектерин элге көрсөтүүгө жана эркин сатууга мүмкүнчүлүк алышты.

Акыркы он жылда Кыргызстанда тарыхый-маданий эстеликтерди каттоо, аларды реставрациялоо боюнча бир катар иштер жүргүзүлгөн. Республикада 2,7 миңден ашуун эстеликтер катталып мамл-тин көзөмөлүнө алынган. Сулайман тоодогу Бабурдун үйү, Асаф-ибн Бурхиянын мавзолейи, Чүйдөгү Байтик баатырдын күмбөзү ж. б. реставрацияланды. Кыргызстандын бир катар тарыхый инсандарына, мамл. жана коомдук ишмерлерге эстеликтер ачылды.

Эгемендүүлүктүн өткөн он жылында Кыргызстанда музей иши бир кыйла жанданды. Республиканын 7 мамл. музейи Эл аралык музейлердин Кеңешине мүчө болушту. Панфилов районунда А. Осмоновдун, Алай районунда Курманжан датканын, Лейлек районунда А. Орозбековдун, Ош ш-нда «Улуу Жибек жолу», Нарын

ш-нда тарыхый-край тааныу, Таласта «Манас-Ордо», Аламүдүн районунда «Ата-Бейит» музейлери иштей баштады.

Кыргызстандын театрдык искусствосу совет доорундагы жетишкен ийгиликтерин кармап калуу менен аны андан ары өнүктүрүү багытында бир катар иштерди аткарды. Театрлардын репертуарлары Кыргызстандын тарыхына арналган, улуттук ан-сезимдин кайра жаралуусун чагылдырган темаларга көбүрөөк багытталды. Совет мезгилинде эзүүчү таптын өкүлдөрү делип, сындалып келген Ормон хан, Курманжан датка, Шабдан баатыр өндүү тарыхый инсандардын образдарын ачкан жаңы спектаклдер жаралып элге тартууланды. С. Күмүшалиева, А. Өмүралиев, Д. Байтоботов, Ч. Дубанаев, Ж. Сейдакматова, М. Далбаева, З. Сооронбаев өндүү артисттер театр искусствосунун өнүгүшүнө чоң эмгек сиирүүдө.

Кыргыз музыкасынын өнүгүшүнө композиторлор: М. Бегалиев, М. Рыскулбеков, С. Бактыгулов, Ж. Малдыбаева; обончулар: Р. Абдыкадыров, К. Эралиева, А. Бөдөшов, ж. б. коп салымдарды кошушту.

Кыргызстанда жыл сайын өткөрүлүүчү «Кубулжу менин ырларым», «Алатоо студенттик жазы», «Оштун азем түндөрү» аттуу эл аралык фестивалдар республикада фольклордук жана эстрадалык чыгармачылыктын өнүгүшүнө өбөлгө болду. Республикадагы жаңы манасчылардын, комузчулардын аттары аталып, элге таанылды. Элдин купулуна толгон таланттуу аткаруучулар, эстрадалык топтор, бий ансамблдери пайда болду. Элдик фольклорду жандандырууда Н. Абдрахманов, С. Садыкова, Р. Аманова, Ж. Алыбаев, М. Аликеев ж. б. салымдары чоң. «Камбаркан» фольклордук-этнографиялык ансамбли өз өнөрлөрүн бир катар өлкөлөргө тартуулап, чет элдик көрүүчүлөрдүн купулуна толду.

Акыркы жылдары маданият чөйрөсү үчүн адистерди даярдоо ишине да өзгөчө көңүл бурулууда. Кыргыз Улуттук консерваториясынын ачылышы менен Кыргызстанда жогорку билимдүү музыканттарды даярдоо иши жолго коюлду. Президенттик стипендиянын колдоосу менен таланттуу кыргыз жаштары АКШнын, Франциянын, Кытайдын, Италиянын, Россия Федерациясынын, Казакстандын алдынкы консерваторияларында билим алууда.

Кризистик кыйынчылыктарга карабастан, бир кезде дүйнө тан калтырган кыргыз кино искусствосу да жаңы нукта жандана баштады. Кинорежиссер А. Абдыкалыковдун «Бешкемпир» жана «Маймыл» аттуу кинолору эл аралык кинофестивалдарда чоң жеңиштерге жетишти. М. Убукеевдин «Манас» даректүү документ тасмасы дүйнө элинин кызыгуусун жаратты.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЫШКЫ САЯСАТЫ ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАРЫ

Саясий байланыштардын өсүшү

Кыргызстан эгемендүүлүккө жетишкенден кийин эл аралык мамилелерге өз алдынча катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болду. 1990-ж. биринчи жарымында Кыргыз Респ-нын тышкы саясатынын негизги милдеттери такталып, өз алдынча саясат жүргүзүүдөгү приоритеттүү багыттары аныкталган. Республика тышкы саясатында КМШнын, өзгөчө Борбордук Азиянын өлкөлөрү менен байланышты күчөтүүгө маани берген. Анткени буларда коомдук турмуштун бардык жактары кылымдар бою байланышта өнүгүп келген. Борбордук Азиянын жана Казакстандын мамл. башчылары СССР кулаган учурдан тартып эле өз ара байланыштарды, жардамдашууну биринчи планга коюшкан. Бул багыттагы келишимдерге Кыргызстан Казакстан менен 1991-ж. 18 февралда, Өзбекстан менен 14-мартта, Түркмөнстан менен 16-июлда кол коюшкан.

Кыргызстандын тышкы саясатында Россия Федерациясы менен мамиле өзгөчө орунда турат. Бул тарыхый, экон., социалдык жана этностук факторлор менен байланыштуу. СССР тараган алгачкы мезгилден тартып Кыргызстан менен Россиянын ортосунда достук маанайдагы мамилелер калыптана баштаган. Эки өлкөнүн ортосунда достук, кызматташтык жана өз ара жардамдашуу, мамл. аралык мамилелердин негиздери жөнүндө келишимдер түзүлгөн. Экон. кызматташтык, соода-экон. байланыш ж. б. боюнча өкмөт аралык келишимдер иштей баштаган.

Борбор Азияда стабилдүүлүктү сактоо жана эл аралык терроризмге каршы күрөшүү үчүн 1996-ж. Шанхай ш-нда (Кытай) Казакстан, Кытай, Кыргызстан, Россия, Тажикстандын мамл. башчылары «Шанхай бешилтиги» түзүшкөн. 2001-ж. 14–15-июнда Шанхайда өткөн жыйында Өзбекстан кабыл алынып, «Шанхай бешилтиги» – Шанхай кызматташуу уюму деп аталган. Кыргыз Респ. тез арада эле эл аралык аренада колдоого ээ болуп, кеңири таанылды. Бишкекте 1992-ж. февралда АКШнын, көп узабай эле Кытай Эл Респ-нын, Россиянын, Түркиянын, Германиянын ж. б. мамл-тердин элчиликтери ачылган. 1992-ж. 2-мартта Кыргызстан Бириккен Улуттар Уюмуна мүчө болгон. 1991–93-ж. Кыргыз Респнын көз каранды эместигин дүйнөнүн 128 мамл. таанып, 80ден ашык мамл. менен дипломатиялык мамилелер түзүлсө, 1998-ж. Кыргызстандын көз карандысыздыгын 135 мамл. таныган. Дүйнөнүн 91 мамлекети менен дипломатиялык мамилелер түзүлгөн. Бишкекте 11 элчилик жана өкүлчүлүк ачылган. Чет өлкөлөрдө

республиканын кызыкчылыгын 17 дипломатиялык мекемелер коргойт. Кыргыз Респ. өз алдынча мамл. катары кадыр-барктуу бир катар эл аралык уюмдардын (БУУ, ОБСЕ, ЮНЕСКО ж. б.) мүчөлүгүнө кабыл алынган.

1992-ж. августа Кыргызстандын көп кылымдык тарыхында биринчи болуп Бишкек ш-нда Кыргыздардын Бүткүл Дүйнөлүк I курултайы болуп өткөн. Ага дүйнөнүн 20 өлкөсүндө жашаган кыргыздардын өкүлдөрү келип катышышкан. Азыркы кезде дүйнөдө 3 млндон ашык кыргыздар бар, алардын жарым миллиондон ашыгы башка өлкөлөрдө жашашат. Ар түрдүү себептерге байланыштуу чет мамлекеттерде жашап калган боордоштордун катышуусу менен өткөн бул Курултай кыргыз элинин улуттук ан-сезиминин өнүгүшүндөгү орчундуу окуялардан болгон.

Кыргызстандын демилгеси менен 2002-ж. Эл аралык тоолор жылы белгиленип, ушул эле жылдын октябрь айында Бишкек шында Глобалдык тоо саммити өткөрүлдү. Анда тоолуу мамлекеттердин жана аймактардын өсүп-өнүгүшүнө арналган атайын программа иштелип чыкты. Бул форумдун биздин республикада өтүшү, ага 50дон ашуун мамлекеттин өкүлдөрүнүн катышышы, өлкө-бүздүн кадыр-баркын бир кыйла көтөрдү.

2003-жылы БУУнун чечими менен Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн белгиленди. Ушул жылдын 29–30-августунда Кыргыздардын Дүйнөлүк II курултайы өткөрүлүп ага 30га жакын олкөдөн 150 делегат катышты. Кыргыз мамлекеттүүлүгү Кыргызстанда, Нью-Йорк, Париж, Москва өндүү дүйнөнүн ири шаарларында чоң триумф м-н белгиленди. Натыйжада Дүйнөлүк коомчулук Кыргызстан ж-дө дагы кеңирээк түшүнүк алды.

Эл аралык терроризмдин таасири. Мамлекеттик чегараны чыңдоо зарылчылыгы

20-к-дын аягында дүйнөлүк алкакта эл аралык терроризм күч алып, аны менен тыгыз байланышкан экстремисттик борборлор, Борбордук Азияны, а. и. Кыргызстанды, ислам динининин таасири күчтүү чөлкөмдөрүн экспансиялап алуу аракетин жасашкан. Диний экстремисттердин тобу эл эң ыйык тутуп аздектеген динге жамынышып, колдоруна курал алышып 1999-ж. август айынын башында Эгемендүү Кыргыз Респ-нын түштүгүнө кириишип, Баткен районунда өздөрүнүн лагерлерин курган жана аларды чыңдоого аракет кылышкан. Терроризмге каршы күрөштө Кыргызстанга «Шанхай бешилтигинин» келишимдерине ылайык Өзбекстан, Россия, Армения жана Казакстан аскердик-техникалык жактан көмөк көрсө-түштү. Кыргызстандык жоокерлер, ыктыярдуу аскердик топтор бандиттердин бирикмелерин тал-

калоодо күжүрмөндүктү көрсөтүштү. Кыргызстандын 55 офицерлери менен жоокерлери бул кармашта Ата Мекен үчүн курман болушту. Респ-нын көптөгөн жаштары Кыргызстандын бүтүндүгүн коргоо, бандиттик топторду талкалоо үчүн өз ыктыяры менен аттанышкан. Респ-нын түштүгүндөгү баскынчылардан жапа чеккен элдерге, аскерлерге жардам берүүгө Кыргызстандын бардык эли көтөрүлүп, колунан келген жардамдарын көрсөтүштү.

Кыргызстандын түштүгүндөгү бул окуя эгемендүү республикабызды коргоо жөндөмдүүлүгүн арттыруу ишинде чоң сабак болуп, респ-нын куралдуу күчтөрүндөгү кемчиликтер, аскердик техникалардын, курал-жарактын жетишсиздиги ж. б. айкын көрүндү. Жеткиликтүү кам көрбөгөндүктүн натыйжасында Кыргызстандын чегаралары талапка ылайык кайтарылбай калгандыгы ачыкка чыкты. Мунун натыйжасында республикабыз ар кандай бандиттик топтор, баңги заттарын алып өтүүчү ыңгайлуу өлкөгө айланып баратканы ачык байкалды.

Кыргызстандын Өкмөтү бул кемчиликтерге жеткиликтүү баа берип, тийиштүү чараларды көрө баштады. Куралдуу кагылышуулар болгон чөлкөмдүн стратегиялык жана социалдык-экон. маанисин эске алып Кыргыз Респ-нын Президенти А. Акаев 1999-ж. 13-октябрда Баткен облусун түзүү ж-дагы Указга кол койду. Бул облуска Ош облусунун Баткен, Кадамжай, Лейлек райондору жана Кызылкыя ш. киргизилип, жаңы облустун борбору Баткен айылы болуп белгиленди. Мындан тышкары респ-нын түштүгүндөгү мамл. чегараны коргоо үчүн аскердик чегара бөлүктөрү негизделип, аларга чегарачы аскерлер коюлду. Натыйжада, 2000-ж. күзүндө Кыргызстандын чектерине кайрадан кирип келишкен бандиттик топтор кыргыз жоокерлери тарабынан сокку жеп, чегинүүгө аргасыз болушту. 2001-ж. 13–14-декабрда Бишкекте эл аралык терроризмге каршы күрөштү күчөтүү боюнча эл аралык конференция болуп, анда Бишкек Декларациясы кабыл алынган. Конференцияга 60 өлкөдөн 280 делегат катышкан.

2002-ж. башында Кыргызстан Эл аралык терроризмге каршы күрөшүү үчүн АКШ, Россия, Кытай, Франция ж. б. мамлекеттер менен катар Эл аралык антитеррордук каолицияга кирип, алардын куралдуу күчтөрү Кыргызстанга убактылуу жайгаштырылды.

Эгемендүү Кыргыз Респ. өзүнүн мамл. чегараларын тактоо боюнча да бир катар иштерди жүргүздү. Натыйжада, 19-к-дын ортосунан Кытай менен чегарада талаш болуп келген жерлердин маселеси чечилди. Тарыхка кайрылсак, 19-к-дын ортосунда Кытай жана Россия империялары өздөрүнүн баскынчы саясаттарынын натыйжасында, Орто Азия чөлкөмүндөгү жерлерди өз ара бөлүштүрүп

алышкан. Эки империянын чегараларын тактоо иши 1860-ж. түзүлгөн Пекин келишими жана 1864-ж. түзүлгөн Чугучак токтому менен аныкталган.

Кытай менен Россиянын Кыргызстандын аймагындагы чегарасын аныктоо Петербург (1881), Кашгар (1882) жана Жаны Маргалан (1884) токтомдорунда каралган. Бул сүйлөшүүлөрдүн бирине да кыргыз элинин өкүлдөрү катышкан эмес. Эки империя чегараларын тактоо ишинде кыргыз элинин кызыкчылыгын эске албастан, өздөрүнүн гана империялык кызыкчылыктарын көздөшкөн. Натыйжада, Кыргызстандын жери жана эли эки державага бөлүнүп, бир бөлүгү Россияга, экинчиси Кытайга караштуу болуп калган. Совет бийлигинин доорунда, өзгөчө 1960-ж. Кытай Эл Респ. СССРге чегара маселелери боюнча бир катар дооматтарды коюп келген. Бирок Кытай менен СССРдин ортосунда чегара маселелери өзгөрүүсүз калган эле.

Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин гана бул маселени чечүү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр ачылды. 1990-жылдан баштап бир катар иштер, эки тараптуу сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп, Орус-Кытай мамилелеринин Кыргызстан чегарасына тиешелүү документтери өтө кылдаттык менен изилденди. 1996-ж. 4-июнда Кытай Эл Респ. менен Кыргыз Респ-нын делегациялары чегара маселесин адилет, натыйжалуу чечүү ж-дө документке кол коюшуп, чегараны тактоо боюнча иш баштады. Бул иште Кыргызстандын Президенти А. Акаев жана Кытай Эл Респ-нын Председатели Цзян Цзэмин чон салым кошушту. Кылдаттык менен жүргүзүлгөн иштердин натыйжасында талаш болуп келген жалпы аянты 4 миң чарчы километр жердин 70% и Кыргызстандын, ал эми 30% и Кытай Эл Респнын жери деп чечилип, эки мамл-тин ортосунда жаңы чегара сызыгы түзүлдү. Чегара боюнча бул келишим эки өлкөнүн мыйзам чыгаруучу органдары тарабынан ратификацияланды. Кыргызстандын Кытай Эл Респ. менен чегарасын тактап алышынын тарыхый мааниси чон. Бул иште эки мамлекеттин тең кызыкчылыктары эске алынып, Кыргыз-Кытай чегарасында тынчтык жана бейпилчилик үчүн шарт түзүлдү.

ЧЕТ ӨЛКӨДӨ ЖАШАГАН КЫРГЫЗДАРДЫН ТАРЫХЫНАН

Кыргыздар Борбордук Азияда жашаган байыркы эл. Тарыхта аты б. з. ч. 2-к-да жазылган кыргыздар 2 миң жылдан ашуун мезгилден бери Азиянын кенири аймагында көчүп жүрүшкөн. Акыр-

кы мин жылдыкта тарыхый мекени болгон Кыргызстандын азыркы аймагында биротоло орун-очок алып жашап калышты. Кыргыз элинин негизги бөлүгү Алатоо аймагында жашаганы менен, алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдө да боордошторубуз жашап келүүдө. 1992-ж. август айында Бишкекте өткөн Кыргыздардын Бүткүл Дүйнөлүк курултайына Кытайда, Өзбекстанда, Россияда, Түркияда, Ооганстанда, Тажикстанда, Европа өлкөлөрүндө, ал түгүл алыскы Австралияда жашаган кыргыз туугандарыбыздан өкүлдөр келишип, Кыргызстандын көз карандысыздыкка жетишкенин зор кубаныч менен тосуп алышкандыгын өзгөчө сезим менен белгилешти.

Кыргыз Респ. эгемендүүлүккө ээ болгонго чейин чет өлкөдө жашаган кыргыздар менен байланыш чектелген. Алардын тарыхы, маданияты, коомдук турмушу ж-дө үстүртөн гана түшүнүгүбүз болгон. Учурда алар менен тыгыз байланыш түзүүгө, чет элдеги боордошторубуздун тарыхын изилдеп үйрөнүүгө, өз ара карым-катнаштарды чыңдоого бардык мүмкүнчүлүктөр түзүлдү.

Кытайлык кыргыздар

Чыгыш Түркстанды кыргыздар байыркы заманда эле мекендеген. Бул чөлкөм кыргыздардын алгачкы Ата Журту болгондугун бир катар изилдөөлөр да далилдөөдө. Бул жактагы Манас шаары, Манас көлү өндүү кыргызча аталган жер-суу аттары байыркы кезден калган эстеликтер.

Жазуу булактарында 17-к-дын биринчи жарымында кыргыздар Чыгыш Түркстандын жана Фергананын түндүк бөлүгүн көзө-мөлдөп турганы айтылат.

18-к-да кыргыздар Чыгыш Түркстандын саясий турмушунда таасирдүү роль ойногон. 1754-ж. Чыгыш Түркстандын эгеси Жусуп Кожо кыргыздардын колдоосуна таянып, Жунгар хандыгына көз каранды болуудан баш тартат. Бул иште ага кушчу уруусунан чыккан Кубат бий чоң колдоо көрсөткөн. 1757-ж. жайдан баштап Цин империясы Чыгыш Түркстанга үстөмдүгүн орното баштайт. Кытайлык баскынчыларга каршы күрөштө Чыгыш Түркстандын элинин ичинде кыргыздар да жигердүүлүк көрсөтүшөт. 1871-ж. Россия Түркстандагы бийлигин кенейтип, Кулжа, Баяндай, Хоргос Күчө, Суйдук, Телги сыяктуу жерлерди басып алган.

Кытай менен Россиянын ортосундагы чегараны тактоо үчүн 1880-ж. бир нече жолу сүйлөшүүлөр жүргүзүлгөн. 1882-ж. түзүлгөн «Иле келишиминин» негизинде 1884-ж. бул эки мамл-тин ортосундагы чегара такталып, натыйжада кыргыздардын негизги бөлүгү Россияга, бир тобу Кытайга карап калган. Ушул мезгилден тар-



МОНУЕВ ЫСАКБЕК (1902–1949-жж.) – аскер ишмери, кыргыздан чыккан биринчи генерал. 1902-ж. Алай аймагы, Нура айылында туулган. Атасы Мону ажы кыргыз-кытай аралыгында соода жүргүзүп, кийин анын үй-бүлөсү Кытайга Шиңжаң провинциясында туруп калат. Ысакбек 25 жашында Кызыл-Суулук кыргыздардан аскер курап, кыргыздардан ооп барган басмачыларды талкалайт. Гоминдан өкмөтү кийин ага луймаң (генерал-майор) аскер чинин берет. Гоминдан өкмөтү Ысакбекти жок кыларда, Алматыга качып келет. Ал бул жактан аскер отрядын курап, кайра барып, Гоминдандык аскерлерлерди талкалап, калганын Шиңжаңдан куулп чыгат. 1944-ж. Чыгыш Түркстан Республикасы (ЧТР) түзүлүп, анын башында Ахмеджан Касми туруп, I-аскер командачысы генерал Ысакбек болгон.

тып Кытай букаралыгына өткөн кыргыздар кытайлык кыргыздар делип аталып келүүдө.

Кытайдагы кыргыздар Кашкардан тартып чыгышты карай Какшаал, Аксуу, Кулжа, Үрүмчүгө чейинки аймакта – Акчий, Улуучат, Актоо, Артыш, Текес, Лоп, Иртышка чейин чачырап орношкон. Кытайлык кыргыздар негизинен кыргыздын он, солго кирген уруулларынан турат. Ичкилик уруулларынан нойгуттар жана кыпчактар бар. Какшаалды жердеген нойгут уруусу жана анын чыгаан кызы Жаныл Мырза тууралуу тарыхый уламыш азыр да айтылып келет.

1916-ж. улуттук-боштондук күрөштө женилген кыргыздар, кыргындан кутулуш үчүн Кытайга качууга аргасыз болгон. Кемин, Чүй өрөөнүндөгү кыргыздардын бир бөлүгү, Ысыккөлдөгү, Борбордук Тенир-тоодогу кыргыздар ак кар, көк муз каптаган бийик ашууларды ашып, Чыгыш Түркстандын Үчтурпан жана Аксуу райондоруна барып жайгашышкан. Атбашылык кыргыздар өздөрүнө чектеш жайгашкан Какшаалга көчкөн. Ысыккөлдүн башындагы кыргыздар Каркыра аркылуу Кулжага качып барышкан. Текес тарапка 500 түтүндөй кыргыз үркөн. Кытайлык маалыматтар боюнча 1916-ж. Жетисуу облусунан Кытайга 332 миңден ашуун кыргыздар менен казактар качып барган. Алардын көбү кыргыздар болгон. Совет бийлиги орногондон кийин качкындардын 300 миндейи өз мекенине кайтып келишкен.

Кытайлык кыргыздар Чыгыш Түркстан элдеринин эркиндик үчүн күрөштөрүнө дайыма катышып келген. Кыргыздан чыккан *Ысакбек Монуев* Чыгыш Түркстандагы түрк элдеринин эркиндиги үчүн күрөшкө жетекчилик кылып, 1935-ж. 2,5 миң кыргыз жигиттеринен турган кыргыз атчандар полкун түзгөн.

1944-ж. 12-ноябрда көз карандысыз Чыгыш Түркстан Республикасы (ЧТР) жарыяланып, анын өкмөтү түзүлгөн. 1945-ж. 8-апрелде Кулжа ш-нда Чыгыш Түркстан Респ-нын улуттук армиясы түзүлүп, анын башына генерал-майор Ысакбек Монуев дайындалган.

1946-ж. Чыгыш Түркстан Респ-нын өкмөтү менен Гоминдан өкмөтүнүн ортосунда келишим түзүлөт. 1949-ж. августта Чыгыш Түркстан Респ-нын өкмөтүнүн башчылары (а. и. генерал-лейтенант чинине ээ болгон Ы. Монуев болгон) Москвадан Пекинге учуп бара жатып авиакатастрофадан каза табышкан. Ушул жылы төрт гана жыл жашаган ЧТР жоюлган.

1949-ж. октябрда Кытай Эл Респ. негизделет. Жаңы бийликтин чечими менен 1954-ж. 14-июлда кытайлык кыргыздар жашаган Синцзяндын түндүк батышында Кызылсуу Кыргыз Автономиялуу району түзүлөт. 1955-ж. февралда ага облустун статусу берилген. Акчий, Актоо, Улуучат райондору карайт. Артыш ш. кытайлык кыргыздардын админ. жана маданий турмушунун борборуна айланган.



Жусуп Мамай.



Анвар Байтур.

Көрүнүктүү манасчы *Жусуп Мамай* кытайлык кыргыздардан чыккан. Ал «Манас» эпосун кагазга түшүрүп, жети томдук китеп кылып чыгарды. Белгилүү тарыхчы *Анвар Байтур* Кытайдагы кыргыздардын тарыхын изилдеп, бир катар китептерди жарыялаган. Анын «Кыргыз тарыхынын лекциялары» деген эки китептен турган эмгеги Бишкектен да жарык көрдү (1992).

Маньчжуриянын Фуйү уездиндеги кыргыздар тууралуу тарыхый маалыматтар боюнча, бул жакка 18-к-дын аягында Енисейден жана Иртыштан моңгол императору Хубилайдын буйругу менен көчүрүлгөн деген маалымат бар. Көчүп келген кыргыздар жергиликтүү элдердин таасири менен дыйканчылыкты өздөштүрүшкөн. Мындан тышкары, кыргыз жигиттерине Хубилайдын империясынын ошол жактагы чегараларын кайтаруу милдети жүктөлгөндүгү ж-дө пикирлер айтылат. Фуйү кыргыздары азыр да өздөрүн «кыргызбыз» деп аташат. Антропологиялык түзүлүшү боюнча алар европеоиддерге окшош, өндөрү ак жуумал, чачтары кызгылт сары. Алар бутпарас динине сыйынышат. Тамак ашынын негизин сүт азыктары түзөт. Алар өздөрүн Енисейден келгенбиз деп эсептешет. Фуйүлүк кыргыздар 6 урууга бөлүнөт. Анвар Байтур Фуйүлүк кыргыздар байыркы Енисейлик кыргыздардын тилинин көптөгөн



РАХМАНКУЛ ХАН, Рахманкул Жапаркул уулу (1912, Ош облусу, Чоңалай жергеси – 1990) – Кичи Памирдеги ооганстандык кыргыздардын ханы (1949–78). 1947-ж. Шинжаңга (Кытай) качкан. Пакистанга улагалаш Миңтеке деген жерде кытайлык чегарачыларды конокко чакырып, аларды өлтүрүп, курал-жарагын олжолоп, Кичи Памирге өтүп кеткен. Өзүн өзү хан көтөрүп, Ооганстанда 1964-ж-дан кыргыздардын өкүлү катары Лоя Жиргага (Чоң Жыйынга) катышкан. Өзүнүн 70 миңден ашуун кою, 2 миңден ашык топозу, 300дөй төө, жылкылары болгон. Чоң-чоң жайыттарды эзелеп, соо-да карым-катнаштарын да өзү көзөмөлдөп турган. 1978-ж. Ооганстанда Апрель революциясы жеңгенден кийин узакка созулган граждандык согуш ал жактагы кыргыздардын тынчын алып, жашоосун кыйындаткан. Р. х-дын жетекчилиги м-н ошол жылдын июль айында Памирден 1300 кыргыз (280 үй-бүлө) Пакистанга көчүп кеткен. Гильзит өрөөнүнүн ысык ж-а нымдуу абасы, жут, жугуштуу оорулар, качкын турмушундагы оор абал кыргыздардын көпчүлүк бөлүгүн кыйнаган. 1982-ж. август айында Р.х. 293 түтүн (1138 адам) кыргыздары м-н аба жолу аркылуу Түркияга (Ван көлүнүн боюна) көчүрүлгөн.

элементтерин сактап калган деген пикирди айтат. Фуйүдөгү кыргыздар көптөгөн кыйынчылыктарга карабай оздорунун өзгөчөлүктөрүн кылымдар бою сактап келиши өзгөчө кызыгууну туудурат.

Жыйынтыктап айтканда, акыркы эсеп боюнча Кытайда 150 миндей кыргыздар жашайт. Алардын 110 миңдейи Кызылсуу Кыргыз Автоном облусунда, калгандары Чыгыш Түркстандын башка аймактарында жашашат. Ал эми Фуйүдөгү кыргыздардын саны 1 минден ашты. Эгемендүүлүктүн шартында Кытайда жашаган боордошторубуз менен байланыш жакшырды.

Ооганстандык кыргыздар

20-к-дын биринчи жарымында чегаранын жабылышы менен Памирдин Ооганстанга караштуу жерлеринде жашаган кыргыздардын кыргыз элинин негизги бөлүгү менен болгон байланышы үзүлгөн. Оогандык кыргыздарды 1978-ж. апрелиндеги төнкөрүшкө чейин Кабулга баш ийген *Рахманкул хан* башкарган. Рахманкул хан жетектеген мезгилде Памир кыргыздарынын аброю көтөрүлгөн. Ооганстандын ханы Мухаммад Закир Шахтын убагында Рахманкул хан зор ишенимге ээ болуп, 1964-жылдан Лоя Жиргага (Улуу чогулуш) дайыма катышып келген жана ага кариядар (аймактын башкаруучусу) деген титул берилген.

Рахманкул хандын ишмердигинин натыйжасында, оогандык кыргыздар автономиялык укукка ээ болуп, бир топ жеңилдиктерге жетишкен, салык төлөшкөн эмес, аскер кызматынан бошотулган.

Бирок аларга Советтик жана Кытай чегарасын кайтаруу милдети жүктөлгөн. Рахманкул хан электр энергиясын, темир жолду Памирге жеткирүү үчүн көп аракеттерди жасаган. Бул боюнча башталган иштер Ооганстандагы төңкөрүштөн кийин токтоп калган.

1978-ж. апрелдеги төңкөрүш, Ооганстандын Демократиялык респ. аталышы, узакка созулган граждандык согуш ал жактагы кыргыздардын тынчын алып, жашоосун кескин кыйындаткан. Натыйжада, 1300 кыргыз (280 үй-бүлө) Памирден Пакистанга качууга аргасыз болушкан. Жолдо качкын кыргыздар үй эмеректеринен, малынын көбүнөн айрылган. Пакистандын кароосуз калган айылдарынын бирине отурукташып, калган-каткан малын сатып жан сакташкан. Пакистанда төрт жылча туруп калган кыргыздарды оору баскан, өлүм көбөйгөн. Жаны жерге көнө албаган жүздөй үй-бүлө Памирге кайтууга аргасыз болушкан.

Түркиялык кыргыздар

Ооган дык кыргыз качкындарынын негизги тобу Бириккен Улуттар Уюмунун Качкындардын иштери боюнча жогорку комиссариатына кайрылып, 1982-ж. Түркияга көчүп барууга уруксат алышкан. Ошентип, 1982-ж. августта 3 самолет менен 1138 кыргыз Түркияга келишип, Ван ш-нан 35 чакырым аралыкта, мурдатан эле кыргыздар жашаган Каракундуз деген жерге жайгашышкан. Ооган дык кыргыздардын келиши менен Каракундуз кыштагынын социалдык абалы оңоло баштаган. Буга Рахманкул хан чоң эмгек синирген. Айылга суу түтүктөрү, электр кубаты, телефон байланышы жеткирилип, жол катнашы жакшырган. Мечит курулган. Ошентип, Памирде көчмөн турмушта жашаган ооган дык кыргыздар Түркияга келип отурукташкан турмушка өтүшүп, кыргыздардын коомдук турмушу, маданияты, уруулук байланыштары, үрп-адаттары ж. б. кескин өзгөрүүлөргө дуушар болгон.

Азыркы мезгилде Түркияда 4 миңге жакын кыргыздар жашайт. Мындан тышкары Түркияга билим алуу максаты менен барган студенттер, аспиранттар жана кызматкерлер да бар. Алар «Булак» аттуу чакан гезит чыгарышат. Ал Түркиядагы кыргыздардын турмушунун ар кыл жактарын чагылдырууга арналган. Памирлик кыргыздардын татаал тагдыры, тарыхы француз этнографы Реми Дордун «Ооган Памириндеги кыргыздар» деген эмгегинде чагылдырылган. Бул китеп 1993-ж. Бишкектен кыргыз тилинде чыккан.

Мындан тышкары аз сандагы кыргыз үй-бүлөлөрү Европа өлкөлөрүндө, Америкада, Пакистанда, Австралияда, Иорданияда жашашат. Эгемендүүлүктүн мезгилинде чет өлкөлөргө барып жашоо жана иштөө үчүн кыргыздарга кенири жол ачылды. Алыскы чет өлкөдө жашаган кыргыздар менен байланыштар жолго коюлду.

ЖАКЫНКЫ ЧЕТ ӨЛКӨЛӨРДӨГҮ КЫРГЫЗДАР

Фергана кыргыздары

Кыргыздар Фергана өрөөнүндө байыртадан эле байырлап андагы көп улуттун өкүлдөрү, өзгөчө өзбектер, кыпчактар, тажиктер менен бирге жашап келгени белгилүү. Фергана чөлкөмү 18-к-дан өз алдынчалыкка ээ болуп, андагы бийлик 1709-ж. Шахрух бийдин колуна өтүп, ал Кокон хандыгынын негиздөөчүсү болуп калат. Ушундан тартып Россия басып алганга чейин бул чөлкөмдөгү бийликти Кокон хандыгы жүргүзгөн. Адегенде Фергананын түздүгүндө, кийин тоолорунда жашаган кыргыздар Кокон хандыгынын туруктуу калкына айланган жана бул хандыктын коомдук-саясий турмушуна жигердүү катышкан.

Ферганалык кыргыздар 19-к-дан Кокон хандыгынын жогорку хандык бийлигин да өз колунда кармап турууга аракеттенишип, ал максатын жүзөгө ашырышкан. Буга кыргыздардын тарбиясы менен Таласта эр жетип, Нүзүп баш болгон кыргыз кыпчактардын колдоосу менен Шераалынын хан көтөрүлүшү күбө. Шераалы хан жана анын жолун жолдогон уулдары, өзгөчө Кудаяр хан кыргыз, кыпчактардын таасиринен чыга алган эмес. Ушуга байланыштуу ферганалык кыргыздар Кокон хандыгынын тарыхында көз каранды жана көмүскөдө болушпай, ордонун ички жана тышкы саясатына жигердүү аралашып, хандык бийликтин тизгинин өзбек, кыпчак төбөлдөрү менен бирге кармашып, өздөрүн хандыктын тең укуктуу эгеси катары эсептешкен. Муну Кокон хандары менен бийлеринин кыргыздар менен жакындашуу максатында куда-сөөк болуп, туугандашууга кылган аракеттеринен да байкасак болот. Алсак, Эрдене бий, Нарбото бий, Ажы бий кыргыз кыздарына үйлөнүшкөн. Ажы бийдин кыргыз аялынан Шераалы хан төрөлгөн. Шераалы хандын Жаркынайымынан Кудаяр хан, ал эми Соноайымынан Мала хан төрөлүп, алар бийликке келгенде кыргыз таякелеринин таасиринде болушкан.

1897-ж. статистикалык маалымат боюнча Фергана чөлкөмүндө 424 миңдей кыргыздар жашап, андагы калктын 30%ин түзгөн. Алардын көпчүлүгү өздөрүн Ферганада байыртадан эле жашаган туруктуу калк катары эсептешкен. Айрымдары болсо Чыгыш Түркстандан, Теңиртоодон, Таластан ж. б. жерлерден көчүп келип жашап калышкан. Ферганадагы кыргыздардын жакада жашагандары дыйканчылык, ал эми тоолуу өрөөндөрдө жашагандары мал чарбачылыгы менен кесип кылышкан.

Совет бийлигинин улут саясатынын натыйжасында 1924-ж. Орто Азия чөлкөмү улуттук мамлекеттүүлүктөргө бөлүнөт. Бул маанилүү иште чөлкөмдө жашаган этностордун кызыкчылыктары толук эске алынбай, баш аламандыкка жол берилет. Натыйжада, байыртадан эле кыргыздар мекендеп келген Самаркан, Анжиян, Наманган, Фергана өрөөнүнүн көпчүлүк бөлүгү Өзбекстандын чегине кирип калган. Кыргызстандын элинин чегараларды тактоо, кыргыздар мекендеп келген жерлерди Кыргызстанга кошуу ж-дөгү талаптарына Совет бийлиги көңүл бурган эмес. Учурда кыргыздар Өзбекстандын дээрлик бардык облустарында жашашат. Алардын басымдуу көпчүлүгү Анжиян, Наманган, Фергана, Жызак, Кокон, Ташкен, Самаркан, Сырдарыя облустарында турушат. Кыргыз айылдарынын көпчүлүгү тоолуу райондордон орун алган.

Соңку маалыматтар боюнча Өзбекстанда 175 миңдей кыргыз бар. Анда жашаган кыргыз балдары үчүн 40тан ашуун кыргыз тилиндеги мектептер иштейт. Алар үчүн окуу китептери, окуу куралдары Кыргызстанда даярдалат.

Эгемендүүлүктүн жылдарында Өзбекстан менен Кыргызстандын ортосунда түбөлүк достук келишими түзүлдү. Өзбекстанда жашаган кыргыздар Өзбекстандын экон-н, маданиятын көтөрүүгө салымдарын кошууда.

Памир кыргыздары Дүйнөдөгү эң бийик Памир тоолорунун арасын, өзөндөрүн, кокту-колотторун кыргыздар байыртадан мекендешкен. Анткени Памир тоолору Кыргызстандын азыркы чегарасы менен эле туташ жатат.

Кыргыздардын Памирди мекендеп калышы жөнүндө санжырада түрдүү пикирлер айтылып келүүдө. Алардын биринде кыргыздардын бир уруусу Алатоодон бул жакка Тегината аттуу кыргыз бийинин жетекчилиги менен журт которуп келип, тажиктер менен коңшу жашап калышкан деп айтылат. Алар жашаган жер кийин ошол бийдин атынан Каратегин аталып калган имиш.

Экинчи санжыра боюнча кыргыздар Памирге кыргыз бийи Караның жетекчилиги менен көчүп келген. Кыргыздар байыр алган жер Кара бийдин жана анын байбичеси Тегинанын атынан Каратегин аталып калган. Памирде кыргызча аталган жер-суу аталыштары көп кездешет. Бул Памир тоолорун кыргыздар көп замандар бою мекендеп келгендигин айгинелейт.

Тарыхый булактарда 1635–36-ж. Каракорум менен Керөлөңдү мекендеп жүргөн 12 миң түтүн кыргыз Каратегин аркылуу Гиссарга келгендиги эскерилет. Мындан кийинки кыргыздардын Памирге көчүп келиши ойроттордун чабуулу менен байланыштуу. Ойрот-

тордун чабуулунан улам Каратегинге көчүп барган 100 мин түтүндөй кыргыздар Бухара хандыгына караштуу Гиссар, Куляб, Памир, Түндүк Индия жана Кашкарга чейин барган. Калмактар кыйрагандан кийин качкан кыргыздардын негизги бөлүгү Теңиртоого кайтышып, бир аз тобу ошол тарапта калып калышса керек.

19-к-да Памирди Кокон хандыгы, Кашкар эмири жана Ооганстандагы Вахап акими бөлүп алышкан. Анда жашаган кыргыздар да формалдуу түрдө үчкө бөлүнүп калган. Бирок кыргыздар үч ээликтин бирине да баш ийбестен, өздөрүн Памирдин мыйзамдуу кожоюндары катары сезишкен.

1832-ж. Кокон ханы Мадали Памирдеги өз бийлигин бекемдөө үчүн Бостонтерек жана Ташкоргон чептерин курдурган. Кийинчерээк бул жерлер Памирдин админ. жана соода борбору болуп калган. Кокон хандыгы памирлик кыргыздарды өзүнө тартуу үчүн ал жактагы уруу төбөлдөрүнө кушбек, лашкер, бек, датка, аксакал деген наамдарды ыйгарып турган. Памирди бийлөө үчүн Кокон хандыгы өзүнүн наместниктери катары таасирлүү кыргыздарды жөнөтүп турган. Бирок эркиндикти сүйгөн памирлик кыргыздар Кокон хандыгына баш ийген эмес. Кашкар эмирине жана Оогандагы Вахап акимине караштуу кыргыздар да алардын бийлигин тааныган эмес.

Памирлик кыргыздардын эркиндик үчүн күрөшүн көп жылдар бою Сахип Назар жетектеген. Кокон хандыгы аны өзүнө тартуу максатында ага датка мансабын ыйгарган. Ооган эмири болсо кээде Сахип Назарга жардам сурап кайрылып турган. Жайкысын ал жайлоолорго көчүп, кышкысын Кузары дарыясынын куймасындагы өзөндө кыштаган. Кайсы бир жылдары Алай жайлоолоруна жайлаган. Көргөндөр анын алп мүчөлүү, баатыр мүнөздүү болгондугун, чымыр денесине аппак сакалы жарашып тургандыгын, өз элинин эркиндиги, бакыбат жашоосу үчүн күрөшкөндүгүн жазышкан. Ал ооган эмиринин аскерлерине, орус баскынчыларына бир нече жолу сокку урган. Андан оофган эмири да, орустар да чочулап турган. Памир аймагын 1890-ж. Россия басып алган соң Сахип Назар колго түшүрүлүп, «каракчы» катары атылган. Ошентип, 19-к-дын аягында памирлик кыргыздар көз карандысыздыгын жоготуп, ар кайсы мамл-тердин курамына бөлүнүп, мурда эркин көчүп-конуп жүргөн жерлерине өтө албай «жабык» чегарада күн өткөрүүгө мажбур болушкан. Бул чөлкөмдө эл аралык абалдын мезгил-мезгили менен курчуп турушу аларды көптөгөн кыйынчылыктарга кириптер кылган.

Тажикстанда жана Кыргызстанда Совет бийлиги орногондон кийин Памир кыргыздары тажикстандык, оогандык жана алайлык болуп бөлүнгөн. Кыргызстан менен Тажикстандын чегарасын

тактаганда кыргыздар жашаган Памирдин бөлүгү Тажикстанга кирет.

Памирлик кыргыздар негизинен мал чарбачылыгы менен кесиптенишип, топоз, кой өстүрүү өнүккөн. Унаа катары негизинен топоз пайдаланылган. Памирлик кыргыздар негизинен шамалга туруктуу болуш үчүн жалпак жасалган боз үйлөрдө жашашкан. Дан азыктарын мал чарбасы азыктарына алмаштырып алып турушкан. Кийим-кечеси негизинен териден жана кийизден жасалган. Анчалык болбосо да акча-товар мамилелери жүргүзүлгөн. Ал кыргыздар негизинен ичкилик тобуна кирип, тейит, кесек, найман, кыпчак болуп төрт урууга бөлүнөт.

Совет бийлигинин жылдарында Тажикстанга карап калган кыргыздар ал респ-нын төрт (Жергетал, Мургаб, Шаартуз, Яал) районуна бөлүнгөн. Акыркы маалыматтарга караганда, Тажикстанда 106 миңден ашуун кыргыздар жашашат. Алар жашаган жерлерде кыргыз мектептери бар. Окуу китептерин Кыргызстандан алышат. Тажикстандын кыргыз орто мектептерин бүткөн жаштардын айрымдары Кыргызстандын жогорку жана атайын орто окуу жайларынан билим алышууда. 1990-жылдардагы Тажикстандагы граждандык согуш кыргыздарга да көп кыйынчылыктарды алып келди. Согуштан азап чегишкен айрым адамдар Кыргызстанга көчүп келишкен. Алардын айрымдары учурда кайра кайтууда.

Россиядагы кыргыздар

Азыркы Россия Федерациясында жашаган кыргыздардын бир тобунун тамыры тереңге – орто кылымдардагы Енисей кыргыздарына барып такалат. 18-к-дын башында Енисей дарыясынын жогорку агымдарында орустар басып алган кыргыздар орто кылымдардагы Енисей кыргыздарынын урпактары болгон. Бул жерде жашаган кыргыздар ж-дөгү маалыматтар орустардын 1567–83-ж. жазылган тарыхый документтеринде кездешет. Аларда Енисей дарыясы кыргыз жеринин так ортосунан агып өтөрү, аларды княздар башкарары, аларга жакын жерлерде калмактар жашары жазылган. Тарыхый маалыматтар боюнча 17-к-да Енисейде болжол менен 7 миңдей түтүн кыргыздар жашап, негизинен көчмөн мал чарбачылыгы менен кесип кылышкан. Аңчылык менен кошумча кесип катары алек болушкан. Бул мезгилде Енисейлик кыргыздардын борбордошкон мамлекети болгон эмес. Алар бир нече урууларлан туруп, Алтысар жана Исар улустарына, кийин Алтыр улусуна бөлүнгөн. Аларды княздар башкарган. Булардын ичинен Алтыр улусунун таасири күчтүү болгон. Кыргыздардын бул чакан ээликтери өзүнө коншу бир катар этносторду баш ийдирип алардан салык катары

баалуу ан терилерди (кыштым) алып турган. Ушуга байланыштуу кыргыздарга баш ийген элдер кыштымдар делип аталган. Бийлик мураска калган. Үч улус өз кезегинде майда уруулук улустарга бөлүнүп, алардын башчылары князь деп аталган. Орустар келген учурда мындай майда княздыктардын саны үч жүзгө жеткен. Жогорку башкаруу органы Кенеш болуп, ага бардык княздар, кыштымдардын өкүлдөрү да катышышкан. Бул кенеш курултай деп да аталган. Курултайда Енисейдеги Кыргыз федерациясынын маселелери талкууланып, чечимдер кабыл алынган.

17-к-дын аягында орустар Сибирди басып алуу саясатын күчөтүп, азыркы Томск жана Красноярск ш-нын ордуна чеп курушкан. Ал жерде жашаган кыргыздарды орустар түштүктү карай сүрүп салган. Сүрүл-гөнүнө карабастан кыргыздар түндүктөгү жерлерин Кыргыз жери деп аташып, орустарга такай доомат коюп, аларга кол салып, орус дыйкандарын талап-тоноп, эгиндерин, үй-жайын өрттөп кетип турушкан.

Енисейлик кыргыздардын орус баскынчыларына каршы күрөшүн Еренак жетектеп, орустарга каршы бир нече жолу кыйраткыч сокку урат. 1678-ж. Еренак Красноярскиге кол салат. Орустардын 20дан ашуун кыштактарын өрттөп, орус аскерлеринин бир тобун туткундап алат. 1680-ж. 1600 адамдан турган орус аскерлери кыргыздарга жор-туулга аттанат. Бул салгылашта Еренак баштаган кыргыздар жеңилип, формалдуу түрдө орус бийлигине баш иет. Тыныгуу учурунда кайрадан кол жыйнаган Еренак 1686-ж. орус аскерлерине кыйраткыч сокку урат. Орустар менен Еренактын ортосундагы чечүүчү салгылаш 1688-ж. Монголияда болуп, бул салгылашта Еренак курман болот. Еренактын көз карандысыздык үчүн күрөшүн анын уулу Корчун уланткан. Ал дагы орус баскынчыларына каршы бир нече чабуулдарды уюштурган. Кыргыз княздарынын орус баскынчыларына каршы акыркы чабуулу 1700-ж. болгон. Бул жолу кыргыздар кара-калмактар менен бирдикте Кузнецк ш-на кол салат, бирок чегинүүгө мажбур болот. 1701-ж. орус аскерлери казак-орус кошуундары менен биргелешип, кыргыздар менен Красноярскиге жакын жерден беттешет. Айыгышкан салгылашта кыргыздар чоң жеңилүүгө дуушар болуп, талкаланат.

Енисей кыргыздарын орус баскынчыларына каршы күрөшү бир кылымга созулуп, бул жоокер элдин кайраттуулугу орус падышачылыгын бир топ сестентткен. Енисейдеги Кыргыз жерлери Россияга 1708–20-ж. аралыгында биротоло кошулган. Кыргыздарды жеңген соң, алардын жаны жогорулашынан чочулаган падыша өкмөтү Енисей кыргыздарын бир бөлүгүн Алтайга көчүрүп жиберген.

Падыша өкмөтү Енисейлик кыргыздарды багынтып алган соң аларга каршы колониялык катаал саясат жүргүзгөн. Аларды зордук жолу менен христиан динин кабыл алууга, адам аттарын орусча коюуга мажбурлаган. Кылымдар бою өздөрүнүн «кыргыз» деген атын, өзгөчөлүгүн сактап келген эл акырындык менен башка элдер менен ассимиляцияга кирген. Натыйжада, өздөрүн кыргызмын деп атагандардын саны акырындап азайып, эл өз тилинен жана маданиятынан ажыраган.

Совет бийлигинин соңку жылдарындагы эсеп боюнча Россия Федерациясынын аймагында 40 миңдей кыргыз жашаган. Азыркы учурда Россиянын көпчүлүк ш-ларынын базарларында соода кылган кыргыздар бар. Алардын айрымдары ал жакта туруктуу жашашат. Болжол менен Россияда убактылуу жашаган кыргыздар 500 миңден ашат.

СССРдин жашоосунун соңку жылдарындагы маалыматтар боюнча кыргыздар башка союздук республикаларда да жашашкан. Алсак, Казакстанда – 15 мин, Украинада – 3 миң (булар негизинен кулак катары зордук менен 30-жылдары Кыргызстандан көчүрүлгөндөр); Белоруссияда – 600дөй; Түркмөнстанда – 634; Молдова, Армения, Грузия, Латвия, Литва респ-нын ар биринде болжол менен 200дөй кыргыздар жашап турушкан.

Эгемендүү Кыргыз Респ. өзүнүн атуулдарынын дүйнөнүн бардык өлкөлөрүнө барып билим алуусуна, эмгектенишине, башка өлкөнүн граждандык статусун алуусуна кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачты. Кыргыз Респ. өзүнүн граждандарынын кызыкчылыктарын дүйнөнүн кайсы жеринде болсо дагы коргой тургандыгын өзүнүн Конституциясында бекемдеген.

ТАРЫХЫЙ ОКУЯЛАРДЫН ХРОНОЛОГИЯСЫ

Убактысы	Негизги окуялар
1	2
Мындан 1 млн жыл мурда	Алгачкы адамдар топторунун Кыргызстандын аймагына жайгашышы.
Б.з.ч. 800–140 мин жыл	Эрте палеолит доору. Теңиртоодо эң байыркы адамдардын турак ала башташы. Борб. Теңиртоодогу Онарчадагы ж-а Чыгыш Ферганадагы Кожобакыргансайдагы таш куралдар.
Б.з.ч. 140–40 мин жыл	Ортоңку палеолит доору. Таштан жасалган эмгек куралдарынын жакшырышы. Ысыккөлдөгү Саламатбулак, Тосор таш куралдары. Чүйдөгү Чулу үңкүрүндөгү таш куралдар.
Б.з.ч. 40–10 мин жыл	Соңку палеолит доору. Ош аймагындагы Селүнкүр, Учкун, Исфара өрөөнүндөгү Кожогор үңкүрлөрү, таш куралдары.
Б.з.ч. 10–6 мин жыл	Ортоңку таш доору (мезолит). Арпа, Аксай, Айдаркендин жанындагы Аппыр үңкүрлөрү, таш куралдар.
Б.з.ч. 5–3 мин жыл	Жаңы таш доору (неолит). Ысыккөл сыртында Сарыжаздагы Акчункур аска бетиндеги сүрөттөр, Нарын ш-на жакын Текесекириктеги адамдардын турагы, Чүйдөгү Аламүдүн суусунун өңүрүндөгү, Чолпонатанын жанындагы неолиттик эстеликтер.
Б.з.ч. 2–1-мин жылдыктын башы	Коло доору. «Андрон маданиятынын» калкынын Кыргызстандагы тургун жайлары, эмгек куралдары, сугат курулуштары, кооздук буюмдары (мис., Кочкор өрөөнүндөгү Шамшы коло куралдарынан, буюм-тайымдарынан турган ири эстелик).
Б.з.ч. 1-мин жылдык	Темир доору.
Б.з.ч. 9-к.	Түркий калктарынын ата-бабаларынан болгон – хуннлар тууралуу алгачкы маалыматтар.
Б.з.ч. 6-к-дын аягы – 5-к-дын башы	Байыркы перс падышасы Дарий 1нин аска беттеріндеги жазуусунда сактардын аталышы.
Б.з.ч. 6–3-к.	Теңиртоону сактардын чыгыш канатынын мекендеши.
Б.з.ч. 6–3-к.	Дабан (Паркана) мамл-нин калыптана башташы.
Б.з.ч. 329-ж.	Орто Азияга Македондук Александрдын басып кириши.
Б.з.ч. 3-к. – б.з. 5-к.	Байыркы кыргыздардын Чыгыш Теңиртоону мекендеши (Манас өрөөнү).

1	2
Б.з.ч. 3-к-дын акыркы чейреги	Хунндардын кытай тарыхый булагында аты аталган эң алгачкы падышасы Тоу-Ман (Түмөн).
Б.з.ч. 209-ж.	Модэнин хунндардын падышасы болуп жарыяланышы.
Б.з.ч. 201-ж.	Байыркы кыргыздар тууралуу кытай булагындагы эң алгачкы маалымат. Кыргыз ээлигинин Хунн мамл-не каратылышы (Сыма Цзян).
Б.з.ч. 3-к-дын башы	Кангүй мамл-нин түзүлүшү.
Б.з.ч. 2-к.	Жетисуулук сактардын батышка – Орто Азиянын борборуна журт которуусу.
Б.з.ч. 165–160-ж.	Борбордук Теңиртоону, Жетисууну усундардын ээлеши.
Б.з.ч. 161–158-ж.	Усун мамл-нии түзүлүшү.
Б.з.ч. 2-к-дын ортосу	Дабан өлкөсүнүн өнүккөн учуру.
Б.з.ч. 128-ж.	Кытай элчиси Чжан Цяндын Ысыккөлгө келиши ж-а Дабанга саякаты.
Б.з.ч. 116-ж.	Чжан Цяндын Ысыккөлгө экинчи жолу келиши.
Б.з.ч. 104–103-ж.	Ли Гуанли баш болгон кытай аскерлеринин Дабанга алгачкы жортуулу. Юнчэн (Өзгөндөн 10 *км* алыстыктагы Шоробашат шаар калдыгы) ш-н камалоо.
Б.з.ч. 102–101-ж.	Кытайлардын Дабанга экинчи жортуулу. Эрши шнын кыйрашы.
Б.з.ч. 1-к-дын башы	Дабандын борборунун Эршиден Гуйшуанга (аздектелген ыйык тоонун этегиндеги шаар) көчүрүлүшү (Ош ш-нын орду).
Б.з.ч. 90–60-ж.	Кыргыздар хунндардын вассалы.
Б.з.ч. 58-ж.	Кыргыздардын Хунн ордосундагы күрөшкө катышуусу ж-а Уцзини шанүй көтөрүшү.
Б.з.ч. 1-к. (56–49-ж.)	Кыргыздардын көз каранды эместик үчүн күрөшү жа өз падышалыгын түзүшү тууралуу кытай тарыхчысы Бан Гунун маалыматы.
Б.з.ч. 49-ж.	Кыргыз өлкөсүн түндүк хунндардын шанүйү (падышасы) Чжичжинин кайрадан каратышы.
Б.з.ч. 42–36-ж.	Усундарга Чжичжи шанүйдүн чапкыны.
Б.з.ч. 36-ж.	Таластагы хунн-кытай салгылашуусу. Чжичжинин өлүмү.
Б.з. 1-к-дын аягы	Дабанды Кушан падышалыгынын каратып алышы.
Б.з. 3–5-к.	Кыргыздардын Кара-Шаардын (Янци) түндүгүндө, Актоонун жанында (Чыгыш Теңиртоо) жайгашканы тууралуу Кытай жазма булагындагы маалымат.
Б.з. 379-ж.	Дабандын элчисинин Кытайга барышы.
Б.з. 5-к-дын башы	Жужандардын Чыгыш Теңиртоодон усундарды сүрүп кириши.
Б.з. 436-ж.	Усундарга кытай элчилеринин жөнөтүлүшү.
Б.з. 436-ж.	Вэй падышалыгынын элчиси Дун Вандын Дабанга келиши.

1	2
Б.з. 5-к-дын орто чени	Усундардын батыш жак аймагын эфталиттердин каратып алышы.
Б.з. 437-ж.	Вей падышасына Дабандыктардын элчи жибериши.
Б.з. 5-к-дын орто чени	Фергана өрөөнүн эфталиттердин каратып алышы.
Б.з. 5-к.	Кыргыздардын Жужан кагандыгына каратылышы.
Б.з. 5-к-дын аягы	Кыргыздардын Енисейге журт которуусу.
Б.з. 6-к.	Енисей аймагында Кыргыз кагандыгынын калыптанышы.
Б.з. 6–8-к.	Кыргыздардын Енисейдеги чаатас (хакасча – жоо ташы) маданияты.
Б.з. 540-ж.	Вэй падышасы Вэди өз элчиси Нопантону ашина уругунун түрктөрдү бийлеген беги Бумынга жибериши.
Б.з. 546-ж.	Теле бирикмесин Бумындын багындырышы.
Б.з. 552-ж.	Түрктөрдүн жужандарды жеңиши. Бумындын элкаган (мамлекеттин каганы) даражасын алышы.
Б.з. 551–554-ж.	Жужан кагандыгынын кыйрашы.
Б.з. 553-ж.	Бумын кагандын ашына кыргыз өкүлүнүн катышуусу.
Б.з. 555-ж.	Енисейдеги кыргыз мамлекетин Мукан кагандын убактылуу баш ийдириши.
Б.з. 556-ж.	Жетисууну, Теңиртоону түрктөрдүнээлеши.
Б.з. 565-ж.	Түрктөрдүн эфталиттерди жеңүүсү.
Б.з. 568–569-ж.	Түрк кагандыгы м-н Византиянын элчилик байланыштары (Маниах, Земарх).
Б.з. 582–603-ж.	Улуу Түрк кагандыгынын экиге бөлүнүшү.
Б.з. 7-к-дын башы	Енисей кыргыздарынын кайрадан көз каранды эместикке ээ болушу.
Б.з. 7-к-дын акыры	Енисей кыргыз жазмасынын (руна сымал) колдонулушу.
632-ж., 643-ж.	Кыргыз – Кытай элчилеринин катнашы.
7-к-дын 40-жылдары	Кыргыз өлкөсүнүн өз эгемендүүлүгүн чыңдоо аракеттери.
648-ж.	Кыргыз элтебери (башчысы) Шибокүй Ачжандын Кытайдын борборуна барышы.
654-ж.	Кыргыз элчисинин Кытайдын борборуна жиберилиши.
654-ж.	Кытай (Тан династиясы) императорунун элчиси Фан Цяндын кыргыз өлкөсүнө жөнөтүлүшү.
682-ж.	Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгынын негизделиши (744-жылга чейин).
698–699-ж.	Кыргыз каганы Барсбектин каган наамын чыгыш түрк каганы Капагандын таанышы. Элтерис кагандын кызына Барсбектин үйлөнүшү.
707-ж., 709-ж.	Кыргыз кагандыгынын элчилеринин Кытайга барышы.
709-ж.	Кыргыз, кытай, түргөш үчилтик согуш ынтымагынын түзүлүшү.
710–711-ж.	Кыргыз элчиси Эрен Улугдун Тибетке барышы.

1	2
710–711-ж. кышы	Чыгыш Түрк кагандыгынын кыргыздарга каршы жортуулу.
711-ж. кышы	Суңга чертокоюндагы салгылашуу. Барсбек кагандын курман болушу (675-ж. туулган).
711-ж.	Кыргыз элчилеринин Кытайга барышы.
715-ж.	Аз элинин көтөрүлүшү.
722-ж.	Канзаада Исиби Шэючжи Биши тегин жетектеген кыргыз элчилигинин Кытайга келиши.
723-ж.	Канзаада Цзүйли Пинхэчжун тегин жетектеген кыргыз элчилигинин Кытайга келиши.
724-, 747-, 748-ж.	Кыргыз элчилеринин Кытайга барышы.
731-ж.	Күл тегиндин ашына кыргыз каганынан Чор-тардуш Ынанчунун келиши.
8-к-дын 1-жарымы	Кыргыз кагандыгы Енисейдеги чакан өлкө.
744-ж.	Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгынын ойрон болушу.
744–840-ж.	Уйгур кагандыгынын Борбор Азиядагы үстөмдүгү.
746-ж.	Карлуктардын Алтайдан Теңиртоого көчүшү.
751-ж.	Уйгурларга каршы чиктердин кыймылына кыргыздардын жардамы.
758-ж.	Уйгур каганы Баян-чордун кыргыздарга жортуулу. Кыргыз каганынын сөз жүзүндө вассал болушу.
766–940-ж.	Карлук мамлекети.
795-ж.	Уйгур каганы Кутлугдун кыргыздарга жортуулу. Кыргыз каганынын Ажо аталышы.
820-ж.	Кыргыз ажосунун өзүн каган жарыялашы. Эгемендикке ээ болуу.
820–840-ж.	Кыргыздардын Уйгур кагандыгына каршы күрөшү.
840-ж.	Уйгур кагандыгынын борбору Ордобалыкты кыргыздардын басып алышы. Уйгур кагандыгынын кыйрашы.
840-ж.	Кыргыз кагандыгынын ордосун Енисейден Кыргыз-Нур (Кыргыз-Көл) аймагына көчүрүү.
840–924-ж.	Улуу кыргыз державасы (кагандыгы).
842-ж.	Алп Солдун Тан династиясынын борборуна келиши.
9-к-дын 40–50-ж.	Кыргыз кагандыгынын негизги женип алуулары.
9–10-к.	Кыргыздардын Чыгыш Теңиртоого келиши.
924-ж.	Кыргыз ээликтерине кидандардын кол салуусу.
940-ж.	Караханийлер кагандыгынын түптөлүшү.
960-ж.	Караханийлер кагандыгында исламдын расмий дин жарыяланышы.
1069–1070-ж.	Жусуп Баласагуни «Кутадгу билиг» («Кут алчу билим») аттуу дастанын жазган.
1072–1077-ж.	Махмуд Кашгари (Барскани) «Диван лугат ат-түрк» (Түрк тилдеринин сөз жыйнагы) аттуу эмгегин жазган.
1125–1128-ж.	Түндүк-Батыш Монголиядагы ж-а Чыгыш Теңиртоодогу кыргыздардын кара кытай чапкынына каршы күрөшү.

1	2
1207-ж.	Жучу баштаган монгол аскерлеринин «токой элдерине» жортуулу. Кыргыздардын Чынгыз ханга баш ийиши.
1218-ж.	Монгол үстөмдүгүнө каршы тумат-кыргыз көтөрүлүшү.
1224-ж.	Кыргызстандын аймагынын Чыңгыз хандын экинчи уулу Чагатайдын энчисине тийиши.
13-к.	Теңиртоого Енисейден ж-а Монголиядан кыргыздардын жаңы журт которуулары.
1269-ж.	Хайду мамл-нин негизделиши.
1273-ж.	Кем-Кемжиуттагы (Тыва) кыргыздардын көтөрүлүшү.
1292–1293-ж.	Тутуха баш болгон монголдордун Енисейге жортуулу ж-а кыргыздарды биротоло баш ийдирүү.
1293-ж.	Кыргыз мамл-нин жоюлушу. Кыргыздардын бир бөлүгүнүн Манжурияга көчүрүлүшү.
1295-ж.	Монголдук Алтай тоолорун мекендеген кыргыздардын бир бөлүгүнөн Шандун вилайетине көчүрүлүшү.
1348-ж.	Тоглук-Темирдин хан жарыяланышы. Моголстан мамл-нин түзүлүшү.
1371-ж.	Эмир Темирдин Моголстанга алгачкы жортуулу.
15-к-дын 80-жылдары	Алатоодо кыргыздардын өз алдынча мамлекет түзүшү.
1484–1504-ж.	Кыргыз хандыгын Ахмет хандын («Алача хан») бийлеши.
1504–08-ж.	Султан Халил Султан – «кыргыздардын падышасы».
15-к-дан тартып	Алатоо аймагынын Кыргызстан деген саясий атка ээ болушу.
16-к-дын 1-жарымы	Кыргыздарды Мухаммед Кыргыздын башкарышы (1514–1533).
1575-ж.	Памирлик кыргыздар ж-дө алгачкы маалымат.
1609-, 1614-, 1624-ж.	Сибирь кыргыздарынын Сибирдеги орус аскерлерине кол салуулары.
17-к-дын башы	Манап бий ж-а Көкүм бийдин Эшим хан м-н ынтымагы.
1633-ж.	Сибирдик кыргыздарды Жунгар хонтажысы Хара-Хуланын баш ийдириши.
17-к. 30-жылдардын акыры – 1643-ж.	Кочебай Сибирдеги кыргыз беги.Калмактардын жетисуулук, алатоолук кыргыз, казактарга алгачкы жортуулу.
17-к. 60–80-ж.	Сибирдик кыргыздарды Еренак Ишей уулунун бийлеши.
1670-ж.	Кыргыздын чоңбагыш уруусунун улугу Койсары бийдин Кашкардын акимдигине көтөрүлүшү.
1703-ж.	Үч миң түтүн кыргызды Сибирден Жунгар хонтажысы Цеван-Рабдандын Жунгарияга айдатып кетиши.

1	2
1707-ж.	Сибирдик кыргыздардын орус аскерлеринен жеңилиши.
1707-ж. август	Сибирдик кыргыздардын жеринде Абакан острогунун курулушу.
1710-ж.	Шахрух бийдин Кокон хандарынын династиясына негиз салуусу.
1723-ж.	Калмактардын кезектеги жортуулунун натыйжасында казак, кыргыздардын журт которушу.
18-к. 20-жылдар	Кыргыз Акбото бийдин Кожентти бийлеши.
1747-ж.	Акмат бий баштаган кыргыз колунун (10 мин жоокер) Кашкар тарапка жортуулу ж-а калмактарды жеңиши.
1748–49-ж.	Кашкарлык кыргыздардын калмактар м-н кармаштары.
1754-ж.	Жунгар хандыгын Цин-манжур аскерлеринин кыйратышы.
1754–85-ж.	Чыгыш түркстандык Юсуф Кожого кыргыздардын колдоо көрсөтүшү.
1755–58-ж.	Кубат бийдин саясий ишмердиги тууралуу маалыматтар.
18-к. 50–60-ж.	Кыргыздардын түштүк-батышка оогон бөлүгүнүн Алатоого кайтышы.
1758-ж.	Кытай аскери м-н кыргыздардын биринчи кагылышы.
1758-ж.	Сарыбагыш, саяк, солто урууларынын элчилеринин Пекинге барышы.
1760-ж.	Кашкардан 1000 түтүн кыргыздын Атбашыга көчүшү.
1762-ж.	Эрдене бийдин Өзгөн, Ошко жортуулу. Кыргыз Ажы бийдин күрөшү.
1762–1821-ж.	Түштүк Кыргызстанды Кокон хандыгынын каратышы.
1770 (1775)-ж.	Абылай хандын Талас, Чүйгө жортуулу.
1785-ж.	Атаке бийдин элчилери – Абдыракман, Шергазынын Россияга жөнөтүлүшү.
1813-, 1821-, 1824-ж.	Ысыккөлдүк кыргыз элчилеринин Россияга жөнөтүлүшү.
1820–27-ж.	Чыгыш Түркстандагы Жааңгер кожонун көтөрүлүшүнө кыргыздардын катышуусу.
1825–31-ж.	Кокон колунун Чүй, Нарын, Ысыккөлгө жортуулдары.
1825-ж.	Бишкек чебинин негизделиши.
1825–26-ж.	Атантай, Тайлактын Жаангер кожону колдошу.
1832–33-ж.	Тайлак баатырдын (1796–1838) Кокон бийлигине каршы күрөшү.
1842-ж.	Кыргыз, кыпчак феодалдарынын Шераалыны Кокондо хан көтөрүшү. Нүзүп бий.
1842/43-ж.	Ормондун хан көтөрүлүшү.
1842/43-ж.	Ысыккөлдүк кыргыздардын кокондуктарга каршы көтөрүлүшү.

1	2
1845-ж.	Алайлык, Ферганалык кыргыздардын кыймылы.
1845–1847-ж.	Кенесары Касымовдун Кыргызстанга чапкыны.
1847-жылдын жазы	Майтөбө, Мыкан салгылашуулары. Хан Кененин жеңилиши.
1855-ж. 17-январь	Бугу уруусунун Россиянын курамына киргизилиши.
1858–1862-ж.	Кыргыз, кыпчактардын Малабекти хан көтөрүшү. Алымбек датканын Кокондо вазирлиги.
1860-ж.	Орус аскерлеринин Чүйгө жортуулу ж-а Бишкек чебин ээлеши.
1862-жылдын жайы	Байтик баатырдын Кокон бийлигине каршы күрөшү.
1863-ж.	Чүй өрөөнүнүн Россияга толук каратылышы.
1864-ж.	Чаткал, Суусамыр, Кетментөбөнү каратуу.
1865-ж.	Таласты Россияга каратуу.
1863–68-ж.	Нарындык кыргыздарды Россияга каратуу.
1863-ж.	Курманжанга (1811–1907) Бухара эмири Сейит Музаффар Эддинин датка наамын ыйгарышы.
1864-ж.	М. Г. Черняевдин Коконго жортуул башташы.
1869-ж.	Сарт-калмактардын Россия букаралыгына кабыл алынышы.
1873–76-ж.	Кокон көтөрүлүшү. Полот хан (Исхак молдо).
1876-ж. 19-февраль	Кокон хандыгынын жоюлушу.
1976-ж. жаз–жайы	Падыша аскерлеринин Алай жүрүшү. Алайлык кыргыздарды каратуу.
1877–84-ж.	Дунгандардын Кыргызстанга келиши.
1878-ж.	Бишкек (Пишпектин) уездинин борбор-шаар статусун алышы.
1898-ж. май	Анжиян көтөрүлүшү.
1916-ж. жайы–күзү	Кыргыздардын улуттук-боштондук кыймылы.
1917-ж. 3-март	Падыша өкмөтүнүн кулагандыгы тууралуу кабардын Бишкекке келиши.
1917-ж. 6-март	Кызылкыяда Жумушчу депутаттар советинин түзүлүшү.
1917-ж. 16-март	Сүлүктүдө Жумушчу депутаттар советинин түзүлүшү.
1917-ж. 6-апрель	Убактылуу өкмөттүн Түркстан комитетинин түзүлүшү.
1917-ж. жаз, жай айлары	«Букара», «Алаш», «Шура-и-Ислам», «Туран» уюмдарынын уюшулушу.
1917-ж. 19-апрель	Убактылуу өкмөттүн Түркстан комитетинин Кытайдан кайт-кан кыргыздарды Пржевальск ж-а Пишпек уездерине коё бербөө ж-а аларды Нарындын тоолуу райондоруна жайгаштыруу ж-дө токтому.
1917-ж. 25-октябрь (7-ноябрь)	Петрограддагы куралдуу көтөрүлүш. Убактылуу өкмөттүн кулатылышы.
1917-ж. ноябрь	Сүлүктү, Кызылкыяда Совет бийлигинин орношу.
1917-ж. декабрь	Таласта Совет бийлигинин жарыяланышы.
1917-ж. январь	Ошто Совет бийлигинин орношу.
1917-ж. 31-декабрь	Бишкекте Эмен багындагы митинг.
1917-ж. январь	Бишкекте Совет бийлигинин орношу.

1	2
1918-ж. май	Караколдо Совет бийлигинин орношу.
1918-ж. май	Түптө эң алгачкы «Жаңы доор» («Новая эра») коммунасынын уюшулушу.
1918-ж. июнь	Нарында Совет бийлигинин орношу.
1918-ж. августтун аягы	Таласта кулактардын козголону.
1918-ж. 6-декабрь	Беловодскидеги солчул эсерлердин козголону.
1919-ж. 26-июль	Түптөгү кулактардын козголону.
1919-ж. сентябрь	Куршаб, Базаркоргон, Көгарт болуштуктарындагы кулактардын козголону.
1920-ж. 5-ноябрь	Нарын уездиндеги ак гвардиячыл-кулактардын козголону.
1921–1922-ж.	Өз алдынча Тоолуу кыргыз облусун түзүү аракети.
1921–1922-ж.	Түндүк Кыргызстандагы Жер-Суу реформасы.
1922-ж. 4-июнь	Тоолуу кыргыз облусун уюштуруу курултайынын таркатылышы.
1924-ж. 14-октябрь	Кара Кыргыз Автономиялуу облусун түзүү ж-дө ББАКтын токтому.
1924-ж. 7-ноябрь	«Эркин Тоо» гезитинин чыга башташы.
1924-ж. декабрь	Кыргыз Автономиялуу облусунун убактылуу админ. структурасы –4 округдун уюшулушу (Пишпек, Каракол, Жалалабат, Ош).
1925-ж. май	Кара Кыргыз АОнун Кыргыз АО деп аталышы.
1926-ж. 1-февраль	Кыргыз Автономия Респ-н түзүү ж-дө ББАКтын чечими.
1927-ж. 7-март	Кыргыз АССРинин уюштуруу курултайы.
1927–28-ж.	Түштүк Кыргызстандагы Жер-Суу реформасы.
1929-ж. 30-апрель	Кыргыз АССР Советтеринин 2-курултайында Респнын биринчи Конституциясынын кабыл алынышы.
1930-ж.	Кыргыз драма театрынын ачылышы.
1930-ж.	Респ-нын райондук ж-а шаардык бөлүштүрүүгө өтүшү.
1932-ж.	Ачарчылыктын башталышы.
1932-ж.	Кыргыз мамл. пед. ин-тунун уюшулушу.
1933-ж.	Кыргыз мамл. зооветеринария ин-тунун уюшулушу.
1934-ж.	Кыргызстан жазуучуларынын курултайы.
1935-ж.	Кыргыз мамл. мугалимдер ин-тунун уюшулушу.
1935-ж.	Крупская атн. Мамл. орус драма театрынын уюшулушу.
1936-ж.	Кыргыз мамл. филармониясынын уюшулушу.
1936-ж.	Кыргыз ССРинин түзүлүшү.
1937-ж. 23-март	Кыргызстан Советтеринин чукул чакырылган 5-курултайында Кыргыз ССРнин Конституциясынын кабыл алынышы.
1937–38-ж.	Сталиндик репрессиянын жүрүшү.
1930-жылдардын аягы	Кыргыздардын отурукташуусунун аякташы.
1939-ж.	Москвадагы Кыргызстандын адабияты м-н искусствосунун он күндүгү.
1939–1940-ж.	Ири сугат курулуштарынын кулач жайышы.
1940-ж.	Орус алфавитине өтүү.

1	2
1940-ж. 10-май	Чоң Чүй каналынын курула башташы.
1941-ж.	Чоң кишилер арасында сабатсыздыкты жоюунун негизинен аякташы.
22-июнь, 1941-ж. – 9-май, 1945-ж.	Улуу Ата Мекендик согуш.
1941-ж. 16-ноябрь	28 баатыр панфиловчулардын Москванын алдындагы эрдиги.
1942-ж.	Кубат Жуматаев, Чолпонбай Түлобердиев, Дайыр Асановдун эрдиктери.
1942-ж. август	Кыргыз мамл. опера ж-а балет театрынын түзүлүшү.
1943-ж.	СССР ИАнын Кыргыз филиалынын ачылышы.
1950-ж.	Быстровка – Рыбачье темир жолунун пайдаланууга берилиши.
1950-ж.	Колхоздорду ирилештирүү.
1952-ж.	«Манас» эпосуна арналган ил. конференция.
1954-ж.	Кыргыз ИАнын ачылышы.
1955-ж.	Ортотокой суу сактагычынын курулушунун аякташы.
1956-ж.	Эки томдуу Кыргызстандын тарыхынын жарык көрүшү.
1957-ж.	Айыл чарбасын өнүктүрүүдөгү ийгиликтери үчүн Кыргыз ССРинин Ленин ордени менен сыйланышы.
1958-ж.	Кыргыз искусствосу м-н адабиятынын Москвадагы экинчи он күндүгү.
1963-ж.	Кыргыз ССРинин Ленин ордени м-н сыйланышы.
1963-ж.	Чынгыз Айтматовго Лениндик сыйлыктын берилиши.
1966-ж. октябрь	Чарбалык турмуштагы ж-а маданий курулуштагы ийгиликтери үчүн Ош облусунун Ленин ордени м-н сыйланышы.
1967-ж.	Искусство ин-тунун ачылышы.
1973-ж. декабрь	Кыргыз ССРинин Эл Достугу ордени м-н сыйланышы.
1974-ж. октябрь	Кыргыз ССРинин Октябрь Революциясы ордени м-н сыйланышы.
1979-ж.	Токтогул ГЭСинин толук кубаттуулукта ишке кириши.
1985-ж.	Кайра куруу саясатынын башталышы.
1989-ж. 23-сентябрь	Кыргыз ССРинин Мамл. тил ж-дөгү мыйзамынын кабыл алынышы.
1990-ж. 4-июнь	Ош окуялары.
1990-ж. 27-октябрь	Жогорку Кенеште А. Акаевдин Кыргыз Респ-нын Президенти болуп шайланышы.
1990-ж. 15-декабрь	Кыргызстан Респ-нын мамл. эгемендүүлүгү (суверенитети) ж-дө Декларацияны Жогорку Кенештин кабыл алышы.
1991-ж. 5-февраль	Фрунзе ш-на Бишкек деген баштапкы аты кайтарылып берилген.

1	2
1991-ж. 9-февраль	Кыргызстан Демократиялык кыймылынын 1-курултайы.
1991-ж. 31-август	Кыргыз Респ-нын Жогорку Кенешинде «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик коз каранды эместиги жонүндо» Декларациянын кабыл алынышы.
1991-ж. 12-октябрь	Кыргыз Респ-нын Президенти А. Акаевди алгачкы жалпы элдик шайлоо.
1991-ж. 21-декабрь	Кыргыз Респ-нын Көз каранды эмес Мамлекеттер Шериктештигине мүчө болушу.
1991-ж. 25-декабрь	Кыргызстандын коз каранды эместигин АКШнын таанышы.
1992-ж. 1-февраль	Кыргызстанда алгачкы чет өлколук элчиликтин (АКШнын) ачылышы.
1992-ж. 2-март	Кыргыз Респ-нын Бириккен Улуттар Уюмуна кабыл алынышы.
1992-ж. 30–31-август	Кыргыздардын бүткүл дүйнөлүк 1-курултайы.
1993-ж. 5-май	Кыргыз Респ-нын жаны Конституциясынын кабыл алынышы.
1993-ж. 10-май	Улуттук валюта – сомдун ишке киргизилиши.
1994-ж. 21–23-январь	Кыргызстан элинин 1-курултайы, Кыргызстан элинин Ассамблеясынын түзүлүшү.
1995-ж. 5-февраль	Кыргыз Респ-нын Жогорку Кенешине шайлоолор.
1995-ж. 26–30-август	«Манас» эпосунун 1000 жылдыгын майрамдоо.
1995-ж. 24-декабрь	Жалпы элдик шайлоодо А. Акаевдин Кыргыз Респнын Президенти болуп шайланышы.
1996-ж. февраль	Кыргызстан элинин 2-курултайы.
1997-ж. январь	Казакстан, Кыргыз ж-а Өзбекстан Респ-ларынын ортосунда түбөлүк достук ж-дө келишимге кол коюу.
1998-ж. 22-январь	Кыргызстандык Салижан Шарипов америкалык 89-экспедициянын экипажында (Спейс-шатл) космоско учкан.
1998-ж. 6-апрель	Кыргызстандын космонавты С. Шариповго Кыргыз Респ-нын Баатыры наамы ыйгарылган.
1998-ж. апрель	Кыргыз Респ-нын К. Жумалиев баш болгон жаны өкмөтүнүн түзүлүшү.
1998-ж. 17-октябрь	Кыргыз Респ-нын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү ж-дө Мыйзамды кабыл алуу боюнча Референдум. Ал референдум б-ча жерге жеке менчик киргизилген.
1998-ж. декабрь	К. Жумалиев башында турган өкмөттүн отставкага кетиши. Ж. Ибраимовдун Премьер-министрликке дайындалышы.
1999-ж.	Кыргыз Респ-нда эл каттоо откөрүлгөн.
1999-ж.	Кыргызстанда «Ден соолуктун жылы» жарыяланган.
1999-ж.	Ч. Айтматовдун 70 жылдык тою дүйнөлүк масштабда белгиленген.

1	2
1999-ж. май	Кыргыз Респ-нын Жогорку Кенешинде Кыргыз Респ-нын «Жер жонундогу кодекси», «Кооперация жонундогу», «Дыйкан (фермер) чарбалары жонундогу» мыйзамдары кабыл алынган.
1999-ж. август	Баткен аймагына (Зардалы) диний-экстремист-жоочулардын тобу кол салып, чегаранын коопсуздугуна коркунуч туудурган.
1999-ж. 13-октябрь	Кыргыз Респ-нын Президенти А. Акаев Баткен облусун түзүү ж-догу Мыйзамга кол койгон.
1999-ж. 17-октябрь	Кыргызстанда шаардык, поселкалык ж-а айылдык кенештерге шайлоолор болгон.
2000-ж. 20-февраль	Кыргыз Респ-нын Жогору Кенешине шайлоолор өткөн.
2000-ж. 4–5-октябрь	Ош ш-нын 3000 жылдык мааракеси.
2000-ж. 29-октябрь	Кыргыз Респ-нын Президентин шайлоо болуп, А. Акаев кайрадан шайланган.
2000-ж. декабрь	«Жер кодексинен» жерди сатууга ж-а сатып алууга тыюу салган беш жылдык мараторий ж-дөгү берене алынып ташталган.
2000-ж. 21-декабрь	Бакиев К.С. Кыргыз Респ-нын Премьер-министри болуп да-йындалган.
2000-ж. 26-декабрь	Кыргыз Респ-нын Жогорку Кенеши «Мугалимдердин статусу жонундо» мыйзамды кабыл алган.
2000-ж. 28-декабрь	Кыргыз Респ-нын Президентинин «Мамлекеттик башкаруунун борбордук органдарын кайра куруу жонундо» Указы.
2001-ж. январь	Кыргыз Республикасынын Президенти А. Акаев Давостогу Бүткүл дүйнөлүк экономикалык форумдун (30-юбилейлик) ишине катышкан.
2001-ж.	Кыргыз Респ-нда туризм жылы.
2001-ж. 29-май	Улуттук форумда Кыргыз Респ-нын 2010-жылга чейин өнүгүүсүнүн Комплекстүү негиздери программасы талкууланып кабыл алынган.
2001-ж. 29-май	Кыргыз Респ-нын Президенти А. Акаев кыргызстандык ил. ишмерлерге «XX кылымдагы көрүнүктүү илимий жетишкендиктери үчүн» наамындагы 20 ардактуу алтын медаль тапшыруу ж-дө Указга кол койгон.
2001-ж. 14–15-июнь	Шанхай бешилтигине кирген мамлекеттердин жыйыны. Ага Президент А. Акаев катышкан. «Шанхай бешилтиги» «Шанхай кызматташтык уюму» болуп кайра түзүлгөн.
2001-ж. 31-август	Кыргыз Респ-нын эгемендүүлүгүнүн 10 жылдыгы.
2001-ж. октябрь	Жалалабат ш-нда Курманбек баатырдын 500 жылдык мааракеси өткөн.
2002-ж.	Кыргыз Респ-нын Президенти А. Акаевдин демилгеси б-ча БУУнун чечими м-н Эл аралык Тоо жылы деп белгиленген.
2002-ж. март.	Аксы окуялары.

1	2
2002-ж. октябрь	Кыргызстанда Эл аралык Тоо жылы б-ча саммит өткөн.
2002-ж. 20-декабрь	БУУнун Генералдык Ассамблеясынын 57-сессиясында Кыргыз мамлекеттүүлүгү ж-дөгү резолюциясы кабыл алынган.
2003-ж. 2-февраль	Кыргыз Респ-нын конституциясынын (негизги мыйзам) жаңы редакциясы кабыл алынган.
2003-ж. 15-май	Жусуп Баласагын атн. Кыргыз улуттук ун-тинин аянтында улуу кыргыз ойчулу Жусуп Баласагындын эстелиги ж-а КУУ м-н ЮНЕСКОнун биргелешип түзгөн Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн борбору ачылган.
2003-ж. 15–16-май	Кыргыз мамлекеттүүлүгүн 2200 жылдыгына арналган эл аралык ил. конференция.
2003-ж. 11–14-июнь	Бишкек ш-нын 125 жылдыгы.
2003-ж. 23-август	Чүй облусунун борбору Токмок ш-нын презентациясы.
2003-ж. 26-август	«Барсбек» тарыхый драмасынын премьерасы.
2003-ж. 29–30-август	Кыргыздардын бүткүл дүйнөлүк 2-курултайы (Чолпоната ш.)
2003-ж. 29–30-август	Кыргызстанда Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жылына арналган таазим ж-а түлөө.
2003-ж. 30-август	Бишкекте Борбордук аянтта «Улуу түндүк көтөрүү» аземи.
2003-ж. 22–27-сентябрь	Россия Федерациясындагы Кыргызстандын маданият күндөрү.
2003-ж. 2-октябрь	Президент А. Акаевдин Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жылы б-ча БУУнун Генералдык Ассамблеясынын 58-сессиясындагы доклады. АКШ. Нью-Йорк.
2003-ж. 6-октябрь	А. Акаевдин ЮНЕСКОнун Башкы конференциясынын 32-сессиясында катышкан 130 ашык өлкөнүн өкүлдөрүнүн алдындагы Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жылынын мааниси ж-дөгү доклады. Франция. Париж.
2003-ж. 7-октябрь	Сорбонна уни-тинде Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жылы б-ча «Тегерек үстөлдүн» өтүшү. Франция. Париж.
2003-ж. 5–6-ноябрь	«Кыргыз мамлекеттүүлүгү Евразиянын чындыгынын алкагында» аттуу эл аралык ил.-практикалык конгресстин өтүшү. Бишкек.

КЫСКАРТУУЛАР

админ. – администрация, администрациялык
а. и. – анын ичинде
анг. – англис
ар. – араб.
археол. – археология, археологиялык
АССР – Автономиялык Советтик Социалисттик Республикасы
атком – аткаруу комитети
атн. – атындагы
б. з. – биздин замандын
б. з. ч. – биздин заманга чейинки
БК – Борбордук комитет
БУУ – Бириккен Улуттар уюму
борб. – борбору, борбордук,
б-ча – боюнча
геогр. – география, геогра-фиялык
геол. – геология, геологиялык – айыл чарба, айыл чарбасы
гр. – грек
ж. – жылы, жылдары
ж-а – жана
ж. б. – жана башка
ж. т. – жылы туулган
ж-дө – жонүндө
ИА – илимдер академиясы
ил. – илимий, илимдери
ин-т – институт
ир. – иран
к. – кара (шилтеме берилгенде)
к. – кылым(ы), кылымдар(ы)
каз. – казак
КМУ – Кыргыз Мамлекеттик Университети
КМУУ – Кыргыз Мамлекеттик Улуттук Университети
КП – Коммунисттик партия
корр. – корреспондент
кыр. – кыргыз
лат. – латын
мамл. – мамлекет(и), мамлекеттик
мед. – медицина, медициналык
мис. – мисалы
м-н – менен
монг. – монгол
нем. – немис
обком – облустук комитет
орус. – орусча
о. эле – ошондой эле
партком – партиялык комитет
пед. – педагогика, педагогикалык
пол. – поляк
проф. – профессор
райком – райондук комитет
Респ. – республика
р-н – район
сов. – советтик
соц. – социалисттик
түрк. – түркчө
чыг. – чыгармалары
ш. – шаар, шаары (энчилүү аттан кийин)
уз. – узундугу
ун-т – университет
ФПИ – Фрунзе политехникалык ин-ту
фр. – француз
этногр. – этнография, этнографиялык
экон. – экономика, экономикалык
этносоц. – этносоциология

ЧЕН БИРДИКТЕРИНИН КЫСКАРТЫЛЫП ЖАЗЫЛЫШЫ

г – грамм
га – гектар
кВт – киловатт-саат
кг – килограмм
км – километр
л – литр
м – метр
мин – минута
млн – миллион
мм – миллиметр
сек – секунда
см – сантиметр
т – тонна
ц – центнер

МАЗМУНУ

Урматтуу окурман! 5

Тарых илими жөнүндө жалпы түшүнүк 7

I бөлүм

КЫРГЫЗСТАН ЭҢ БАЙЫРКЫ ДООРДОН XIX к. ОРТОСУНА ЧЕЙИН

Кыргызстандагы таш жана коло доору 13

Уруу союздары. Дабан мамлекети 20

Кыргызстан түрк кагандыктарынын курамында 26

Борбордук Азиядагы үстөмдүк үчүн күрөш. Улуу кыргыз дөөлөтү 31

Кыргыздардын өз алдынчалыгы үчүн күрөшү 37

Кыргызстан Моңгол империясынын тушунда 39

Кыргыз элинин калыптанышы жана анын коңшу элдер менен мамилеси ... 42

Кыргыз элинин 15–19-к-дын биринчи жарымында жунгар, кытай, казак жана башка коңшу элдер менен болгон мамилеси 44

Кыргызстан Кокон хандыгынын мезгилинде 53

Кокон өкүмдарынын баскынчылык саясаты. Кыргыз элинин кокон эзүүсүнө каршы күрөшү 55

Маданияты 58

Социалдык-философиялык ойлордун өнүгүшү 63

Кыргыздардын диний ишенимдери 64

II бөлүм

КЫРГЫЗСТАН РОССИЯ ИМПЕРИЯСЫНЫН ЖАНА СССРДИН КУРАМЫНДА

Кыргызстандын Россияга каратылышы 73

Түндүк Кыргызстандын Россияга каратылышы 75

1873–76-ж. көтөрүлүш. Түштүк Кыргызстанды Россиянын басып алышы ... 81

Падышачылыктын колониялык саясаты 85

Кыргызстандагы улуттук-боштондук күрөш 92

Падышачылык бийлик мезгилиндеги Кыргызстандын маданияты 97

Падышачылык бийликтин кулашы. Коомдук-саясий турмуштагы жаңылыктар 104

Совет бийлигинин орношу жана чыңдалышы 107

Совет бийлигинин алгачкы мезгилиндеги социалдык-экономикалык курулуш (1917–1940-ж.) 114

Улут маселесин чечүү аракеттери 119
Кыргыз мамлекетинин негизделиши жана өнүгүшү 124
Кыргызстан Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында 131
Бүлүнгөн эл чарбасын калыбына келтирүү жана өнүктүрүү (1946–64-ж.) 138
Кыргызстан 1953–1964-жылдарда 139
Кыргызстан өнүккөн социализм мезгилинде (1964–85-ж.) 142
Кайра куруу жылдарындагы Кыргызстан (1985–91-ж.) 145
Совет бийлигинин доорунда маданияттын өнүгүшү 149
Улуу Ата Мекендик согуш учурундагы жана согуштан кийинки мезгилдеги маданият (1941–64-ж.) 153
Маданият өнүгүү жолунда (1964–1990-ж.) 157

III бөлүм

ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

СССРдин тарашы. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын жаралышы 161
Коомдук-саясий турмуштагы өзгөрүүлөр 164
Эркин Кыргызстандын социалдык-экономикалык абалы 169
Калктын социалдык турмушу 173
Эгемендүү Кыргызстандын руханий турмушу. Улуттук ан-сезимдин жогорулашы 177
Кыргыз Республикасынын тышкы саясаты жана эл аралык байланыштары 185
Чет өлкөдө жашаган кыргыздардын тарыхынан 188
Жакынкы чет өлкөлөрдөгү кыргыздар 194

Тарыхый окуялардын хронологиясы 200
Кыскартуулар 211

Терүүгө 25.09.2003-ж. берилди. Басууга 15.11.2003-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Форматы 60x84 $^{1}/_{16}$. «Мектеп» ариби.
Офсет ыкмасы менен басылды. Колому 13,5 накта басма табак.
Нускасы 1000. Келишим баада.

Бишкек шаары,
«Бийиктик» басмасы
Эркиндик сейилбагы 30/10
Тел.: 661-416,

Учебное издание

Осмонов Оскон Джусупбекович

ИСТОРИЯ КЫРГЫЗСТАНА
Справочник

На кыргызском языке

Окуу басылмасы

Осмонов Өскөн Жусупбекович

КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ
Маалыматнаама

Редактору	*Т. Н. Өмүрбеков*
Сүрөтчүлөрү	*Р. А. Исаков*
	А. А. Алакунов
Техникалык редактору	*М. К. Курбанбаева*
Корректору	*Р. М. Сакелова*
Компьютердик калыпка салган	*М. Т. Матраимов*